**Лекциялык №2-сабактын темасы:**

**Класстык сабак -көркөм сүрөт өнөрүн мектепте окутууну уюштуруунун негизги формасы*(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,44)***

**Сабактын максаты:** Окутуу системалары жөөнүндөгүбилимдерге,билгичтиктерге жана аны жөнгө салуу кндүмдөрүнө ээ кылуу

**Лекциянын планы:**

1.Окуу ишин уюштуруу жана анын формалары.

2.Орто кылымдагы монастрдык мектептер. 16-17-кылымдардагы Россиянын окуу иштери.

3.Славян элинин Улуу педагогу Я.А.Коменскийдин "Улуу дидактика" аттуу эмгеги.

**Негизги адабияттар:** 3.Бекбоев И., Алимбеков А. азыркы сабакты даярдап өтүүнүн технологиясы. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн. –Б.: Бийиктик, 2011. - 192 б.

**Кошумча адабияттар:** ж.о.э. Народное образование, Эл агартуу, Школьные технологии, Педагогика, Демократическая школа, Вопросы технологии, Учительская газета ж.б.у.с. мезгилдүү басылмалар.

**Текшерүү суроолор:**

1.Окуу ишин уюштуруу фармаларынын өзүнө мүнөздүү кандай белгилери бар?
2.Класстык сабак системасы ким тарабынан, качан иштелип чыккан?
3.Окутуунун класстык сабак системасынан сырткары дагы кандайсистемалар болгон?

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** суроо-жооп

**Компетенциялар картасы: ИК-4, КК-1**

| **5.1.2. 2-тема.** Класстык сабак -көркөм сүрөт өнөрүн мектепте окутууну уюштуруунун негизги формасы | | | |
|---|---|---|---|
| Компетенциялар | **ИК-4** Педагогикалык процесстердин бардык субөекттеринин инсандар аралык позитивдүү мамилелерин уюштурууга катышууга, башкаруу чечимдерин кабыл алууга жөндөмдүү.<br>**КК-1** Кесиптик маселелерди чечүү үчүн өзүнүн психолого-педагогикалык компетенттүүлүгүн жана педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдаланууга даяр жана жөндөмдүү | | |
| ДОН(РОд) | Көркөм тарбиялык процессти жөндөөнүн жана башкаруунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн жакшы **билет** (ИК-4)<br>Көркөм өнөрдүн окуу-усулдук,илимий- чыгармачылык процесстерин уюштурууга жана башкарууга **жөндөмдүү** (ИК-4)<br>Көркөм билим берүү боюнча түрдүү сабак жана чыгармачыл процесстерди уюштуруу көндүмдөрүнө **ээ болот**(ИК-4)<br>Көркөм тарбиялык процессти жөндөөнүн жана башкаруунун Компетенттүү сүрөткер – педагог катары<br>Илимий-изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдалана **билет**( КК-1)<br>Окуу - тарбиялык процессте алдынкы педагогикалык тажрыйбаларды колдонууга **жөндөмдүү** (КК-1)<br>Сабактардын илимийлүүлүк принциптерин жөндөө тажрыйбаларына **ээ болот** (КК-1) | | |
| Теманын максаты | Окутуу системалары жөөнүндөгүбилимдерге,билгичтиктерге жана аны жөнгө салуу кндүмдөрүнө ээ кылуу | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Окутуунун түрдүү технологияларын жана аларды уюштуруу формаларын **билет** жана **түшүнөт** |
| | Практ. | 3с. | Активдүү окутуунун педагогикалык технологияларын **жөндөйт** жана аларды окутуу процессинде колдонуу көндүмдөрүнө ээ **болот** |
| | СӨАИ | 5с. | Сабак **маселелерин билет,түшүнөт** жана аны түрдүү технологиялар менен жөндөө көндүмдөрүнө **ээ болот** |

| *Сабактын баскычтары* | *Баскычтардын максаты* | *Окутуучунун ишмердүүлүгү* | *Студенттин ишмердүүлүгү* | *Методдор, механизмдер* | *Окутуунун натыйжалары* | *Сабактын жабдылышы* | *Убактысы* | *Баалоо формасы* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Уюштуруу убагы. | Сабакты ыңгайлаштыруу. | Даярдыгын көзөмөлдөө | Окутуучунун талаптарын алдын ала аткаруу. | | ОН-жазылып доскага илинет. | Керектүү каражаттар. | 5 мин. | |
| Өткөн материалды суроо. | Өздөштүрүүнүн ырааттуулугун сактоо. | Суроо берүү | Жооп берүү, өз пикирлерин билдирүү. | | - | Суроолор тизмеги. | | |
| Жаңы темага мотивдештирүү. | Сабакка мотивдештирүү. | Интеракт. көнүгүү жасатуу. | Доскада жазылган темага ой жүгүртүү. | | ОН-жөнүндө түшүнүк берүү. | Дисцип.ОН-жөнүндө маалымат. | | |
| Жаңы теманы өтүү. | Сабактын мазмунун түшүндүрүү. | Жаңы теманы өтүү. | Көңүл буруу, конспект жазуу. | | ОНдун негизинде түзүлгөн текст. | Проектор, Слайддар,лекциянын тексти. | | |
| Бышыктоо. | Алган билимин бекемдөө. | Суроолорду берүү. | Суроолорго аргумент издөө. | | ОНдун негизинде түзүлгөн суроолор. | Суроолор тизмеги. Карточк. | | |
| Жыйынтыктоо. | Тыянак чыгаруу. | Материалды жалпылоо. | Материалдын түшүнбөгөн бөлүгүн тактоо. | | Тыянактардын ОНго туура келиши. | Проектор, Слайддар. | | |
| Студенттердин сабактагы активдүүлүгүн баалоо. | Моралдык стимул берүү. | Баалоо каражат. менен баалоо. | | | Компетенциялар калыптандыбы? Анализ. | Баалоо каражат. | | |

**Окуу ишин уюштуруу формаларынын пайда болушунун жана өнүгүшүнүн тарыхы боюнча кыскача маалымат.**

Окуучулардын бекем билим жана билгичтиктерге ээ болушу окутуу методдорунан гана эмес, окуу ишин уюштуруунун формаларынан да көз каранды.

Окуу ишин уюштуруунун формаларынын өзүнө таандык бөтөнчө белгилери кайсылар? «Форма» (forma) - латын сөзү. Тике маанисинде форма - бул кандайдыр бир нерсенин, кубулуштун ачык баамдалган сырткы белгилери, сырткы калыбы дегенди билдирет. Демек, окуу ишин уюштуруунун формалары дегенде окуу ишиндеги окуучулардын саны, өткөрүү мөөнөтү, орду, ошондой эле өткөрүү тартибине байланыштуу сырткы белгилерди түшүнөбүз.

Учурда биздин мектептерде эё кеп колдонулган окуу ишин уюштуруу формаларына сабак, практикум жана семинардык сабактар, экскурсия, үй окуу иштери ж.б. кирет. Алардын эё негизгиси, эё көп колдонулганы - бул класстык сабак экендиги көпчүлүк дүйнө мамлекеттеринин мектептеринин тажрыйбалары аркылуу тастыкталган.

Азыр биздеги салттуу көрүнүшкө айланган класстык сабак - адамзаттын тарыхындагы эё манилүү ачылыштардын бири болгон.

Класстык сабак системасына чейин мектептеги окуу иши жекече репетиторчулук формада уюштурулуп келген.

Мында мугалим бир же бир нече окуучу менен окутуу ишин жүргүзгөн. (Билимди өздөштүрүү даражасын текшерген, жаёы материалды түшүндүргөн, алган билимин колдонууга көнүктүргөн, машыктырган).

Айрым учурда топтун курамы түрдүү курактагы балдардан турган. М: Орто кылымдагы монастрлык мектептерде, даярдык децгээли ар түрдүү балдар, бир бөлмөдө олтурушкан. Мектептеги окуу ишинин мөөнөтү так аныкталган эмес. Балдар мектепте эртеден кечке чейин болуп, ар кимиси ар башка иш менен алек болгон. Бири диний ырларды ырдоого үйрөнсө, бири диний текстин жаттаган, үчүнчүлөрү сыйынуу ырым-жырымдарын өздөштүргөн.

Айтпаса да айкын, мындай шартта билимдин жугумдуулугу, үзүрлүүлүгү жөнүндө сөз кылууга түк мүмкүн эмес эле.

16-17-кылымдарда Түштүк-Батыш Россиянын мектептеринде окуу ишин уюштуруунун жаёы формасы пайда болгон.

Ага ылайык мугалим атайын расписаниенин негизинде бир эле мезгилде бүт класс менен иштейт. Окуучулар мектепке келээри менен мугалимге үйдө аткарган жумуштарын көрсөтүп, оозеки жооп беришкен. Окуу күнүнүн соёунда балдарга тапшырма берүү кадыресе эрежеге айланган. Мындайча өткөрүлгөн окуу ишинин ар бирин сабак деп аташкан.

Славян элинин Улуу педагогу Я.А. Коменский «Улуу дидактика» аттуу классикалык эмгегинде бул тажрыйбаларды класстык сабак системасы катары жалпылап илимий негизде кайрадан иштеп чыккан.

Аны педагогика илиминин тарыхындагы ото сейрек кездешүүчү конструктивдүү табылгалардын бири катары кароого болот. Окутуунун класстык сабак системасын ишке кийирүү окуу жылы, окуу күнү, сабак, танапис, каникул сыяктуу дидактикалык түшүнүктөрдүн пайда болушун шарттады.

Класстык сабак системасынын мындай көп кырдуу мүмкүнчүлүктөрүн ачуу жана өркүндөтүү менен катар андан баш тартып, альтернативалуу окутуу формаларын сунуштаган агартуучулар да болгон. Алсак 19-кылымдын биринчи жарымында Англияда окутуунун белланкестрдик системасы пайда болгон. Аны англиялык дин кызматчысы **А. Белл** менен Дж.Ланкестер аттуу мугалим экөө биргелешип иштеп чыгышкан. Анын мааниси мына мында: мугалим эё обол жашы улуурак окуучуларды үйрөтөт, ал эми алар үйрөнгөндөрүн өзүнүн кичүүлөргө үйрөтүүгө милдеттүү болушкан. Мугалимдин андан аркы милдети улуулардын кичүүлөргө үйрөтүү ишмердүүлүгүнө көз салуу, кеёеш берүү, байкоо, текшерүү болгон. Анын авторлору, окуу ишин ушундайча уюштуруу аркылуу бир мугалимдин ЗООден ашык баланы окутушуна жетишүүгө болот деген үмүттө болушкан. Бул система өзүнүн арзандыгы менен көпчүлүктүн назарын канчалык өзүнө бурса да, агартуу чөйрөсүнөн тамыр алып жайылып кете алган эмес. Анткени, окуу ишинин бул формасы окуучуларга олуттуу тереё билим берүү үчүн алсыздык кылган. Түпкүлүгүндө алар ойлоп тапкан окутуу системасы жумушчулардын элементардык билимдерге болгон талабын эё эле аз чыгымдар аркылуу оёой олтоё чечүүгө багытталган.

Класстык сабак системасын жерүү анын ордун алмаштыруучу оптималдуу окутуу формаларын табууга байланыштуу аракеттер XX кылымдын башында өтө күчтүү байкалган.

Бирок, бул жаёы изденүүлөр, табылгалар сабактын орто окуучуга ыёгайланышы, шаблондуулугу, мазмунунун бир кылкалыгы сыяктуу бир катар салттуу кемчиликтерден арылтууга багытталган илгери үмүт, ийги тилектер менен жасалган. Ырасында эле, салттуу сабак окуучулардын өз алдынча таанып билүү активдүүлүгүнүн өнүгүшүн камсыз кыла алган эмес. Ал эми мындай кемчиликтерден арылган окутуунун жаёы Дальтон-План аттуу системасын Америкалык мугалим Елена Паркхерст өз мезгилинин чыгаан педагогу Джон Дьюинин кеёеш көмөгү менен иштеп чыккан. Бул системада окуучуларга өздөрүнүн убактысын эркин бөлүштүрүүгө кеёири мүмкүнчүлүк берилген. Мектепте расписание болгон эмес, биргелешип билим алуу учун мектепте бир күндө бир гана саатка топтолушкан. Калган учурда ар бир бала мугалимден жеке тапшырма алып, аны өздөштүрүп, натыйжасы тууралуу отчет берүүгө даярданган.

Бул система 20-30-жылдары мурдагы совет мектептеринде окутуунун лабораториялык - бригадалык методу деген ат менен кеёири таркаган.

Лабораториялык-бригадалык метод - Дальтон пландан айырмаланып - ар бир окуучунун жекече иш аракетин класстагы коллективдүү бригадалык (звенолук) иш аракеттер менен айкалыштырып, жуурулуштуруп уюштурууну көзөмөл туткан.

Бул системага ылайык 6-7 адамдан турган окуучулар бригадаларга бөлүштүрүлүп максаты жана мөөнөтү мугалим тарабынан белгиленген тапшырмаларды аткарышкан. Мугалим тарабынан дайындалган бригадир жыйынтыктоочу конференцияларда берилген тапшырманын аткарылышы тууралуу бардык окуучулардын атынан отчет берген. Мындай шартта мугалим кеёеш берүү, текшерүү менен гана чектелип, окутуу процессиндеги анын орду кыйла төмөндөгөн. Лабораториялык-бригадалык методду кеёири жайылтуу окуучулардын билим деёгээлинин төмөндөө тенденциясын жараткан. Орто мектептер бара-бара окуучулардын жогорку билим алуусу үчүн зарыл даярдыгын камсыз кылууга алсыздык кыла баштаган. Анткени, берилген тапшармаларды бригадир же айрым демилгелүү балдар гана аткарып, калгандары жоопкерсиздикке, шалаакылыкка адат ала башташкан.

20-30-жылдары АКШнын мектептеринде Джон Дьюнин жолун улантуучу педагог У. Кильпатрик тарабынан «окутуунун проектилер» - системасы иштелип чыккан. Бул долбоордун шарты боюнча билимдин булагы катары окуу китеп эмес балдарды курчап турган реалдуу чөйрө, турмуш алынган. Балдардын таанып билүү жана практикалык иш-аракеттери мугалимдер менен биргеликте түзүлгөн долбоорлорго ылайык уюштурулат. Булардан тышкары 60-жылдары чет элдик мектептерде америкалык педагогика илиминин профессору Л. Трамп тарабынан негизделген Трамп-планы аттуу долбоор да өтө кеёири маалым болгон. Бул долбоор боюнча орто мектептеги окутуу иши 100-150 адамдан турган чоё топтордо өтөт. Түрдүү техникалык каражаттар менен коштолгон лекциялык сабактар убакыттын 40% ээлейт.

Ал эми 10-15 адамдан турган чакан топтордо, лекциянын материалдары талкууланат, айрым бөлүмдөрү тереёдетилет, билгичтиктер жана көндүмдөргө үйрөтүлөт. Буга убакыттын 20%ти сарп кылынат. Калган убакыт (40%) өз алдынча иштөөгө арналат. Окутуунун башка формаларына салыштырмалуу бул планда окуучулардын өз алдынча билим алуу активдүүлүгүн жандандыруу, билимдин жугумдуулугун, натыйжалуулугун арттыруу жагдайлары кылдат эске алынган.

Учурда Трамптын планы боюнча айрым менчик мектептер гана иштейт. Ал эми массалык мектептерде мугалимдердин бир тобунун бир сабакты окутушу (бирөө лекция окуса, бирөө семинар өткөрөт) чакан группаларга бөлүп, өз алдынча иш аракетин активдештирүү сыяктуу айрым элементтери гана колдонулуп келет. Акырында 20-30-жылдары чет элдик прагматикалык маанайдагы педагогдор тарабынан сунушталган окуу ишин уюштуруу формаларын окуучулардын өз алдынча таанымдык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү багытындагы изденүүлөрдүн натыйжасы катары кароого болот. Албетте, билимди өздөштүрүүнүн жакшы натыйжасы окуучунун чын ыкластуу, өз алдынча иш аракетине көбүрөөк көз каранды. Ошондой болсо да, аны ашкере абсолютташтырып жиберүүгө болбойт. Ж.Ж. Руссо сыяктуу баланын өсүп-өнүгүү процессине таасир этүүнүн зарылдыгын атайылап жокко чыгаруу же окутуу процессиндеги мугалимдин ролун кыйыр кеёеш берүүчүнүн деёгээлине чейин түшүрүү - тикеден-тике акыйкаттан тайгандык.

Айтылгандар, дүйнө мектептеринин тарыхында окуу ишин уюштуруунун жаёы формаларын издөө тармагында жакшы тилектер, иштиктуу аракеттер канчалык кеп болсо да, класстык сабак деёгээлиндеги табылгалар али жарала электигин айгинилейт.

## 2. Класстык сабак — окуу ишин уюштуруунун негизги формасы катары.

Сабак мугалимдердин жетекчилигинде белгилүү программага ылайык, туруктуу расписание боюнча, таанымдык тажрыйбасы жана курагы жагынан кескин айырмаланбаган, курамы туруктуу окуучулар тобу менен белгилуу убакыт алкагында уюштурулган окуу ишинин формасы. Сабакта окутуу – окуп үйрөнүүнүн коллективдүү жана жеке методдору өз ара тыгыз байланышта колдонулат.

Окутуунун класстык сабак системасынын башкы артыкчылыгы - анда максаты ачык так, даана белгиленген окуу ишине окуучулар массалык түрдө тартылат. Ал окутуунун башка жекече формаларына салыштырмалуу экономикалык жактан да пайдалуу. Мугалим окуучулардын, окуучулар бири-биринин жеке өзгөчөлүктөрүн жакшы билсе, окуучунун иш аракетинин мүнөзүнө класс коллективинин шыктандыргыч таасирин эффективдүү колдонууга болот. Окутуунун класстык сабак системасы, башка иш чаралардан айырмаланып, окуу жана окуудан тышкаркы иштердин тыгыз байланышын, өз ара биримдигин камсыз кылат. Бул системанын дагы бир башкы артыкчылыктарынын бири, анын алкагында окутуунун фронталдык, топтук, жана жекече формаларын органикалуу айкалыштырууга ийкемдүүлүгүндө.

Сабак балдарды билим, билгичтик көндүмдөрдүн системасына ээ кылуу, өздөштүргөн билимин иш жүзүндө колдоно билүүгө үйрөтүү, таанымдык дараметин, чыгармачылык жөндөм-шыктарын өстүрүү, инсандык касиеттерин калыптандыруу үчүн ар тараптуу мүмкүнчүлүктөргө ээ. Ю.А. Конаржевский адилет белгилегендей окуу-тарбия процесси сабак менен башталып сабак менен бүтөт. Мектептеги башка жумуштардын баары сабакта түзүлгөн нерселерди толуктоо жана өнүктүрүүгө багытталып көмөкчү роль ойнойт. Сабак аркылуу мугалимдин, бүт педагогикалык коллективдин ишинин мазмуну жана стили, тутунган философиясы ошондой эле окуучулардын интеллектуалдык көрөёгөсү, окуу ишине куштарлыгы же кош көёүлдүгү тууралуу реалдуу маалыматтарга ээ болууга болот.

## 3. Сабактардын типтери жана алардын структуралары

Ар кандай сабак билим, билгичтик, көндүмдөрдү өздөштүрүү процессинин баскычтарына ылайык, мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгү аркылуу мүнөздөлүүчү курамдык бөөуктөрдөн (этаптар, звенолор) турат. Окутуунун максатына ылайык бул курамдык бөлүктөрдүн ар кандай катышта болушу сабактын структурасын аныктоого негиз болот. Демек, сабактын структурасы дегенде анын курамдык бөлүктөрүнүн (элементтеринин) белгилүү ыраатын жана алардын өз ара байланышын түшүнсөк болот.

Сабактын курамдык бөлүктөрү жөнөкөй да, өтө татаал да болушу мүмкүн. Ал көбүнесе окуу материалынын мазмунуна, окутуунун максатына, окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болот. Сабактардын курамдык бөлүктөрүнүн көп түрдүүлүгү анын көп түрдүү типтери болоорун көрсөтөт.

Азыркы илимде сабактарды тарамдаштыруу жана типтештирүү боюнча бирдиктүү көз караш жок.

Көптөгөн көз караштардын ичинен Б. Есипов тарабынан сунуш кылынган, сабактарды конкреттүү максатына жана окутуу процессиндеги ордуна карай тарамдаштыруу системасы орчундуу, негиздүү деп эсептелет.

Бул системага ылайык сабактар төмөнкүдөй типтерге бөлүштүрүлөт.

> Жаёы билимдерди өздөштүрүү сабагы.

> Билимдерди колдонуу жана билгичтик көндүмдөрдү калыптандыруу сабагы.

> Билимдерди кайталоо, жалпылоо, системалаштыруу сабагы.

> Билим, билгичтик жана көндүмдөрдү өлчөө жана баалоо сабагы.

> Аралаш сабак.

**Жаёы билимдердиөздөштүрүү сабагы** - бир бөлүмдү же тема боюнча баштапкы билимдерге ээ болуу процессинде өткөрүлөт. Ошондуктан аны көпчүлүк учурда киришүү сабагы деп да аташат. Эгерде окуу материалын өз алдынча бир канча бөлүктөргө бөлүштүрүп өтүү максат кылынса, анда сабак теманын ортосунда деле өтүлө берет. Мындай сабактардын соёунда фактылар жалпылаштырылып, түшүнүктөр пайда болот, себеп-натыйжа байланыштары териштирилет, тыянак чыгарылат. Бул сабакта лекция, түшүндүрүү, окуу менен өз алдынча иштөө, евристикалык аёгеме, байкоо, демонстрация сыяктуу ж.б. окутуу методдору көбүрөөк колдонулат.

Жацы билимдерди өздөштүрүү сабагынын структурасы төмөнкүдөй элементтерден турат:

>үй тапшырмасын текшерүү, таяныч билимдерди кайталап калыбына келтирүү;

>сабактын темасын, максатын, милдеттерин билдирүү, окуучуларды окуу ишмердүүлүгүнө шыктандырып даярдоо;

>жаёы материалды биринчи жолу кабылдап, баамдоо, обьектилердеги себеп-натыйжа байланыштарды жана карым-катнаштарды аёдап түшүнүү;

>билимдерди жалпылоо жана системалаштыруу;

>билимдерди бышыктоо жана аларды биринчи жолу колдонуу;

>сабактын жыйынтыгын чыгаруу жана үйгө тапшырма берүү.

**Билимдерди колдонуу жана билгичтик көндүмдөрдү калыптандыруу сабагы.** Бул сабактын негизги белутун маселелерди жана чыгармачыл тапшырмаларды чечүү багытындагы машыктыруучу көнүгүүлөр, эксперимент жасоо, моделдерди конструкциялоо, тарыхый жана географиялык карталар менен иштөө, билген билимди турмуштук маселелерди чечүүдө колдонууга үйрөнүүгө байланыштуу иш аракеттер түзөт. Көп учурда табийгый илимдерге байланыштуу сабактарда кийинки сабактар үчүн зарыл лабораториялык жабдууларды колдоно билүүгө үйрөтүшөт. Билимди колдонуу жана машыктыруучу жумуштар жаңы билимдерди өздөштүрүү үчүн эң зарыл болгон ой жүгүртүүнүн ыкмаларына ээ кылат.

Сабактын бул тибине төмөнкүдөй этаптар мүнөздүү.

> окуучуларды сабакка багыттоо;

> өтүлгөн материал боюнча кыскача фронталдык жана жекече суроо-жооп иштерин жүргүзүү;

> практикалык билгичтик жана көндүмдөрдү өнүктүрүү жана калыптандырууга багытталган түрдүү көнүгүүлөрдү аткаруу;

> аткарылган тапшырмаларды текшерүү;

> сабакты жыйынтыктоо жана баалоо.

Билимдерди кайталоо, жалпылоо жана системалаштыруу сабагы. Албетте, кайталоо бардык эле сабактардын зарыл структуралык элементи болуп эсептелет. Ансыз тереё жана бекем билим алуу дегеле мүмкүн эмес. Бирок окуу процессинин логикасына ылайык бир бөлүмдүн, теманын же курстун аягына чыккан соё, ошондой эле жыл башында да, өтүлгөн материалдарды кайталоо максатында бир же бир нече сабактарды катары менен өткөрүүгө туура келет. Кандай болгон күндө да билимдерди кайталоо, жалпылоо жана системалаштыруу сабактары мугалимден өтө кылдат даярдыкты талап этет. Анткени, жумуштун өнүмдүү уюштурулушу үчүн оболу окуучуларды өз алдынча жана чыгармачыл ой жүгүртүү, программалык материалды жалпылоо, түйүндүү түшүнүктөрдү бөлүп көрсөтүү, үйрөнгөн нерселеринин башка билимдер, турмуш менен байланышын ачып көрсөтүү сыяктуу иш аракеттерге мажбурлап шыктандырган орундуу суроолор, тапшырмаларды даярдоо зарыл.

Бул сабактын курамы төмөнкүдөй элементтерден турат.

> сабактын темасын, максат-милдеттерин билдирүү, окуучуларды активдүү иш аракетке багыттоо;

> таяныч билимдерди эске түшүрүү жана коррекциялоо;

> түшүнүктөрдү кайталоо, жалпылоо жана системалаштыруу, билимдердин белгилүү системасын, түйүндүү идеяларды, теорияларды өздөштүрүү;

> сабакты жыйынтыктоо жана үйгө тапшырма берүү.

Билим, билгичтик, көндүмдөрдү өлчөө жана баалоо сабагы. Мугалим балдардын билимдерди өздөштүрүү динамикасын бардык эле сабактарда өлчөйт жана баалайт. Бирок, бул максатты жүзөгө ашырууга тикеден-тике багытталган атайын сабактар да өткөрүлөт. Алардын катарына тил сабактары боюнча өткөрүлчү жазуу иштерин (диктант, изложение, сочинение), математика, физика, химия предметтерине тиешелүү практикалык көнүгүү жумуштарын кошууга болот. Адатта бул типтеги сабактар чоң бөлүм окулуп бүткөндө, чейректердин жана окуу жылынын соңунда өткөрүлөт. Ал окуучулардын академиялык жетишкендиктерин аныктоо, кем өксүктөрүн түзөлтүү, өркүндөтүү багытында андан аркы иш- чараларды белгилөө үчүн бөтөнчө маанилүү.

Бул сабактын курамы төмөндөгүлөрдөн турат:

> сабактын темасын, максат-милдеттерин билдирүү, тапшырмаларды аткаруу, натыйжаларды кандайча жазып жасалгалоонун эрежелерин түшүндүрүү.

> билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү ар түрдүү методдордун жардамы менен (фронталдык аңгеме, жекече сурамжылоо, жазуу жүзүндө суроо, өз алдынча практикалык

тапшырмаларды аткартуу, тест өткөрүү) өлчөө.

> аткарылган тапшырмаларды талдоо жана баалоо.

Аралаш (комбинацияланган) сабак. Бул сабактын структурасында көп кырдуу максаттар ошондой эле окуу ишинин көптөгөн түрлөрү өз ара байланышта тизмектешип келгендиктен ал аралаш (комбинацияланган) сабак деген атка ээ болгон. Ырасында эле, бул сабак жаңы билимдер менен тааныштыруу, өтүлгөн сабактын материалдарын кайталоо, бекемдөө өздөштүргөн билимдерди өлчөө жана баалоо сыяктуу ж.б. кош кабат максаттарды чечүүнү көзөмөл тутат. Анын дээрлик бардык окуу предметтерин окутууда өтө эле көп колдонулушу да мына ушул себептерге байланыштуу.

Аралаш сабактын структурасында окуу ишинин төмөнкүдөй түрлөрү көбүрөөк орун алган:

> сабакты уюштуруу;

> өтүлгөн материалдарды кайталоо иштери;

> жаңы окуу материалын түшүндүрүү;

> жаңы өтүлгөн материалды бышыктоо;

> билимдерди практикада колдонуу жана билгичтик, көндүмдөргө ээ болуу;

> үйгө тапшырма берүү.

## №3-сабактын темасы:

## Көркөм сүрөт өнөрү сабактарынын этаптарына коюлуучу талаптар *(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,44)*

**Сабактын максаты:** Сабактын структурасына жараша ырааттуу өтүү,окуучулардын билимдерин,билгичтиктерин жана көндүмдөрүн этаптар боюнча текшерип баалоонун метооддорун өздөштүрүү

**Лекциянын планы:**

1.Сабактын уюштуруу учуру жөнүндөгү И.Т.Харламовдун, Н.М.Яковлевдин, А.М.Сохордун педагогика, методика боюнча окуулуктары.

2.Окуучулардын билимдерин, билгичтиктерин жана жөндөмдөрүн текшерип баалоо.

3.Жаёы билимдерди өздөштүрүү, баалоо, үйгө тапшырма берүү.

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с.

**Кошумча адабияттар:**

8.НеменскийБ.М.,Неменская Л.А.,Коротеева Е.И. и др.2-изд.-Просвещение, 2013.240с.

**Текшерүү суроолору:**

1.Инсандын баалуулуктарын чагылдырган компетенциялар кайсылар?

2.Окуучулардын өз алдынча иштерин уюштурууда кандай типтүү кемчиликтер бар?

3.”Таанып билүү компетенциялары” дегенди кандай түшүнөсүңөр?

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** суроо-жооп

**Компетенциялар картасы: ЖК-6, КК-6**

| **5.1.3.** | **3-тема.** Көркөм сүрөт өнөрү сабактарынын этаптарына коюлуучу талаптар | | |
|---|---|---|---|
| Компетенциялар | **ЖК-6** Ыргактуу өнүктүрүүгө жана билим берүүгө даяр.<br>**КК-6** Предметтер боюнча сабактарды программанын бөлүмдөрүнүн жана темалардын спецификалык өзгөчөлүктөрүнө жана окуу планына ылайык пландаштырууга жөндөмдүү | | |
| ДОН(РОд) | Көркөм билим берүүдөгү окуутуунун,тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн **билет**(ЖК-6)<br>Системалуу билим берүүнү уюштурууга **жөндөмдүү**(ЖК-6)<br>Билим берүүнүн мазмунун ырааттуу жөндөө **көндүмдөрүнө ээ** (ЖК-6)<br>Көркөм билим берүү процессин пландоодо билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтер менен иштөөнү **билет** ( КК-6)<br>Сабактарды пландоодо аймактардын жер шартын , мектептердин материалдык-техникалык базасын ,элдик салттарды эске алууга **жөндөмдүү** (КК-6)<br>Мектептин көркөм өнөр сабактарынын программаларын, календардык-тематикалык пландарын,план-конспекттерин ж.б. пландоо көндүмдөрүнө **ээ болот**(КК-6) | | |
| Теманын максаты | Сабактын структурасына жараша ырааттуу өтүү,окуучулардын билимдерин,билгичтиктерин жана көндүмдөрүн этаптар боюнча текшерип баалоонун метооддорун өздөштүрүү | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Сабакты ырааттуу өтүүнүн негизги баскычтарын **билет** жана **түшүнөт** |
| | Практ. | 3с. | Сабактын структурасы жөнүндөгү түшүнүктөрдү **жөнжөйт**.Сабакты ыраттуу өтүү көндүмдөрүнө **ээ болот.** |
| | СӨАИ | 5с. | Сабакты өтүүнүн план- программаларын **жөндөйт.** КСӨ сабактарын өтүү көндүмдөрүнө **ээ болот.** |

| № | *Сабактын баскычтары* | *Баскычтардын максаты* | *Окутуучунун ишмердүүлүгү* | *Студенттин ишмердүүлүгү* | *Методдор, механизмдер* | *Окутуунун натыйжалары* | *Сабактын жабдылышы* | *Убактысы* | *Баалоо формасы* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Уюштуруу убагы | Сабакты ыңгайлаштыруу. | Даярдыгын көзөмөлдөө | Окутуучунун талаптарын алдын ала аткаруу. | | ОН-жазылып доскага илинет. | Керектүү каражаттар. | | |
| **2** | Өткөн материалды суроо. | Өздөштүрүүнүн ырааттуулугун сактоо. | Суроо берүү | Жооп берүү, өз пикирлерин билдирүү. | | - | Суроолор тизмеги. | | |
| **3** | Жаңы темага мотивдештирүү. | Сабакка мотивдештирүү. | Интеракт. көнүгүү жасатуу. | Доскада жазылган темага ой жүгүртүү. | | ОН-жөнүндө түшүнүк берүү. | Дисцип.ОН-жөнүндө маалымат. | | |
| **4** | Жаңы теманы өтүү. | Сабактын мазмунун түшүндүрүү. | Жаңы теманы өтүү. | Көңүл буруу, конспект жазуу. | | ОНдун негизинде түзүлгөн текст. | Проектор, Слайддар,лекциянын тексти. | | |
| **5** | Бышыктоо. | Алган билимин бекемдөө. | Суроолорду берүү. | Суроолорго аргумент издөө. | | ОНдун негизинде түзүлгөн суроолор. | Суроолор тизмеги. Карточк. | | |
| **6** | Жыйынтыктоо. | Тыянак чыгаруу. | Материалды жалпылоо. | Материалдын түшүнбөгөн бөлүгүн тактоо. | | Тыянактардын ОНго туура келиши. | Проектор, Слайддар. | | |
| **7** | Студенттердин сабактагы активдүүлүгүн баалоо. | Моралдык стимул берүү. | Баалоо каражат. менен баалоо. | Тесттик ж.б. суроолорго жооп берүү. | | Компетенциялар калыптандыбы ?Анализ. | Баалоо каражат. | | |

**Сабактын этаптарына коюлуучу талаптар**

Сабактын башталыш этабын кээде уюштуруу моменти деп аташат. Сабактын жугумдуулугу, үзүрлүү болушу белгилүү өлчөмдө анын кандайча башталышына байланыштуу болоорун педагогдор, психологдор, методисттер баары талашсыз акыйкат катары карашат. Бирок, аны кандайча жүзөгө ашыруу жаатында айырмалуу көз караштар, тажрыйбалар аз да болсо бар.

Алсак, И.Т.Харламовдун педагогика боюнча окуулугунда ошондой эле Н.М. Яковлев жана А.М.Сохордун «Мектептеги сабактын методикасы жана техникасы» аттуу китебинде уюштуруу моментине 1-2 минут бөлүү керектиги сунушталат. Бул учурда окуучуларды жоктоо (дежурдун же старостанын билдирүүсү), класстык бөлмөнүн абалын көзөмөлдөн өткөрүү, окуучулардын көңүлүн бир жерге топтоп, аларды активдүүлүккө даярдоо сыяктуу жумуштар аткарылышы абзел.

Ал эми немец педагогдору И. Бастион жана В. Кочвардын «Дидактика» аттуу китебинде сабактын бул бөлүгүнүн башкы жападан жалгыз максаты окуучулардын билимдерди активдүү өздөштүрүүгө карата ыкласын, ынтызарлыгын жандандыруу деп түшүндүрүшөт. Сабактын бул этабына карата мындан да ашкере радикалдуу көз караш алдыңкы новатор мугалимдердин иш практикасынан байкалат. Алар «уюштуруу моментин» артыкбаш иш деп эсептешип балдарды сабактын алгачкы минутасынан баштап эле олуттуу акыл эмгегине чегерип келишет. Алардын айрымдары сабакты математикалык оюндар викторина, ребус оозеки эсептерди чыгаруу, тилчи мугалимдер кыскача диктант, ошондой эле туура жазуу эрежелеринен, тарыхчылар хронологиялык таблицалар, физик жана химиктер 3-5 минутка эсептелген кыскача көнүгүү иштеринен башташат.

Сабактын бул тариздеги акыл гимнастикалары менен башталышы окуучулардын көңүл буруусун, эркин, эске сактоосун, ой жүгүртүүсүн жандандырып аларды олуттуу, иш-аракетке багыттаары кадиксиз.

«Уюштуруу моментинин» адат болуп калган мурдагы эрежелеринен баш тартуу, сабактын ар бир минутасын рационалдуу пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.

Жогоркудай айырмалуу пикирлерден улам, сабактын башталышын атайылап уюштуруу этабы зарылбы, эгер зарыл болсо кандай учурда зарыл, дегинкиси сабактын башталышына кеткен убакытты үзүрлүү пайдаланууга болобу? - деген суроо жаралат. Коюлган суроого бир жактуу кесе жооп берүү кыйын. Адатта, айрым сунуштарды гана айтууга болот. Мугалимдердин жана окуучулардын сабакта өз убагында болушу үчүн коңгуроо эки жолу берилет. Биринчиси алдын ала эскертүү, экинчиси сабакты баштоо үчүн берилет. Мында эң обол балдардын бул сабактан мурда эмне менен алек болгонун эске алуу шарт. Эгерде окуучулар эмгек, музыка, физкультура сабактарына катышып, ага кошумча чоң танапис болсо алар 10 минутага чейин сабакка ыкластуу мамиле кыла албашы мүмкүн. Мындай шартта сабакта уюштуруу, жандандыруу иш чаралары талап кылынат. Ал үчүн мугалим 3-5 мүнөттүк кыска кызыктуу тапшырмаларды сунуштаганга камылгалуу болушу абзел.

Ал эми балдар сабакка чейин жан дүйнөсүн жадеп бийлеп алчуу кызыктуу чөйрөгө кабылбай, адаттагыдай эле абалда келсе, анда аларды түздөн-түз эле олуттуу акыл иш аракетине чегере берүүгө болот.

Кыскача айтканда, ар кандай иштин акыркы натыйжасы анын башталышына көз каранды. Мугалимдин сабактын башталышында окуучулардын көңүлүн окуу материалына топтоп, танапис бүтөөрү менен жаңы психологиялык ситуациялык абалга аларды тез тарта билүүсү эң маанилүү.

Бул этаптын дидактикалык максаты: окуучуларды сабакта активдүү эмгектенүүгө даярдоо.

Мугалимдин сабакка даярдыгы (сабак боюнча түзүлгөн план, көрсөтмө куралдар, жабдуулардын болушу); окуучулардын сабакка даярдыгы (дежурный, ассистенттер, керектүү дептерлер, окуу китептери, куралдары, жазууга жана чийүүгө керектүү аспаптардын болуусу); жумушка керектүү жалпы шарттар (класстык бөлмөнүн сабакка даяр болушу, тартип, тазалык, бөлмөнүн танапис учурунда желдетилип турулушу); кирүүгө коңгуроо болгондон тартып окуу процессинин башталышына чейинки уюштуруу моментине кеткен убакыттын узактыгы; окуу процессинин башталышынын мүнөзү (максаттарды белгилөө, окуучулардын көңүлүн

топтоо, окуучулардын сабакка болгон мамилеси) мына ушулардын бардыгы сабактын башталышын уюштуруунун мазмунун түзөт.

Бул этаптын дидактикалык максатынын орундалышын мугалимдин ишенимдүү багытталышынан, талаптуулугунан, жыйнактуулугунан, көп сөздүүлүгүнүн жоктугунан, окуучулардын сабакка көңүлдүүлүгүнөн, алардын токтоосуз окуу ишине өтүүгө аракеттенүүлөрүнөн көрүүгө болот.

Үй тапшырмасын текшерүү маңыз мааниси боюнча сабактын эң биринчи зарыл звеносу болуп эсептелет. Мурдагы учурларда үй тапшырмасы такай сурамжылоо аркылуу текшерилчү. Бир окуучу доскага чыгып айтып берсе, калгандары угуп, анча мынча толуктап гана турушчу. Мугалим доска алдындагы окуучунун жообун укчу, суроо берчү. Сурамжылоо, «суракка» айланып кеткен учурлар да болбой койгон эмес. Мындай кырдаалда көпчүлүк окуучулар эч кандай иш аракетсиз эле олтура беришкен. Азыр сабактын бул бөлүгү «Сурамжылоо» эмес, «үй тапшырмасын текшерүү» же «үй тапшырмаларынын үстүнөн иштөө» — деп аталат. Мынтип аталыштын өзү үйдө аткарылган тапшырманы түрдүү ыкмалар менен текшерүүгө болоорун айгинелейт.

Негизинен үй тапшырмасын текшерүү өтүлгөн материалдын канчалык деңгээлде терең жана бекем өздөштүрүлгөнүн билүү, окуучулардын сабактан тышкаркы үйдөгү системалуу иш аракетин көзөмөлдөө, жаңы билимдерди өздөштүрүүгө даярдоо сыяктуу милдеттерди аркалайт. Ушундан улам, эгерде ал татаал келип, балдар өздөштүрө албай каталарды кетиришсе, аларды түзөлтүү боюнча атайын иш алып баруу зарыл.

Үй тапшырмасын текшерүүдө алдыңкы мугалимдер кандай ыкмаларды колдонушат? Алардын тажрыйбасынан келип чыккан сунуштардын айрымдары булар: эгерде окуучулар үй тапшырмасын ар кандай булактар боюнча даярдашса, анда аны жеке жана фронталдык сурамжылоо жолу менен жүргүзсөк болот.

Ал эми тапшырма жазуу жана оозеки жумуштардан турса, айрым окуучуларды доскада аткартып, ал учурда окуучулардын калган бөлүгү менен иштөөгө болот. Соңунда доскада жана партада олтурган окуучулардын кыскача жооптору угулат же тек гана алардын аткарылышы, чечилиши текшерилет. Жазуу жүзүндөгү тапшырмаларды текшерүүдө алардын бардык пункттарын эмес борбордук түйүнүн түзгөн түшүнүктөрдү, эрежелерди алгоритмдерди гана териштирүү зарыл.

Тажрыйбалуу мугалимдер балдардын билимдерди канчалык өздөштүргөнүн, үй тапшырмасына окшош башка варианттагы тапшырмаларды аткартуу аркылуу да текшеришет.

Тапшырманы текшерүүнү өз ара жана өзүн өзү текшерүү ыкмалары аркылуу да жүргүзүүгө болот. Мында, бир партада олтурган окуучулар дептерлерин алмашышып, өзүнүн аткарган тапшырмасын башка окуучулардыкы менен салыштырышат. Кетирилген каталар айкындалып, түзөтүлөт. Өзүн өзү текшерүүнү жоопторго таблицаларга, даяр үлгүлөргө салыштыруу аркылуу да жүргүзүүгө болот.

Эгерде, окуучулар үй тапшырмасын текши аткарып келишсе, дептерлерин топтоп алып үйдөн текшерсе да болот. Бул ыкма сабактагы убакытты кыйла үнөмдөйт, натыйжасы жогорудагы иш чаралардан кем болбойт.

Окуучулардын билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн текшерип баалоо мугалим алардын билимдерди кандай өздөштүрүшкөнүн текшерүү менен гана чектелбестен алардын билимдериндеги кемчиликтерди ачып, аларды жойгондо гана эффективдүү болот. Буга жетишүү үчүн төмөнкүлөрдүн ишке ашырылышына жетишүү зарыл:

- суроолордун жана тапшырмалардын тактыгы, жеткиликтүүлүгү, проблемалуулугу (окуучулардын эстеп калууларын гана эмес ойлоосун да активдештирүүгө тийиш; мисалы: «айтчы, эмне үчүн ушундай?», «муну сен кандай деп түшүнөсүң, далилдеп көрчү» деген талаптарды коюу, сүйлөмдөрдүн стилистикалык сабаттуу, конкреттүү, ачык, көп сөздүүлүксүз болушун талап кылуу);
- жооп берип жаткан окуучунун айткандарын мугалимдин дааналап такташы;
- жоопторду терендиги жана логикасы, жоопторунда кетирилген каталар, суралган окуучулардын саны;
- окуучуларды суроонун методдорунун тандалып алынышынын максатка

ылайыктуулугу (фронталдуу, жекече, тыгыздаштырылган суроолор);

- жазуу түрүндөгү суроолордун ар түрлүү формаларын алмаштыруу («летучка» тибиндеги кыска убакытта өткөрүлүүчү жумуштарды, предметтик диктанттарды көбүрөөк пай- далануу);
- тескери байланыштын эң жөнөкөй каражаттарын (сигналдуу карточкаларды, планшеткаларды, ар түрдүү сигнализаторлорду, перфокарталарды, печаттуу негиздеги дидактикалык материалды) пайдалануу;

фронталдуу суроонун терс жактарын (мында көбүнчө жакшы окуган гана окуучулар активдүү иштешет), жекече суроонун терс жактарын (мында убакыт көп сарп кылынганы менен аз эле окуучу суралат), тыгыздаштырылган суроонун терс жактарын (мында классты башкаруу кыйын болот) азайткыдай ыкмаларды жана методдорду пайдалануу;

- окуучуларды суроодо окутуунун техникалык каражаттарынан жана дидактикалык материалдан пайдалануу;
- суроонун ыксыз узакка созулушуна жол бербөө;
- коюлуучу баалардын обьективдүүлүгү жана аларды мотивировкалоо.

«3» балл менен бааланган окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн деңгээли төмөнкүлөргө жооп берүүгө тийиш:

- программада көрсөтүлгөн негизги билимдерди окуучунун туура кайталап элестөөсү жана түшүнүүсү;
- өздөштүрүлгөн билимдерди татаал эмес типтүү ситуацияларда пайдалана билгичтиги.

«4-5» балл менен бааланган окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн деңгээли төмөнкүлөргө жооп берүүгө тийиш:

- мектептик программада көрсөтүлгөн билимдерди окуучунун туура кайталап элестөөсү жана түшүнүүсү;
- өздөштүрүлгөн билимдерди татаалыраак, типтүү эмес ситуацияларда пайдалана билгичтиги.

Коюлуучу баалар төмөнкү талаптарга жооп берүүгө тийиш:

- обьективдүүлүк (предметтер боюнча колдонулуп жүргөн баа коюунун нормаларына туура келүүсү);
- таасирдүүлүк (окуучуну жакшы окууга шыктандыруу);
- жекечелүүлүк (ар бир окуучунун билими өзүнчө бааланат, окуучу өзүнүн жообун, билимин өзү да баалайт);
- көзгө көрүнүктүүлүк (кимдин кандай жооп үчүн кандай баа алгандыгы окуучулардын бардыгы билише тургандыгы);
- регулярдуулук (окуучуга чейректик баа анын чейрек ичиндеги бааларынын саны 4-5 тен кем болбогон учурда гана коюлат);
- окуучу жооп берээр замат коюлуучу баа менен анын бүткүл сабак боюнча (сабактын акырында) алган баасын оптималдуу айкалыштыруу (сабак боюнча балл иштеген иши бүткүл сабак учурунда эсепке алынып отурган окуучуларга гана коюлат).

Жаңы билимдерди өздөштүрүү сабактын негизги борбордук этабы. Сабактын бул этабы мурдагы педагогикалык жана методикалык адабияттарда «Мугалимдин жаңы билимдерди айтып бериши» - деп башкачараак аталчу. Маселенин мындайча коюлушунун чабал жагымында мугалимдин түшүндүрүүсү билимдерге ээ болуунун жападан жалгыз булагы катары кабылданган.

Сабактын бул этабы, эреже катары жаңы окуу материалы менен балдардын билим тажрыйбаларынын ортосунда байланыш түзүүдөн башталат. Демек, мурдагы алган билимдерди жаңы окуу материалын өздөштүрүүнүн өбөлгөсү, таянычы катары колдонуу өтө маанилүү. Окуучулар жаңы теманын мурдагы окуу материалдар менен байланышын даана баамдашкан соң, аларды сабактын максаты, жаңы окуу материалдардын түйүндүү маселелери, аларды өздөштүрүүнүн ирети, ыктары менен тааныштыруу абзел. Андан ары тикеден тике жаңы материалдарды өздөштүрүү иши уюштурулат. Ал окуу материалын биринчи ирет кабылдап жана андап түшүнүү ошондой эле андан ары аң сезимдүү терең талдап таанып билүү, аларды системалаштыруу, сыяктуу жумуштардан турат. Башкача айтканда жаңы окуу материалын өздөштүрүү мурдагы бөлүмдөрдө белгиленгендей кабыл алуу, андап түшүнүү,

жалпылоо, системалаштыруу сыяктуу иш аракеттерди талап кылат.

Азыркы педагогикалык адабияттарда жана мектеп практикасында окуучуларды жаңы окуу материалын кабыл алуу, аңдап - түшүнүү, өздөштүрүүгө үйрөтүүнүн төмөнкүдөй ыкмаларына көбүрөөк артыкчылык берилет.

Биринчи ыкма. Мугалим жаңы окуу материалын аңгеме, баяндоо, маектешүү аркылуу эки ирет түшүндүрүп, окуучулардын кабыл алуусун, аңдап түшүнүшүн уюштурат. Мында мугалимдин өзү көптү билгени эмес, билгенин окуучулардын таанымдык кызыкчылыгын ичтен имерип илгерилете билиши маанилүү. Ансыз, сабак соңунда «Ким түшүндү, түшгүнгөндөр кол көтөргүлө?» - деген мугалимдин суроосу жоопсуз калышы күмөнсүз.

Экинчи ыкма. Ободу мугалим жаңы окуу материалын баяндап берет. Мугалимдин айтып бергендерин дагы даанараак аңдап түшүнүү, өздөштүрүү үчүн, аны кайрадан китептен окуп чыгуу иши уюштурулат.

Үчүнчү ыкма. Мугалим сабактын темасын, максат, милдеттерин аныктайт, окуу материалынын түйүндүү маселелерине байланыштуу суроолорду сунуш кылат. Булардын негизинде окуу китеби боюнча окуучулардын өз алдынча иш аракети уюштурулат. Соңунда окуу материалын тереңирээк териштирип, аңдап - түшүнүүгө жетишүү үчүн суроо жооп иши өткөрүлөт.

Төртүнчү ыкма. Химия, физика сабактары боюнча жаңы окуу материалын өздөштүрүү ишин мугалимдин жетекчилиги менен өткөрүлүүчү лабораториялык (практикалык) жумуштар аркылуу уюштурса да болот.

Сабактын бул этабына коюлуучу жалпы талаптар төмөнкүлөр:

> окуучулардын жаңы теманын мурдагы материалдар менен ошондой эле кийин өтүлүүчү темалар менен өз ара байланышын баамдап түшүнүүсүнө жетишүү;

> материалды кабыл алуу, аңдап түшүнүү, анын үстүнөн ой жүгүртө билүү, биринчи ирет жалпылаштырып, система- лаштырууну бир убакта уюштуруу;

> окуучунун активдүү таанып билүү иш аракетин камсыз кылуу;

> негизги фактыларды, түйүндүү түшүнүктөрдү бардык окуучулардын текши өздөштүрүшүнө жетишүү;

> убакытты үнөмдүү пайдалануу. Тажрыйбалуу мугалимдер сабактын бул этабына 4-7-класстарда эң кеминде 18 минута, 8-10-класстарда 25 минута сарпташат.

Өздөштүрүлгөн билимдерди практикада колдонуу аркылуу гана окуучулардын билгичтик көндүмдөргө ээ болуусу.

Бул аралаш сабактын эң манилүү этабы. Анткени жогорку темаларда дамамат белгиленип келгендей билимдин негизинде бир нерсе аткара билүүгө үйрөтүү, көнүктүрүү окутуунун бирден бир милдети. Ал эми ушул милдеттерди аркалаган жазуу, практикалык чыгармачылык мүнөздөгү көнүгүүлөр кандайча уюштурулат?

Эң обол белгилей кетчү нерсе окуучулар теориялык билимдерди терең аңдап түшүнгөнгө чейин көнүгүү аткаруу ишин уюштуруу, алгылыктуу натыйжа бербейт. Окуучулар кандайдыр бир нерсени билген билимдерине таянып гана жасай алышат.

Ал эми көнүгүүлөрдү уюштуруу төмөнкүдөй этаптардан турат:

> мугалим тарабынан көнүгүү аткаруунун үлгүсү көрсөтүлүшү;

> окуучунун кайталап аткарышы;

> билгичтик, көндүмдөрдү калыптандыруу багытындагы андан аркы көнүгүүлөр.

М. математика 1. маселе мугалим тарабынан талданып мугалим тарабынан түшүндүрүлүп, бүт класс боюнча аткарылат. Бир окуучу доскада чыгарат. Андан кийин чыгарылган эсеп доскадан өчүрүлүп, кабыл алып, аңдап түшүнгөн эсепти ар бир окуучу өз алдынча чыгарышат.

Жацы билимдерди бышыктоо. Окуучулардын окуп үйрөнгөн билимдеринин бекем болушу белгилүү өлчөмдө, аны бышыктоону туура уюштурууга байланыштуу.

Жацы материалды окуп үйрөнүүдө окуучунун таанып билүүчүлүк иш-аракетинин бүткүл цикли: даярдоо кабыл алып түшүнүү маанисин баамдап билүү жалпылоо жана системалаштыруу колдонуу контролдоо деген схема боюнча ишке ашырылууга тийиш.

Эц башкысы, бышыктоо өтүлгөн материалды өзүндөй кылып кайра айтып берүүдө эмес, анын маани-маёызын, себеп натыйжалык байланыштарын териштирип, эсинде бекем сактап

калууга багытталганы.

Учурдагы илимий-педагогикалык көз караштарга жана алдыңкы тажрыйбаларга таянуу менен жаңы билимдерди бышыктоонун төмөнкүдөй жолдорун белгилөөгө болот:

- жаңы өтүлгөн теманын бардык маселелери боюнча аңгеме өткөрүү;
- теманын түйүндүү маселелеринин тегерегинде аёгемелешүү;
- окуу китебиндеги, ошондой эле мугалим сунуш кылган суроолорго жооп табуу үчүн китептин текстин кайрадан окуп чыгуу;
- жаңы окуу материалдын текстине карата суроолордун варианттарын даярдоо;
- жаңы окуу материал ынын корутундуларын, жоболорун өздөрү тапкан конкреттүү мисалдардын негизинде чечмелей билүүгө шыкак берүү;
- окуу материалын сүрөттөргө, таблица, схемаларга салыштырып, талдап, башкы түшүнүктөрдү бөлүп көрсөтүү аркылуу бышыктоо ж.б.

Андан кийинки маселе жалпы окуучулар тарабынан талкууланат, ар бири өз алдынча чыгарышат. Мындай ыкма окуучулардын өнүгүшү үчүн өтө таасирлүү. Ал бара бара ар кандай маселени окуучу өзүнчө талдап, өзүнчө чечүүгө үйрөтөт.

Тилекке карты, сабактарда мындай машыктыруучу көнүгүүлөргө өтө аз убакыт жумшалат. Ушундан улам окуучулар билгичтик жана көндүмдөргө ээ болуу, алган билимин иш жүзүндө колдоно билүү жагынан чабалдык кылышууда.

Үйгө ташырма берүү. Сабакта жаёы окуу материалы канчалык жакшы өздөштүрүлбөсүн ал бара-бара унутула баштайт. Мындай психикалык процесстин шексиз экендиги Г. Эббингаузанын теориясында тастыкталган. Үй тапшырмасын аткаруу дал ушундай кейиштүү көрүнүштүн алдын алуунун бирден бир жолу. Ошондуктан ал класстык сабак системасы пайда болгон күндөн эле анын ажырагыс компоненти катары сакталып келет.

Окуучуларга көбүнесе төмөнкүдөй мүнөздөгү тапшырмалар берилет:

3-4 класста 2 саат, 5-6 класста 2,5 саат, 7 класста 3 саат, 8- 11 класста 4 саатка эсептелет.

- үй тапшырмасын аткаруу өздөштүрүлгөн материалдарды тикеден-тике кайталап айтып берүү дегендик эмес. Ал окуучуларды олуттуу ой жүгүртүүгө, үйрөтүп чыгармачылык, мүмкүнчүлүктөрүн ачыкка чыгаргандай таризде болушу талап кылынат;
- үй тапшырмасы дайым эле орто окуучуга эсептелбей, окуучулардын түрдүү деңгээлине шайкеш болгону шарт;
- окуучулар үй тапшырмасын аткарууга коюлуучу талаптар менен толук тааныш болушу абзел.
- окуучуларды окуу материалын кыска тезистик мүнөздө тез айтып же жазып түшүндүрүп берүүгө, өзүнүн өздөштүргөн билиминин сапатына өзү баа берүүгө үйрөтүү зарыл.

5. Окутуунун жаңы парадигмалары жана класстык сабак.

Дүйнө атам замандан бери эле тынымсыз өнүгүү, өзгөрүүнү баштан кечирип келет. Азыркы учурда дүйнөнүн маалыматтык коомго айлануусу окутуу, тарбиялоо чөйрөсүндө да олуттуу өзгөрүүлөрдү жаратты. Билим берүү иши жакынкы келечекте кандай болоору жөнүндө божомолдор арбын. П. Друкердин пикири боюнча маалымат коомунда билим куралга, окуп үйрөнүү биринчи зарылдыкка айланат. Конингдин пикири боюнча XXI кылымда "Ар бир адамга билим" урааны, "Ар бир адамга квалификация" ураанына айланат. Адамдын билгичтик, жөндөмдөрү биринчи планга чыгат. Мындан ары дүйнөдө иш материал, же энергия тартыш эмес, билим болгондо да тынымсыз өнүгүү абалындагы технологиялык билимдер дефицитке айланат. Адамдар билимин, квалификациясын тынымсыз өзгөртүп өнүктүрүп турууга муктаж болушат. (Ханс Конинг Заметки о XX веке Иностранная литература 1999, №2 -114 с.)

Бул жагдай эё обол мектептердеги окутуу технологияларын олутуу өзгөртүү зарылдыгын жаратат. Арийне, педагогика илиминде окутуу тарбиялоо ишин заман талабына шайкеш өнүктүрүү боюнча иштиктүү аракеттер жасалып келүүдө. Бул иш обол салттуу окутуу системасынын дурус жана буруш жактарын сын электен өткөрүү менен коштолду. Педагогикалык адабияттардын анализи жана өзүбүздүн атайын байкоолорубуз салттуу окутуу ишиндеги төмөнкүдөй типтүү кемчиликтерди бөлүп көрсөтүүгө негиз берди. Коомдук пикир адилет белгилеп келе жаткандай мугалимдер массасынын көпчүлүгү окуучуларды заманбап

методдордун негизинде окутуу ишине жеткилең даяр эмес.

Мугалимдин башкы вазийпасы окуучуну үйрөнүгө үйрөтүү экендигин бардык эле мугалимдер этибарга алышпайт, мектептерде балдардын окуп үйрөнүү ишин уюштургуч мугалимге караганда түшүндүргүч мугалим көп идеалдаштырылат.

Мугалимдер тарабынан өз алдынча ойлом жөндөм шыгы өнүккөн окуучуга караганда маалыматты көп билген окуучу жогору бааланат. Баланын өзүндө программаланган потенциалдык мүмкүнчүлүктөрдүн өнүгүшүнө сүрөөнчү, демөөрчү болуу - бул инсанга багытталган таалим-тарбиялык парадигма мугалимдер чөйрөсүндө өтө эле жай баракат өздөштүрүлүп бара жатат.

Мугалимдердин практикасында окутуунун жаңы стратегияларын, методдорун, ыкмаларын колдонуу тажрыйбалары өтө эле сейрек кездешет анын ордуна түздөн түз үйрөтүү (мен айтамын сен уккун, мен көрсөткөндү жасагын...) стратегиясына негизделген орто кылымдан бери келе жаткан айтып берүү, көрсөтүү, көнүктүрүү, кайталоо сыяктуу салттуу методдор басымдуулук кылат.

Маалымат технологиясын өздөштүрүп анын каражаттарын өзүнүн иш практикасында пайдалана билген мугалимдер өтө эле сейрек кездешет.

Мугалимдер тарабынан балдардын академиялык жетишкендиктерин өлчөө жана баалоонун дүйнөлүк практикада сыноодон өткөн жаңы формалары жана ыкмаларын өздөштүрүү өтө жай жүрүп жатат.

Булардын баары сабактын сапатына тикеден тике тиешелүү, сабак процессинде ачыкка чыгуучу кубулуштар. Арийне, сабактын сапатын заманбап талаптарга ылайык өркүндөтүү үчүн мугалим окутуу тарбиялоого байланыштуу жаңы көз караштар, моделдердин табиятын тереё аёдап билиши шарт. Ушундан улам биз окутуу чөйрөсүндөгү салттуу жана жаңы көз караштарды салыштыруунун негизинде заманбап моделдердин өзгөчөлүктөрүнө, милдеттерине учкай токтоло кетүүнү эп көрдүк.

Окутуунун жаңы парадигмалары жөнүндө сөз кылганда эрксизден эсибизге «инсанга багытталган окутуу» термини келет. Чынында эле, аталган окутуу модели коомдук педагогикалык аң-сезимге салтуу окутуу технологияларын кемчиликтерден арылтуунун амалы катары белгилүү. Инсанга багытталган билим берүү ар бир бала кайталангыс табиятка ээ, индивидуалдуу пенде деген ишенимге негизделет. Мында класс окуучулары «коллективдүү субьект» эмес, ар бири өзүнчө мамилени талап кылган айырмалуу жеке инсан катары кабылданат. Анын маани-маңызы окуучунун инсанын урматтоо же класста жагымдуу эмоционалдык кырдаалдарды түзүү деген түшүнүктөр менен эле чектелбейт. Мындай элементтер салттуу педагогикага деле мүнөздүү болгон. Инсанга багытталган окутуу окуучу билим берүү процессинин борбору, мугалим жана окуучу тең укуктуу партнер, окутуу ишинин максаты окуучунун субьективдүү тажрыйбасын ку- баттоо, жаратуу, өнүктүрүү деген сыяктуу түшүнүктөр менен мүнөздөлөт. Мугалим окуучулардын ар биринин пикирине урмат менен мамиле кылат. Сабакты пландаштырууда окуу материалынын мазмунун гана талдабастан ал аркылуу окуучунун субьективдүү тажрыйбасын өнүктүрүүнү кандайча уюштуруу керектигин да тыкыр ойлонуштурат.

И. Якиманская инсанга багытталган сабактын негизги өзгөчөлүктөрүн төмөнкүчө мүнөздөп көрсөткөн:

- темага байланыштуу окуучулардын субьективдүү тажрыйбасын ачуу багытында окуучуларды иш аракеттин ар түрдүү формаларын жана методдорун аткарууга тартуу;
- класстагы ишке бардык окуучулардын текши куштарлык менен катышышын камсыз кылуу;
- окуучулардын «кокус жаңылып калбайын» - деген кооптонуусуна жол бербөө жана алардын тапшырмаларды ар түрдүү ыкмага салып аткаруу аракетин стимулдаштыруу;

- окуучунун тапшырмаларды шаблондордон тышкары аткарууга болгон аракетин ар дайым колдоо, оригиналдуу аткарган иштерин бут класс менен чогуу талдоо;
- аткаруунун формасы (оозеки, графикалык, шарттуу символикалык түрдө) окуучунун өзү тарабынан тандалуучу тапшырмаларды көбүрөөк практикалоо;

- сабакка болгон даярдыгынын кандай экендигине карабастан ар бир окуучунун демилгесин, жеке мамилесин, өз алдынча иш аракет ыкмаларын, камсыз кылган кырдаалдарды жаратуу;
- сабакта эмнелерди үйрөнгөндү гана эмес эмнелер жакканын да талдоо;
- сабак мезгилинде окуучуларды сурамжылоодо жооптордун тууралыгын гана талдабастан, ошондой эле анын өз алдынчалыгын, оригиналдуулугун, вариативдуу ыкмаларды колдонгонун да эске алуу;
- сабактын башталышында жагымдуу жагдай жаратуу;
- окуучуларга сабактын темасын гана эмес, анын максатын иш аракетти уюштуруу фомаларын да билдирүү;
- сабактын максатына жана этаптарына жараша окуучулардын уйрөнүү ишин ийкемдүү уюштуруу: чыгармачыл маселелерди чечүү, өз ара текшерүү, бири биринин жумушун текшертүү, талдатуу ж.б.;
- окуучунун жообун жалгыз гана тууралыгына карап эмес, аны кандайча ойлонуп, кандай ыкма менен чечкенине кай жерде кандай жаңылыштык кетиргенине карап талдоо;
- класс менен баарлашуунун көп кырдуулугуна жетишүү (монолог, полилог);

Ошентип, биз инсанга багытталган сабакты даярдоо жана пландаштыруу боюнча айрым маанилуу деп эсептелген сунуштарды келтирдик. Алардын айрымдары мугалимдерге мурдатан эле белгилүү. Эң башкысы инсанга багытталган окутуу мугалимден айрым кесиптик позицияларын кайрадан караштырууну талап кылат.

XXI кылымда Европа мамлекеттеринин билим беруу мейкиндигинен ооп келген өтө популярдуу парадигмаларынын бири «компетенттүүлүккө негизделген окутуу» (компетентностный подход). Бул парадигма окуучунун билими менен турмушка даярдыгынын ортосундагы айырмачылыктарды азайтуу ниети менен жаралган.

Арийне, бул концепциянын максаты билимге негизделген окутуунун баркын төмөндөтүү деп бир жактуу түшүнүүгө болбойт. Илимий билимдердин системасына ээ кылбаган мектепти мектеп катары элестетүүгө болбойт. Окутуунун компетенттүүлүк модели деле билимге негизделет. Бирок, мында билимдүүлүк бир топ башкача критерийлердин чегинде чечмеленет. Бул моделге ылайык окутуунун башкы натыйжасы керек учурда кайталап айтып берүүгө негизделген илимий маалыматтар эмес, окуучунун аларды жашоо турмушта колдоно билүү тажрыйбасы. Билимге негизделген окутуу парадигмасынын алкагында билим алган окуучуну шахмат эрежелерин мыкты үйрөнгөн менен өмүрүндө шахмат ойноп көрө элек оюнчуга салыштырууга болот. Билимдердин негиздерин билген менен реалдуу турмуш бетме бет келгенде ойноо тажрыйбасы жоктугунан отуз жолу уттурган мыкты комбинатордун кейпин кийип калып жатпайбы. Айталы тил сабактарынын эрежелерин он жыл окуп бирок, сабаттуу кат же арыз жаза албаган окуучу жөнүндө деле ушуну айтса болот. Окутуунун компетенттик модели дал ушул кемтикти жоюуга багытталат. Анын түпкү максаты маалыматтарды окуучулар тарабынан эсинде бекем сактап калууга умтулуу эмес, аларды ар түрдүү кырдаалдарда жаралган проблемаларды чечүүдө колдоно билүү билгичтигин өнүктүрүүгө жетишүү.

Окуучу алган билимин төмөнкүдөй типтүү кырдаалдарда майнаптуу колдоно алууга дараметтүү болушу зарыл:
- коомдук жана табийгый кубулуштарды таануу жана чечмелеп түшүндүрүп берүүдө;
- заманбап техника жана технологияларды өздөштүрүүдө;
- адамдар менен баарлашуу, мамиле түзүүдө, өзүнүн жорук жосунун баалоодо;
- күндөлүк турмушта, үй бүлө мүчөсүнүн, гражданиндин, сатып алуучунун, пациенттин, көрүүчүнүн, шайлоочунун ролун аткарууда;
- кесип тандоодо, кесиптик окуу жайда окуу үчүн өзүнүн даярдыгын баалоодо;
- өзүнүн турмуштук проблемаларын чечүүдө, жашоо образын айкындоодо, конфликттерди жайгарууда.

Окуучунун компетенциясы бул анын инсанынын эртеңки образы. Бирок, «чоё кишилик» компетенциялардын басымдуу бөлүгү окуучулук куракта калыптанат. Алар баланын келечек

жашоосу үчүн эле керек эмес, баарыдан мурда азыркы окуучулук жашоо турмушунун зарыл компоненти. Ошондуктан алар азырынча билим алуу чөйрөсүндөгү компетенциялар таризинде өздөштүрүлөт. Бирок, билим алуу чөйрөсүндөгү компетенциялар чоң адамдардын ишмердүүлүгүнүн бардык түрүн ичине камтый албайт. Алар көбүнесе орто билим берүү чөйрөсүндөгү предметтик билим берүү тармагына таандык болот. М: Окуучу мектепте атуулдукка таандык компетенцияларды өздөштүрөт. Бирок, алардын бардык компоненттерин мектепти бүткөндөн кийин гана толук колдонууга туура келет. Ошондуктан алар окуучу ээ боло турган компетенциялар таризинде сыпатталат.

Учурда бүткүл дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде окуучу ээ болуп чыга турган негизги компетенцияларды (ключевые компетенции) иштеп чыгуу боюнча бир канча долбоорлор иштеп келгендигине карабастан, универсалдуу документ ушул мезгилге чейин сунуш кылына элек. Соңку тыянактар Швейцария жана Америка мамлекеттеринин абройлуу экономикалык институттары тарабынан жүргүзүлгөн. Негизги компетенцияларды тандоо жана аныктоо деп аталган долбоордун алкагында да аягына чейин иштелип чыккан эмес.

Ал эми Европа мейкиндигинде Европа кеңеши тарабынан өткөрүлгөн Европа үчүн негизги компетенциялар аттуу симпозиумда иштелип чыккан документ кыйла популярдуу.

Ал документке ылайык окуучулардын компетенцияларынын болжолдуу тизмеси төмөнкүлөрдөн турат:

Үйрөнүү:

> тажрыйбанын пайдалуу жактарын үйрөнө билүү;
> билимдердин ортосундагы өз ара байланышты камсыздоо жана аларды жыйнактоо;
> өз алдынча билим алуу ыкмаларын иштеп чыгуу;
> проблема чече билүү;
> өз билимин өз алдынча толуктоо, өркүндөтүү тажрыйбасы.

Издеп табуу:

> маалымат базаларын колдоно билүү;
> айлана чөйрөсүндөгүлөрдөн сурап маалымат ала билүү;
> эксперттен консультация ала билүү;
> документтер менен иштөө жана аларды классификациялай билүү.

Ой жүгүртүү:

> мурдагы жана азыркы окуялардын ортосунда байланыштарды түзө билүү;
> коомдук өнүгүүнүн тигил же бул аспектисине сынчыл мамиле кыла билүү;
> кыйынчылыктарга жана ишенбөөчүлүккө карты тура билүү:
> талкууларда өз позициясын ээлөө жана жеке пикирин билдирүү;
> ден-соолук жана керектөөлөргө айлана чөйрөгө байланыштуу социалдык адат - салттарды баалай билүү;
> искусство жана адабият чыгармаларын баалай билүү. Кызматташуу;
> группа менен ымала түзүп иштей билүү;
> чечим кабыл ала билүү, келишпестиктерди жана конфликттерди жайгара билүү;
> тил табыша билүү;
> келишимдерди иштеп чыгуу жана аткаруу.
> Чапчандык
> Долбоорду колго алуу
> Жоопкерчиликти моюнга алуу;

> группага жана коллективге аралаша билүү, өз салымын кошуу;
> тилектеш экендигин далилдөө;
> өз ишин уюштура билүү;
> эсептөө жана моделдештирүү приборлорун колдоно билүү.

Ыңгайлаша билүү:

> жаңы маалымат жана коммуникация технологияларын колдоно билүү;
> тынымсыз өзгөрүүлөргө өзүнүн даярдыгынын ийкемдүүлүгүн далилдей алуу;
> кыйынчылыктарда туруктуулугун көрсөтө билүү;
> жаңы чечимдерди кабыл ала билүү.

Компетенциялардын мазмунунан көрүнгөндөй алардын көбү мектептик билим берүүнүн соңку натыйжасына же мектептен кийинки турмушка тиешелүү көрсөткүчтөр катары таасир калтырат. Башкача айтканда мында предметтик билим берүүнүн мазмуну жана натыйжалары даана ачыктала байкалган. Компетенцияларды орто билим берүүнүн максат милдеттери, натыйжалары менен айкалыштыруу боюнча алгачкы кадамдар белгилүү өлчөмдө Россиялык педагогдор тарабынан жасалган. Бул иш А. В. Хуторскийдин жетекчилиги менен жаңычыл педагогикалык маанайдагы илимпоз педагогдордун башын бириктирген «Ейдос» дистанттык билим берүү борборунун коллективи тарабынан аткарылган.

Алар иштеп чыккан компетенциялардын курамы төмөнкүдөй блоктордон турат.

Инсандын баалуулуктарын чагылдырган компетенциялар:

> окуу предметине жана ишмердүүлүк чөйрөлөрүнө карата өзүнө таандык баалуулуктарын айкындоо;
> тандоону талап кылган кырдаалдарда өзүнүн позициясын аныктай билип чечим кабыл алуу, натыйжалары үчүн жоопкерчиликти моюнга алуу;
> жалпы талаптардын жана нормалардын негизинде өзүнүн билим алуу траекторнясын жүзөгө ашыруу;

Окуп үйрөнүү жана таанымдык (таанып билүүчүлүк) компетенциялар:

> максат коюу жана ага жетүү ыкмаларын билүү, өз максатын жеткиликтүү туюнта билүү;
> окуп үйрөнүү, таанымдык ишмердүүлүгүн пландаштыруу, анализдөө, баалай билүү;
> байкоого алган фактыларга суроо койо билүү, кубулуштардын себебин табуу, үйрөнүлүп жаткан проблема боюнча билгендеринин жана билбегендеринин чегин ажырата билүү;
> таанымдык маселелерди жана гипотезаларды койо билүү;
> зарыл приборлорду жана каражаттарды тандоо, өлчөө жана инструкциялар менен иштөөнүн ыкмаларын билүү;
> өзүнүн аткарган иштеринин натыйжаларын оозеки жана жазуу жүзүндө компьютердик техникалардын жардамы менен жеткире билүү.

Социалдык-маданий компетенциялар:

> типтүү социалдык ролдорду (гражданин, үй бүлө мүчөсү, менчик ээси, кызматкер, сатып алуучу) аткаруу боюнча билим жана тажрыйба;
> эл ичинде, үй-бүлөдө, коллективде мамлекетте өз ордун билүү, маданий салттарды, нормаларды туура аткаруу, бош убактысын майнаптуу уюштура билүү;
> өз мекенинин жана элинин коомдук улуттук баалуулуктары тууралуу кеңири түшүнүккө ээ болуу;
> көп улуттуу, көп конфессиялуу коомдо жашоо тажрыйбасына ээ болуу;
> өзү үчүн жана коом үчүн пайдалуу эмгектенүү тажрыйбасына ээ болуу;
> окурман, көрүүчү, аткаруучу, кол өнөрчү, жаш сүрөтчү катары көркөм чыгармачылыктын элементтерине ээ болуу.

Коммуникативдик компетенциялар:

> өзүн оозеки жана жазуу жүзүндө тааныштыра билүү, анкета, арыз, резюме, кат, куттуктоо, көңүл айтууларды даярдай билүү;

> маданияттар аралык мамиледе өз классын, мектебин, мамлекетин тааныштыра билүү, бул үчүн чет тили боюнча компетенцияларын колдонуу;
> айлана тегеректегилер менен мамиле кура билүү, оозеки чыгып сүйлөө, суроо берүү, диалог кура билүү тажрыйбаларын өздөштүрүү;
> кеп ишмердүүлүгүнүн ар түрдүү ыкмаларын колдонуу (монолог, диалог, окуу, кат).
> группада өз ара ымалада иштөө тажрыйбасына ээ болуу, компромистерди издөө жана таба

билүүгө ыктуулук.

Маалыматтык компетенциялар:

> маалымат булактарынын баары менен (китептер, окуу китептер, справочниктер, атлас, карта, энциклопедия, каталог, соядүк, CD-ROM, интернет) иштей билүү тажрыйбасы;

> зарыл маалыматтарды издөө, табуу, жайгаштыруу, системалаштыруу, сактоо, өзгөртүп түзүү ыкмаларына ээ болуу;

> маалыматтардын ичинен эң керектүүсүн, башкысын бөлүп алуу тажрыйбасы;

> компьютер, телевизор, магнитофон, телефон, пейджер, факс, принтер, модем, ксерокс сыяктуу маалымат техникаларын колдоно билүү;

> окуу иштеринин муктаждыктары үчүн маалыматтык жана телекоммуникациялык технологияларды (аудио, видео- жазуу, электрондук почта жана интернет) колдоно билүү.

Инсан таламдуу билим берүүнүн орчундуу багыттарынын бири - бул маданнятка шайкештик (культурологическая концепция) концепциясы. Бул парадигмага ылайык маданият таламдуулук педагогикалык процесстин негизги принцибине айланат. Б.а. сабакта окуучунун таанымдык активдүүлүгүн гана өркүндөтүү жетишсиз. Ал сөздүн толук маанисинде маданяттын ээси, сактоочусу, жаратуучусу катары өнүгүп калыптанышы абзел.

Жалпысынан окутуунун жаңы парадигмаларынын баары бири бири менен тыгыз байланышта. Алардын баарынын негизги максаты окуучулардын өз бетинче ойлом маданиятын, өзүнө таандык таанымдык жана практикалык маселелерди өз алдынча чечүү иш аракетин стимулдаштыруу аркылуу аларды өзүнүн инсанын жана коом турмушун өнүктүрүүнүн активдүү субъекти катары калыптоо.

Мектепке карата жаңы жана зеки парадигмалардын айырмачылыктары.

## Бири биринен айрымалуу парадигмалардын шартында мугалим менен окуучунун иш аракеттеринин өзгөрүшү

## I. Мугалимдин ишмердүүлүгү

Класстык сабакка байланыштуу окутуунун жаңы парадигмалары жөнүндөгү маалыматтарды жыйынтыктап төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот[1].

Эркиндикке ээ болгон адам ар бир конкреттүү абалды өзү терең баамдап көрүп сезимталдуулук менен жоопкерчиликтүү чечимге келет. Бирок, анын бул ишенимдүү жана жоопкерчиликтүү чечими чындыктагы процессти ар тарап- тан толук камтыйт деп айтууга болбойт. Мисалы, билим берүүнү модернизациялоо боюнча соңку мезгилде педагогикалык төрт парадигма (алгачкы концептуалдык схема, проблемаларды белгилөөнүн жана аларды чечүүнүн модели; келечекте боло турган өзгөрүүлөрдүн багытын жана мүнөзүн аныктоочу башкы концептуалдык идея) сунушталып айтылууда. Алар:

- когнитивдик-информациялык (маалымдоочулук)
- инсандык
- культурологиялык
- компетенттүүлүк парадигмалар.

Бул парадигмалардын ар бири билим берүүнү модерни- зациялоого байланыштуу чындыктын кандайдыр бир бөлүгүн (жагын) гана туура камтыйт. Бирок, бөлүк деген бөлүк, ал эч качан бүтүндү алмаштыра албайт.

Ар кандай педагогикалык парадигма билим берүүнүн башкы жыйынтыгы эмне болуу керек экендигин белгилөөгө артыкчылыктуу көңүл бурат. Мына ошол концептуалдуу идеянын негизинде жүргүзүлүүчү модернизациянын багытын жана мазмунун аныктайт. Ушуга жараша ар бир педагогикалык парадигманын мааниси эмнеде экендигине токтололу.

*1. Когнитивдик-информациялык парадигма* адамзат тарабынан топтолгон бардык билим, билгичтик, көндүмдөрдүн балдарга мүмкүн болгон максималдуу көлөмүн берүү артыкчылыктуу деп эсептейт. Мугалимдерди предметтик программалар менен иштөөгө, келечектүү балдарды тандап алып аларды улам терендетип окутууга багыттайт. Бирок, баланын инсанынын каалоосу, керектөөсү мында, эреже катары, анча зеке алынбайт.

*2. Инсандык парадигмада* билим берүүнүн негизги багыты баланын интеллектуалдык жагына Караганда анын эмоционалдуулук жана социалдык жактарын өнүктүрүүгө артыкчылык берилет. Окуучуларды жакшылап байкап үйрөнүүгө, алардын инсандык жеке өнүгүүсүн талкулоого көңүл

бөлүнүп, кызыкчылыктарын жана мүдөөлөрүн канааттандырууга артыкчылык берилет. Мында окуучу окутуунун жакшы ийгиликтерге жетишүүгө жардам кыла турган жолун тандап алуучу инсан катары каралат. Бул парадигмага ылайык айрым учурда окуу предметтеринин чектери жоюлуп, окутуу айрым предметтер боюнча змее билимдердин бүткүл обулустары боюнча жүргүзүлөт, билимдердин ар түрлүү обулустарын реалдуу практика менен байланыштырууга аракеттер жасалат. Мындай аракеттердин натыйжасында мисалы: тематикалык окутуу, окуучулардын кызыкчылыктары боюнча окутуу, долбоорлоп окутуу жүргүзүлүүдө.

*3. Кулөтурологиялык парадигма* мугалимди башкы ыйык маселеге - баланын инсанын калыптандырууга багыттайт. Бирок, инсандык парадигмадан айырмаланып мында эркин тарбиялоого далилсиз эле сокур ишенүүчүлүк менен маани берилбейт, мында эркиндик берүү жана мажбурлоо (зордуктоо) бири бирин өз ара толуктоочу башталыш катары каралат, билим берүүдө мажбурлоону толук тануу - бул культураны (маданиятты) тануу деп эсептелет. Культурологиялык парадигмага ылайык билим берүү өзүнүн башкы милдетин маданияттын баалуулуктарын кийинки муундарга өткөрүп берүү деп эсептейт, бирок кийинки муун ар түрдүү себептерге байланыштуу мунун зарылдыгын аңдап билбөөсү да мүмкүн. Мына дал ушундан педагогикалык мажбурлоонун элементтеринин сөзсүз керек экендиги келип чыгат.

*4. Компетенттуулук парадигма* билим берүүнүн прагматикалык, когнитивдүү-информатикалык парадигмасынан өнүгүп чыккан. Бирок, ал андан айырмалуу: бир жагынан сел каптагандай улам өсүп кеңейип, экинчи жагынан ар бир 3-4 жылда эскирип турган информацияларды кийинки муундарга берип туруу мүмкүн эмес жана аны чексиз кеңейте берүүнүн эч бир мааниси жок деген ойго басым жасалат. Бул парадигмада билим берүү процессинен күтүлүүчү натыйжа билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн системасы эмес ал мамлекет тарабынан билдирилген (сунушталган) өзөктүү компетенциялардын топтому (набору) болуусу керек деп талап кылууда, анткени андай компетенцияларсыз интеллектуалдык, коомдук-саясий, коммуникациялык, информациялык ж.б. сфераларда азыркы адамдын ишмердүүлүгүнүн нормалдуу болушу мүмкүн эмес. Компетенттүүлүк парадигма жалпы орто билим берүүнүн практикалык ориентациялануусун жана инструменталдык багытталышын күчөтүү максатын көздөйт.

**Лекциялык №4-сабактын темасы:**

**Көркөм өнөр сабактарынын максаттарын жана милдеттерин аыктоо** ***(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,44)***

**Сабактын максаты**: КСӨ сабактарынын максаттарын аныктоонун негизги элементтери жөнүндөгү теориялык билимдерди иш жүзүндө практикалоого үйрөнүү

**Лекциянын планы:** 1.Сабактын өз ара тутумдаш дидактикалык үч максатынын маани-маңызы.

2.Сабактын максат милдеттерин аныктап ишке ашыруу ыкмалары. Билим берүү милдеттери. Өнктүрүү милдеттери. 3.Тарбиялоо милдеттери. Ш.А.Амоношвили «Здравстуйте дети!».

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с.

3.Бекбоев И., Алимбеков А. азыркы сабакты даярдап өтүүнүн технологиясы. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн. –Б.: Бийиктик, 2011. - 192 б.

**Кошумча адабияттар:** Народное образование, Эл агартуу, Школьные технологии, Педагогика, Демократическая школа, Вопросы технологии, Учительская газета ж.б.у.с. мезгилдүү басылмалар.

**Текшерүү суроолору:**

1.Максаттын аныктамасын айтып бергиле?

2.Күтүлүүчү натыйжа менен максатын кандай байланышы бар?

3.Сабактын максатынын дидактикалык баалуулугу эмнеде?

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** суроо-жооп

**Компетенциялар картасы: ЖК-2, КК-6**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **5.1.4.** | **4-тема.** Көркөм өнөр сабактарынын максаттарын жана милдеттерин аныктоо | | |
| Компетенциялар | **ЖК-2** Көркөм билим берүү процессин окутуунун заманбап, илимий негизделген технологияларына ылайык окуучулардын талаптарына жана жетишкендиктерине жараша пландаштыруу менен ишке ашырууга жөндөмдүү.<br>**КК-6** Предметтер боюнча сабактарды программанын бөлүмдөрүнүн жана темалардын спецификалык өзгөчөлүктөрүнө жана окуу планына ылайык пландаштырууга жөндөмдүү. | | |
| ДОН(РОд) | Көркөм билим берүү процессин пландаштыруунун илимий негиздерин **билет** (ЖК-2)<br>Окуу иштерин пландоодо окуучулардын талаптарын , жетишкендиктерин, психологиялык жана куректык өзгөчөлүктөрүн эске алууга **жөндөмдүү**(ЖК-2)<br>Окуу программаларын түзүү көндүмдөрүнө **ээ болот**.(ЖК-2)<br>Көркөм билим берүү процессин пландоодо билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтер менен иштөөнү **билет** ( КК-6)<br>Сабактарды пландоодо аймактардын жер шартын , мектептердин материалдык-техникалык базасын ,элдик салттарды эске алууга **жөндөмдүү** (КК-6)<br>Мектептин көркөм өнөр сабактарынын программаларын, календардык-тематикалык пландарын, план-конспекттерин ж.б. пландоо көндүмдөрүнө **ээ болот**(КК-6) | | |
| Теманын максаты | КСӨ сабактарынын максаттарын аныктоонун негизги элементтери жөнүндөгү теориялык билимдерди иш жүзүндө практикалоого үйрөнүү | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Сабактардын максаттарын аныктоого зарыл болгон элементтерди **билет** жана **түшүнөт** |
| | Практ. | 3с. | Сабактын максаттарын мазмунуна жараша **жөндөйт.** Сабактардын максаттарын аныктоо көндүмдөрүнө **ээ болот**. |
| | СӨАИ | 5с. | Сабактын максаттарын тандоо жана талдоо маселелерин **жөндөйт**.Сабактын максаттарын аныктоо көндүмдөрүнө **ээболот.** |

| № | *Сабактын баскычтары* | *Баскычтардын максаты* | *Окутуучунун ишмердүүлүгү* | *Студенттин ишмердүүлүгү* | *Методдор, механизмдер* | *Окутуунун натыйжалары* | *Сабактын жабдылышы* | *Убактысы* | *Баалоо формасы* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Уюштуруу убагы | Сабакты ыңгайлаштыруу. | Даярдыгын көзөмөлдөө | Окутуучунун талаптарын алдын ала аткаруу. | | ОН-жазылып доскага илинет. | Керектүү каражаттар. | 5 мин. | |
| **2** | Өткөн материалды суроо. | Өздөштүрүүнүн ырааттуулугун сактоо. | Суроо берүү | Жооп берүү, өз пикирлерин билдирүү. | | - | Суроолор тизмеги. | | |
| **3** | Жаңы темага мотивдештирүү. | Сабакка мотивдештирүү. | Интеракт. көнүгүү жасатуу. | Доскада жазылган темага ой жүгүртүү. | | ОН-жөнүндө түшүнүк берүү. | Дисцип.ОН-жөнүндө маалымат. | | |
| **4** | Жаңы теманы өтүү. | Сабактын мазмунун түшүндүрүү. | Жаңы теманы өтүү. | Көңүл буруу, конспект жазуу. | | ОНдун негизинде түзүлгөн текст. | Проектор, Слайддар,лекциянын тексти. | | |
| **5** | Бышыктоо. | Алган билимин бекемдөө. | Суроолорду берүү. | Суроолорго аргумент издөө. | | ОНдун негизинде түзүлгөн суроолор. | Суроолор тизмеги. Карточк. | | |
| **6** | Жыйынтыктоо. | Тыянак чыгаруу. | Материалды жалпылоо. | Материалдын түшүнбөгөн бөлүгүн тактоо. | | Тыянактардын ОНго туура келиши. | Проектор, Слайддар. | | |
| **7** | Студенттердин сабактагы активдүүлүгүн баалоо. | Моралдык стимул берүү. | Баалоо каражат. менен баалоо. | | | Компетенциялар калыптандыбы ?Анализ. | Баалоо каражат. | | |

**1. Сабактын максаты тууралуу жалпы түшүнүк.**

Окутуу жана тарбиялоо процессинин бардык негизги элементтеринин ичинен сабактын максаттарынын жана милдеттеринин оптималдуу вариантын туура тандап алууда мугалимдер өтө кыйналышат. Мугалимдер гана эмес мектеп жетекчилеринин, айрым методисттердин да бул маселе боюнча ачык түшүнүктөрү жок. Ошондуктан бул маселеге кененирээк токтолууга туура келет.

Сабактын максаттарынын жана милдеттеринин маанисин даана билбей туруп сабакты өткөрүүнүн методикасын, анын мазмунун жана анда аткарыла турган иш-аракеттердин багытын туура аныктоого болбойт. Эгерде мугалим сабактын максатын жана милдетин даана түшүнүп билсе, анда ал эч бир кыйынчылыкка, татаалдыкка карабастан сабакты өткөрүүгө ынтызар болуп, сабакта окуучулар коллективинин ишин рационалдуу, жыйынтыктуу жана жыйнактуу уюштуруп өткөрүү жөндөмдүүлүгү пайда болот. Мындай учурда мугалим өзүнүн ден-соолугунун начар абалда болушун да, чарчагандыгын да, кыйналгандыгын да сезбей бүтүндөй берилүү менен сабакты окуучулар үчүн эң кызыктуу, эң натыйжалуу кылып өткөрө алат.

Кыскасы, жыйынтыктап айтканда, сабактын максатын жана милдетин түшүнүп билүү мугалимдин эркине да, сезимине да, акылына да таасир этип, аны чыгармачылык менен эмгектенүүгө ынтызар кылат.

Сабактын максаттарынын жана милдеттеринин мазмуну жөнүндө мугалим негизинен эмнелерди даана билүүгө тийиш деген суроо келип чыгат. Бул жөнүндө мугалим негизинен төмөнкү беш суроону жана аларга туура келүүчү жоопторду даана билүүсү зарыл.

1. Сабактын максаттары жана милдеттери деген эмне?
2. Сабактын кандай максаттары болот?
3. Сабактын максаттарын кандайча туура аныктоого болот?
4. Сабактын максаттарын план- конспектиде кандайча жазууга болот?
5. Сабактын максаттарын окуучуларга кандайча түшүндүрүп айтууга болот?

Мына ошентип, сабактын максаты деген эмне?

Жалпы кабыл алынган мааниде максат деген - бул белгилүү багытта эмгектенүүдөн күтүлүүчү натыйжалар жөнүндөгү түшүнүк. Сабак окутуу процессинде максат эки түрдүү иш-аракеттен мугалимдин иш-аракети менен окуучунун иш-аракетинен куралат. Сабактын максаты - бул сабак убагында мугалим менен окуучунун биргелешкен ишинин негизинде окуучу ээ боло ала турган болжолдуу натыйжа. Башкача айтканда, сабактын максаты - бул мугалимдин жетекчилиги астында бүткүл сабак процессинде окуучулар өздөштүрүүчү билиминин, алган тарбия-таалиминин, ээ болгон ой жүгүртүү амалынын натыйжасы.

Окутуу процессинде окуучулар жаратылыш, коом, техника ж. б. жөнүндөгү билимдерге ээ болушуп, андагы түшүнүктөрдү ж. б. өздөштүрүшөт.

Ал эми алган билимдерин иш жүзүндө колдонуу процессинде окуучулар интеллектуалдык жана практикалык билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болушат. Окуучуларда билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн калыптандырылышынан биз сабактын билим берүүчүлүк максатын ачык көрө алабыз. Айрым учурда буларды сабактын дидактикалык максаттары деп аташат. Билимдерди өздөштүрүүгө гана байланышкан максаттарды окуу максаттары деп, ал эми билгичтиктерге жана көндүмдөргө байланышкан максаттарды практикалык максаттар деп аташат.

Окутуу процессинде окуучулар билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү менен бирге белгилүү даражада тарбияланат жана белгилүү даражада алардын психикалык касиеттери да өнүгөт. Демек, сабактын тарбиялоочулук жана өнүктүрүүчүлүк максаттары да өзгөчө маани- маңызга ээ. Сабактын тарбиялык максаттары - окуучулардын инсандык сапаттарын (адептүүлүк, эстетикалык, эмгек- тик ж. б.) калыптандырууга багытталат. Окутуу процессинде окуучулар ойлонууга, корутунду

чыгарып, жалпылоо, себеп-натыйжа байланыштарын таба билүүгө, өзүнүн оюн аргументтүү далилдей билүүгө үйрөнүшөт, б. а. окуучулардын акылы, эрки, эмоциясы, таанып билүү кызыгуулары жана жөндөмдөрү өсүп-өнүгөт. Сабактын өнүктүрүүчүлүк максаттары мына ушулар менен аныкталат. Жөнөкөйлөтүп айтканда, окутуу (билим берүүчүлүк максаттарды ишке ашыруу): окуучу эмнени билүүгө тийиш? Ал кандай билгичтиктерге ээ болууга (эмнени иштей билүүгө) тийиш деген суроолорго жооп берет. Тарбиялоо (тарбиялоочулук жана өнүктүрүүчүлүк максаттарды ишке ашыруу): окуучу адамдык кандай сапаттарга ээ болууга тийиш? Ал эмне үчүн жана эмнеге каршы күрөшүүгө тийиш деген суроолорго жооп берет.

Ошентип, ар бир сабактын жалпы билим берүүчүлүк максаттары (билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу), тарбиялык максаттары (инсандын белгилүү сапаттарын калыптандыруу), өнүктүрүүчүлүк максаттары (окуучулардын таанып билүүчүлүк жөндөмдүүлүгүн, акылын, эркин, эмоциясын өнүктүрүү) болот.

Практикалык иште мугалимдер, адатта сабактын тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк максаттарын ажырата билишпейт: тарбиялык максаттарын өнүктүрүү максаттары менен чаташтырып жиберишет.

Сабакта окуучуларды тарбиялоонун бир да милдети көз жаздымда калбашы абзел. Бирок, бул ишти жүзөгө ашырууда ар бир окуу предмети өзүнүн функционалдык табиятына жараша ар түрдүү милдет аткарат.

Маселен, окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоодо адабият сабагы борбордук орунга ээ болсо, саясий-идеялык тарбия берүүнүн деңгээлин жогорулатууда тарых, адам жана коом сабактары чоң роль ойнойт. Ал эми окуучулардын абстрактуу логикалык ойлом маданиятын өнүктүрүү математика жана физика сабактарында көбүрөөк ишке ашат.

Ошондуктан окутуунун тарбиялык функциясы, анын идеялык багыты жана окуучуларга таасир этүү күчү окуучулар кабыл алып өздөштүрүүчү окуу материалынын мазмуну менен, окуу процессии уюштуруп өткөрүүдө мугалимдин колдонуучу методдору менен жана ошондой эле мугалимдин инсан катары окуучуларга тийгизүүчү таасири аркылуу аныктала тургандыгын айкын-ачык билүү зарыл.

Окутуунун жана тарбиялоонун бирдиктүүлүгү жөнүндөгү жоболорго ылайык окутуу дайыма тарбиялоону оз ичине камтый тургандыгынан окутуу мугалимдин атайын аракетисиз эле өзүнөн-өзү окуучуларга тарбиялык таасир корсото берет деген ойдон алыс болуу абзел. Мындай пикирди тутунган мугалимдер окуу материалынын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдаланууга аракет жасашпайт. Окуучуларга билим берүү керек, ошонун негизинде алар өзүнөн өзү тарбияланышат деген туура эмес ойду жетекчиликке алган бир сабактын үлгүсүн мисал келтирели.

10-класста физика сабагында «Жарыктын дисперсиясы» деген тема боюнча сабак өтүлдү. Үстүртөн Караганда бул сабак жакшы эле өткөрүлгөнсүйт: мугалим окуучуларга жарыктын дисперсиясынын мааниси эмнеде экендигин тереё жана жеткиликтүү түшүндүрдү, жарыктын түрдүү түстөргө ажыралышынын жана тескерисинче түрдүү түстөрдүн ак жарыкка чогултулушунун тажрыйбалары көрсөтмөлүү каражаттардын негизинде эё жогорку чеберчилик менен чечмеленди. Бул сабакта билим берүүчүлүк максаттар жакшы чечилди, бирок тарбиялык милдеттер мүдөөсүнө жетпей калды. Анткени, реалдуу чындыктагы болгон түстөрдүн бардык көп кырдуулугу жарыктын дисперсия кубулушу менен түшүндүрүлө тургандыгын мугалим баса белгилеп, ага окуучулардын көңүлүн бурган жок. Бул закон ченемдүүлүктүн маанисин так билүү менен, мисалы, күн тийип турган кезде жааган жаанда пайда болуучу күн желеси кубулушун оңой эле түшүндүрүүгө болоор эле. Бул жөнүндө мугалим окуучуларга эч нерсе айткан жок. Мына ушул себептен кээ бир окуучулар кийинчерээк бул кубулуш жөнүндө күндөлүк турмушта айтылып жүргөн «Пайгамбардын кылычы» деген демейки түшүнүктөр менен чектелип калышы мүмкүн. Чындыгында эле, эгерде жарыктын дисперсиясы жөнүндөгү мыйзам ченемдүүлүктү билбеген болсок, анда биз чындыктын көп кубулуштарын туура түшүндүрө албас элек. Мына ошентип, жогорудагы сабактын

окуу материалынын мисалында эле окуучуларды дүйнөнү таанып билүү мүмкүн экендигине ынандырууга болот. Натыйжада алар айрым кубулуштардын себебин туура эмес түшүнүүдөн оолак болушат.

Окуучуларды эмгекке тарбиялоо ишине да ар бир мугалим өзгөчө салым кошууга тийиш, анткени окуучунун негизги эмгеги - бул окуу. Окуу оңой эмгек эмес. Кайсы мугалыңду1дин сабагында окуучулар дайыма талыкпай окуп эмгек- төңишсе (класста жана үйүндө), дал ошол мугалим окуучуларды эмгекке тарбиялоого чоң салым кошкон болот. Тескерисинче, окуучуларды мына ушундай окуу эмгегине үйрөтө албаган мугалим аларды эмгекке тарбиялоо ишине олуттуу зыян келтирет. Бул жөнүндө К. Д. Ушинскийдин: «Адатта сабак өтүлгөн материалды үч-төрт окуучудан суроодон баштартат, буга убакыттын теңинен көбү кетет, калган окуучулар жооп берүү кезеги аларга келгенче сабакка көңүл бурбай олтура берсек болот деп эсептешет. Бир окуучу маселени доскага чыгарат же китепти окуйт, ал эми калган 30 же 40 окуучу убакытты курулай кетиришет жана убакытты пайдасыз кетирүүчү зыяндуу адатка үйрөнүшөт» деп эскерткен. Ал эми В.А. Сухомлинский: «Эмгексиз жана машыгуусуз булчуң күчүң начар болуп калган сыяктуу, акыл-эс да акылды чымыркантуусуз, ой жүгүртүүсүз, өз алдынча изденүүсүз калыптанбайт. Эң начар окуучуга да акыры бара маселени өз алдынча чыгара турган күн келет» - деп айткан.

Ырасында эле, айлап, жумалап, кала берсе жылы бою эч ишсиз партада олтура берүүнүн өзү эң коркунучтуу адат. Мындай адат адамды бузат, аны моралдык жактан маңги кылат. Окуучу барынан мурда өзүнүн эң негизги ишинде - окуу эмгегинде, ой жүгүртүү жаатында эмгектенүүгө үйрөнүшү зарыл, эгерде ал ага үйрөнбөгөн болсо, анда ал кемчилдикти анын башка эч бир эмгегинде толуктоо мүмкүн эмес.

2. Сабактын өз ара тутумдаш дидактикалык үч максатынын маани-маңызы.

Сабактын максаттары менен бирге анын милдеттери бар. Кээде сабактын максаттарын милдеттери менен бирдей карашат, бул туура эмес. Ушунун натыйжасында мугалим сабакка даярданып жатканда, анын мүмкүн болгон бардык ички моменттерин, «ньюанстарын» толук алдын ала ойлонуп пландаштырбайт, демек окутуу жана тарбиялоо процессинин натыйжалуулугу төмөндөйт.

Сабактын милдеттери деген эмне, жана алар сабактын максаттары менен кандай байланышкан? Биз жогоруда сабактын максаты - бул окуучунун окуп үйрөнүү иш-аракетинин марасы, акыркы натыйжасы экендигин айтканбыз. Бирок, акыркы натыйжага окуучу дароо эле ээ боло койбойт, максаттарга жетишүү үчүн окуучу бир катар аракеттерди жана операцияларды жасайт, мындан тышкары окуучунун иш-аракети белгилүү педагогикалык шарттарда отот. Сабактын милдеттери деп дал ошол белгилүү педагогикалык шарттарда окуу процессинин аралык звенолорунда жетишиле турган натыйжаларды түшүнөбүз. Мында мугалим окутуунун бардык факторлоруна жана педагогикалык шарттарына багыт жасоого тийиш, атап айтканда ал: окуу материалынын мүнөзүнө, жана ал материалды кабыл алууда окуучулар кездеше турган кыйынчылыктарга, ал кыйынчылыктарды жеңүүнүн жолдоруна, окуучуларды окууга шыктандыруунун жана мугалим менен окуучулардын өз ара байланышып эмгектенүүлөрүнүн мүнөзүнө өзгөчө көңүл бурууга тийиш. Мына ошентип, сабактын милдеттерин аныктап алуу үчүн мугалим адегенде окуучулардын сабактагы иш-аракеттеринин планын жана программасын толук түзүп чыгышы керек. Окуучулардын ийгиликтүү эмгектенишинин негизги шарттарынын бири - бул мугалим менен окуучунун өз ара аракеттенишинин мүнөзү болуп эсептелет. Бул жагынан алганда мугалимдин милдети окуучулардын иш-аракетинин ар кандай формаларын (фронталдуу, группалык, жекече иштөөсүн) уюштуруу болуп эсептелет. Мында тигил же бул кырдаалга карата окуучуну бардык коллектив менен биргелешип иштөөгө, же группа менен, же экиден болуп, же жекече иштөөгө үйрөтүү керек. Сабакта билим берүү жана тарбиялоо максаттарынын биримдигин окуучуларды окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн эң жогорку натыйжасын камсыз кылгандай сактоо, окуу процессине коюлуучу эң башкы

талап болуп эсептелет. Сабактын максаттарына карата комплексттик мамиле мына ушундай биримдикте гана ачык көрүнөт.

Иш жүзүндө көптөгөн мугалимдер сабактын максаттарын жана милдеттерин так аныктай албай тургандыгы байкалды. Мындагы эң башкы кемчилдик мугалимдер сабактын план-конспектисинде анын максаттарын «айтып берүү», «түшүндүрүү», «көрсөтүү», «чыгаруу», «тааныштыруу» деген сыяктуу сөздөрдүн жардамы менен өзүнүн гана иш аракети катарында көрүп калышкандыгында. Арийне, мындай максат мугалимдин гана иш аракетин мүнөздөп окуучулардын окуп үйрөнүү натыйжаларын камтый албайт, окуучулардын максатка жетиш аракетин уюштурууну мугалимге милдеттендирбейт.

Эгерде сабактын максаты «калыптандыруу», «үйрөнүүсүн камсыз кылуу», «өздөштүрүүсүн камсыз кылуу», «билимдерин тереңдетүү», «түшүнүктөрүн кеңейтүү», «машыктыруу» деген сыяктуу сөздөр менен белгиленсе анда иш башка. Сабактын максатын мындайча белгилоо, анын окуучуга тийиштүүлүгүн арттырып, ал бүткүл сабак бою мугалимдин жетекчилиги астында кандай натыйжага жетишүүгө аракет жасашы керек экендигин көрсөтөт.

Мына ошентип, биз сабактын максаттарынын жана милдеттеринин маанисин жана түрлөрүн аныктадык. Эми сабактын окуу-тарбиялык милдеттерин пландаштыруу маселесин кароого өтөлү.

Сабактын максаттарын жана милдеттерин пландаштырууда ар бир сабак бүткүл окуу ишинин айрым гана звеносу экендигин эске алууга туура келет. Ошондуктан окутуунун максаттарынын жана милдеттеринин да өзүнчө белгилүү бир тизмектештик байланышы бар экенин эске тутуу зарыл. Сабактын максаттары менен милдеттери сөзсүз бүткүл теманы окуп, үйрөнүүнүн максаттары менен милдеттерине, теманыкы - бөлүмдүкүнө, бөлүмдүкү - предметтикине, предметтики (предметти окуунун максаттары менен милдеттери) - жалпы максаттарга туура келгидей оз ара тутумдаш болушу керек.

Билим берүүчүлүк максаттар сөзсүз ар бир сабакка карата аныкталууга тийиш, ал эми тарбиялоо жана өнүктүрүү максаттарын дайыма талап кылуу милдеттүү эмес, мындай максаттар сөзсүз түрдө бүткүл тема боюнча (б. а. бир нече сабактардын системасы боюнча) гана аныкталып ар бир сабакта конкреттештирилүүгө тийиш.

Сабактын долбоорун түзүүдө анын дидактикалык милдеттерин белгилөөнүн мааниси чоң. Бирок практикада мугалимдер сабактын өнүктүрүү жана тарбиялоо милдеттерин дайыма эле даана аныкташпайт. Сабактын мындай максаттары бири-бирине байланышсыз болуп окулуп үйрөнүлүүчү материалдын мазмуну жана мүнөзү эске алынбайт. Мисалы: «окуучулардың өз алдынча ойлонуусун өнүктүрүү», «окуучуларды туруктуулукка тарбиялоо», «окуучуларды чыгармачылыкка үйрөтүү» деген сыяктуу жалпы максаттар түрүндө белгиленет. Сабактын дидактикалык милдеттеринин бул сыяктуу жалпы түрдө белгиленишинин себеби мугалимдердин «максатты» бүткүл окутуунун багытын аныктоочу, жалпы көрсөтмөнү туюнтуучу жалпы категория катары карап, анын сабактын конкреттүү милдеттеринен айырмалана тургандыгын ачык билишпей тургандыгында. Натыйжада жалпы максаттарды айрым максаттар менен чаташтыруулар орун алат да, сабактын долбоорунда белгиленгендер мугалимдин сабактагы конкреттүү ишине толук байланышпай, ишке ашырылбай калып жатат.

Ал эми идеалында сабакта мугалим менен окуучулардын максаты өз ара айкалыштырылып, сабактын билим берүү, тарбиялоо өнүктүрүү аспекттерин түгөл биримдикте камтый турган конкреттүү дидактикалык милдеттер катары туюнтулушу керек. Мисалы, сабактын «калыптандыруу», «үйрөтүү» деген сөздөр менен белгиленген максаттарында (мисалга алсак: зат атоочтун жөндөлүшү жөнүндөгү түшүнүктү, жанр жөнүндөгү түшүнүктү калыптандыруу; проблемалык ситуация шартында окуучуларды салыштыруу операциясына, теориялык маалыматтарды маселе чыгарууда колдоно билүүгө үйрөтүү ж. у. с.) мугалимдин максаттары (калыптандыруу, үйрөтүү) жана окуучуларга сунуш кылынуучу максаттар (түшүнүүгө, үйрөнүүгө тийишмин) да бирге чагылдырылат.

Мугалимдин сабакка даярданышы анын темасын, билим берүү жана тарбиялоо максаттарын аныктоодон башталат. Мында окуучулар сабакта кандай жаңы билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү алыша тургандыгын, кандай билимдер жана билгичтиктер бышыкталып, кандайлары жалпылана тургандыгын мугалим ачык тактап алууга тийиш. Муну аткарууга карата мугалимдерге төмөндөгүнү сунуш кылууга болот: адегенде окуу китебинен жаңы материалдын текстин көңүл коюп окуп чыгуу керек; андан кийин тексттеги кездешкен бардык түшүнүктөрдү (терминдерди) эки мамыча түрүндө жазып чыгуу керек (мында биринчи мамычага ушул сабакка чейин окуучуларга белгилүү түшүнүктөр; экинчи мамычага окуучулар биринчи жолу кез- дешүүчү түшүнүктөр жазылат).

Мына ошондон кийин жазылып алынган түшүнүктөр боюнча логикалык жана дидактикалык анализ жүргүзүдө да окулуп үйрөнүлгөн материалды анализдеп баалоодо мугалим жок дегенде төмөнкүдөй үч суроого жооп берүүгө тийиш.

1. Мурдагы сабактарда өтүлгөн материалдар, кезектеги сабакка канчалык даражада негиз боло алат?
2. Өтүлгөн материалды окуучулар кандай деңгээлге өздөштүрүшкөн?
3. Материалды кандай ыкмалар менен кайталоого болот?

Жаңы материалды окутууну анализдеп баалоодо мугалим алардын окуучулар тарабынан өздөштүрүлүшүн кандай жол менен камсыз кылуу керек экендигин терең ойлоштурушу керек.

Мисалы, окуучулардын жалпы үйрөнүү билгичтиктери жана көндүмдөрүн калыптандырууну көз жаздымда калтырбай пландаштыруу зарыл.

Мына ошентип, сабактын билим берүүчүлүк максаттарын жана милдеттерин аныктоодо мугалим төмөнкү суроолорго жооп берүүгө тийиш.

1. Кандай билимдер (түшүнүктөр, закондор, фактылар, теориялар):
   а) жаңыдан өздөштүрүлөт;
   б) жалпылаштырылат жана системалаштырылат;
   в) бышыкталат, кеңейтилет жана тереңдетилет;
2. Кандай билгичтиктер жана көндүмдөр: Алар
   а) жаңыдан калыптандырылат;
   б) калыптандыруу улантылат;
   в) бышыкталат:

Сабактын тарбиялык максаттарын жана милдеттерин аныктоо бир кыйла татаал иш. Анткени, мында программадагы жана окуу китебиндеги материал менен гана чектедүүгө болбойт. Мугалимдин ар бир сабактагы тема боюнча болгон билими окуу программасында жана окуу китебинде жазылган материалдан алда канча кенен жана терең болууга тийиш. Ошондо гана мугалим сабактын тарбиялоочулук милдеттерин аныктоодо өзүнүн бүткүл билгендерин, ага тиешелүү кубулуш фактыларды, адабияттарды толук пайдаланыш, туура аныктай алат. Сабактын тарбиялык милдеттерин аныктоодо баарыдан мурда окуучуларда дүйнөгө болгон илимий көз караштын негизги идеяларын кандай жол менен калыптандыруу керек экендигин аныктоо керек. Алдан кийин окуучуларды эмгектик, адептик, эстетикалык жактан тарбиялоону кандайча чечүү керектигин аныктоо керек. Мындан тышкары окуучулардын эркин, таанып билүүчүлүк эмоцияларын, жалпы интеллектин өнүктүрүү милдеттерин да пландаштырууга туура келет. Бул жагынан ал ганда окуучулардын сабактын материалындагы эң башкы ойду, эң негизги моменттерди ажырата билүүлөрүн; өз алдынча ойлоосун, кыйынчылыктарды жеңе билүү тажрыйбасын, окууга кызыгуусун кантип арттыруу керек экендиги жөнүндө ойлонуп кам көрүү керек.

Жыйынтыктап айтканда, берилген сабактын милдеттерин оптималдуу түрдө тандап алуу үчүн адегенде берилген предметтин программасын, окуу китебиндеги берилген теманын мазмунун, ошол теманы окутуу боюнча методикалык адабияттарды, класстагы окуучулардын деңгээлдик мүнөздөмөлөрүн (окуучулардын билиминин, билгичтигинин, көндүмдөрүнүн типтүү деңгээлин, алардын окууга умтулуусун, иш жөндөмдүүлүгүн, окуп

эмгектенүү ыкмаларын, тарбиялангандык деңгээлин) алдын ала үйрөнүү ошондон кийин гана сабактын билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү милдеттери боюнча төмөнкүдөй маалыматтарды жазып чыгуу зарыл.

Билим берүү милдеттери:

> сабактын темасындагы төмөнкү негизги билимдердин (түшүнүктөрдүн, закондордун, фактылардын) окуучулар тарабынан өздөштүрүлүшүн камсыз кылуу;

> берилген окуу предмета боюнча төмөнкү атайын билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу (калыптандырууну улантуу, бышыктоо);

окуп билим алуунун төмөнкүдөй жалпы билгичтиктерин жана көндүмдөрүн (мисалы: негизгилерди ажырата билүү, жооп берүүнү пландаштыра билүүнү, китеп, маалымдама менен иштөө ыкмасы, тез темпте окуп жана жаза билүү, өзүн өзү көзөмөлдөөнүн калыптанышы ж. б.) калыптандыруу жана калыптандырууну улантуу, бышыктоо.

Тарбиялык:

> өлкө ичиндеги жана эл аралык окуяларга адилет баа берүүгө үйрөтүү;

> рухий жана материалдык нарк дөөлөттөрдүн маңызы жөнүндөгү түшүнүктөрүн кеңейтүү;

> акыйкаттыкка, демократияга жана элдердин эркиндигине умтулуу сезимдерин өнүктүрүү;

> улуттук жана рассалык жаатташууга келишпес мамиле, бардык элдер жана мамлекеттерге карата ак пейил мамиле кылууга багыттоо;

> эмгекке карата мамиле өзүнүн жана башкалардын жашоо турмушу үчүн ак ниет эмгек кылуу жана эмгек тартибин кастарлоо сезимин өнүктүрүү;

> коомдук материалдык байлыктарды сактоо, көбөйтүү, өнүктүрүүгө, аларды сарамжал пайдаланууга карата ыкластуу мамилесин пайда кылуу;

> коомдук парызын жогорку деңгээлде түшүнүү, ар намыстуулук, ак ниеттүүлүк сезимдерин күчөтүү.

Өнүктүрүү милдеттери:

> окуучулардын речинин коммуникативдик (экспрессивдүүлүк жана дааналык) касиеттерин өнүктүрүү;

> билим алуу кызыкчылыгын арттыруу;

> өз алдынча үйрөнүүгө карата керектөөлөрүн өнүктүрүү;

> окуучулардын речинин образдуулугун өнүктүрүү;

> себеп-натыйжа байланыштарды аныктоо, анализдөө, билгичтигин өнүктүрүү;

> өз пикирин аргументтер аркылуу далилдөө, божомолдорду жана гипотезаларды сунуштай билүү;

> маселенин чечилишинин аналогдорун табуу;

> көз алдыга келтирүү жана ассоциативдик ойлом маданиятын өнүктүрүү;

> окуучулардын эркин, тырышчаактыгын өнүктүрүү.

3. **Сабактын максаттарын жана милдеттерин аныктап ишке ашыруунун айрым ыкмалары.**

**Окуучулардын алдына сабактын максаттарын коюу.** Мында биз окуучуларды сабактын максаттары менен кандай тартипте кантип тааныштыруу керектигине токтолобуз. Баарынан мурда окуучулар сабакта окулуп өтүлүүчү материалдын буга чейин өтүлгөн мурунку материалдар менен жана ошондой эле кийинки сабактарда өтүлүүчү материалдар менен кандай байланышта экендигин эске алуу зарыл, башкача айтканда, окуучулар берилген сабакка чейин эмнелерди билишээрин жана эмне үчүн, эмне максатта дагы эмнелерди дал ушул сабакта өздөштүрүп билүүгө тийиш экендиктерин даана түшүнүшү зарыл. Муну жүзөгө ашыруу үчүн актуалдуу суроолор таризиндеги ар кандай проблемалык ситуацияларды түзүп чыгуу өтө пайдалуу.

> Окуучулардын алдына сабактын максаттарын ачык, так, түшүнүктүү кылуу үчүн окутуунун дагы кандай башка ыкмалары жана методдору пайдаланылат?

> Көп учурда сабактын башталышында же жаңы теманы түшүндүрүү алдында мугалим оозеки формада же атайын плакаттардан пайдаланып: материалды окуп үйрөнүү кезинде кандай маселелерди чечүү зарыл экендигин, сабактын алкагында кандай билимдерге жана билгичтиктерге ээ болууга умутулуу керектигин, бүгүнкү сабактан алган билимдер качан, кандай турмуштук кырдаалдарда керек болоорун ишенимдүү, далилдүү айтып берет.

Бул сабак материалына карата окуучулардын көңүлүн буруп, аларды окуп билим алуунун ыкмаларына, билгичтик жана көндүмдөрүнө мобилизациялоочу сабактын атайын этабы болуп эсептелет. Муну ар бир мугалим оз ишинин натыйжалуу болушун камсыз кылгандай ар түрдүү ыкма аркылуу жүзөгө ашырат. Албетте, мугалим ар бир сабактын максатын ишке ашыруу үчүн бир катар милдеттерди аныктайт, бирок алардын бардыгын тең окуучуларга түшүндүрүп билдирүүнүн зарылдыгы жок.

Ш.А. Амоношвили өзүнүн «Здравствуйте, дети!» (М., «Просвещение», 1983) аттуу китебинде окуучуларга сабактын максатын 2 минута ичинде төмөндөгүчө түшүндүргөн.

«Бүгүн биз сабакта эмне иштей тургандыгыбызды билгиңер келеби? Биринчиден, мен силерге байкоо тажрыйбаңарды өнүктүрүүгө жардам беремин. Карагылачы, мен кандай маселелерди даярдап койдум!

- Доскага жазылып коюлган маселелерди көрсөтөмүн да, аны дароо көшөгө менен жаап коемун.

Экинчиден, силер мисалдардын чыгарылышынын тууралыгын текшеришиңер керек.

Бир орундуу сандарды 10го чейин, эки орундуу сандарды 20га чейин толуктоого берилген мисалдарды көрсөтөмүн да, аларды көшөгө менен жаап коемун.

Үчүнчүдөн, силер кошууга жана кемитүүгө берилген мисалдарды мен кандай жол менен чыгарганымды ойлоп табышыңар керек жана менин ал мисалдарды туура чыгарганымды аныктоого тийишсиёер.

Өзүм чыгарган мисалдардын доскага жазылышын көрсөтүп, аларды да көшөгө менен жаап коемун.

Төртүнчүдөн, силер мага жардам бересиңер: өзүңөр мисалды ойлоп аларды баракчага жазып бересиңер. Мен алардын ичинен эң кызыктууларын жана татаалдарын тандап аламын, эртең аларды баарыбыз чогуу иштеп чыгарабыз. Сабактын аягында биз өзүбүздүн жумушубузду жыйынтыктайбыз: ким эмнени үйрөндү жана биздин сабагыбыз кандай болду!»

Сабактын ийгиликтүүлүгүнүн бирден бир шарты бардык элементтеринин анын максаттарына жана милдеттерине баш ийгендигинде. Демек, сабакты талдоодо сабактын максаты мугалимдин жана окуучунун иш-аракетинин багыты боло алдыбы, жаңы материалды окуп үйрөнүүнүн алдын ала түзүлгөн планы сабакта пайдаланылдыбы, сабактын максаттарына тиешеси жок суроолорго убакыт сарп кылынган жокпу, сабактын мазмуну, методдору жана уюштуруу формалары анын максаттары менен канчалык даражада айкалышты деген сыяктуу суроолорго өзгөчө маани берилиши шарт. Тилекке каршы, практикада мугалимдер бул маселеге анча маани беришпейт. Анын натыйжасында план конспектинде аныкталган максаттар менен реалдуу өтүлгөн сабактардын ортосунда ажырым пайда болот. Буга биз өзүбүз күбө болгон бир сабактан мисал келтире кетели. VII класстагы физика сабагынын темасы «Отундун энергиясы» болчу. Сабактын негизги таанымдык милдети отундун күйүшүндө энергиянын пайда болушунун себептерин окуучулардын түшүнүп билүүсүн камсыз кылуу эле. Сабактын максатынын эң башкы мазмуну: балдардын төмөнкүлөрдү түшүнүп билүүлөрүнө жетишүү болучу. Молекула атомдордон турат: молекуланы атомдорго ажыратуу үчүн атомдордун тартышуу күчүн жеңүү керек, башкача айтканда энергия сарп кылуу керек. Атомдорду молекулага бириктирүүдө болсо, тескерисинче энергия бөлүнүп чыгат. Отундун (көмүрдүн; нефтинин ж. б.) күйүшүндө отундагы углероддун атомдору абадагы кислороддун атомдору менен

кошулуп биригишет. Мына ушул атомдордун биригишүүсүндө жылуулук түрүндөгү энергия бөлүнүп чыгат.

Ал эми сабактан эмнени көрдүк. Мугалим жогорку маалымат жөнүндө кыскача айтты да, андан кийин «Отундун түрлөрү» деген фильм көрсөттү. Бул фильмде отундун кандай түрлөрү болоору, көмүрдү, нефтини кантип өндүрүшөөрү, аларды транспортко кантип жүктөшөөрү ж. б. айтылды. Демек, фильмдин мазмуну сабактын максаттарына туура келбей, сабактын максаты ишке ашырылбай калды. Бул мисал анализ жүргүзүүдө ишти сабактын мазмуну сабактын максаттарына канчалык даражада баш ийдирилгендигинен баштоо керек экендигин дагы бир жолу ырастап отурат.

Мына ошентип, биз сабактын максаттары менен милдеттерин окуучуларга түшүндүрүүнүн, сабактын мазмунун анын максаттары менен милдеттерине баш ийдирилишинин зарылдыктарын карап өттүк. Эми сабактын натыйжалуулугун анын баланын инсандык сапаттарынын калыптанышындагы өзгөрүүлөрдү аныктоо, баалоо маселелерине токтолобуз.

Сабактын билим берүү максаттарынын ишке ашырылышынын натыйжаларын төмөнкү үч суроо аркылуу аныктоого болот:

а) өздөштүрүлгөн билимдердин окуучулар тарабынан туура кайталанышы (калыбына келтирилиши) - толуктугу;

б) билимди өздөштүрүүнүн аң-сезимдүүлүгү (тереңдиги, тууралыгы);

в) билимдерди типтүү (кеңири белгилүү) шарттарда жана типтүү эмес (жаңы) шарттарда пайдалана билүү - билгичтиги.

Билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн толуктугу, окуучулардын аң-сезимдүүлүгү, аракеттүүлүгү төмөнкү критерийлер аркылуу бааланат.

Эгерде окуучу: а) билимдердин, билгичтиктердин ж. б. бардык башкы элементтерин санап бере алса; б) алардын ар бирине аныктама бере алса; в) алардын негизги касиеттерин мүнөздөй алса, анда ага «5» (беш) деген баа коюлат.

Эгерде окуучу жогоруда көрсөтүлгөн белгилердин бардыгын билсе, бирок ал анча маанилүү эмес каталарды кетирсе, анда ага «4» (төрт) деген баа коюлат.

Эгерде (окуучунун жогоруда көрсөтүлгөн белгилердин ар бири жөнүндө жалпы гана түшүнүгү болсо жана оз каталыгын мугалимдин жардамы аркылуу оңдой алса, анда ага 3 (үч) коюлат.

Эгерде окуучунун жогоруда көрсөтүлгөн белгилердин ар бири жөнүндө түшүнүгү тайыз болсо, кетирген каталарын мугалимдин жардамы аркылуу да оңдой албаса, анда ага 2 (эки) коюлат.

Окуучулардын билимдери төмөнкү шартта гана аң-сезимдүү өздөштүрүлдү деп айта алабыз:

Эгерде окуучу:

а) Сабакта окулуп жаткан түшүнүктөрдүн жана фактылардын оз ара байланышынын эмнеси башкы экендигин, эмне эмнеден келип чыга тургандыгын ачык айта алса;

б) окулуп жаткан окуяларды, кубулуштарды салыштырып, алардын арасындагы жалпылыктарды жана айырмачылыктарды таба алса;

в) кубулуштардын, окуялардын ж. б. себептерин ачып көрсөтө алса;

г) жалпылоону, жыйынтыктоону, корутундулоону билсе, анда ага 5 (беш) деген баа коюлат.

Анча маанилүү эмес таксыздыктарды кетирсе 4 (төрт) коюлат.

Алар жөнүндө жалпы түшүнүгү болуп, каталарын мугалимдин жардамы менен оңдой алса 3 (үч) коюлат.

Каталарын мугалимдин жардамы аркылуу да оңдой албаса 2 (эки) коюлат.

Өздөштүргөн билимдеринин тажрыйба таламдуулугу же практикалык багыты:

Эгерде окуучу: а) тема боюнча берилген көнүгүүлөрдү ошол сабактан алган билимдерине жана билгичтиктерине таянып аткара алса; б) окуп үйрөнгөндөрүн турмуштук фактыларды анализдөөдө пайдалана алса, анда ага «5» (беш) деген баа коюлат.

Көнүгүүлөрдү аткарууда жана турмуштук фактыларды анализдөөдө алган билимдерине толук таяна албаса «4» (төрт) коюлат.

Көнүгүүлөрдү мугалимдин жардамы менен чыгарса «3» (үч), ал эми мугалимдин жардамы менен да аткара албаса «2» (эки) коюлат.

Сабактын тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк максаттарынын ишке ашырылышынын натыйжалуулугу төмөнкү белгилер менен аныкталат:

- сунушталган билимдерге карата окуучулардын эмоционалдык реакциясы (оң, бирдей, тескери);
- окуучулардын коз караштарды жана идеяларды өздөштүрүү аларга баа берүү даражасы;
- окуучунун сабактагы окуу эмгегинин мүнөзү (тартиптүүлүгү, жолдошторуна жасаган мамилеси ж. б.);
- тарбиялоого байланыштуу проблемаларды талкуулоодо окуучулардын айткандарынын жана реакциясынын мүнөзү;
- мугалимдин мактоосуна жана эскертүүсүнө карата реакциялары;
- окуучулардын мотивдери (предметке кызыгуусу, начар баа алып калам деп коркуусу, менменсинүүсү, өзүн өзү көрсөтүүгө аракеттенүүсү ж. б.);
- класста жолдоштук өз ара жардамдашуунун маанайы;
- окуучулар тарабынан логикалык операциялардын (анализдей билүү, жалпылай билүү, салыштыруу, конкреттештирүү ж. б.), өздөштүрүлүш деңгээли, окуучулардын окуп билим алуунун жалпы билгичтиктерин жана көндүмдөрүн (окуй билүү, жаза билүү, китеп менен иштөө ж. б.) өздөштүрүүсү;
- өз алдынча ой жүгүртүү жана өз алдынча аракеттенүү даражасы.

Эми биз сабакты жыйынтыктоо этабына токтолобуз. Көп учурда мугалимдер же сабакты жыйынтыкташпайт, же аны туура эмес жүргүзүшөт. Мисалы, сабакты жыйынтыктоону айрым мугалимдер анын орчундуу этаптарында жүргүзүлгөн иштерге мүнөздөмө берүү деп эсептешет. Чындыгында сабакты жыйынтыктоодо окуучулар ошол сабактан кандай билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуп, эмнеге тарбиялангандыгы, алардын кайсы сапаттары өсүп-өнүккөндүгү сабактын планында белгиленген максат жана милдеттерге канчалык даражада туура келгендигине баа берилиш керек.

Сабактын максаттарынын аныкталышы жана алардын окуучуларга түшүндүрүлүшү бүтүн цикл катары кандайча комплекстүү ишке ашырыла тургандыгына мисалдар келтиребиз.

I. Сабактын темасы: Оптимисттик трагедия (Х класста адабият сабагы).

Билим берүүчүлүк максаты. 1. «Оптимисттик трагедия» түшүнүгүнүн маанисин жана «Оптимисттик трагедия» пьесасынын негизги өзгөчөлүктөрүн (романдын, поэманын, живопистин мисалында) окуучулардын өздөштүрүүсүнө жетишүү.

2.Корком адабияттагы «трагедия» жөнүндө билимдерди конкреттүү чыгармаларга колдонууга үйрөттү.

Тарбиялоочулук максаты. 1. Көркөм адабияттагы трагедиянын өткөн мезгилдеги трагедиядан эң маанилүү айырмачылыктарын (турмушка оптимисттик көз карашын) көрсөтүү аркылуу окуучуларда элдин улуулугуна баш ийүүчүлүк сезимди туудуруу. 2. Каалоо менен иш-аракеттин, мүнөз менен инсандын калыптанышынын көз карандылыгын көрсөтүү аркылуу адамдардын мүнөздөрүн терендеп иликтөөгө үйрөтүү.

Максаттардын сабакта коюлушу. Жакында Всеволод Вишневскийдин пьесасы боюнча телевизор аркылуу «Оптимисттик трагедия» деген кинофильм көрсөтүлдү. Мына кызык: отузунчу жылдарда ушул пьеса пайда бол гондон кийин анын аталышы, башка көптөгөн

китептердин, сүрөттөрдүн, спектакльдердин өзүнчө бир аныктамасы болуп калды. Мисалы, Н. А. Островскийдин «Болот кантип курчуду», А. А. Фадеевдин «Кыйратуу» романдары, «Чапаев» кинофильми, Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу», «Эрте келген турналар», «Кылым каарытар бир күн» ж. б. - бардыгы оптимисттик трагедияны чагылдырат. Демек, оптимисттик трагедия деген эмне? Мына ушул формуладагы ар бир сөздүн мазмунун терең ойлоп көрөлүчү.

Трагедия адам пендесинин башына түшкөн кайгы-касиретти, азапты, өлүмдү сүрөттөсө оптимизм келечек жашоо турмушка ишенимди, куунак жашоону билдирет. Ал эми биз болсо трагедиянын оптимизми жөнүндө сөз кылып жатабыз. Бул кандай карама-каршылыктуу шайкештик экендигин ойлонуп көргүлө: оптимисттик трагедия, бул эки соз бири бирин жокко чыгарып тангансыйт.

Бүгүнкү сабакта биз бардык мына ушул суроолорду чеч- мелеп түшүнүүгө аракеттенебиз. Ан үчүн бизге белгилүү болгон жана бизге белгилүү боло элек бир катар чыгармаларга (романдарга, поэмаларга, живописterге) кайрылып көрүп, аларды анализдеп чыгууга туура келет.

Сабактын максаттары окуучулардын алдына мына ушундайча коюлат.

Жаратылышты үйрөнүү (III класс).

Сабактын темасы: Токойлуу тилкелерде жашоочу жаны- барлар.

Сабактын билим берүүчүлүк жана өнүктүрүүчүлүк максаттары. Токойдо жашоочу жаныбарлар дүйнөсү жөнүндөгү балдардын билимин кеңейтүү жана тереңдетүү токой жаны- барларынын өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу. Балдарды салыштыруунун жана анализдөөнүн ыкмаларына, корутунду жасоого үйрөтүү.

Сабактын тарбиялык максаттары. Балдарды токойдо жашоочу жаныбарларды коргоонун зарылдыгы жөнүндөгү корутунду чыгарууга келтирип, бул ишке балдардын мүмкүн болушунча толук катыштыруунун жолдорун көрсөтүү.

Сабактын жабдылышы. Кыргызстандын физикалык жана жаратылыш зоналарынын картасы «Жаныбарлар дүйнөсү» сериясынан жаныбарлардын сүрөттөрү, канаттуулардын кейиптери, «Токойдо жашоочу зыяндуу курт-кумурскалар» коллекциясы, «Токойдун душмандары жана достору» аттуу диафильм, «Жаратылышты коргоо» кинофильминен үзүндү.

Сабакка катышуунун максаты: сабактын максаттарын анализдөө. Сабактын жүрүшү.

Сабак өтүлгөн материалды кайталоодон башталды. Балдар «Кыргызстандын жаратылыш зоналары» деген картадан токой тилкелерин көрсөтүштү. Алар кайда жайланышкан? Токой тилкелериндеги кыш жана жай жөнүндө айтып бергиле. Эмне үчүн тундрадагыга Караганда экваторго жакын күн жогору көтөрүлөт? Жыгач өсүмдүктөрүнүн өсүшүнө эмне жардам берет? Окуучуларга батыш жана чыгыш тайганын сүрөттөрүн көрсөтөт. Батыш тайга чыгыш тайгадан эмнеси менен айырмаланат? Андан кийин жергиликтүү токой өсүмдүктөрүнүн мисалдарында өсүмдүктөрдүн катмарлуулугу токойдун байлыгы жана аны коргоо жөнүндөгү суроолорду тактап чыкты.

Мугалим окуучулардын билимин баалап жаңы теманы айтты да, сабактын максатын жарыялап кезектеги милдеттерге токтолду.

Токойдо жашоочу кандай жаныбарларды билесиңер? Эмне үчүн токойдогу жаныбарлар дүйнөсү бай? Окуучулар өздөрүнүн жоопторунда жаныбарлар үчүн токойдо тоюттун көптүгүн жана душмандан жашынуу үчүн ыңгайлуу жайлар коп экендигин белгилешет ж. б.

Жаныбарларды кандай группаларга бөлүштүрүүгө болот? Балдар чөп жечү жана жырткыч айбандарды аташат. Сүрөттөрдү пайдаланып алар жөнүндө айтышат. Жырткычтардын арасында пайдалуу айбандар коп, алар кайсылар? Мугалим балдардын жоопторун толуктап, аларды аң уулоо ишинин кыйынчылыктуулугу жөнүндө, алардын терилеринин бышыктыгы, жылуулугу жана көрктүүлүгү жөнүндө айтат.

Эмне үчүн токойдо канаттуу куштар көп? Мугалим тамактануу шарттары боюнча канаттуу куштар дан жечү, курт- кумурска жечү жана жырткычтар болуп бөлүнө турганын айтып берди. Пайда келтирүүчү куштарга өзгөчө көңүл бурулду. Андан ары мугалим токой курт-кумурскалары, чымын-чиркейлери пайдалуу жана зыяндууларга бөлүнө турганын айтты. Пайдалууларынын ичинен балдар кумурскаларды - токойдун санитарларын белгилеп айтышты. Мугалим токойдун зыяндуу курт-кумурскаларынын, чымын-чиркейлеринин коллекциясын көрсөттү. Жыгачтардын кабыктарын жей турган коңуз жөнүндө айтып берди.

Сабактын корутунду бөлүгүндө «Жаратылышты коргоо» фильми (жаныбарлар жөнүндөгү үзүндүлөр) көрсөтүлдү. Мугалим токой жаныбарларын коргоого балдардын көңүлүн бурду. Кышында - азыктандыруу, жайында - уяларды, балапандарды коргоо. Бул жумушка окуучулар колдорунан келишинче жардам берип катыша алышат жана алар ага милдеттүү. Жаныбарларды, айбандарды коргоо максатында мамлекет тарабынан коруктар уюштурулган. Бизде айбандарга кийик уулоого белгилүү убактарда гана уруксат берилген көп сандаган коруктар түзүлгөн. Кыргызстандын тоолорунун корук жайланышкан зонасына жүргүзүлгөн экскурсия эске түшүрүлдү. Кызыл китепке жазылып түшүрүлгөн айбандардын көбүнүн аттары аталды. Эмне үчүн бардык жарандар жаратылышты сактоого жана коргоого милдеттүү?

**Лекциялык №5-сабактын темасы:**

**Көркөм өнөр сабактарынын мазмунун аныктоо** ***(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,44)***

**Сабактын максаты:** Сабактын мазмунун аныктоодо программалык, материалдык-техникалык жана аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу жагын практикалоо.

**Лекциянын планы:** 1. Сабактын инсанды калыптандырууга багытталышы.
2.Билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтер.
3.Окуучунун ыймандык ишенимдери, дүйнө таанымы, моралдык-эстетикалык идеаларын эске алуу.
4.Окуу материалдарды жаңы илимий ачылыштар менен байытуу.

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с.
3.Бекбоев И., Алимбеков А. азыркы сабакты даярдап өтүүнүн технологиясы. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн. –Б.: Бийиктик, 2011. - 192 б.

**Кошумча адабияттар:** Гезит-журналдар ж.б.

**Текшерүү суроолору:** 1.Билим берүүнүн мазмунун кандай документтер аныктайт?
2.Сабактын мазмун ун аныктоодо эске алынуучу принциптер кайсылар?
3.Окуу материалына толуктоолорду, өзгөртүүлөрдү киргизүүгө болобу?

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** суроо-жооп

**Компетенциялар картасы: КК-6**

| **5.1.5** | **5-тема.** Көркөм өнөр сабактарынын мазмунун аныктоо | | |
|---|---|---|---|
| Компетенциялар | **КК-6** Предметтер боюнча сабактарды программанын бөлүмдөрүнүн жана темалардын спецификалык өзгөчөлүктөрүнө жана окуу планына ылайык пландаштырууга жөндөмдүү. | | |
| ДОН(РОд) | Көркөм билим берүү процессин пландоодо билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтер менен иштөөнү **билет** ( КК-6)<br>Сабактарды пландоодо аймактардын жер шартын , мектептердин материалдык-техникалык базасын ,элдик салттарды эске алууга **жөндөмдүү** (КК-6)<br>Мектептин көркөм өнөр сабактарынын программаларын, календардык-тематикалык пландарын,план-конспекттерин ж.б. пландоо көндүмдөрүнө **ээ болот**(КК-6) | | |
| Теманын максаты | Сабактын мазмунун аныктоодо программалык, материалдык-техникалык жана аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу жагын практикалоо. | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Сабактын мазмунун аныктоодо окуучулардын жаш,психологиялык жана жекече өзгөчөлүктөрүн **билет** жана **түшүнөт.** |
| | Практ. | 3с. | Сабактын мазмунун аныктоо иштерин **жөндөйт** жана маселе боюнча бир катар көндүмдөргө **ээ болот**. |
| | СӨАИ | 5с. | Сабактын мазмунун аныктоодо , анын жеткиликтүүлүгүн, окутуу каражаттарын, шарттарын, окутуу процессинин ж.б.у.с. компоненттерин эске алууга **жөндөмдүү**. Сабактын мазмунун аныктоо көндүмдөрүнө **ээ болот**. |

| № | *Сабактын баскычтары* | *Баскычтардын максаты* | *Окутуучунун ишмердүүлүгү* | *Студенттин ишмердүүлүгү* | *Методдор, механизмдер* | *Окутуунун натыйжалары* | *Сабактын жабдылышы* | *Убактысы* | *Баалоо формасы* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Уюштуруу убагы | Сабакты ыңгайлаштыруу. | Даярдыгын көзөмөлдөө | Окутуучунун талаптарын алдын ала аткаруу. | | ОН-жазылып доскага илинет. | Керектүү каражаттар. | 5 мин. | |
| **2** | Өткөн материалды суроо. | Өздөштүрүүнүн ыраттуулугун сактоо. | Суроо берүү | Жооп берүү, өз пикирлерин билдирүү. | | - | Суроолор тизмеги. | 8 мин. | |
| **3** | Жаңы темага мотивдештирүү. | Сабакка мотивдештирүү. | Интеракт. көнүгүү жасатуу. | Доскада жазылган темага ой жүгүртүү. | | ОН-жөнүндө түшүнүк берүү. | Дисцип.ОН-жөнүндө маалымат. | 4 мин | |
| **4** | Жаңы теманы өтүү. | Сабактын мазмунун түшүндүрүү. | Жаңы теманы өтүү. | Көңүл буруу, конспект жазуу. | | ОНдун негизинде түзүлгөн текст. | Проектор, Слайддар,лекциянын тексти. | 45 мин. | |
| **5** | Бышыктоо. | Алган билимин бекемдөө. | Суроолорду берүү. | Суроолорго аргумент издөө. | | ОНдун негизинде түзүлгөн суроолор. | Суроолор тизмеги. Карточк. | 10 мин | |
| **6** | Жыйынтыктоо. | Тыянак чыгаруу. | Материалды жалпылоо. | Материалдын түшүнбөгөн бөлүгүн тактоо. | | Тыянактардын ОНго туура келиши. | Проектор, Слайддар. | 6 мин | |
| **7** | Студенттердин сабактагы активдүүлүгүн баалоо. | Моралдык стимул берүү. | Баалоо каражат. менен баалоо. | Тесттик ж.б. суроолорго жооп берүү. | | Компетенциялар калыптандыбы ?Анализ. | Баалоо каражат. | 12 мин | |

**1.Сабактын мазмунун аныктоо жөнүндө жалпы түшүнүк.**
Түпкүлүгүндө сабактагы окутуу иши инсанды калыптандыруу, ага билим берүүгө багытталат. Ал эми ошол берилген билимдин мазмуну кандай болуусу керек?
Билим берүүнүн мазмуну кандай документтердин негизинде аныкталат? Сабактын мазмунун аныктоодо кандай принциптер жетекчиликке алынат? Бул бөлүм дал ошол жогоруда коюлган суроолордун жообун ачып көрсөтүүнү максат кылат.

Мугалим сабакка даярданып жатып, ар убак анын чордонун түзгөн билимдердин мазмуну жөнүндө олуттуу ой жүгүртүп, зарыл учурда окуу программасына, окуу китептеги материалдарга толуктоо, түзөтүүлөрдү киргизүүсү абзел.

Ал тарабынан эң обол төмөнкү жагдайлар астейдил талдоого алынышы абзел.

Биринчиден, окуучулар ээ болууга тийиш болгон теориялык жоболордун көлөмү аныкталып, жаңы материалдын өткөн материалдар менен алака катышын бекемдөөчү башкы түшүнүктөр, маалыматтар бөлүнүп көрсөтүлүшү зарыл.

*Экинчиден,* окуучулар ээ болуучу билгичтик жана көндүмдөрдүн системасы так аныкталууга тийиш.
*Үчүнчүдөн,* окуучулардын ыймандык ишенимдеринин дүйнө таанымынын калыптанышына түздөн түз өбөлгө болуучу моралдык-эстетикалык идеялардын маңызына терең назар салып, аларды атайын белгилеп алуу зарыл.
*Төртүнчүдөн,* зарыл учурда окуу китептеги окуу материалды жаңы илимий ачылыштар менен байытуу ошондой эле муктаждыкка жараша, айрым теориялык жоболорго тиешелүү тактоолорду киргизүү да маанилүү.
*Бешинчиден,* эгер окуу китепте материалдар өтө эле кеңири артыкбаш, анчалык мааниге ээ эмес маалыматтар жыш болсо, аны кайрадан түзүп иштеп чыгууга аракет жасоо керек.
Мугалимдин эң башкы милдети программалык материалдардын окуучулар тарабынан толук өздөштүрүлүшүн камсыз кылуу. Ал эми сабактын мазмунун өркүндөтүү ниетинде ага программадан сырткаркы түшүнүктөрдү, эрежелерди кошумча киргизүү иштери атайын педагогикалык жоболорго негизделиши зарыл.
Тилекке каршы, көп мугалимдер тарабынан бул талаптар жетишээрлик сакталбайт.
Мисалы, 5-класста «Өсүмдүктөрдүн уруктануусу» деген тема боюнча өткөрүлгөн сабакты карап көрөлү. Бул теманы өтүүдө мугалим окуу китебинде да, мугалимдер үчүн методикалык колдонмодо да болбогон төмөнкүдөй түшүнүктөрдү кошумча киргизип карады: сперматозоиддер (окуу китебинде спермий түшүнүгү гана берилген), кош уруктануу, эндоспермалар. Бул окуучулардын таанымдык мүмкүнчүлүктөрүнүн өзгөчөлүктөрүн кылдат эске албагандыктын айкын далили. Педагогикалык жоболор билимдин мазмунун логикалык жактан туура курулушун, ошондой эле билим берүү процессинин ырааттуу болушун талап кылат.
Педагогика илими тарабынан билим берүүнүн мазмунун аныктоо боюнча бир катар нормативдик талаптар, жетектөөчү идеялар иштелип чыккан. Алар окутуунун принциптери таризинде университеттердин мугалимдерди даярдоо программаларында кеңири орун алган. Мында биз класстык сабактын контекстинде аларга дагы бир ирет кайрыла кетмекчибиз.

**2. Окуу материалдарынын мазмунун аныктоодо илимийлүүлүк принцибин сактоо.**
Бул принциптин талаптарына ылайык мектепте илим тарабынан талашсыз такталган жоболор гана окутулушу ылазым. Окуу программаларына илимде талаш-тартышты туудурган маселелер киргизилбейт. Окутууда илимий жоболорду бурмалоо, ашкере жөнөкөйлөштүрүп жиберүүгө болбойт. Окуу материалынын мазмунундагы негизги түшүнүктөр, жоболор, теориялык маселелер илимдин азыркы деёгээлине шайкеш келүүсү абзел.
Бул принциптин ишке ашырылыш даражасы мугалимдин теориялык даярдыгынан көрүнөт. Мугалим теориялык жана практикалык материалды тереё билүүгө милдеттүү. Демек мугалимдин кесиптик-педагогикалык компетенттүүлүгү эки аспекте теориялык жана

методикалык жактан бааланууга тийиш. Эгерде мугалимдин теориялык даярдыгы начар болсо, анда ага методика эч жардам бере албайт. Бул жөнүндө В.А. Сухомлинский да олуттуу ой жүгүртүп төмөндөгүдөй деп жазган: «Педагогикалык маданият эмнеден түзүлөт? Бул баарыдан мурда мугалим өзүнүн сабагын тереё билүүсү зарыл дегендик. Негизгиси ал мектепте берип жаткан билимдин эё татаал маселелерине, илимий ой-пикирдин алдыёкы чегин билдирип жаткан маселелерде мугалимдин багытка ээ болуусун биз өтө маанилүү деп эсептейбиз. Эгерде сиз физиканы берсеёиз, анда сиз жөнөкөй бөлүкчөлөр жөнүндө билүүгө, талаа теорияларынын маанисин ажырата түшүнүүгө, энергетиканын келечекте өнүгүшүнүн перспективаларын жок дегенде жалпы жонунан көз алдыга келтирүүгө тийишсиз».
Тилекке каршы, мектептердин иш практикасы дагы эле көп сандаган мугалимдер окуу материалынын өзүн тереё билишпей тургандыгын, өздөрүнүн теориялык материалдарды түшүндүрүүдө айрым каталыктарды кетирише тургандыгын ырастап жатат. Учурдагы мугалимдердин предметтик даярдыгына карата жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасы алардын жогорку, орто нормативдик жана төмөн деген үч деңгээлин бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Жогорку деңгээлге эрудициялуу, материалды мектеп программасынын талабынан алда канча жогору билген мугалимдер кирет. Нормативдик деңгээлге материалды программанын талаптарынын деңгээлинде билген мугалимдер кирет. Тилекке карты, соңку жылдары университеттердеги кесиптик-педагогикалык билим берүүнүн начарлап бара жаткандыгынан улам мугалимдер арасында теориялык билимдери программалык талаптардан төмөн билгендер көбөйүп бара жаткандыгы өтө тынчсызданууну жаратып жатат.
Бир жолу райондук мектептердин жетекчилери менен бирдикте башталгыч класстарда иштеген бир мугалимдин математика сабагына катыштык. Сыртынан алып караганда сабак эффективдүү өткөрүлгөнсүдү. Мугалим ар түрдүү ыкмаларды пайдаланды: көрсөтмөлүүлүк, таркатма материал ж. б. колдонулду. Сабакты анализдөөдө чыгып сүйлөгөндөрдүн баары аны макташты. Ал эми чындыгында мугалим бул сабакта төмөнкүдөй ката кетирди: ал бүткүл сабак бою «Эгерде маселенин шартында канча бирдикке чоң деген сөз болсо, анда маселе кошуу амалы менен чыгарылат» деген эрежени айта берди да аны окуучуларда калыптандырууга аракеттенди. Бул туура эмес эреже. Бул эреженин туура эместигин көрсөтүү үчүн биз төмөнкүдөй маселени сунуш кылдык. «Бир себетте 8 алма бар, бул алмалардын саны экинчи себеттеги алмалардан 5 алмага көп болучу. Экинчи себетте канча алма болгон?»
Маселенин шартында «көп» деген сөз болгону менен да бул маселе кемитүү амалы менен чыгарылат. Мугалимдин бул сыяктуу каталыгы окуучуларда: «көпкошуу» дегендей жалган ассоциацияны калыптандырат, ошондуктан мугалим тарабынан кызыктуу өткөрүлдү деген сабактын кымындай да пайдасы болбой калышы мүмкүн.

Илимийлүүлүк принциби сабакта окулуучу материалдагы ар кандай корутундулардын дайыма негизделишин, дайыма далилденишин талап кылат.
Сабактын интеллектуалдуу фону мугалимдин теориялык деңгээлине жараша түзүлөт. Мындай фондо окуучулардын ойлоосуна эң чоң күч келүүгө тийиш, бирок мындан тышкары сабактын эмоционалдуу фону дагы болоорун эстен чыгарбоо керек. Сабактын эмоциялык фону окуучулардын сезимине, эмоциясына таасир этүүдө пайда болот. Эмоциялык фон - бул сабактын «деми» (ага дем берип, окуучуларды таё калтырып кызыктыруучу абал). Демек, сабактын интеллектуалдуу (окуучуларды тереё ойлонтуучу) жана эмоциялык (окуучуларды кызыктыруучу) фондорун оптималдуу айкалыштыруу зарыл. Илимийлүүлүк принцип сабактын бардык этаптарында материалдын эң негизги түйүндөрүн дайыма өзгөчө кеңүл бөлүп белгилеп турууну талап кылат.
Демек, мазмундун негизгисин, башкысын ажыратып көрсөтүүнү, мазмунду актуалдаштырууну окутуунун башкы эрежеси катары кароо керек.
Кандайдыр бир бөлүм боюнча өткөрүлүүчү сабактардын мазмунун аныктоодо мугалим кайсы материал бардык сабактарда дайыма көңүлдүн борборунда болууга тийиш экендигин билүүгө милдеттүү. Баарыдан мурда материалдын негизин түзүүчү жалпы идеялар, түшүнүктөр аныкталышы шарт. Мындан тышкары милдеттүү түрдө өтүлүүчү материалда илимий билимдердин негизги структуралык элементтерин ажыратып белгилөө керек. Буларга себеп

натыйжа, функционалдык байланыштардын шартталышкан айкалыштарын камтыган фактылар, түшүнүктөр, закондор, теориялар кирет.
В. А. Сухомлинский айткандай булар «билимдердин түйүндөрү». Алар бардык окуучулар тарабынан сөзсүз өздөштүрүлүүгө тийиш.
Күрүчтү күрмөктөн ажыратып алгандай башкы материалдардын ичинен да эё негизгисин, аларды билмейинче окуучу бүткүл предметтин өзүн да түшүнүп өздөштүрө албай тургандарын ажыратып көрсөтүү керек. Максат окуучуну эң акыркы натыйжага жеткирүү.
Барыдан мурда ар бир окуу предметинининин мазмунунда баштан аяк орун ала турган эң негизгилерди көрсөтө билүү керек. Мисалы, тарых предметинин курсунда - бул коомдук-экономикалык формация, математикада болсо - функция, сан жөнүндөгү түшүнүктөр ж. б.
Бардык предметтер боюнча билимдердин негизгилерин мына ушундайча өзүнчө ажыратып көрсөтүүгө болот. Билимдердин системасы менен катар сабакта окуучуларга бир катар билгичтиктер жана көндүмдөр үйрөтүлөт. Билимдер сыяктуу эле билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн маани-маңызы да ар түрдүү болот. Биринчи кезекте бир катар окуу предметтери үчүн бирдей керектүү жалпы билгичтиктер абдан бекем калыптандырылышы керек. Аларга, мисалы: эсептөө, өлчөө, байкоо жана тажрыйба жасай алуу, адабият менен оз алдынча иштей алуу ж. б. кирет. Окуучулардын таанып билүү мүмкүнчүлүктөрү аларда жалпыланган бил-гичтиктердин жана көндүмдөрдүн канчалык даражада калыптангандыгына жараша болот. Бул проблеманы чечүүдө бир катар коп окуу предметтери үчүн тийиштүү ыкмаларды калыптандыруу жана бирдиктүү методдордон пайдалануу аркылуу предметтер аралык байланыштарды белгилөөнүн мааниси чоң.
Ар бир бөлүм, курс, тема боюнча негизги көндүмдөр жана билгичтиктер иштелип чыгыла турган материалдарды ажыратып алуу эң маанилүү. Алар бардык сабактарда дайыма көңүлдүн борборунда болууга тийиш. Мисалы, математиканын бүткүл курсун үйрөнүүдөгү эң негизги көндүмдөр - булар эсептөөгө көнүгүү болуп эсептелет. Тилекке карты, мектепти «бүтүрүүчүлөрдүн көбүнүн мындай көндүмдөрү өтө начар. Башталгыч класстардагы окутуунун эё башкы милдеттеринин бири - бул окуу, жазуу жана эсептөөнү үйрөтүү болуп эсептелет. Мына ушуларга ээ болуунун этаптарын белгилеп көрсөтүүгө болот. Мисалы, биринчи этапта окуучу тез, ачык-айкын, маанисине түшүнүп окуй билүүгө, үчүнчү класстын биринчи жарым жылдыгынын акырында ээ болууга тийиш. Тез жаза билүүгө ээ болуунун биринчи этабы II класста, экинчи этабы III класста аякталат. III класста окуучунун жаза билүүсү жазуу процессинде окуучунун ою айрым тамгалардын кандай жазылышы жөнүндө эмес, жазылып жат- кан тексттин мазмунуна, маанисине токтоло тургандай даражага чейин өркүндөтүлөт.
Ар бир предметти окуп үйрөнүүдө билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн белгилүү системасы калыптандырылат. Ар бир предметтин мугалими ар бир бөлүм, курс боюнча негизги көндүмдөрдү жана билгичтиктерди так аныктап алууга тийиш. Бүткүл окуу предметтери боюнча белгилүү мөөнөттө бардык окуучулар тарабынан милдеттүү түрдө өздөштүрүлө турган негизги билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн тизмеси программаларда, окуу китептеринде белгиленип көрсөтүлөт. Ар бир окуу предметиндеги билгичтиктерден, көндүмдөрдөн башка окуп үйрөнүүнүн билгичтиктери жана көндүмдөрү бар. Мектеп окуучулары окуу эмгегин пландаштыруунун, аны уюштуруунун жана өзүн өзү контролдоонун, окулган материалды эстеп калуунун, ошондой эле аны жаңы шарттарда пайдалануунун билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө ээ болушат.
Мына ушул өтө маанилүү билгичтиктерди жана көндүмдөрдү ийгиликтүү калыптандыруу үчүн бардык предметтик сабактарда «Окууга (окуп билим алууга) үйрөн» деген проблеманы чечүүгө убакыт бөлүштүрүү керек.
Мына ошентип, окутуунун бардык жылдарында окуунун бүткүл курсундагы (берилген темадагы, бөлүмдөгү) башкыны, негизгини, маанилүүнү мугалим сөзсүз көрө билүүсү зарыл. Тилекке каршы, көп учурда ар түрдүү маанидеги программалык материалдардын бардыгы тең эле бирдей үйрөнүлөт.
Биз катышкан сабактардан байкалган мисалдарга токтололу.
Мугалим материалды түшүндүрөт. Балдар чымырканып көңүл коюп угуп, каралып жаткан

материалдын маанисин билүүгө аракеттенишет. Аңгыча болбой мугалим кандайдыр бир «кызыктуу» нерсени эстей калып, анын азыркы сабакка анча байланышы болбосо да айтып бере баштайт. Мындай шартта балдар кызыктуу аңгемеге алаксып сабакта каралып жаткан негизги идеядан четтеп, ал турсун аны таптакыр уну- туп да калышы ыктымал. Ошентип, сабактагы башкы нерсе көмөкчү маселенин көлөкөсүндө көрүнбөй калат. Ушуга байланыштуу айрым типтүү фактыга кайрыла кетели.

Зоология сабагы болуп, анда мугалим программага ылайык көп маселелерди карады. Анда топоздор, койлор, эчкилер, түндүк бугулар, жапайы чочколор, чочколор жөнүндө айтылды. Мунун бардыгына 25 минута сарп кылынды, алардын бардыгы жөнүндө бипбирдей айтылды. Сабактын калган убактысы окуучуларды даярдоочу кайталоого, аларды суроого, бышыктоого жана кала берсе кроссворд чыгарууга да жумшалды. Бир эле сабактагы мындай калейдоскоптук окуучуларга ача туяктуулардын маанилүү өзгөчөлүктөрүн бекем өздөштүрүп алуусуна мүмкүнчүлүк берген жок, ал эми сабактын башкы максаты дал ошол болучу.

Дидактикалык адабияттарда бул ишти аткаруунун бир катар вариативдүү ыкмалары аныкталган.

М., мезгилинде белгилүү педагог Ю. К. Бабанский бул ишти жүзөгө ашыруунун оптималдуу жолу катары төмөндөгүлөрдү сунуш кылган:

а) андагы закондорду, түшүнүктөрдү же окулуп өтүлүүчү түшүнүктүн айрым мүнөздөмөлөрүн (мисалы, аныктама, чоңдук, чен бирдиктер, ченөө жолдору ж. б.) бөлүп ажыраткыла;

б) жаңы окуу материалынын тексттин логикалык жактан аякталган бир нече бөлүктөргө бөлгүлө, алардын ар бири жаңы законго, (түшүнүккө) же бир закондун (түшүнүктүн) жаңы элементине арналган болсун;

в) окуу материалынын ар бир бөлүгүндө түшүнүктүү бир мааниде туура өздөштүрүүнү камсыз кыла турган эң олуттуу элементтерди, мүнөздөмөлөрдү ж. б. ажыраткыла; алар сөз жүзүндө кыскача кантип аныкталаарын, кантип мүнөздөлөөрүн ойлонгула;

г) ар бир бөлүктүн калган материалын иллюстративдик чыныгы жана маалымат берүүчү компоненттер таризинде ажыраткыла;

д) жаңы окуу материалынын ар бир бөлүгүндөгү негизги ойду, сабактын жалпы жыйынтыгын - анын бүткүл башкы маанисин ойлонуп көргүлө;

е) сабактын мазмунун негизги маселелерин чечмелеп түшүндүрүүнүн (окуп үйрөнүүнүн) планын (таяныч конспектини) белгилегиле.

Баарыбызга маалым билимдин эки деңгээли бар. Эмпи- рикалык деңгээл: мында окуучуларга билим айрым фактылардын жана окуялардын децгээлинде берилет; теориялык деңгээл: мында жогорудагы фактыларды жана окуяларды анализдөөдөн кийин белгилүү корутундулар жана жалпылоолор жасалат. Сабакта мына ошол жалпыланган билимдер гана көңүлдүн борборунда болушу шарт. Тилекке каршы, мугалимдердин практикасында бул анча зеке алынбайт. Буга карата эки мисал келтирели.

1. Окуучулар «Манас» эпосу менен биринчи жолу таанышып жатты. Сабактын башкы өзөктүү милдети эпосту кыргыз элинин көркөм адабий дүйнөсүндөгү уникалдуу кубулуш, «кыргыз рухунун туу чокусу» катары ачып көрсөтүү болгон. Ал эми мугалим эпостогу окуяларга, каармандардын баатырдык эрдиктерине өзгөчө басым жасап жогорку айтылгандарды коз жаздымда калтырып кетти. Сабактын мазмунунун чар жайыттыгынан улам окуучулардын көңүлүн өзөктүү идеянын тегерегине топтоого мүмкүн болбой калды.

Жалпыланган билимдерди калыптандырууда окуучуларды кээ бир окуялардын жалпыланган мүнөздөмөлөрү менен тааныштырган эң пайдалуу.

Мисалы ар кандай согуш тууралуу окуу материалын өздөштүрүүдө: 1) анын себептерин; 2) мүнөзүн; 3) эки жактын күчтөрүнүн кандай экендигин; 4) согуш аракеттеринин жүрүшүн; 5) жеңүүнүн же жеңилүүнун себептерин; **6)** тарыхый маанисин билүүгө тийиш.

Көп жылдык тажрыйбалар окуучуларды теориялык билимдерге ээ кылуу ишин илимий билимдердин өзүнө таандык структуралык элементтерине шайкеш уюштуруу зарылдыгын тастыктады. Буга ылайык теориялык материалдарды окуп үйрөнүүнүн төмөнкүдөй логикалык схемасын сунуштоого болот.

**Түшүнүк жөнүндө эмнени билүү керек.**

1. Түшүнүктүн аныктамасын.
2. Түшүнүктүн символикалык формадагы жазылышын.
3. Формуланын - аныктаманын (түшүнүктүн негизги касиеттеринин) анализин.
4. Аныктаманы колдонуунун чектерин (б. а. анын кандай учурда колдонула тургандыгын).
5. Чен бирдиктерин.

Закон жөнүндө эмнени билүү керек.

1. Закондун аныктамасын.
2. Закондун символикалык формадагы жазылышын.
3. Закондун ачылыш жолдорун.
4. Законду пайдалануунун чектерин (б. а. анын кандай учурда колдонула тургандыгын).
5. Законду пайдаланууну.

Кубулуш жонүндө эмнени билүү керек.

1. Кубулуштун сырткы касиеттерин.
2. Кубулуш болуп өтө турган шарттарды.
3. Кубулуштун маанисин азыркы илимий теориялардын негизинде түшүндүрүү, чечмелөөнү.
4. Берилген кубулуштун башка кубулуштар менен болгон байланышын.
5. Кубулуштун сандык мүнөздөмөсүн кубулушту мүнөздөөчү (чоңдуктарды); чоңдуктар арасындагы байланышты ал байланышты туюндуруучу формулаларды.

Теория жөнүндө эмнени билүү керек.

1. Теориянын негизги жоболорун.
2. Теорияны иштеп чыгууга негиз болгон турмуш тажрыйбасындагы фактыларды.
3. Теориянын математикалык аппаратын.
4. Берилген теориянын негизинде чечмеленүүчү кубулуштарды.
5. Берилген теориянын негизинде алдын ала аныкталуучу кубулуштарды, сыпаттамаларды.

Бул сыяктуу жалпылаштырылган мүнөздөмөлөрдү айрым предметтер боюнча ал гана эмес айрым темалар боюнча да түзүүгө болот.

Маселен «Жердин глобустарда жана карталарда тартылышы» деген тема боюнча өткөрүлүүчү конкреттүү сабактардын мисалдарын алып карал көрөлү.

1- Сабак. «Аралыктарды өлчөө, багыттардын жана аралыктардын чиймеде сүрөттөлүшү».

Бул тема боюнча окуучу төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш:

- жер участкасынын планы жөнүндөгү түшүнүк;
- масштаб деген эмне, шарттуу белгилер;
- жер бетинин планы боюнча багыт алуу деген эмне?

Бул тема боюнча окуучу төмөнкүдөй билгичтиктерге ээ
болууга (б.а. аткара билүүгө) тийиш:

- пландан горизонттун негизги жана ички аралык жактарын аныктоо;
- шарттуу белгилер боюнча керектүү обьектилерди табуу;
- масштабдын жардамы менен аралыктарды аныктоо.

Планды ориентирлөө.

2- сабак. «Рельефти горизонталдар менен сүрөттөө».

Бул тема боюнча окуучу төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш:

- рельефти горизонталдар менен кантип сүрөттөөгө болот?

- салыштырмалуу жана абсолюттук бийиктик деген эмне?

Бул тема боюнча окуучу төмөнкүдөй билгичтиктерге ээ болууга (б. а. иштей билүүгө) тийиш:

- горизонталдардын жардамы менен адырларды жана ойдуңдарды чийүү;
- горизонталдардын жардамы менен жер участогунун планында рельефти окуй билүү.

3-сабак. «Уюлдук сьемка жолу менен жер участогунун схемалык планын түзүү».

Төмөнкүлөрдү билүү керек:

- уюлдук сьемка деген эмне?
- планды кантип түзүүгө болот?

Төмөнкүлөрдү иштей билүү керек:

- топографиялык план түзүүнүн негизги принциптерин пайдалануу.
- горизонттун жактары боюнча багыттарды жана масштаб боюнча аралыктарды чиймеде сүрөттөп көрсөтүү;
- жер участогунун планын окуу;
- адырдын жана ойдуңдун сүрөттөлүшүн ажыратып таба билүү;
- планды ориентирлөө.

Жогоруда саналып көрсөтүлгөн бардык мүнөздөмөлөр плакаттарга жана карточкаларга жазылып алынат да, плакаттар сабакта илинип, карточкалар окуучуларга таркатылып берилет. Бул материалдар, биринчиден, окуучулардын жаңы билимдерди өздөштүрүү процессинде аларга туура ориентир негиз катарында пайдаланылат, экинчиден, алардын жоопторундагы жалпыланган пландын ролун аткарат.

Азыркы кезде окуу материалын кыскача жазып үйрөнүүнүн үч түрү кеңири таралган: таяныч схемалар, таяныч конспектилер жана таяныч сигналдар. Булар, Донецкилик новатор мугалим В. Ф. Шаталов тарабынан сунушталып кеңири популярдуулукка ээ болгон.

*Таяныч схемалар* - бул окуу материалдарынын окуучуларга өз алдынча ой жүргүзүүгө жардам бере турган формада жазылышы. Таяныч схемалар - таблица, карточка, чийме, сүрөт, набордуу полотно түрүндө жазылат. Таяныч схема кадимки схемадан айырмалуу. Кадимки схемада, мисалы, окуучуларга керектүү корутунду үчүн талап кылынгандардын бардыгы көрсөтүлөт. Ошондой эле бардык маалы- маттар, бардык операциялар жазылып белгиленет. Ал эми таяныч схемада атайын бош орундар калтырылат, аларды окуучулар өз алдынча ойлоп таап толтурушат.

*Таяныч конспектилер.* Булар негизинен окуучулардын окуу материалын эстеп калуусуна жардам берүү үчүн пайдаланылат. Бул эки жол менен ишке ашырылат. Биринчи жол - сөз жүзүндөгү текстте жалаң башкы сөздөр же сүрөттөр гана калтырылат да башкаларынын бардыгы алынып салынат. Экинчи жол - маалыматтар ачык образдардын жардамы менен шифрленет.

Математика мугалимдери, мисалы, сандарды кошуунун, кемитүүнүн, көбөйтүүнүн жана бөлүүнүн эрежелерине карата таяныч конспектилерди кеңири пайдаланышат.

*Таяныч сигналдар.* Таяныч сигналдар да таяныч конспектилер сыяктуу окуучулардын окуу материалын эстеп калуусуна жардам берүү үчүн пайдаланылат. Бирок, алар бири- биринен айырмаланат.

Таяныч схемаларда жана сигналдарда жакшы түшүнүп кабылданган информацияларды жазуунун эки формасы жөнүндө айтылат. Эгерде бул жазуудан биз бардыгын түшүнүп биле алсак, анда ал бизге конспект да болот. Эгерде маалыматтар кошумча чечмелөөсүз эч ким эч нерсе түтнүнбөй тургандай жазылса, анда ал - таяныч сигнал.

## Лекциялык №6-сабактын темасы:

## Көркөм өнөр сабактарын окутуунун принциптери *(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,45)*

**Сабактын максаты:** Окутуунун көргөзмөлүүлүүк, жеткиликтүүлүк, илимийлүүлүк, турмуш менен, табият менен байланыштыруу ж.б.у.с. принциптерин окуп үйрөнүү

**Лекциянын планы:**

1.Ички предметтер аралык байланыш. Л.В.Занков «Белгилүүдөн белгисизге карай». «Жөнөкөйдөн татаалга». «Жакындан алыска» ж. б. у. с. Дидактикалык эрежелер.

2.Ключевский - эгерде адам бир нерсе жөнүндө жөнөкөй айтып бере албаса, анда ал өзү аны түшүнбөйт.

3.А.Я.Хичин – билимдердин үч деңгээли формалдуу же үстүрт билимдер.

4.Маанилүү тилди пайдалануу, формалдуу – логикалык тил.

***Текшерүү үчүн суроолор:***

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с.

**Кошумча адабияттар:**

8.НеменскийБ.М.,Неменская Л.А.,Коротеева Е.И. и др.2-изд.-Просвещение, 2013.240с.

**Текшерүү суроолору:** 1.Окутуунун жеткиликтүүлүк принцибин кандай түшүнөсүнөр?

2.Маанилүү тил деген эмне?

3. Л.В.Занковдун «Белгилүүдөн белгисизге карай». «Жөнөкөйдөн татаалга” принциптерине мүнөздөмө бергиле.

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** Дил баян

**Компетенциялар картасы: КК-14**

| 5.1.6. | 6-тема. Көркөм өнөр сабактарын окутуунун принциптери | | |
|---|---|---|---|
| Компетенциялар | КК-14 Окуу процессин балдардын өз алдынча көркөм ишмердүүлүгүнө кызыгуусун өнүктүрүү жана калыптандыруу үчүн уюштурууга жөндөмдүү. КСӨ, ДКӨ, көркөм эмгек. | | |
| ДОН(РОд) | Сабак процессинде окуучулардын көрөкөм өнөргө болгон кызыгуусун,окуу мотивдерин калыптандыруунун методдорун,каражаттарын жана принциптерин билет ( КК-14)<br>Окуучулардын көркөм чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштурууга жөндөмдүү (КК-14)<br>Элдик кол өнөрчүлүктүн баалуулуктарын тарбия каражаттары катары колдонуу көөндүмдөрүнө ээ болот(КК-14) | | |
| Теманын максаты | Окутуунун көргөзмөлүүлүүк, жеткиликтүүлүк, илимийлүүлүк, турмуш менен, табият менен байланыштыруу ж.б.у.с. принциптерин окуп үйрөнүү | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Окутуунун принциптерин жана аларды сабакта колдонуу ыкмаларын билет жана түшүнөт. |
| | Практ. | 3с. | Окутуунун принциптерин колдонуунун дидактикалык эрежелеринин негизинде сабакты ырааттуу өтүү маселесин жөндөйт. Сабак учурунда дидактикалык принциптерге таянуу көндүмдөрүнө ээ болот. |
| | СӨАИ | 5с. | Окутуунун принциптерин колдонуунун дидактикалык эрежелерин билет, түшүнөт жана жөндөйт. Сабак учурунда дидактикалык принциптерге таянуу көндүмдөрүнө ээ болот. |

| № | *Сабактын баскычтары* | *Баскычтардын максаты* | *Окутуучунун ишмердүүлүгү* | *Студенттин ишмердүүлүгү* | *Методдор, механизмдер* | *Окутуунун натыйжалары* | *Сабактын жабдылышы* | *Убактысы* | *Баалоо формасы* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Уюштуруу убагы | Сабакты ыңгайлаштыруу. | Даярдыгын көзөмөлдөө | Окутуучунун талаптарын алдын ала аткаруу. | | ОН-жазылып доскага илинет. | Керектүү каражаттар. | 5 мин. | |
| **2** | Өткөн материалды суроо. | Өздөштүрүүнүн ырааттуулугун сактоо. | Суроо берүү | Жооп берүү, өз пикирлерин билдирүү. | | - | Суроолор тизмеги. | | Суроолор тизмеги. |
| **3** | Жаңы темага мотивдештирүү. | Сабакка мотивдештирүү. | Интеракт. көнүгүү жасатуу. | Доскада жазылган темага ой жүгүртүү. | | ОН-жөнүндө түшүнүк берүү. | Дисцип.ОН-жөнүндө маалымат. | | Түстүү карточкалар. |
| **4** | Жаңы теманы өтүү. | Сабактын мазмунун түшүндүрүү. | Жаңы теманы өтүү. | Көңүл буруу, конспект жазуу. | | ОНдун негизинде түзүлгөн текст. | Проектор, Слайддар,лекциянын тексти. | | |
| **5** | Бышыктоо. | Алган билимин бекемдөө. | Суроолорду берүү. | Суроолорго аргумент издөө. | | ОНдун негизинде түзүлгөн суроолор. | Суроолор тизмеги. Карточк. | | Түстүү жылдызчалар |
| **6** | Жыйынтыктоо. | Тыянак чыгаруу. | Материалды жалпылоо. | Материалдын түшүнбөгөн бөлүгүн тактоо. | | Тыянактардын ОНго туура келиши. | Проектор, Слайддар. | | |
| **7** | Студенттердин сабактагы активдүүлүгүн баалоо. | Моралдык стимул берүү. | Баалоо каражат. менен баалоо. | | | Компетенциялар калыптандыбы ?Анализ. | Баалоо каражат. | | Түстүү карточкалар. |

**Окуу материалдарын тандоодо жеткиликтүүлүк принцибин жетекчиликке алуу.**
Мугалим сабакта окула турган жана тапшырмага сунуш кылынуучу материалдарды тандап алууда жеткиликтүүлүк принцибин жетекчиликке алууга тийиш. Окуу материалдарынын мазмунун, көлөмүн аныктоодо окуучулар туш келүүчү таанымдык кыйынчылыктарды жана аларды чечүүнүн жолдорун айкындап алуу чоң мааниге ээ. Жеткиликтүүлүк принцибин окутууну жеңилдетүүнүн талабы катары тике маанисинде кабылдоого болбойт. Окуучу билимдерди өздөштүрүүдө дайыма кыйынчылыкты сезип турууга тийиш. Бирок, ал кыйынчылыктарды жасалма түрдө түзүүгө болбойт. Ошондуктан ар кандай предметтин мазмунун аныктоодо жалаё эле окуучулар ээ болууга тийиш болгон түшүнүктөрдүн, законлордун тизмеси менен гана чектелүүгө болбойт. Аларды баяндап түшүндүрүүнүн терендиги кошо көрсөтүлүүгө тийиш, ансыз материал же өтө эле элементардуу, үстүртөн, же тескерисинче, керексиз, зыяндуу татаалдаштырылып калышы мүмкүн.
Классикалык дидактикада окутуунун жеткиликтүүлүгүнүн бир катар эрежелери иштелип чыккан.
Окутуунун жеткиликтүүлүгүнүн биринчи эрежеси «жеңилден оорго карай баруу». Бул эреже окуучуларга кеңири белгилүү жана түшүнүктүү, алар жеңил үйрөнүп ала турган материалдан, өздөштүрүү үчүн бир кыйла татаалыраак, окуучулардан бир топ чымырканып эмгектенүүнү талап кылуучу материалды өздөштүрүүгө өтүүгө зарыл экендигин көрсөтөт.
Окутууда жеңилден оорго карай баруу эрежеси окуучулар үчүн сунушталуучу таанымдык тапшырмаларды акырындык менен улам татаалдаштырып олтурууну талап кылат. Анткени, окуучуларды олуттуу ой жүгүртүүгө мажбур кылбаган окуу иши алардын алдыга карай жылышын камсыз кыла албайт.
Экинчиден, окуучулардын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнөн жогорку окуу иши, аларда өз күчүнө ишенбөөчүлүктү, окууга карата тескери мамилени пайда кылышы мүмкүн.
Бул багытта Л. В. Занковдун жана анын окуучуларынын эксперименталдык системасы боюнча кеңири жайылтылган тажрыйбалык иш өзгөчө кызыктуу.
Л. В. Занковдун эксперименталдык системасынын негизги принциптеринин бири - жогорку деңгээлдеги кыйынчылыкта окутуу принциби болуп эсептелет. Мында окутуу иши кандай кыйынчылыктарга эмес, окулуп үйрөнүлүүчү кубулуштардын негиздерин, алардын арасындагы байланыштарды жана көз карандылыктарды таанып билүүдөгү кыйынчылыктарга негизделген.
Окутуунун жеткиликтүүлүгүнүн экинчи эрежеси - «белгилүүдөн белгисизге карай» - бул шарттуу жаңы байланыштар мурда өздөштүрүлүп бекемделген, шартсыз байланыштарга таянылып түзүлөт деген физиологиялык окууга негизделген. Бул эрежеге ылайык мугалим окуучулардын буга чейинки билим запасын, турмуштук тажрыйбаларын жакшы билүүгө тийиш жана ал жаңы материалды дал ошолорго таянып түшүндүрүүсү керек.
*«Жөнөкөйдөн татаалга»* деген кезектеги дидактикалык эрежеге ылайык окутуу ишинде жөнөкөй фактылардан, жалпылоолордон, түшүнүктөрдөн баштап, акырындык менен улам татаалыраак материалды окууга өтүү керек. Жөнөкөй материал - бул адатта окуучулар анча кыйналбай түшүнө ала турган материал. Бирок таанып билүү обьектисинин жөнөкөйлүүлүгү - бул салыштырмалуу түшүнүк. Мисалы, клетка - бул эң татаал тирүү организмдин эң жөнөкөй структуралык элементи, атом ар кандай заттан бир кыйла жөнөкөй, бирок ошого карабастан бүтүн организмдеги затты таанытуу процессинде таанып билүүнүн жөнөкөй обьектилери катарында каралат. Мындан тышкары балдарга көп учурда жаңы нерселердин бардыгы эле татаал, түшүнүксүз болуп көрүнөт; ар кандай татаал нерсе таанылып билингенден кийин, түшүнүлгөндөн жана сезилгенден кийин жонокой болуп калат да мурдакы жөнөкөй болуп калгандар менен байланыштырылат. Мугалимдин милдети окуучуларга татаалды жөнөкөй кылууга, татаалды түшүнүүгө жана өздөштүрүүгө жеткиликтүү кылууга жардам берүүдө турат.
Дидактикалык *«жакындан алыска» деген* эреже окуу процессинде окуучулардын таанымдык кругозорун акырындык менен кеңейтүүнү талап кылат. Окутуу балага жакын, ага тааныш болгон айлана чөйрөнү билүүдөн башталат. Бирок, кийинчерээк, «жөнөкөй» деген түшүнүктү анын түз, турмуштук маанисинде кабыл албастан таанып билүү маанисинде пайдалануу керек.
Окуу ишиндеги жакын деген - бул окуучу жеңил элестете ала турган жана жеңил түшүнө ала

тургандар.
Окутуунун жеткиликтүүлүк принцибине ылайык окулуучу билимдердин көлөмүн, анын татаалдыгына, жаёы материалды окуп үйрөнүүгө бөлүнүүчү убакытка жараша туура тандап алып, татаал материалды жөнөкөйлөштүрүп түшүнүктүү айтып берүүгө туура келет. Белгилүү тарыхчы легендарлуу лектор Ключевский айткандай эгер адам бир нерсе жөнүндө жөнөкөй айтып бере албаса, анда ал өзү аны түшүнбөйт. Ключевский өзү болсо Москва университетинде профессор катары лекциялык сабактарын өтө жөнөкөй жана түшүнүктүү өткөргөн. Ошондуктан анын лекцияларына тикеден тике тиешеси жок башка факультеттердин студенттери да чын дилден активдүү катышкан.

Билимдердин ички мазмуну менен анын сырткы туюнтулушунун ортосундагы өз ара байланышты камсыз кылуу (форма менен мазмундун өз ара байланышы).
Белгилүү математик А. Я. Хинчин (Педагогические статьи. М., 1963, с. 111) билимдердин төмөнкүдөй үч деңгээли болоорун белгилеген.
Биринчи деңгээли - билимдердин алгачкы булагы сырткы дүйнө, обьективдүү материалдык чындык;
Экинчи деңгээли - чындыктын абстрактцияланган мазмундуу түшүнүктөрү жана закон ченемдүүлүктөрү;
Үчүнчү деңгээли - булар бардык формалдуу жана символдук жазуулар, дефинициялык - так сөз жүзүндөгү формулировкалар жана көрсөтмөлүү образдар. Аны билимдердин сырткы - формалдык деңгээли деп эсептөөгө болот.
Илим үчүн билимдердин биринчи деңгээли - изилдөөнүн булагы, экинчи деңгээли - изилдөөнүн предмети, үчүнчү деңгээли - изилдөөнүн куралы болуп эсептелет.
Бул деңгээлдердин ортосунда өз ара тереё байланыштар түзүлүүгө тийиш. Адегенде биз экинчи жана үчүнчү децгээлдердин арасындагы байланышты карап көрөлү. Бул байланыш окуучулардын таанып билүү ишинде төмөндөгүчө болот: окуучу билимдерди жазуу жүзүндө же оозеки жон туюнтуу менен чектелбей, б.а. аларды формасы боюнча гана туура туюнтпастан, аларды тереё, туура түшүнүп, алардын ички мазмунун көрө билүүгө тийиш.
Мына ошентип, билимдердин ички мазмуну менен алардын сырткы туюнтулушунун арасындагы өз ара байланыш окуучулардын түшүнүктөрүндө туура чагылдырылышы абзел.

Тилекке каршы, окутуудагы эң өкүнүчтүү жана типтүү кемчиликтердин бири мына ушул компоненттердин арасындагы байланыштын начардыгы. Окуучулардын билимдериндеги мындай өз ара байланыштын начардыгынан, улам окуучу суроого сыртынан караганда туура жооп айта алат, жаза алат, бирок, аны таптакыр башкача түшүнөт. Окуучунун айтканы (жазганы) анын түшүнүгүнө дал келбейт. Мындай балдар материалды даана түшүнбөстөн карандай жаттап алууга, сөздөрдү, формулаларды, символдорду алардын чыныгы маанисин билбей эле эстеп жаттап калууга ык коюшат.
Мындай билимдер формалдуу же үстүрт билимдер деп сыпатталат. Мында окутуунун аң-сезимдүүлүк принциби бузулат.
Азыркы дидактика илиминде окуучулардын билимдерди өздөштүрүүсүндөгү формалдуулукка карты күрөшүүнүн бир катар ыкмалары иштелип чыккан.
Алардын айрымдарына токтоло кетели.
1. Окутуу процессинде окуучулар материалды биринчи эле жолу кездешкенде туура түшүнүп кабыл алгыдай кылып уюштуруу керек. Буга убакытты аябоо керек, анткени биринчи кездешүү эң эсте калаарлык болот. Демек, жаңы материалды түшүндүрүүгө керектүү көрсөтмөлүү каражаттарды аябай ойлонуп даярдоо, материалдын башкыларын бөлүп ажыратуу зарыл. Кыскасын айтканда, жаңы материалды окутууну окуучулардын активдүү ойлонуу ишмердүүлүгү сөзсүз камсыз болгудай кылып уюштуруу керек. Сабакка «билимдердин маанисин ойлонуп көрүү» деп аталган атайын этап кийирүүнү унутпоого тийишпиз. Сабактын бул этабында жаңы материалды окуучулар канчалык туура түшүнүп, кабыл алышкандыгы аныкталууга тийиш.

Окуучулардын жаңы материалды түшүнө алышпагандыгынын себеби алар буга чейин мурда окулуп өтүлгөн таяныч материалды билишпегендигинде, анткени мындай таяныч материал жаңы материалды түшүнүп кабылдоонун негизги базасын түзөт, ансыз жаңы материалды өздөштүрүү мүмкүн эмес. Ошондуктан жаңы материалды дайыма анализдеп чыгып андагы кийинкилерди өздөштүрүүгө өбөлгө болуучу билимдерди кайталап тактоо зарыл.
Материалдын аң-сезимдүү өздөштүрүлүшүн камсыз кылууда *түшүнүктөрдү* туура калыптандыруунун мааниси чоң. Тилекке карты, мындай иш практикада дайыма эле жетишээрлик аткарылбайт. Ар бир түшүнүк негизги жана негизги эмес касиеттер менен мүнөздөлө турганын билүү керек. Окуучулар бул касиеттерди көп чаташтырышат, негизги эмес касиеттерди негизги деп эсептешет. Негизги касиеттер берилген түшүнүктүн бардык обьектилерине таандык, ал эми негизги эмес касиеттер болсо, анын кээ бир гана обьектилерин мүнөздөй ала тургандыгы менен аныкталат.
Мисалдарга токтололу: а) Кит суууда жашай тургандыктан аны балык деп эсептешет. Бирок бул анын негизги касиети эмес. Кит сүт эмүүчүлөрдүн классына кирет, анткени киттер балдарын сүт эмизип багат.
б) Окуучулардын көпчүлүгү тик бурчтун жактарынын вертикалдуу жана горизонталдуу жайланышын, анын негизги касиети деп эсептешет да жактары башкача абалда жайланышкан тик бурчту тик бурч катары кабылдашпайт.
Бул сыяктуу каталыктарды кетирбеш үчүн психологдор тарабынан иштелип чыккан эрежелерге ылайык түшүнүктөрдү (ар кандай окуу материалын) окуп үйрөнүүдө негизги касиеттерди өзгөртүүсүз калтырып, негизги эмес касиеттерди мүмкүн болушунча түрүн өзгөртүп вариациялоо керек мисалы, тик бурч жөнүндөгү түшүнүктү окутууда анын ар кандай абалда жайланышын берүү керек:
Сүйлөмдүн ээси жөнүндөгү түшүнүктү окууда ээси ар түркүн (зат атооч, этиш, сын атооч, сан атооч, атооч ж. б.) болгон түрдүү сүйлөмдөрдү талдап көрүү керек.
3. Маанилүү (маани берүүчү) тилди пайдалануу. Окуу материалын окуучуларга эки башка жол менен берүүгө болот:
а) формалдуу-логикалык тил менен;
б) маанилүү тил.

Формалдуу-логикалык тилде символдор, белгилер ж. б. пайдаланылат. Бул тилде илимий китептер, мектептин окуу китептериндеги аныктамалардын жана закондордун формулировкалары ж. б. жазылган. Бирок буга салыштырмалуу жеткиликтүү, түшүнүктүү болгон башка тил бар, ал - маанилүү тил. Бир эле эрежени, законду, аныктаманы мына ушул маанилүү тилде түшүнүктүн мааниси бузулбай тургандай кылып ар түрдүүчө айтууга болот. Мисалы, формалдуу-логикалык тилде сан удаалаштыгынын предели жөнүндөгү түшүнүк төмөндөгүчө айтылат: "Сан удаалаштыгынын чеги деп кандай гана е оң саны болбосун дайыма табыла турган N саны ж. б. шарты аткарылуучу b санын айтабыз". Бул аныктамада е, S, п, N, ж. б. символдор катышып жатат. Мындай формалдаштыруудан окуучулар көп нерсени түшүнө алышпайт. Бирок бул аныктаманы маани берүүчү тилде берүүгө да болот. Маанилүү тилде берилүүчү аныктаманын бир варианты мындайча: «Сандык удаалаштыктын чеги - бул белгилүү туруктуу сан; ал кандай сан? Ал берилген сандык удаалаштыктын мүчөлөрү каалаганча жакындай ала турган сан, башкача айтканда... ж. б.».
Тилекке каршы, көпчүлүк мугалимдердин сабагында маани берүүчү тил сейрек колдонулгандыктан окуучуларга көп нерсе түшүнүксүз бойдон калат.
Демек, окутуу процессинде материалды маани берүүчү тилдин деңгээлинде: «окуп чыгып» андан кийин формалдуу- логикалык тилге өтүү керек.

4. Окутууда теория менен практиканын байланышын камсыз кылуу принциби.
Биз жогоруда мазмун менен форманын, башкача айтканда экинчи жана үчүнчү деңгээлдин байланышын карап өттүк. Биринчи жана экинчи деңгээлдердин өз ара байланышы теория менен практиканын байланышын туюнтат. Мына ошентип мазмун-теория эки жактуу байланышта болот, аны схема түрүндө төмөнкүчө көрсөтүүгө болот.

Форма - мазмун-практика Теория менен практиканын байланышы негизги дидактикалык принциптердин бири. Теория менен практиканын ортосундагы ажырым - азыркы окутуу процессинин негизги кемчиликтеринин бири. Окуучу программалык материалды билген менен аны колдонуу боюнча билгичтиги калыптанбай калып жатат. Мындай абал бардык предметтик сабактарда кездешет. Мисалы, тил мугалимдерине төмөнкүдөй абал жакшы тааныш: кээ бир окуучулар жазуу эрежелерин жакшы билишет жана туура түшүнүшөт, бирок жазуу ишинде дал ошол эрежелер боюнча ката кетиришет.

Окуучулар өз билимдерин иш жүзүндө колдонгонду билбей тургандыгын ата-энелер, өндүрүш кызматкерлери да көп айтышат.

Чын-чынына келгенде окуучуда билим бар, бирок алар окуучунун башында кыймылсыз, пайдасыз жүк болуп гана жатат. Маселен, окуучу кайчы менен металл баракчасын кесип жатып, же күрөк менен жер казып жатып физика сабагынан алган өзүнүн рычаг жөнүндөгү билимин эстеп да койбойт.

Ботаника сабагында окулуп өтүлгөн өсүмдүктөрдүн вегетативдик көбөйүшү менен тамырлардын байланышы жөнүндө да окуучунун иши жок. Мындай байланыштардын, же психологиянын тили менен айтканда ассоциациялардын жоктугу окуучунун эмгек операцияларын сезимталдуу ойлонуп аткарышына тоскоолдук кылат, б.а. ал эч жерден билим албаган адамдын кейпинде кала бериши мүмкүн.

Демек, окуучулардын теориялык материалдын маанисин туура түшүнүүгө жетиши - бул окутуу процессинин биринчи гана кадамы, анын экинчи кадамы окуучуларды бул материалдан эркин пайдалана билүүгө үйрөтүүдөн турат.

Билимдерди пайдалана билүү билгичтиктерин калыптандырууда эки тектүү билимдер бар экендигин жетекчиликке алуу керек:

1) сырткы дүйнөнүн предметтери, алардын касиеттери жана карым-катнаштары жөнүндөгү билимдер.

2) аткаруу (эмгектенүүнүн) ыкмалары жөнүндөгү билимдер.

Муну биз конкреттүү мисалда чечмелеп түшүндүрөлү. «Параллелограммдын диагоналдары кесилишет жана кесилишкен чекитте тең бөлүнүшөт» деген теореманы билүү бул биринчи тектеги билим: теоремада параллелограммдын обьективдүү касиеттери жөнүндө айтылып жатат. Мындагы экинчи тектеги билим төмөнкүнү билүү болот: «Берилген фигура параллелограмм боло ала турганын аныктоо үчүн анын диагоналдары кесилишип тең бөлүнөөрүн текшерип көрүү керек». Демек, мында сөз фигуранын касиеттери жөнүндө эмес белгилүү натыйжага жетишүү үчүн эмне кылуу керек (эмнени иштөө керек) экендиги жөнүндө болуп жатат. Тигил же бул аракет кандайча аткарыла тургандыгы жөнүндөгү билимдер да экинчи тектеги билимдерге кирет.

Окуу процессинин жүрүшүндө окуучулар көбүнчө биринчи тектеги билимдерди өздөштүрүп, экинчи тектеги билимдерге ээ болбой калышат. Башкача айтканда алар аныктамаларды, теоремаларды, закондорду билишет да аларды практикада кантип колдонууну билишпейт. Билгичтиктерди калыптандыруу үчүн өзгөчө экинчи тектеги билимдер өтө маанилүү. Мындай билимдерге атайын окутуп үйрөтүү керек.

Экинчи тектеги билимдерди бекем калыптандыруу үчүн мугалим же окуучу сабакта конкреттүү мисалдар менен бекемделбеген, колдонулушу мисалдарда көрсөтүлбөгөн «таза» эрежелерди, закондорду, аныктамаларды айтуу менен чектелбестен алардын колдонулуш жагдайларын да көрсөтүүгө аракет жасашы зарыл. Билимдерди пайдаланууга үйрөнүү көнүгүүлөрдү логикалык эки түрдүү планда колдонуу аркылуу камсыз кылынат:

а) өздөштүрүлүп кабыл алынган чындыктан маселелерге карай;

б) практикалык маселелерден чындыкка карай.

Мугалимдер биринчи пландагы көнүгүүлөрдү көп пайдаланышат. Мисалы, математиканы окутууда көнүгүүлөрдү «эрежеден маселеге карай» деген принцип боюнча гана иштетүү жетиштүү эмес. «Даяр маселелерди» чыгаруу менен катар берилген тендеме боюнча маселелерди түзүү, реалдуу процессти математикалык маселенин тилине которуу сыяктуу тапшырмаларды да пайдалануу зарыл. Тигил же бул мүнөздөгү маселени чыгарууда гана

теорияны түшүнүүгө жана аны практикада колдонууга мүмкүндүк бере турган нагыз билгичтиктер камсыз кылынаары биздин изилдөөлөрдө ырасталган.
Жалпылап айтканда сабактардын системасында илимдердин негиздерин турмуш менен байланыштыруу төмөнкүдөй жолдор менен ишке ашырылышы мүмкүн.
а) Окуу материалынын турмуштук жана практикалык маанисин окуучуларга алдын ала тааныштырып чыгуу, алардын жаңы материалды кызыгуу менен кабылдашын жана аң-сезимдүү, максаттуу өздөштүрүүсүн активдештирет. Мисалы, химия сабагында «Күкүрт кислотасын» окуунун алдында кислотанын өнөр жайларда жана айыл чарбасында кеңири колдонулушу көрсөтүлөт.
б) Окутуу процессинде илимдердин негиздеринин турмуш жана практика менен маанилүү байланыштарын ачып көрсөтүү. Табигый илимдер боюнча сабактарда бул окуу материалдарынын өндүрүштүн илимий негиздери менен байланышына басым жасалат. Мисалы, химия сабагында «кычкылтек» темасын окууда кычкылтектин касиеттерин ачып көрсөтүү менен анын медицинада, альпинизмде ж. б. колдонулушу баса белгилениши шарт.
«Капиллярдык идиштер» темасын өтүүдө өндүрүштүк кубулуштардагы капиллярдуулуктун (эң ичке түтүкчөлөр аркылуу суюктуктун жогору көтөрүлүү жөндөмдүүлүгүнүн) маанисин көрсөтүү керек. Коомдук предметтерди окууда окуучуларды граждандуулукка, адептүүлүкө тарбиялоого негизги көңүл бөлүнөт.
в) Илимдердин негиздерин өздөштүрүү процессинде окуучулардын практикалык иштерин кеңейтүү, жаратылышка байкоолорду жүргүзүү, лабораториялык жана табигый шарттардагы тажрыйбалык иштер, өлчөө жана эсептөө жумуштары, өндүрүштүк мазмундагы маселелерди чыгаруу, жер таануу жумуштары ж. б. мына ушулардын бардыгы орчундуу орунду ээлеши шарт.
г) Окуучулардын турмуштук тажрыйбасына таянуу. Бардык предметтерди окутууда мүмкүн болгон бардык учурда илимий билимдерди таанып билүүнү турмуштук методдор менен салыштырып, конкреттүү мисалдардын жардамы менен таанып билүүнүн илимий методдорунун артыкчылыгын көрсөтүү керек.
Мисалы окуучулар өздөрүнүн турмуштук тажрыйбасынан жылуулуктун булагы канчалык жакын болсо ошончолук жылуу болоорун билишет, ошондуктан, мисалы кышында эшиктен үшүп келген киши мешке (жылуулуктун булагына) жакындайт. Муну балдар жакшы билет. Жер планетабыз үчүн Күн жылуулуктун булагы болуп эсептелет. Демек, Күнгө жакындаган сайын аба жылуу болуш керек. Бирок, турмушта андай эмес: биз жердин бетинен канчалык бийигирээк жогоруласак андагы аба ошончолук суук, бийик аскалуу тоонун чокусу түз жерге караганда Күнгө (жылуулуктун булагына) алда канча жакын, бирок ошого карабастан андагы аба түз жердегиден алда канча суук, ошондуктан аскалуу тоонун башындагы мөңгүлөр жайдын ысык күндөрүндө да анча эрибей жатпайбы. Бул кубулуштарды кантип түшүндүрүүгө болот? Эгерде окуучулар жалаң эле өздөрүнүн турмуштук тажрыйбасына, турмуштук билимине таянган болсо, анда жогорудагы суроого алар далилдүү жооп бере алышпайт. Чындыгында күндүн нурунан адегенде жердин бети ысыйт, андан кийин жердин бетинин ысышынан аба жылыйт. Демек, жердин бетинен (жылуулуктун булагынан) канчалык жогору алыстасак биз ошончолук сууктукту сезебиз.
Мына ушул сыяктуу мисалдарды кароонун негизинде адамдардын күндөлүк турмушунда мындай байкоолор жана жалпылоолор коп эле кездеше тургандыгы бирок, аларда айрым так эместиктердин болушу табийгый көрүнүш экендиги жөнүндө окуучуларга түшүндүрүү керек. Турмуштук билимдер көзгө даана байкалган сырткы кубулуштарды гана чагылдырат жана анын себеп-натыйжа байланыштарын өнүгүү процессинин мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана кыймылдаткыч күчтөрүнүн түпкү маанисин толук ачып бере албайт.
Турмуштук билимдердин мына ушундай кемчилдиктеринен улам акыйкаттарды атайын методдордун жардамы менен ачууга багытталган илим тармактары пайда болгон.
Демек, методдор жөнүндөгү маалыматтарды кезек кезеги менен бардык предметтер боюнча сабактардын мазмунуна кийирип, окуучуларды акырындык менен илимий таанып билүүнүн заманбап методдорун түшүнүүгө көнүктүрүү керек, ошондо гана алар окумуштуулардын

илимий акыйкаттарды ачуу жолундагы азаптуу жана сыймыктуу ишмердүүлүгүнө кызыга башташат.

д) Илимдердин негиздерин үйрөнүү багытындагы практикалык иштерди кеңейтүү. М: лабораториялык жана табигый шарттардагы тажрыйбалык иштер, өлчөө жана эсептөө жумуштары, өндүрүштүк мазмундагы маселелерди чыгаруу ж.б.

е) Окуучулардын турмуштук кызыктуу суроолоруна жооп берүү. Күндөлүк турмуштагы түшүнүксүз кубулуштардан улам окуучуларда көп сандаган ар түрдүү суроолор пайда болот. Мугалим ал суроолорго жооп берүүдөн, баш тартпай дайыма толук, түшүнүктүү жана далилдүү жооп бериши зарыл.

5. Предметтик ички жана предметтер аралык сырткы байланыштарды ишке ашыруу

Дүйнөдөгү бардык нерселер өз ара бири бири менен бекем байланышта өнүгөт. Ал эми жаратылыштагы жана коомдогу өз ара обьективдүү байланыштарды таанып билүү - мектептик билим берүүнүн бирден бир милдети. Предметтик ички байланыш - бул окуучунун түшүнүктөрдү бөлүмдөрдөгү өз ара логикалык байланышында, бирин экинчиси улаган таризде өздөштүрүүсүн талап кылат. Мисалы, эгерде окуучу «тездетүү» түшүнүгүнө аныктама берсе, анда ал ошол аныктамага өбөлгө боло турган түшүнүктөрдү (ылдамдык, убакыт) билүүгө тийиш.

Химиялык Авагадро законун түшүнүп билүү үчүн окуучу сөзсүз грамм-молекула, грамм-молекулалык көлөм жөнүндөгү түшүнүктөрдү билиши шарт. Биологиялык «ген» түшүнүгүн өздөштүрүү үчүн окуучудан адегенде «хромосом» түшүнүгүн жакшылап билүү талап кылынат. Турактуу ток жөнүндөгү бөлүмдү өздөштүрүү адегенде сөзсүз электростатика бөлүмүндөгү билимдерди, ал эми тукум куучулуктун хромосомдук теориясын түшүнүү үчүн адегенде цитология областындагы бир катар түшүнүктөрдү билүү талап кылынат.

Предметтик ички байланыш ар кандай окуу предметтеринде ар түрдүүчө: мисалы математикада мындай ички байланыш тарых, география ж. б. предметтерге караганда бир кыйла көп.

Мурда өздөштүрүлгөн билимдер жаңы билимдерди өздөштүрүүгө, көпчүлүк учурда жардам берет, бирок кээде тоскоолдук да кылат. Жаңы билимдер эски билимдерди тереңдеткен же аны кеёейте турган учурларда жаңыны түшүнүп өздөштүрүү жеңилирээк болот. Мисалы, окуучулар айлананын аныктамасын: бардык чекиттери борбор деп аталуучу бир чекиттен бирдей алыстыкта жайланышкан тегиздиктеги фигура катары билишет. Мына ушул аныктаманын негизинде алар эч кыйынчылыксыз эле сфера түшүнүтүнүн аныктамасын айта алышат. Мында алар «тегиздиктеги» деген сөздү «мейкиндиктеги» деген сөз менен алмаштыруу гана керектигин көрүшөт. Демек, экинчи аныктама биринчи аныктамадан келип чыгат, башкача айтканда мурдагы билим жаңы билимди аң-сезимдүү өздөштүрүүгө жардам берди.

Бирок, кээде мурда окулуп өздөштүргөн материал ага окшош жаңы материалды өздөштүрүүгө тоскоолдук кылат. Мисалы, окуучулар санды натуралдык санга көбөйткөндө бөлчөк сан чоёоерун билишет, эми күтпөгөн жерден санды бөлчөккө көбөйткөндө ал сан кичирейе турганын көрүшөт.

Ошондой эле окуучулар санды натуралдык санга бөлгөндө ал сан кичирейе турганын билишет, эми күтүлбөгөн жерден эле санды бөлчөккө (дурус бөлчөккө) бөлгөндө ал сан чоңое турганын көрүшөт. Ошондуктан бул учурда окуучулардын мурдакы билимдери жаңы материалды түшүнүүгө тоскоолдук кылышы ыктымал.

Эгерде билимдер окуучуларга белгилүү системага ылайык берилсе, башкача айтканда жаңы фактылар жана закон ченемдүүлүктөр мурда өздөштүрүлгөн материалдын логикалык натыйжасы катары келип чыгып, аны андан ары өнүктүрсө, анда окуучулардын алган билимдери аң-сезимдүү да, бекем да болот. Мурда өздөштүргөн фактылар окуучулардын жаңы билимдерди алышына база болот. Ошондуктан жаңы материалды түшүндүрүүнү мурункуларды эске салуудан баштоо керек. Жаңы материалды түшүндүрүүгө керектүү фактыларды, эрежелерди, закондорду ж. б. мугалим кыскача окуучулардын эсине салат (көп учурда), мугалимдин талабы боюнча окуучулар өздөрү эстешет. Жаңы билимдер эски билимдерди кеңейтүү жана башка учурда колдонуу аркылуу мурункулардан «өсүп өнүгүп чыга» турган

учурлар көп кездешет.
Мисалы, Австралиянын климатын окуп үйрөнүүдө бир мугалим төмөндөгүчө иштеди. Буга чейин окуучулар Австралия материгинин географиялык абалы жана анын рельефинин өзгөчөлүктөрү менен таанышышкан. Физикалык географиянын баштапкы курсун үйрөнүүдө окуучулар климат жөнүндө, анын географиялык кендиктен, деңиз деңгээлине карата бийиктиктен, үстөмдүк кылуучу шамалдардан, океанга салыштырмалуу жайланышынын көз карандылыгы жөнүндө, жыл ичинде температуранын өзгөрүшү жөнүндө жалпы түшүнүк алышкан. Азыркы сабакты өткөрүүдө мына ушулардын бардыгы эске алынды. Бул сабакта окуучуларга төмөнкү үч негизги суроону чечмелеп түшүндүрүү керек эле.
1) Австралиянын климатына пассаттардын жана муссондордун таасири;
2) Өлкөнүн Батыш жана Борбордук бөлүктөрүндө кургак чөлдүк климаттын көбүрөөк болушу;
3) Чыгыш жана Түндүк Австралияга нымдуу климаттын үстөмдүк кылышы.
Жумуш төмөндөгүчө башталды. Мугалим окуучуларга: атластан пайдаланып Австралиянын ээлеп турган орду жөнүндө эскерүүнү, андан кийин ошол материкти курчап турган океандардын аттарын контурдук карталарда жазып көрсөтүүнү сунуш кылды. Андан кийин окуучулар климаттык карта боюнча Австралия кайсы климаттык алкакта жайгашканын белгиледи. Мына ушул тапшырмалардын атка- рылышын текшерип чыгып, мугалим ал тапшырмаларды окуучулардын бардыгы аткаргандыгына ишенди да, андан кийин суроолорду чечмелеп иштеп чыгууга киришти.
Балдарга жаан-чачындар картасы боюнча Австралиянын бардык территориясында бир калыпта жаайт же жаабай тургандыгын аныктоо; балдарга климаттын нымдуулугуна материктин океанга салыштырмалуу ээлеп турган орду кандай таасир этээрин эстеп көрүү жана эмне үчүн Австралиянын территориясында жаан-чачындар бир калыпта эмес жаай турганын ойлоп көрүү боюнча тапшырма сунуш кылынды.
Мына ушул суроолорго жооп берүүдө окуучулар өздөрүнүн муссондор жана пассаттар жөнүндөгү, алардын жаан-чачындардын болушуна тийгизүүчү таасири жөнүндөгү бардык билгендерин зеке түшүрүштү. Андан кийин өлкөнүн жаан-чачындар картасы менен физикалык картасын салыштыруу аркылуу алар төмөнкүнү белгилешти: материктин чыгыш жагында жайлашкан тоолор нымдуу абанын массасын анын борбордук жана батыш бөлүктөрүнө өткөрбөй тосуп турат, ошондуктан жаан-чачындар өлкөнүн чыгыш бөлүгүндө көп жаайт.
Ошондон кийин дагы бир тапшырма аткарылды: изотерм картасынан жана физикалык картадан пайдаланып окуучулар эмне үчүн борбордук Австралияда жогорку температура көп болоорун белгилешти.
Кайсыл шамалдардын таасири менен жана жылдын кайсы мезгилинде Австралиянын Батыш бөлүгүндө жаан-чачындар көп болоору да дал ошондой эле жол менен белгиленди.
Сабактын акырында кыскача жыйынтыктоочу аңгеме өткөрүлүп окуучулар жаңы билимдерин системага келтиришти.
Бул сабак кандай айырмалуу сапатка ээ?
*Биринчиден,* жаңы билимдерди өздөштүрүү иши бүткүл сабак бою ишке ашырылды.
*Экинчиден,* жаңы түшүнүктөр окуучулардын мурдагы өздөштүргөн билимдерин жаңы кырдаалда колдонуу жана кеңейтүү жолу менен калыптандырылды. Мунун өзү окуучуларга мурунку сабактардан ал гана эмес мурунку жылдарда өздөштүргөндөрүн кайталоого жана географиялык билимдердин жалпы структурасына кайрадан кайрылууга мүмкүнчүлүк берди.
Ошентип, предметтик ички байланыштарды ишке ашыруу негизинен төмөнкүлөрдөн турат:
1. Материалдын мазмунундагы себеп-натыйжалык байланыштарды өнүктүрүү. Берилген сабактын мазмунун мурда өтүлгөн жана өтүлө турган сабактардын мазмуну менен өтмө катар байланыштыруу.
2. Жаңы билимдерди жемиштүү өздөштүрүүнүн зарыл шарты катары таяныч билимдерди дайыма такай, кайталоо.
3. Сабактын максатын коюуда мурда окулуп өтүлгөндөр менен байланыштарды белгилөө.

4. Окшоштуктарды, салыштырууларды пайдалануу.
5. Мурда окулуп өтүлгөн билимдердин жаңы сапаттык баскычка карай өнүгүшү.

*Предметтер аралык байланыш* — бул окуу предметтеринин арасындагы обьективдүү максатка ылайыкташкан мазмундук дал келүүчүлүк. Мындай өз ара байланыштарды окутуунун мазмунун, формаларын, методдорун жана ыкмаларын аныктоодо эске алуу зарыл.

Предметтер аралык байланыш мектеп программаларындагы жалпы мазмундагы материалдарды ажыратып берүүдө ачык көрүнөт. Мындай жалпы мазмундагы материал, биринчиден, түшүнүктөр, фактылар жана закондор (законченемдүүлүктөр) түрүндө, экинчиден, билгичтиктер жана көндүмдөр түрүндө туюнтулат.

Ар бир окуу предметинин предметтер аралык байланышы биринчиден, предметти окуп үйрөнүүнүн максатына экинчиден, предметтер аралык материалдын түрүнө, үчүнчүдөн, аны пайдалануунун убактысына көз каранды, ал бирдей билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырууга пайдаланылат.

Жогоркулардын негизинде предметтер аралык байланышьын төмөнкүдөй үч тибин бөлүп көрсөтүүгө болот:

1) обьективдүү байланыш (үйрөнүлүүчү материалдын көлөмү, окшош билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруунун көлөмү боюнча);
2) мазмундук байланыш (байланыштырылуучу окуу предметтери үчүн жалпы болгон предметтер аралык материалдын мүнөзү боюнча);
3) мезгилдик байланыш (предметтер аралык материалды пайдалануунун убактысы боюнча).

Предметтер аралык байланышты ишке ашыруу боюнча мугалим төмөнкүлөрдү мыкты билүүгө тийиш.

> Берилген темага байланышкан материал кайсы окуу китепте экендигин?
> Берилген окуу материал бул предметке байланышкан башка предметтерде (тутумдаш предметтерде) качан окула тургандыгын?
> Тутумдаш предметтеги материалдын мазмунун (фактылар, закондор, мисалдар, цифралар).
> Өзүңдүн сабагыңа жакын предметтеги керектүү материалды пайдаланууда кандай методикалык ыкманы колдонуу керек экендигин?

Бул төрт суроонун биринчи экөөнө жоопту окуу программаларынан табууга болот. Азыркы бардык типтүү окуу программаларындагы ар бир темада «предметтер аралык байланыш» деп аталган атайын бөлүм бар.

Үчүнчү суроого жооп берүү үчүн тутумдаш предметтин окуу китебиндеги материалды окуп үйрөнүү гана керек. Төртүнчү суроого жооп берүү үчүн төмөнкү ыкмалардан пайдаланууга болот.

4.1. Таяныч материалды мугалим өзү кайталап түшүндүрөт. Бул ыкма мугалим убакытты үнөмдөгүсү келген учурда натыйжа берет, (анткени, айтып берүүгө же далилдеп берүүгө караганда аңгеме өткөрүүгө убакыт көп сарп кылынат). Бул ыкманы мугалим аңгеме өткөрүүдө окуучулардын билими жетишсиз экендигин күн мурунтан билген учурда пайдалануу керек. Албетте, бул ыкманы көп пайдаланууга болбойт, анткени мында окуучулар керектүү материалды кайталоого түздөн түз катышышпайт.

4.2. Таяныч материалды окуучулар үйдөн кайталап келишет. Мугалим тутумдаш предметтерден керектүү материалды кайталап келүүгө алдын ала тапшырма берет. Убакытты үнөмдөө максатында жана мындай тапшырма сөзсүз рационалдуу аткарылсын үчүн үй тапшырмасында китептин параграфтарын гана эмес зарыл түрдө билүүгө керектүү болгон башкы, негизги материалды камтыган абзацтарды да кошо көрсөткөн жакшы. Көп учурда мугалимдер кайталоону кандайча жүргүзүү керек экенин да эскертишет.

4.3. Таяныч материал тиешелүү предмет боюнча сабактарда кайталанат. Бул учурда, мисалы, физика мугалими физика боюнча жаңы материалды өздөштүрүүгө база түзүү үчүн математика мугалими менен математика сабагында кайсыл окуу материалын кайталоо керек экендиги жөнүндө алдын ала макулдашып алат.

4.4. Таяныч материалды окуучулар түздөн түз класста кайталашат. Мисалы, VI класста «Күч - вектордук чоңдук» деген теманы түшүндүрүүнүн алдында физика мугалими окуучуларга V класстын физикалык география окуу китебин таратып берет да ( бул китептерди ал күн мурунтан китепканадан алат), аларга «Пландын масштабы» деген теманы кайталап чыгууну сунуш кылат. Бул теманы кайталоодо окуучулар күчтү график түрүндө туюнтуу үчүн белгилүү аты бар масштабды тандап алуу зарыл экен деген ой тыянакка өз алдынча келишет.

Таяныч материалды тектеш предметтердин мугалимдери өз учурунда колдонушкан куралдардын, таблицалардын, окутуунун башка турдөгү көрсөтмө каражаттарынын жардамы менен, алдын ала формулалар, эрежелер, сүрөттөр, аныктамалар, жазылып даярдалган алып жүрүүчү доскалардын, кодопозитивдердин, « консультант-таблицалардын» жардамы менеп кайталоо ыңгайлуу жана пайдалуу. Мисалы, мындай «консультант таблицаларга» башка окуу предметтеринен керектелинүүчү таяныч материал гана эмес, андан тышкары кайталануучу тиешелүү окуу китептер, алардын параграфтары жана абзацтары жазылат, ал материал менен кандайча иштөө керек экендигине көрсөтмөлөр берилет (кайталагыла, аныктамаларды, жазып алгыла ж. у. с.). Мындай таблицаларды тиешелүү тема өтүлөөрдөн бир жума мурда кабинеттерге илип коюу керек. Кайталоого керектүү материалды бүткүл тема боюнча даярдап алган жакшы, бирок алардын ичинен ар бир сабакка керектүүсүн бөлүп көрсөтүү керек. Материалдарды тандоого жогорку класстардын окуучуларын тартуу да максатка ылайык. Тажрыйбалуу мугалимдер жаңы окуу материалын түшүндүрүүдө да, аны бышыктоодо да кайталоонун материалына таянат. Мына ошондуктан таяныч куралдар бүткүл сабак бою окуучулардын көз алдында болуусу зарыл.

Таяныч материалды кайталоодон мурда мугалим ага болгон муктаждыкты көрсөтүүгө тийиш, башкача айтканда кайталоодон мурда окуучуларды ага кызыктырууга тийиш: мугалим сабакта өтүлүүчү жаңы окуу материалын түшүнүп өздөштүрүү үчүн башка предметтерде окулуп өтүлгөн билимдер керек болоорун, аларды кайталоо зарыл экендигин окуучуларга жөнөкөй жана жеткиликтүү түшүндүрөт. Көп учурда билимдерди өндүрүштүк ишмердүүлүктө колдонуу үчүн, белгилүү кесипке ээ болуу үчүн таяныч материалды терең билүүнүн мааниси жөнүндө кеңири түшүндүрүү зарыл.

Албетте, предметтер аралык байланышты ишке ашырууну мугалим тутумдаш предметтердин программаларынынын түшүнүк каттарын, башка бөлүмдөрдү толук окуп талдоодон, ошол окуу предметтерининин "тогошуу точкаларын аныктоодон жана аларды окуп үйрөнүүдөн баштоого тийиш. Андан кийин бир бөлүмү «предметтер аралык байланыштан» туруучу календарлык тематикалык пландарды түзүү жана аларды практикада колдонуу иши башталат. Бул пландарда тутумдаш предметтердин кайсыл материалын ар бир ачык-айкын теманы окуп үйрөнүүдө пайдалануу керек экендиги керсөтүлөт, мында ошондой эле сабактарга даярдык көрүү иретинде мугалимдердин жана окуучулардын иштерин уюштуруу да белгиленет. Мисал катарында VI класс үчүн физика боюнча түзүлгөн мына ушундай пландын бир бөлүгүн келтиребиз.

Мындай пландардан пайдалануу мугалимге да, окуучуларга да предметтер аралык байланышты ишке ашырууда чоң жардам берет. Бирок, мындай пландарды түзүү мугалим үчүн өтө эле татаал, түйшүктүү иш. Ошондуктан мындай пландардын ордуна башка принципте түзүлүүчү тематикалык пландардан пайдаланууга болот. VII класс үчүн физика боюнча түзүлгөн ушундай пландын бир бөлүгүн келтирели.

**Окуу материалдарын тандоодо жеткиликтүүлүк принцибин жетекчиликке алуу.**

Мугалим сабакта окула турган жана тапшырмага сунуш кылынуучу материалдарды тандап алууда жеткиликтүүлүк принцибин жетекчиликке алууга тийиш. Окуу материалдарынын мазмунун, көлөмүн аныктоодо окуучулар туш келүүчү таанымдык кыйынчылыктарды жана аларды чечүүнүн жолдорун айкындап алуу чоң мааниге ээ. Жеткиликтүүлүк принцибин окутууну жеңилдетүүнүн талабы катары тике маанисинде кабылдоого болбойт. Окуучу билимдерди өздөштүрүүдө дайыма кыйынчылыкты сезип турууга тийиш. Бирок, ал кыйынчылыктарды жасалма түрдө түзүүгө болбойт. Ошондуктан ар кандай предметтин мазмунун аныктоодо жалаё эле окуучулар ээ болууга тийиш болгон түшүнүктөрдүн, законеордун тизмеси менен гана чектелүүгө болбойт. Аларды баяндап түшүндүрүүнүн тереңдиги кошо көрсөтүлүүгө тийиш, ансыз материал же өтө эле элементардуу, үстүртөн, же тескерисинче, керексиз, зыяндуу татаалдаштырылып калышы мүмкүн.

Классикалык дидактикада окутуунун жеткиликтүүлүгүнүн бир катар эрежелери иштелип чыккан.

Окутуунун жеткиликтүүлүгүнүн биринчи эрежеси «жеңилден оорго карай баруу». Бул эреже окуучуларга кеңири белгилүү жана түшүнүктүү, алар жеңил үйрөнүп ала турган материалдан, өздөштүрүү үчүн бир кыйла татаалыраак, окуучулардан бир топ чымырканып эмгектенүүнү талап кылуучу материалды өздөштүрүүгө өтүүгө зарыл экендигин көрсөтөт.

Окутууда жеңилден оорго карай баруу эрежеси окуучулар үчүн сунушталуучу таанымдык тапшырмаларды акырындык менен улам татаалдаштырып олтурууну талап кылат. Анткени, окуучуларды олуттуу ой жүгүртүүгө мажбур кылбаган окуу иши алардын алдыга карай жылышын камсыз кыла албайт.

Экинчиден, окуучулардын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнөн жогорку окуу иши, аларда өз күчүнө ишенбөөчүлүктү, окууга карата тескери мамилени пайда кылышы мүмкүн.

Бул багытта Л. В. Занковдун жана анын окуучуларынын эксперименталдык системасы боюнча кеңири жайылтылган тажрыйбалык иш өзгөчө кызыктуу.

Л. В. Занковдун эксперименталдык системасынын негизги принциптеринин бири - жогорку деңгээлдеги кыйынчылыкта окутуу принциби болуп эсептелет. Мында окутуу иши кандай кыйынчылыктарга эмес, окулуп үйрөнүлүүчү кубулуштардын негиздерин, алардын арасындагы байланыштарды жана көз карандылыктарды таанып билүүдөгү кыйынчылыктарга негизделген.

Окутуунун жеткиликтүүлүгүнүн экинчи эрежеси - «белгилүүдөн белгисизге карай» - бул шарттуу жаңы байланыштар мурда өздөштүрүлүп бекемделген, шартсыз байланыштарга таянылып түзүлөт деген физиологиялык окууга негизделген. Бул эрежеге ылайык мугалим окуучулардын буга чейинки билим запасын, турмуштук тажрыйбаларын жакшы билүүгө тийиш жана ал жаңы материалды дал ошолорго таянып түшүндүрүүсү керек.

*«Жөнөкөйдөн татаалга»* деген кезектеги дидактикалык эрежеге ылайык окутуу ишинде жөнөкөй фактылардан, жалпылоолордон, түшүнүктөрдөн баштап, акырындык менен улам татаалыраак материалды окууга өтүү керек. Жөнөкөй материал - бул адатта окуучулар анча кыйналбай түшүнө ала турган материал. Бирок таанып билүү обьектисинин жөнөкөйлүүлүгү - бул салыштырмалуу түшүнүк. Мисалы, клетка - бул эң татаал тирүү организмдин эң жөнөкөй структуралык элементи, атом ар кандай заттан бир кыйла жөнөкөй, бирок ошого карабастан бүтүн организмдеги затты таанытуу процессинде таанып билүүнүн жөнөкөй обьектилери катарында каралат. Мындан тышкары балдарга көп учурда жаңы нерселердин бардыгы эле татаал, түшүнүксүз болуп көрүнөт; ар кандай татаал нерсе таанылып билингенден кийин, түшүнүлгөндөн жана сезилгенден кийин жонокой болуп калат да мурдакы жөнөкөй болуп калгандар менен байланыштырылат. Мугалимдин милдети окуучуларга татаалды жөнөкөй кылууга, татаалды түшүнүүгө жана өздөштүрүүгө жеткиликтүү кылууга жардам берүүдө турат.

Дидактикалык *«жакындан алыска» деген* эреже окуу процессинде окуучулардын таанымдык кругозорун акырындык менен кеңейтүүнү талап кылат. Окутуу балага жакын, ага тааныш болгон айлана чөйрөнү билүүдөн башталат. Бирок, кийинчерээк, «жөнөкөй» деген түшүнүктү анын түз, турмуштук маанисинде кабыл албастан таанып билүү маанисинде пайдалануу керек. Окуу ишиндеги жакын деген - бул окуучу жеңил элестете ала турган жана жеңил түшүнө ала

тургандар.
Окутуунун жеткиликтүүлүк принцибине ылайык окулуучу билимдердин көлөмүн, анын татаалдыгына, жаёы материалды окуп үйрөнүүгө бөлүнүүчү убакытка жараша туура тандап алып, татаал материалды жөнөкөйлөштүрүп түшүнүктүү айтып берүүгө туура келет. Белгилүү тарыхчы легендарлуу лектор Ключевский айткандай эгер адам бир нерсе жөнүндө жөнөкөй айтып бере албаса, анда ал өзү аны түшүнбөйт. Ключевский өзү болсо Москва университетинде профессор катары лекциялык сабактарын өтө жөнөкөй жана түшүнүктүү өткөргөн. Ошондуктан анын лекцияларына тикеден тике тиешеси жок башка факультеттердин студенттери да чын дилден активдүү катышкан.

Билимдердин ички мазмуну менен анын сырткы туюнтулушунун ортосундагы өз ара байланышты камсыз кылуу (форма менен мазмундун өз ара байланышы).
Белгилүү математик А. Я. Хинчин (Педагогические статьи. М., 1963, с. 111) билимдердин төмөнкүдөй үч деңгээли болоорун белгилеген.
Биринчи деңгээли - билимдердин алгачкы булагы сырткы дүйнө, обьективдүү материалдык чындык;
Экинчи деңгээли - чындыктын абстрактцияланган мазмундуу түшүнүктөрү жана закон ченемдүүлүктөрү;
Үчүнчү деңгээли - булар бардык формалдуу жана символдук жазуулар, дефинициялык - так сөз жүзүндөгү формулировкалар жана көрсөтмөлүү образдар. Аны билимдердин сырткы - формалдык деңгээли деп эсептөөгө болот.
Илим үчүн билимдердин биринчи деңгээли - изилдөөнүн булагы, экинчи деңгээли - изилдөөнүн предмети, үчүнчү деңгээли - изилдөөнүн куралы болуп эсептелет.
Бул деңгээлдердин ортосунда өз ара тереё байланыштар түзүлүүгө тийиш. Адегенде биз экинчи жана үчүнчү децгээлдердин арасындагы байланышты карап көрөлү. Бул байланыш окуучулардын таанып билүү ишинде төмөндөгүчө болот: окуучу билимдерди жазуу жүзүндө же оозеки жон туюнтуу менен чектелбей, б.а. аларды формасы боюнча гана туура туюнтпастан, аларды тереё, туура түшүнүп, алардын ички мазмунун көрө билүүгө тийиш.
Мына ошентип, билимдердин ички мазмуну менен алардын сырткы туюнтулушунун арасындагы өз ара байланыш окуучулардын түшүнүктөрүндө туура чагылдырылышы абзел.

Тилекке каршы, окутуудагы эң өкүнүчтүү жана типтүү кемчиликтердин бири мына ушул компоненттердин арасындагы байланыштын начардыгы. Окуучулардын билимдериндеги мындай өз ара байланыштын начардыгынан, улам окуучу суроого сыртынан караганда туура жооп айта алат, жаза алат, бирок, аны таптакыр башкача түшүнөт. Окуучунун айтканы (жазганы) анын түшүнүгүнө дал келбейт. Мындай балдар материалды даана түшүнбөстөн карандай жаттап алууга, сөздөрдү, формулаларды, символдорду алардын чыныгы маанисин билбей эле эстеп жаттап калууга ык коюшат.
Мындай билимдер формалдуу же үстүрт билимдер деп сыпатталат. Мында окутуунун аң-сезимдүүлүк принциби бузулат.
Азыркы дидактика илиминде окуучулардын билимдерди өздөштүрүүсүндөгү формалдуулукка карты күрөшүүнүн бир катар ыкмалары иштелип чыккан.
Алардын айрымдарына токтоло кетели.
2. Окутуу процессинде окуучулар материалды биринчи эле жолу кездешкенде туура түшүнүп кабыл алгыдай кылып уюштуруу керек. Буга убакытты аябоо керек, анткени биринчи кездешүү эң эсте калаарлык болот. Демек, жаңы материалды түшүндүрүүгө керектүү көрсөтмөлүү каражаттарды аябай ойлонуп даярдоо, материалдын башкыларын бөлүп ажыратуу зарыл. Кыскасын айтканда, жаңы материалды окутууну окуучулардын активдүү ойлонуу ишмердүүлүгү сөзсүз камсыз болгудай кылып уюштуруу керек. Сабакка «билимдердин маанисин ойлонуп көрүү» деп аталган атайын этап кийирүүнү унутпоого тийишпиз. Сабактын бул этабында жаңы материалды окуучулар канчалык туура түшүнүп, кабыл алышкандыгы аныкталууга тийиш.

Окуучулардын жаңы материалды түшүнө алышпагандыгынын себеби алар буга чейин мурда окулуп өтүлгөн таяныч материалды билишпегендигинде, анткени мындай таяныч материал жаңы материалды түшүнүп кабылдоонун негизги базасын түзөт, ансыз жаңы материалды өздөштүрүү мүмкүн эмес. Ошондуктан жаңы материалды дайыма анализдеп чыгып андагы кийинкилерди өздөштүрүүгө өбөлгө болуучу билимдерди кайталап тактоо зарыл.
Материалдын аң-сезимдүү өздөштүрүлүшүн камсыз кылууда *түшүнүктөрдү* туура калыптандыруунун мааниси чоң. Тилекке карты, мындай иш практикада дайыма эле жетишээрлик аткарылбайт. Ар бир түшүнүк негизги жана негизги эмес касиеттер менен мүнөздөлө турганын билүү керек. Окуучулар бул касиеттерди көп чаташтырышат, негизги эмес касиеттерди негизги деп эсептешет. Негизги касиеттер берилген түшүнүктүн бардык обьектилерине таандык, ал эми негизги эмес касиеттер болсо, анын кээ бир гана обьектилерин мүнөздөй ала тургандыгы менен аныкталат.
Мисалдарга токтололу: а) Кит сууда жашай тургандыктан аны балык деп эсептешет. Бирок бул анын негизги касиети эмес. Кит сүт эмүүчүлөрдүн классына кирет, анткени киттер балдарын сүт эмизип багат.
б) Окуучулардын көпчүлүгү тик бурчтун жактарынын вертикалдуу жана горизонталдуу жайланышын, анын негизги касиети деп эсептешет да жактары башкача абалда жайланышкан тик бурчту тик бурч катары кабылдашпайт.
Бул сыяктуу каталыктарды кетирбеш үчүн психологдор тарабынан иштелип чыккан эрежелерге ылайык түшүнүктөрдү (ар кандай окуу материалын) окуп үйрөнүүдө негизги касиеттерди өзгөртүүсүз калтырып, негизги эмес касиеттерди мүмкүн болушунча түрүн өзгөртүп вариациялоо керек мисалы, тик бурч жөнүндөгү түшүнүктү окутууда анын ар кандай абалда жайланышын берүү керек:
Сүйлөмдүн ээси жөнүндөгү түшүнүктү окууда ээси ар түркүн (зат атооч, этиш, сын атооч, сан атооч, атооч ж. б.) болгон түрдүү сүйлөмдөрдү талдап көрүү керек.
3. Маанилүү (маани берүүчү) тилди пайдалануу. Окуу материалын окуучуларга эки башка жол менен берүүгө болот:
а) формалдуу-логикалык тил менен;
б) маанилүү тил.

Формалдуу-логикалык тилде символдор, белгилер ж. б. пайдаланылат. Бул тилде илимий китептер, мектептин окуу китептериндеги аныктамалардын жана закондордун формулировкалары ж. б. жазылган. Бирок буга салыштырмалуу жеткиликтүү, түшүнүктүү болгон башка тил бар, ал - маанилүү тил. Бир эле эрежени, законду, аныктаманы мына ушул маанилүү тилде түшүнүктүн мааниси бузулбай тургандай кылып ар түрдүүчө айтууга болот. Мисалы, формалдуу-логикалык тилде сан удаалаштыгынын предели жөнүндөгү түшүнүк төмөндөгүчө айтылат: "Сан удаалаштыгынын чеги деп кандай гана е оң саны болбосун дайыма табыла турган N саны ж. б. шарты аткарылуучу b санын айтабыз". Бул аныктамада е, S, п, N, ж. б. символдор катышып жатат. Мындай формалдаштыруудан окуучулар көп нерсени түшүнө алышпайт. Бирок бул аныктаманы маани берүүчү тилде берүүгө да болот. Маанилүү тилде берилүүчү аныктаманын бир варианты мындайча: «Сандык удаалаштыктын чеги - бул белгилүү туруктуу сан; ал кандай сан? Ал берилген сандык удаалаштыктын мүчөлөрү каалаганча жакындай ала турган сан, башкача айтканда... ж. б.».
Тилекке каршы, көпчүлүк мугалимдердин сабагында маани берүүчү тил сейрек колдонулгандыктан окуучуларга көп нерсе түшүнүксүз бойдон калат.
Демек, окутуу процессинде материалды маани берүүчү тилдин деңгээлинде: «окуп чыгып» андан кийин формалдуу- логикалык тилге өтүү керек.

4. Окутууда теория менен практиканын байланышын камсыз кылуу принциби.
Биз жогоруда мазмун менен форманын, башкача айтканда экинчи жана үчүнчү деңгээлдин байланышын карап өттүк. Биринчи жана экинчи деңгээлдердин өз ара байланышы теория менен практиканын байланышын туюнтат. Мына ошентип мазмун-теория эки жактуу байланышта болот, аны схема түрүндө төмөнкүчө көрсөтүүгө болот.

Форма - мазмун-практика Теория менен практиканын байланышы негизги дидактикалык принциптердин бири. Теория менен практиканын ортосундагы ажырым - азыркы окутуу процессинин негизги кемчиликтеринин бири. Окуучу программалык материалды билген менен аны колдонуу боюнча билгичтиги калыптанбай калып жатат. Мындай абал бардык предметтик сабактарда кездешет. Мисалы, тил мугалимдерине төмөнкүдөй абал жакшы тааныш: кээ бир окуучулар жазуу эрежелерин жакшы билишет жана туура түшүнүшөт, бирок жазуу ишинде дал ошол эрежелер боюнча ката кетиришет.

Окуучулар өз билимдерин иш жүзүндө колдонгонду билбей тургандыгын ата-энелер, өндүрүш кызматкерлери да көп айтышат.

Чын-чынына келгенде окуучуда билим бар, бирок алар окуучунун башында кыймылсыз, пайдасыз жүк болуп гана жатат. Маселен, окуучу кайчы менен металл баракчасын кесип жатып, же күрөк менен жер казып жатып физика сабагынан алган өзүнүн рычаг жөнүндөгү билимин эстеп да койбойт.

Ботаника сабагында окулуп өтүлгөн өсүмдүктөрдүн вегетативдик көбөйүшү менен тамырлардын байланышы жөнүндө да окуучунун иши жок. Мындай байланыштардын, же психологиянын тили менен айтканда ассоциациялардын жоктугу окуучунун эмгек операцияларын сезимталдуу ойлонуп аткарышына тоскоолдук кылат, б.а. ал эч жерден билим албаган адамдын кейпинде кала бериши мүмкүн.

Демек, окуучулардын теориялык материалдын маанисин туура түшүнүүгө жетиши - бул окутуу процессинин биринчи гана кадамы, анын экинчи кадамы окуучуларды бул материалдан эркин пайдалана билүүгө үйрөтүүдөн турат.

Билимдерди пайдалана билүү билгичтиктерин калыптандырууда эки тектүү билимдер бар экендигин жетекчиликке алуу керек:

1) сырткы дүйнөнүн предметтери, алардын касиеттери жана карым-катнаштары жөнүндөгү билимдер.

2) аткаруу (эмгектенүүнүн) ыкмалары жөнүндөгү билимдер.

Муну биз конкреттүү мисалда чечмелеп түшүндүрөлү. «Параллелограммдын диагоналдары кесилишет жана кесилишкен чекитте тең бөлүнүшөт» деген теореманы билүү бул биринчи тектеги билим: теоремада параллелограммдын обьективдүү касиеттери жөнүндө айтылып жатат. Мындагы экинчи тектеги билим төмөнкүнү билүү болот: «Берилген фигура параллелограмм боло ала турганын аныктоо үчүн анын диагоналдары кесилишип тең бөлүнөөрүн текшерип көрүү керек». Демек, мында сөз фигуранын касиеттери жөнүндө эмес белгилүү натыйжага жетишүү үчүн эмне кылуу керек (эмнени иштөө керек) экендиги жөнүндө болуп жатат. Тигил же бул аракет кандайча аткарыла тургандыгы жөнүндөгү билимдер да экинчи тектеги билимдерге кирет.

Окуу процессинин жүрүшүндө окуучулар көбүнчө биринчи тектеги билимдерди өздөштүрүп, экинчи тектеги билимдерге ээ болбой калышат. Башкача айтканда алар аныктамаларды, теоремаларды, закондорду билишет да аларды практикада кантип колдонууну билишпейт. Билгичтиктерди калыптандыруу үчүн өзгөчө экинчи тектеги билимдер өтө маанилүү. Мындай билимдерге атайын окутуп үйрөтүү керек.

Экинчи тектеги билимдерди бекем калыптандыруу үчүн мугалим же окуучу сабакта конкреттүү мисалдар менен бекемделбеген, колдонулушу мисалдарда көрсөтүлбөгөн «таза» эрежелерди, закондорду, аныктамаларды айтуу менен чектелбестен алардын колдонулуш жагдайларын да көрсөтүүгө аракет жасашы зарыл. Билимдерди пайдаланууга үйрөнүү көнүгүүлөрдү логикалык эки түрдүү планда колдонуу аркылуу камсыз кылынат:

а) өздөштүрүлүп кабыл алынган чындыктан маселелерге карай;

б) практикалык маселелерден чындыкка карай.

Мугалимдер биринчи пландагы көнүгүүлөрдү көп пайдаланышат. Мисалы, математиканы окутууда көнүгүүлөрдү «эрежеден маселеге карай» деген принцип боюнча гана иштетүү жетиштүү эмес. «Даяр маселелерди» чыгаруу менен катар берилген тендеме боюнча маселелерди түзүү, реалдуу процессти математикалык маселенин тилине которуу сыяктуу тапшырмаларды да пайдалануу зарыл. Тигил же бул мүнөздөгү маселени чыгарууда гана

теорияны түшүнүүгө жана аны практикада колдонууга мүмкүндүк бере турган нагыз билгичтиктер камсыз кылынаары биздин изилдөөлөрдө ырасталган.

Жалпылап айтканда сабактардын системасында илимдердин негиздерин турмуш менен байланыштыруу төмөнкүдөй жолдор менен ишке ашырылышы мүмкүн.

а) Окуу материалынын турмуштук жана практикалык маанисин окуучуларга алдын ала тааныштырып чыгуу, алардын жаңы материалды кызыгуу менен кабылдашын жана аң-сезимдүү, максаттуу өздөштүрүүсүн активдештирет. Мисалы, химия сабагында «Күкүрт кислотасын» окуунун алдында кислотанын өнөр жайларда жана айыл чарбасында кеңири колдонулушу көрсөтүлөт.

б) Окутуу процессинде илимдердин негиздеринин турмуш жана практика менен маанилүү байланыштарын ачып көрсөтүү. Табигый илимдер боюнча сабактарда бул окуу материалдарынын өндүрүштүн илимий негиздери менен байланышына басым жасалат. Мисалы, химия сабагында «кычкылтек» темасын окууда кычкылтектин касиеттерин ачып көрсөтүү менен анын медицинада, альпинизмде ж. б. колдонулушу баса белгилениши шарт.

«Капиллярдык идиштер» темасын өтүүдө өндүрүштүк кубулуштардагы капиллярдуулуктун (эң ичке түтүкчөлөр аркылуу суюктуктун жогору көтөрүлүү жөндөмдүүлүгүнүн) маанисин көрсөтүү керек. Коомдук предметтерди окууда окуучуларды граждандуулукка, адептүүлүкө тарбиялоого негизги көңүл бөлүнөт.

в) Илимдердин негиздерин өздөштүрүү процессинде окуучулардын практикалык иштерин кеңейтүү, жаратылышка байкоолорду жүргүзүү, лабораториялык жана табигый шарттардагы тажрыйбалык иштер, өлчөө жана эсептөө жумуштары, өндүрүштүк мазмундагы маселелерди чыгаруу, жер таануу жумуштары ж. б. мына ушулардын бардыгы орчундуу орунду ээлеши шарт.

г) Окуучулардын турмуштук тажрыйбасына таянуу. Бардык предметтерди окутууда мүмкүн болгон бардык учурда илимий билимдерди таанып билүүнү турмуштук методдор менен салыштырып, конкреттүү мисалдардын жардамы менен таанып билүүнүн илимий методдорунун артыкчылыгын көрсөтүү керек.

Мисалы окуучулар өздөрүнүн турмуштук тажрыйбасынан жылуулуктун булагы канчалык жакын болсо ошончолук жылуу болоорун билишет, ошондуктан, мисалы кышында эшиктен үшүп келген киши мешке (жылуулуктун булагына) жакындайт. Муну балдар жакшы билет. Жер планетабыз үчүн Күн жылуулуктун булагы болуп эсептелет. Демек, Күнгө жакындаган сайын аба жылуу болуш керек. Бирок, турмушта андай эмес: биз жердин бетинен канчалык бийигирээк жогоруласак андагы аба ошончолук суук, бийик аскалуу тоонун чокусу түз жерге караганда Күнгө (жылуулуктун булагына) алда канча жакын, бирок ошого карабастан андагы аба түз жердегиден алда канча суук, ошондуктан аскалуу тоонун башындагы мөңгүлөр жайдын ысык күндөрүндө да анча эрибей жатпайбы. Бул кубулуштарды кантип түшүндүрүүгө болот? Эгерде окуучулар жалаң эле өздөрүнүн турмуштук тажрыйбасына, турмуштук билимине таянган болсо, анда жогорудагы суроого алар далилдүү жооп бере алышпайт. Чындыгында күндүн нурунан адегенде жердин бети ысыйт, андан кийин жердин бетинин ысышынан аба жылыйт. Демек, жердин бетинен (жылуулуктун булагынан) канчалык жогору алыстасак биз ошончолук сууктукту сезебиз.

Мына ушул сыяктуу мисалдарды кароонун негизинде адамдардын күндөлүк турмушунда мындай байкоолор жана жалпылоолор коп эле кездеше тургандыгы бирок, аларда айрым так эместиктердин болушу табийгый көрүнүш экендиги жөнүндө окуучуларга түшүндүрүү керек. Турмуштук билимдер көзгө даана байкалган сырткы кубулуштарды гана чагылдырат жана анын себеп-натыйжа байланыштарын өнүгүү процессинин мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана кыймылдаткыч күчтөрүнүн түпкү маанисин толук ачып бере албайт.

Турмуштук билимдердин мына ушундай кемчилдиктеринен улам акыйкаттарды атайын методдордун жардамы менен ачууга багытталган илим тармактары пайда болгон.

Демек, методдор жөнүндөгү маалыматтарды кезек кезеги менен бардык предметтер боюнча сабактардын мазмунуна кийирип, окуучуларды акырындык менен илимий таанып билүүнүн заманбап методдорун түшүнүүгө көнүктүрүү керек, ошондо гана алар окумуштуулардын

илимий акыйкаттарды ачуу жолундагы азаптуу жана сыймыктуу ишмердүүлүгүнө кызыга башташат.
д) Илимдердин негиздерин үйрөнүү багытындагы практикалык иштерди кеңейтүү. М: лабораториялык жана табигый шарттардагы тажрыйбалык иштер, өлчөө жана эсептөө жумуштары, өндүрүштүк мазмундагы маселелерди чыгаруу ж.б.
е) Окуучулардын турмуштук кызыктуу суроолоруна жооп берүү. Күндөлүк турмуштагы түшүнүксүз кубулуштардан улам окуучуларда көп сандаган ар түрдүү суроолор пайда болот. Мугалим ал суроолорго жооп берүүдөн, баш тартпай дайыма толук, түшүнүктүү жана далилдүү жооп бериши зарыл.

5. Предметтик ички жана предметтер аралык сырткы байланыштарды ишке ашыруу
Дүйнөдөгү бардык нерселер өз ара бири бири менен бекем байланышта өнүгөт. Ал эми жаратылыштагы жана коомдогу өз ара обьективдүү байланыштарды таанып билүү - мектептик билим берүүнүн бирден бир милдети. Предметтик ички байланыш - бул окуучунун түшүнүктөрдү бөлүмдөрдөгү өз ара логикалык байланышында, бирин экинчиси улаган таризде өздөштүрүүсүн талап кылат. Мисалы, эгерде окуучу «тездетүү» түшүнүгүнө аныктама берсе, анда ал ошол аныктамага өбөлгө боло турган түшүнүктөрдү (ылдамдык, убакыт) билүүгө тийиш.
Химиялык Авагадро законун түшүнүп билүү үчүн окуучу сөзсүз грамм-молекула, грамм-молекулалык көлөм жөнүндөгү түшүнүктөрдү билиши шарт. Биологиялык «ген» түшүнүгүн өздөштүрүү үчүн окуучудан адегенде «хромосом» түшүнүгүн жакшылап билүү талап кылынат. Турактуу ток жөнүндөгү бөлүмдү өздөштүрүү адегенде сөзсүз электростатика бөлүмүндөгү билимдерди, ал эми тукум куучулуктун хромосомдук теориясын түшүнүү үчүн адегенде цитология областындагы бир катар түшүнүктөрдү билүү талап кылынат.
Предметтик ички байланыш ар кандай окуу предметтеринде ар түрдүүчө: мисалы математикада мындай ички байланыш тарых, география ж. б. предметтерге караганда бир кыйла көп.
Мурда өздөштүрүлгөн билимдер жаңы билимдерди өздөштүрүүгө, көпчүлүк учурда жардам берет, бирок кээде тоскоолдук да кылат. Жаңы билимдер эски билимдерди тереңдеткен же аны кеёейте турган учурларда жаңыны түшүнүп өздөштүрүү жеңилирээк болот. Мисалы, окуучулар айлананын аныктамасын: бардык чекиттери борбор деп аталуучу бир чекиттен бирдей алыстыкта жайланышкан тегиздиктеги фигура катары билишет. Мына ушул аныктаманын негизинде алар эч кыйынчылыксыз эле сфера түшүнүтүнүн аныктамасын айта алышат. Мында алар «тегиздиктеги» деген сөздү «мейкиндиктеги» деген сөз менен алмаштыруу гана керектигин көрүшөт. Демек, экинчи аныктама биринчи аныктамадан келип чыгат, башкача айтканда мурдагы билим жаңы билимди аң-сезимдүү өздөштүрүүгө жардам берди.
Бирок, кээде мурда окулуп өздөштүргөн материал ага окшош жаңы материалды өздөштүрүүгө тоскоолдук кылат. Мисалы, окуучулар санды натуралдык санга көбөйткөндө бөлчөк сан чоёоерун билишет, эми күтпөгөн жерден санды бөлчөккө көбөйткөндө ал сан кичирейе турганын көрүшөт.
Ошондой эле окуучулар санды натуралдык санга бөлгөндө ал сан кичирейе турганын билишет, эми күтүлбөгөн жерден эле санды бөлчөккө (дурус бөлчөккө) бөлгөндө ал сан чоңое турганын көрүшөт. Ошондуктан бул учурда окуучулардын мурдакы билимдери жаңы материалды түшүнүүгө тоскоолдук кылышы ыктымал.
Эгерде билимдер окуучуларга белгилүү системага ылайык берилсе, башкача айтканда жаңы фактылар жана закон ченемдүүлүктөр мурда өздөштүрүлгөн материалдын логикалык натыйжасы катары келип чыгып, аны андан ары өнүктүрсө, анда окуучулардын алган билимдери аң-сезимдүү да, бекем да болот. Мурда өздөштүргөн фактылар окуучулардын жаңы билимдерди алышына база болот. Ошондуктан жаңы материалды түшүндүрүүнү мурункуларды эске салуудан баштоо керек. Жаңы материалды түшүндүрүүгө керектүү фактыларды, эрежелерди, закондорду ж. б. мугалим кыскача окуучулардын эсине салат (көп учурда), мугалимдин талабы боюнча окуучулар өздөрү эстешет. Жаңы билимдер эски билимдерди кеңейтүү жана башка учурда колдонуу аркылуу мурункулардан «өсүп өнүгүп чыга» турган

учурлар көп кездешет.
Мисалы, Австралиянын климатын окуп үйрөнүүдө бир мугалим төмөндөгүчө иштеди. Буга чейин окуучулар Австралия материгинин географиялык абалы жана анын рельефинин өзгөчөлүктөрү менен таанышышкан. Физикалык географиянын баштапкы курсун үйрөнүүдө окуучулар климат жөнүндө, анын географиялык кендиктен, деңиз деңгээлине карата бийиктиктен, үстөмдүк кылуучу шамалдардан, океанга салыштырмалуу жайланышынын көз карандылыгы жөнүндө, жыл ичинде температуранын өзгөрүшү жөнүндө жалпы түшүнүк алышкан. Азыркы сабакты өткөрүүдө мына ушулардын бардыгы эске алынды. Бул сабакта окуучуларга төмөнкү үч негизги суроону чечмелеп түшүндүрүү керек эле.
1) Австралиянын климатына пассаттардын жана муссондордун таасири;
4) Өлкөнүн Батыш жана Борбордук бөлүктөрүндө кургак чөлдүк климаттын көбүрөөк болушу;
5) Чыгыш жана Түндүк Австралияга нымдуу климаттын үстөмдүк кылышы.
Жумуш төмөндөгүчө башталды. Мугалим окуучуларга: атластан пайдаланып Австралиянын ээлеп турган орду жөнүндө эскерүүнү, андан кийин ошол материкти курчап турган океандардын аттарын контурдук карталарда жазып көрсөтүүнү сунуш кылды. Андан кийин окуучулар климаттык карта боюнча Австралия кайсы климаттык алкакта жайгашканын белгиледи. Мына ушул тапшырмалардын атка- рылышын текшерип чыгып, мугалим ал тапшырмаларды окуучулардын бардыгы аткаргандыгына ишенди да, андан кийин суроолорду чечмелеп иштеп чыгууга киришти.
Балдарга жаан-чачындар картасы боюнча Австралиянын бардык территориясында бир калыпта жаайт же жаабай тургандыгын аныктоо; балдарга климаттын нымдуулугуна материктин океанга салыштырмалуу ээлеп турган орду кандай таасир этээрин эстеп көрүү жана эмне үчүн Австралиянын территориясында жаан-чачындар бир калыпта эмес жаай турганын ойлоп көрүү боюнча тапшырма сунуш кылынды.
Мына ушул суроолорго жооп берүүдө окуучулар өздөрүнүн муссондор жана пассаттар жөнүндөгү, алардын жаан-чачындардын болушуна тийгизүүчү таасири жөнүндөгү бардык билгендерин зеке түшүрүштү. Андан кийин өлкөнүн жаан-чачындар картасы менен физикалык картасын салыштыруу аркылуу алар төмөнкүнү белгилешти: материктин чыгыш жагында жайлашкан тоолор нымдуу абанын массасын анын борбордук жана батыш бөлүктөрүнө өткөрбөй тосуп турат, ошондуктан жаан-чачындар өлкөнүн чыгыш бөлүгүндө көп жаайт.
Ошондон кийин дагы бир тапшырма аткарылды: изотерм картасынан жана физикалык картадан пайдаланып окуучулар эмне үчүн борбордук Австралияда жогорку температура көп болоорун белгилешти.
Кайсыл шамалдардын таасири менен жана жылдын кайсы мезгилинде Австралиянын Батыш бөлүгүндө жаан-чачындар көп болоору да дал ошондой эле жол менен белгиленди.
Сабактын акырында кыскача жыйынтыктоочу аңгеме өткөрүлүп окуучулар жаңы билимдерин системага келтиришти.
Бул сабак кандай айырмалуу сапатка ээ?
*Биринчиден,* жаңы билимдерди өздөштүрүү иши бүткүл сабак бою ишке ашырылды.
*Экинчиден,* жаңы түшүнүктөр окуучулардын мурдагы өздөштүргөн билимдерин жаңы кырдаалда колдонуу жана кеңейтүү жолу менен калыптандырылды. Мунун өзү окуучуларга мурунку сабактардан ал гана эмес мурунку жылдарда өздөштүргөндөрүн кайталоого жана географиялык билимдердин жалпы структурасына кайрадан кайрылууга мүмкүнчүлүк берди.
Ошентип, предметтик ички байланыштарды ишке ашыруу негизинен төмөнкүлөрдөн турат:
6. Материалдын мазмунундагы себеп-натыйжалык байланыштарды өнүктүрүү. Берилген сабактын мазмунун мурда өтүлгөн жана өтүлө турган сабактардын мазмуну менен өтмө катар байланыштыруу.
7. Жаңы билимдерди жемиштүү өздөштүрүүнүн зарыл шарты катары таяныч билимдерди дайыма такай, кайталоо.
8. Сабактын максатын коюуда мурда окулуп өтүлгөндөр менен байланыштарды белгилөө.

9. Окшоштуктарды, салыштырууларды пайдалануу.

10. Мурда окулуп өтүлгөн билимдердин жаңы сапаттык баскычка карай өнүгүшү.

*Предметтер аралык байланыш* — бул окуу предметтеринин арасындагы обьективдүү максатка ылайыкташкан мазмундук дал келүүчүлүк. Мындай өз ара байланыштарды окутуунун мазмунун, формаларын, методдорун жана ыкмаларын аныктоодо эске алуу зарыл.

Предметтер аралык байланыш мектеп программаларындагы жалпы мазмундагы материалдарды ажыратып берүүдө ачык көрүнөт. Мындай жалпы мазмундагы материал, биринчиден, түшүнүктөр, фактылар жана закондор (закончenемдүүлүктөр) түрүндө, экинчиден, билгичтиктер жана көндүмдөр түрүндө туюнтулат.

Ар бир окуу предметинин предметтер аралык байланышы биринчиден, предметти окуп үйрөнүүнүн максатына экинчиден, предметтер аралык материалдын түрүнө, үчүнчүдөн, аны пайдалануунун убактысына көз каранды, ал бирдей билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырууга пайдаланылат.

Жогоркулардын негизинде предметтер аралык байланышьын төмөнкүдөй үч тибин бөлүп көрсөтүүгө болот:

4) обьективдүү байланыш (үйрөнүлүүчү материалдын көлөмү, окшош билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруунун көлөмү боюнча);

5) мазмундук байланыш (байланыштырылуучу окуу предметтери үчүн жалпы болгон предметтер аралык материалдын мүнөзү боюнча);

6) мезгилдик байланыш (предметтер аралык материалды пайдалануунун убактысы боюнча).

Предметтер аралык байланышты ишке ашыруу боюнча мугалим төмөнкүлөрдү мыкты билүүгө тийиш.

> Берилген темага байланышкан материал кайсы окуу китепте экендигин?

> Берилген окуу материал бул предметке байланышкан башка предметтерде (тутумдаш предметтерде) качан окула тургандыгын?

> Тутумдаш предметтеги материалдын мазмунун (фактылар, закондор, мисалдар, цифралар).

> Өзүңдүн сабагыңа жакын предметтеги керектүү материалды пайдаланууда кандай методикалык ыкманы колдонуу керек экендигин?

Бул төрт суроонун биринчи экөөнө жоопту окуу программаларынан табууга болот. Азыркы бардык типтүү окуу программаларындагы ар бир темада «предметтер аралык байланыш» деп аталган атайын бөлүм бар.

Үчүнчү суроого жооп берүү үчүн тутумдаш предметтин окуу китебиндеги материалды окуп үйрөнүү гана керек. Төртүнчү суроого жооп берүү үчүн төмөнкү ыкмалардан пайдаланууга болот.

4.5. Таяныч материалды мугалим өзү кайталап түшүндүрөт. Бул ыкма мугалим убакытты үнөмдөгүсү келген учурда натыйжа берет, (анткени, айтып берүүгө же далилдеп берүүгө караганда аңгеме өткөрүүгө убакыт көп сарп кылынат). Бул ыкманы мугалим аңгеме өткөрүүдө окуучулардын билими жетишсиз экендигин күн мурунтан билген учурда пайдалануу керек. Албетте, бул ыкманы көп пайдаланууга болбойт, анткени мында окуучулар керектүү материалды кайталоого түздөн түз катышышпайт.

4.6. Таяныч материалды окуучулар үйдөн кайталап келишет. Мугалим тутумдаш предметтерден керектүү материалды кайталап келүүгө алдын ала тапшырма берет. Убакытты үнөмдөө максатында жана мындай тапшырма сөзсүз рационалдуу аткарылсын үчүн үй тапшырмасында китептин параграфтарын гана эмес зарыл түрдө билүүгө керектүү болгон башкы, негизги материалды камтыган абзацтарды да кошо көрсөткөн жакшы. Көп учурда мугалимдер кайталоону кандайча жүргүзүү керек экенин да эскертишет.

4.7. Таяныч материал тиешелүү предмет боюнча сабактарда кайталанат. Бул учурда, мисалы, физика мугалими физика боюнча жаңы материалды өздөштүрүүгө база түзүү үчүн математика мугалими менен математика сабагында кайсыл окуу материалын кайталоо керек экендиги жөнүндө алдын ала макулдашып алат.

4.8. Таяныч материалды окуучулар түздөн түз класста кайталашат. Мисалы, VI класста «Күч - вектордук чоңдук» деген теманы түшүндүрүүнүн алдында физика мугалими окуучуларга V класстын физикалык география окуу китебин таратып берет да ( бул китептерди ал күн мурунтан китепканадан алат), аларга «Пландын масштабы» деген теманы кайталап чыгууну сунуш кылат. Бул теманы кайталоодо окуучулар күчтү график түрүндө туюнтуу үчүн белгилүү аты бар масштабды тандап алуу зарыл экен деген ой тыянакка өз алдынча келишет.

Таяныч материалды тектеш предметтердин мугалимдери өз учурунда колдонушкан куралдардын, таблицалардын, окутуунун башка турдөгү көрсөтмө каражаттарынын жардамы менен, алдын ала формулалар, эрежелер, сүрөттөр, аныктамалар, жазылып даярдалган алып жүрүүчү доскалардын, кодопозитивдердин, « консультант-таблицалардын» жардамы менеп кайталоо ыңгайлуу жана пайдалуу. Мисалы, мындай «консультант таблицаларга» башка окуу предметтеринен керектелинүүчү таяныч материал гана эмес, андан тышкары кайталануучу тиешелүү окуу китептер, алардын параграфтары жана абзацтары жазылат, ал материал менен кандайча иштөө керек экендигине көрсөтмөлөр берилет (кайталагыла, аныктамаларды, жазып алгыла ж. у. с.). Мындай таблицаларды тиешелүү тема өтүлөөрдөн бир жума мурда кабинеттерге илип коюу керек. Кайталоого керектүү материалды бүткүл тема боюнча даярдап алган жакшы, бирок алардын ичинен ар бир сабакка керектүүсүн бөлүп көрсөтүү керек. Материалдарды тандоого жогорку класстардын окуучуларын тартуу да максатка ылайык. Тажрыйбалуу мугалимдер жаңы окуу материалын түшүндүрүүдө да, аны бышыктоодо да кайталоонун материалына таянат. Мына ошондуктан таяныч куралдар бүткүл сабак бою окуучулардын көз алдында болуусу зарыл.

Таяныч материалды кайталоодон мурда мугалим ага болгон муктаждыкты көрсөтүүгө тийиш, башкача айтканда кайталоодон мурда окуучуларды ага кызыктырууга тийиш: мугалим сабакта өтүлүүчү жаңы окуу материалын түшүнүп өздөштүрүү үчүн башка предметтерде окулуп өтүлгөн билимдер керек болоорун, аларды кайталоо зарыл экендигин окуучуларга жөнөкөй жана жеткиликтүү түшүндүрөт. Көп учурда билимдерди өндүрүштүк ишмердүүлүктө колдонуу үчүн, белгилүү кесипке ээ болуу үчүн таяныч материалды терең билүүнүн мааниси жөнүндө кеңири түшүндүрүү зарыл.

Албетте, предметтер аралык байланышты ишке ашырууну мугалим тутумдаш предметтердин программаларынынын түшүнүк каттарын, башка бөлүмдөрдү толук окуп талдоодон, ошол окуу предметтеринин "тогошуу точкаларын аныктоодон жана аларды окуп үйрөнүүдөн баштоого тийиш. Андан кийин бир бөлүмү «предметтер аралык байланыштан» туруучу календарлык тематикалык пландарды түзүү жана аларды практикада колдонуу иши башталат. Бул пландарда тутумдаш предметтердин кайсыл материалын ар бир ачык-айкын теманы окуп үйрөнүүдө пайдалануу керек экендиги керсөтүлөт, мында ошондой эле сабактарга даярдык көрүү иретинде мугалимдердин жана окуучулардын иштерин уюштуруу да белгиленет. Мисал катарында VI класс үчүн физика боюнча түзүлгөн мына ушундай пландын бир бөлүгүн келтиребиз.

Мындай пландардан пайдалануу мугалимге да, окуучуларга да предметтер аралык байланышты ишке ашырууда чоң жардам берет. Бирок, мындай пландарды түзүү мугалим үчүн өтө эле татаал, түйшүктүү иш. Ошондуктан мындай пландардын ордуна башка принципте түзүлүүчү тематикалык пландардан пайдаланууга болот. VII класс үчүн физика боюнча түзүлгөн ушундай пландын бир бөлүгүн келтирели.

**Лекциялык №7-сабактын темасы:**

## Сүрөт өнөрүн окутуунун методдору жана аларды тандоого таасир этүүчү факторлор.

***(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,45)***

**Сабактын максаты:** Окутуунун оозеки, көргөзмөлүү жана практикалык методдорун студенттердин сабактарында практикалап көнүктүрүү(Окутуунун методдору жөнүндөгү теориялык билимдерди ,практикалык билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу)

**Лекциянын планы:** 1.Окуутунун методдору жөнүндө жалпы түшүнүк.2.Окутуу, үйрөтүү жана окуп үйрөнүү методдору. Көрсөтмөлүү метод. Практикалык метод. Репродиктивдүү метод. Изденүү методу. Индуктивдүү метод. Өз алдынча иштөө методу.

3.Окутуу методдорунун дидактикалык мүнөздөмөсү. Лекция, семинар, талкуу методдору.**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с.

2.Койнова – Цельнер Ю.В. Башталгыч мектепте активдүү окутуунун педагогикалык технологиялары. – Б.: 2011. 144-б.

3.Бекбоев И., Алимбеков А. азыркы сабакты даярдап өтүүнүн технологиясы. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн. –Б.: Бийиктик, 2011. - 192 б.

**Кошумча адабияттар:** Диссертациялар, гезит, журналдар ж.б.

**Текшерүү суроолору:**

1.Метод деген эмне?

2.Окутуунун методдорун тандоого кандай факторлор таасир берет?

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** синквейн

**Компетенциялар картасы:** КК-14, КК-1

<table>
<tr><td colspan="4">5.1.7. 7-тема. Көркөм сүрөт өнөрүн окутуунун методдору жана аларды тандоого таасир этүүчү факторлор</td></tr>
<tr><td>Компетенциялар</td><td colspan="3">КК-14 Окуу процессин балдардын өз алдынча көркөм ишмердүүлүгүнө кызыгуусун өнүктүрүү жана калыптандыруу үчүн уюштурууга жөндөмдүү. КСӨ, ДКӨ, көркөм эмгек.<br>КК-1 Кесиптик маселелерди чечүү үчүн өзүнүн психолого-педагогикалык компетенттүүлүгүн жана педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдаланууга даяр жана жөндөмдүү</td></tr>
<tr><td>ДОН(РОд)</td><td colspan="3">Сабак процессинде окуучулардын көрөкөм өнөргө болгон кызыгуусун,окуу мотивдерин калыптандыруунун методдорун,каражаттарын жана принциптерин билет ( КК-14)<br>Окуучулардын көркөм чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштурууга жөндөмдүү (КК-14)<br>Элдик кол өнөрчүлүктүн баалуулуктарын тарбия каражаттары катары колдонуу көөндүмдөрүнө ээ болот(КК-14)<br>Компетенттүү сүрөткер – педагог катары илимий-изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдалана билет( КК-1)<br>Окуу - тарбиялык процессте алдынкы педагогикалык тажрыйбаларды колдонууга жөндөмдүү (КК-1)<br>Сабактардын илимийлүүлүк принциптерин жөндөө тажрыйбаларына ээ болот (КК-1)</td></tr>
<tr><td>Теманын максаты</td><td colspan="3">Окутуунун оозеки, көргөзмөлүү жана практикалык методдорун студенттердин сабактарында практикалап көнүктүрүү(Окутуунун методдору жөнүндөгү теориялык билимдерди ,практикалык билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу)</td></tr>
<tr><td rowspan="3">Теманын окутуунатыйжалары (РОт)</td><td>лекция</td><td>2с.</td><td>Окутуунун методдорун жана аларды тандоо принциптерин билет жана түшүнөт.</td></tr>
<tr><td>Практ.</td><td>3с.</td><td>Окутуунун методдорун сабактын мазмунуна жараша тандоо, жөндөө жана ишке ашыруу көндүмдөрүнө ээ болот</td></tr>
<tr><td>СӨАИ</td><td>5с.</td><td>Сабактын мазмунуна жараша окутуунун түрдүү методдорун тандап алып сабак өтүү көндүмдөрүн ээболот.</td></tr>
</table>

| № | *Сабактын баскычтары* | *Баскычтардын максаты* | *Окутуучунун ишмердүүлүгү* | *Студенттин ишмердүүлүгү* | *Методдор, механизмдер* | *Окутуунун натыйжалары* | *Сабактын жабдылышы* | *Убактысы* | *Баалоо формасы* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Уюштуруу убагы | Сабакты ыңгайлаштыруу. | Даярдыгын көзөмөлдөө | Окутуучунун талаптарын алдын ала аткаруу. | | ОН-жазылып доскага илинет. | Керектүү каражаттар. | 5 мин. | |
| **2** | Өткөн материалды суроо. | Өздөштүрүүнүн ырааттуулугун сактоо. | Суроо берүү | Жооп берүү, өз пикирлерин билдирүү. | | - | Суроолор тизмеги. | 8 мин. | |
| **3** | Жаңы темага мотивдештирүү. | Сабакка мотивдештирүү. | Интеракт. көнүгүү жасатуу. | Доскада жазылган темага ой жүгүртүү. | | ОН-жөнүндө түшүнүк берүү. | Дисцип.ОН-жөнүндө маалымат. | 4 мин | |
| **4** | Жаңы теманы өтүү. | Сабактын мазмунун түшүндүрүү. | Жаңы теманы өтүү. | Көңүл буруу, конспект жазуу. | | ОНдун негизинде түзүлгөн текст. | Проектор, Слайддар,лекциянын тексти. | 45 мин. | |
| **5** | Бышыктоо. | Алган билимин бекемдөө. | Суроолорду берүү. | Суроолорго аргумент издөө. | | ОНдун негизинде түзүлгөн суроолор. | Суроолор тизмеги. Карточк. | 10 мин | |
| **6** | Жыйынтыктоо. | Тыянак чыгаруу. | Материалды жалпылоо. | Материалдын түшүнбөгөн бөлүгүн тактоо. | | Тыянактардын ОНго туура келиши. | Проектор, Слайддар. | 6 мин | |
| **7** | Студенттердин сабактагы активдүүлүгүн баалоо. | Моралдык стимул берүү. | Баалоо каражат. менен баалоо. | Тесттик ж.б. суроолорго жооп берүү. | | Компетенциялар калыптандыбы ?Анализ. | Баалоо каражат. | 12 мин | |

**Окутуу методу жөнүндө жалпы түшүнүк.**

Сабактын натыйжасы окутуу методдору аркылуу камсыз кылынат, б.а., сабактын максат, милдеттери канчалык так аныкталбасын анын чындыкка айланышы тикедентике окутуу методдорунан көз каранды. Бирок, окутуунун ийгиликтүүлүгү анын максаттарынын кандай болушуна жана материалдын мазмунуна гана көз каранды эмес, ал ошондой эле коюлган максаттарга жетишүүнүн жолу кандай болушуна, б. а. окутуу методунун кандай экендигине да көз каранды.

Окутуунун методу деп эмнени түшүнүү керек?

Ар кандай метод (мисалы столду жасоо ыкмасы ж.б.) коюлган максатка ылайык келүүчү натыйжага жетишүүнү камсыз кылуучу адамдын аң-сезимдүү, белгилүү ырааттыкта аткарган иш-аракеттеринин системасы экендиги белгилүү.

Демек, ар кандай метод төмөнкүлөрдү:

а) максаттын коюулушун;

б) адамдын ишмердүүлүгүн (аракеттеринин системасын);

в) зарыл болгон (интеллектуалдык, практикалык, пред- меттик) каражаттарды;

г) обьектинин өзгөрүү процессии (обьекттин максатка багытталган кыймылынын механизмин);

д) максатка жетишүүнү камтыйт.

Окутуу методу жалпы түрдөгү алынган методдордон кескин түрдө айырмаланат: мында мугалимдин таасир этүүсүнүн обьектиси - окуучу, коюлган максатка жетишүү дал ошол окуучунун эркине жана кызыкчылыгына көз каранды болот. Демек, окутуу методдорунда мугалимдин керектүү каражаттарды колдонуу менен аткарган иштери окуучуда максат келип чыккандай жана анын өзүнүн ишмердүүлүгү ошол максатка жетишүүсүн камсыз кылгандай болуп уюштурулушу зарыл. Демек, окутуунун үзүрлүү жана жемиштүү болушу балдардын окуп үйрөнүү ниети, таанып билүү дилгирлиги, билим билгичтиктерге аң-сезимдүү, өз алдынча ээ болуу жаатындагы жигердүү аракетине байланыштуу.

Бирок, педагогикалык процесстин эч ким тана алгыс мындай бир обьективдүү мыйзам ченемдүүлүгү бар. Окутуу, үйрөтүү жана окуп үйрөнүү методдору да мугалим тарабынан тандалат. Анын колдонулушунун натыйжалуулугу да мугалимден көбүрөөк көз каранды. Мугалим бул каражатты канчалык ийкемдүү колдоно билсе, анда ага жараша аталган каражат да ошончолук ийкемдүү да, мыкты да болот. Демек, колдонула турган методдорду жандандыруу, анын таасирин, натыйжалуулугун арттыруу мугалимдин билгичтигине, устаттыгына көбүрөөк көз каранды. Эгерде колдонулган ыкма ийкемдүү жана таасирдүү болуп, бирок аны мугалим натыйжалуу колдоно албаса, анда ал метод ойдогудай натыйжа бербейт. Ошондуктан окутуу методунун пайдалуулук даражасы эң алды ал методду пайдаланган мугалимдин шык-жөндөмү менен тыгыз байланышта каралат. Муну көңүл чордонунан чыгарууга болбойт.

Окуу иштеринде колдонулган белгилүү бир методдун дайым эле пайдалуу боло бербестиги көптөн бери эле талкууга алынып келет. Билим берүү жаатындагы адистер өтүлө турган билимдин мазмунун эле мыкты билүү жетишсиздигин, аны менен катар кантип окутуу жана кандай жаңы методдорду өздөштүрүү, колдоно билүү зарылдыгына өзгөчө басым жасашууда. Ал эми мурдагы мезгилдерде, тилекке каршы, кээ бир окумуштуулар билимдин мазмунун мыкты билип, бирок окутуу методдору жаатында атайын билими жок мугалимдер деле окуу иштерин ийгиликтүү жүргүзө алышат деген акыйкаттан алые пикирге ык коюп келишкен.

Азыр андай талкуулар артта калды. Ошону менен бирдикте учурда билимди берүүгө караганда алууга, үйрөтүүгө караганда үйрөнүүгө артыкчылык берген таалим-тарбия концепциялары алдыңкы планга чыкты. Натыйжада, инновациялык окутуу парадигмаларына ыктаган мектептердин саны да мезгил өткөн сайын өрүш ала баштады. Ошентип, бүгүнкү күндө билим берүү чөйрөсүндө учурга шайкеш жаңы методдорду жайылтуу иши кыйла жанданды деп айтууга толук негиз бар.

Негизинен окуу иштерин окутуу методдорунун негизинде уюштуруунун төмөнкүдөй пайдалуу жактары бар:

> методго шайкеш жүргүзүлгөн окуу иштеринин натыйжасында күч-аракет, эмгек, курал-жабдык алда канча үнөмдөлөт;

> мындай окуу иштеринин максат-милдеттери алдын ала аныкталгандыктан, алардын аткарылып же аткарылбай жаткандыгын ар дайым көзөмөлдөп турууга шарт түзүлөт;

> методго шайкеш жабдыктарды туура тандоого мүмкүнчүлүк түзүлөт,

> сабакты өтүү убактысы туура бөлүштүрүлөт.

Окутуу методдорун натыйжалуу өздөштүрүү үчүн алардын ичинен кайсынысын качан колдонгондо пайдалуу болорун билүү зарыл.

Тактап айтканда, окутуу методдорун тандоо эмнеден көбүрөөк көз каранды болоорун аныктап алуу өтө маанилүү.

Дидактикада окутуу методдорун тандап алуу төмөнкү факторлор менен аныктала тургандыгы белгиленген.

- Окуучуларды окутуунун (билим берүүнүн), тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн негизги милдеттери (сабактын милдеттерин ишке ашырууга керектүү ар түрдүү методдорду салыштырып көрүп алардын ичинен эң мыкты натыйжа бере тургандарын тандап алуу).
- Окуу материалынын мазмунунун спецификасы.
- Колдонулуучу методдордун окуучулардын интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүнө туура келиши, окуучулардын даярдыгынын деңгээли.
- Материалды окуп үйрөнүүгө керектелинүүчү убакыттын мугалимде болушу.
- Мугалимдин методдорду билиши (анын методдорду пай- далана билүү, мүмкүнчүлүгү).

Методдордун айрым группаларын пайдалануунун мүмкүн- чүлүктөрү төмөнкү маалыматтар менен мүнөздөлөт.

Сөздүк методдор окуучуларга кыска убакыт ичинде чоң көлөмдөгү информацияны айтып берүүгө мүмкүнчүлүк берет, алардын абстракттуу ойлоосунун өсүшүнө түрткү берет. Бирок, сөздүк методдор окуучулардын материалды көрсөтмөлүү, образдуу типте ойлонуп өздөштүрүүсүн кыйындатат, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн өнүгүшүнө анча түрткү бербейт.

Сөздүк метод төмөнкүдөй шарттарда колдонулат:

- материал илимий-информациялык мүнөздө болсо;
- окуучулар оозеки информацияларды өздөштүрүүгө даяр болушса;
- мугалим башка методдорго караганда бул методду жакшы билип пайдаланса.

Көрсөтмөлүү методдо материалга көңүл буруу күчөйт, окутуунун эффективдүүлүгү жогорулайт, өзгөчө көрсөтмөлүү образ тибинде ойлогон окуучулар үчүн жакшы натыйжа берет. Бирок, көрсөтмөлүү метод абстракттуу ойлоону, өз оюн байланыштуу речь катарында айтууну өнүктүрбөйт, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү анча калыптандырбайт.

Көрсөтмөлүү метод төмөнкүдөй шарттарда:

- материалдын мазмуну көрсөтмөлүү формада туюнтулуп баяндала турган болсо;
- мугалимдин көрсөтмө куралдары бар болсо жана алар окуучуларга жеткиликтүү болсо колдонулат.

Практикалык метод теориянын практика менен байланышын бекемдейт, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандырат. Бирок бул метод теориялык билимдерди өздөштүрүүнү камсыз кыла албайт, байланыштуу речтин, абстракттуу ойлоонун өсүшүнө тоскоолдук кылат.

Практикалык метод төмөнкү шарттарда колдонулат:

- материалдын мазмунунда практикалык көнүгүүлөр, тажрыйбаларды жасоо, эмгек тапшырмаларын аткаруу камтылган болсо;
- окуучулар практикалык тапшырмаларды аткарууга даяр болушса;
- мугалимде окуу-материалдык куралдар, дидактикалык материал бар болсо.

Репродуктивдүү методдор информацияларды тез жана бекем эстеп калууну камсыз кылат, билгичтиктерди жана көндүмдүктөрдү калыптандырат. Бирок, бул методдор окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн, изденүү ишин толук өнүктүрө албайт.

Репродуктивдүү метод төмөнкү шарттарда колдонулат:

- материалдын мазмуну өтө татаал (же өтө жөнөкөй) болсо, анда бири экинчисинен логикалык түрдө келип чыкпай турган көп сандаган ар түрлүү фактылар, толуп жаткан цифралык же атайын маалыматтар камтылган болсо;
- окуучулар материалды проблемалуу окууга даяр эмес болушса;
- мугалимдин жетишээрлик убактысы болбосо.

Изденүү (изилдөө) методдору окуучулардын чыгармачылыктуу окуу, таанып-билүүчүлүк иш-аракетинин өсүшүнө, билимдерге терең аң-сезимдүүлүк менен өз алдынча ээ болуусуна мүмкүндүк берет. Бирок бул методдордо убакыт бир кыйла көп сарп кылынат, практикалык билгичтиктерди жана машыгууларды, өзгөчө эмгектик мүнөздөгү машыгууларды калыптандыруу жетиштүү түрдө ишке ашырылбайт.

Изденүү методдору төмөнкү шарттарда колдонулат:

- материалдын мазмуну орто татаалдыкта болуп, ал мурда окулуп өтүлгөндөр менен өз ара байланышта болсо;
- окуучулар материалды проблемалуу окуп үйрөнүүгө даяр болушса;
- мугалимдердин убактысы жетиштүү болуп изденүү методдорунан пайдаланганды жакшы билсе.

Индуктивдүү методдор жалпылоолорду, ишке ашырууга, индуктивдүү корутундулоолорду өнүктүрүүгө жардам берет.

Индуктивдүү методдору төмөнкү шарттарда колдонулат:

- материалдын мазмуну окуу китебинде индуктивдик метод менен баяндалып берилген болсо;
- окуучулар индуктивдүү ой жүгүртүүгө даяр болушса;
- мугалимдердин убактысы жетиштүү болуп индуктивдүү методдон пайдаланганды жакшы билсе (бул методдор көбүнчө башталгыч класстарда колдонулат).

Дедуктивдүү методдор дедуктивдик ой корутундулоолорду өнүктүрүүгө жардам берет.

Дедуктивдүү метод төмөнкү шарттарда колдонулат:

- материалдын мазмуну окуу китебинде дедуктивдик метод менен баяндалып берилген болсо;
- мугалим дедуктивдүү методдон пайдаланганды жакшы билсе.

Өз алдынча иштөө методдору көндүмдөрдү жана билгичтиктерди калыптандырат, окуучулардын эрктик сапаттарын өнүктүрөт, аракеттерине ишенимдүүлүктү калыптантат.

Өз алдынча иштөө методу төмөнкү шарттарда колдонулат:

- материал окуучулардын өз алдынча окуп үйрөнүүсү үчүн жеткиликтүү болсо;
- окуучулар материалды өз алдынча окуп үйрөнүүгө даяр болушса;
- окуучулардын өз алдынча иштерин уюштурууга керектүү тиешелүү дидактикалык материалдар жетиштүү болсо.

2. Окутуунун методдорун тандоого таасир этүүчү факторлор

Учурда окуу процессинде колдонулган көп сандаган окутуу методдору бар. Алардын кайсыларын качан колдонуу керек? Мугалимдер булардын ичинен ийкемдүүсүн тандоо үчүн ар кандай факторлорду жетекчиликке алат.

Алардын негизгилери төмөнкүлөр:

1. Мугалимдин методду колдоно билүү устаттыгы. Маселен, футболчу өзүнүн жөндөмүнө төп келген жерде мыкты ойноп, башка бир жерде андан алда канча начар ойношу ыктымал. Ошол эле сыяктуу айрым мугалимдер да өздөрү үчүн көндүм болгон окутуу методдоруна бекем таянып, аны дайыма колдонуу аракетинде болушу мүмкүн. Ал эми, эреже катары алар өздөрүнө көндүм болгон методдордун ордуна окуу иштеринин таасирдүүлүгүн жана башка натыйжалуулугун камсыз кыла турган башкача методдорду да өздөштүрүп колдонууга милдеттүү.
2. Убакыт жана физикалык мүмкүнчүлүктөр. Окутуу методун тандап алууга сабак өтүү убактысы жана колдо бар мүмкүнчүлүктөр таасир этет. Айталы, сабакта убакыт тар

болсо, мугалимдер көбүн эсе салттуу методдорго артыкчылык беришет. Окуучу таламдуу заманбап окутуу методдору убакытты да, физикалык мүмкүнчүлүктөрдү да көбүрөөк талап кылат. Маселен, класста топто талкуулоо ыкмасын колдонуу үчүн андагы орундуктар кыймылсыз, туруктуу болушу керек.

3. Чыгымдын наркы. Окутуу методдорун колдонуу ар кандай өлчөмдөгү чыгымдарды талап кылат. Маселен, суроо-жооп ыкмасы өзүнчө бир каржы керектесе, кайталап байкоо методу башка бир чыгымды керектейт. Ал эми долбоорлоо методун колдонуу үчүн ар кандай жабдыктарды сатып алуу зарыл.

4. Топтогу окуучулардын саны. Аз сандагы чакан топтордо окутуунун ар кандай методдорун колдонуу алда канча женил жана ийкемдүү. Маселен, 15-20 окуучудан турган бир класста топ-топко бөлүнүп иштөө, кырдаал-окуя, роль ойноо сыяктуу методдорду колдонуу ийкемдүү. Бирок, окуучулардын тобу көбөйгөн сайын суроо-жооп методун колдонуу кыйындай баштайт.

5. Теманын өзгөчөлүгү жана окуучунун өркүндөтүлө турган сапаттары. Окутуу методдору теманын зарыл деп эсептелген өзгөчөлүктөрүн окуучуларга жеткиликтүү кылуу үчүн өркүндөтүлөт. Бул жагынан тема менен метод ар дайым ажырагыс байланышта болот. Демек, мугалим өтүлө турган теманын өздөштүрүлүшү үчүн эң ийкемдүү методду тандап алууга милдеткер. Маселен, тарых сабагына тиешелүү бир тема үчүн түшүндүрүү методу ылайык болсо, химия сабагына байланыштуу бир тема үчүн лабораториялык тажрыйба жүргүзүү методу натыйжалуу. Ал эми кандайдыр бир кесипке үйрөтүү сабагында жасап көрүү аркылуу үйрөнүүгө негизделген методдор гана ийкемдүү деп эсептелиши шарт.

6. Мугалимдин адамкерчилиги. Мугалимдик кесиптин башка кесиптерден эң башкы айырмалуу жагы анын адамдык жеке сапаттар менен аныкталганында. Анткени, класс чөйрөсүндө адамдар арасында алака-катыш өкүм сүргөндүктөн, бул чөйрөдө жүргүзүлгөн окуу тарбия иштеринин ойдогудай болушуна мугалимдин адамдык сапаттары өз таасирин тийгизбей койбойт.

3. Окутуу методдорунун дидактикалык мүнөздөмөсү жана аларды натыйжалуу колдонуу.
Учурда сабакта колдонулуучу окутуу методдорунун жана ыкмаларынын түрлөрү өтө көп. Азыркы дидактикалык адабияттарда окутуу методдорун классификациялоонун бир катар варианттары берилген. Сунушталып жаткан эмгеги биздин мугалимдерге арналып жаткандыгын эске алуу менен, сөз болуп жаткан маселелердин теориялык аспектилерине азыраак токтолууга аракет кылдык. Биздин оюбузча, мугалим окутуу методдорун максатка ылайык тандап алуу үчүн алардын ар биринин пайдалуу жана чектелүү жактарын жакшылап айырмалай билиши зарыл. Ошондуктан төмөндө биз азыркы окутуу процессинде колдонулган айрым салттуу жана жаңы методдордун артыкчылыктарын, чектелүү жактарын талдоого алып, аларды туура колдонуу боюнча айрым кеңештерибизди сунуштадык.
Айтып берүү.
*Айтып берчү* - мектепте эң көп колдонулган окутуу ишинин эң эски монологдук методу. Мында кыска убакыт ичинде көп материалды түшүндүрүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Мугалим окутуу методдорун колдонуучу катары темага байланыштуу билимди сабакка жандуу катыша албай отурган окуучуларга жеткирүүнү ишке ашырат. Айтып берүүдө түшүндүрүүгө басым жасалгандыктан, оозеки түшүндүрүүнү талап кылган сабактарда арбын колдонулат. Мында негизинен окуучулар пассивдүү абалда болуп, айтып берүү учурунда алардын суроо берүү жана ойлогон оюн айта билүү мүмкүнчүлүгү чектелүү болгондугу үчүн таасирдүү метод катары кабылданбайт. Анткени, адамдар үйрөнгөндөрүнүн ичинен 10%ын окуу, 20% ын угуу, 30% ын көрүү, 50% ын угуп көрүү, 70% ын айтып берүү, 90% ын жасап көрүү жана айтып берүү аркылуу үйрөнөт. Ушуларды эске алуу менен бул метод окутуу жаатында таасирдүү боло бербестигин айтууга болот. Бирок, буга карабастан, бул метод мурда кандай болсо, бүгүн да, эртең да мугалимдер тарабынан ошол эле тейинде колдонула берерине шек саноого болбойт. Анткени, мугалимдин оозеки кеп аркылуу окуучуларга маалымат жеткирүү муктаждыгы

сабактын ар кандай этабында пайда боло берет.
Айтып берүү методунун артыкчылыгы эмнеде?

1. Көп сандагы окуучуну камтыган топтордо билим берүүгө ыңгайлуу.
2. Аз убакытта көп маалымат берүүгө болот.
3. Окуу материалы ырааттуу жана системалуу баяндалат.
4. Мугалим борбордо болуп сабак учурунда анын кандайдыр бир күтүүсүз кырдаалга туш келе бербегендигинен улам өзүнө болгон ишеничи артат.
5. Иш жүзүндө колдонууга жеңил, нары үнөмдүү.

Айтып берүү методунун чектелүү жактары эмнеде?

1. Тыңдаган нерселердин кызыктуу жана керектүү жактарынын кабылданып кабылданбаганын аныктоо кыйынчылык туудурат.
2. Окуучулар дээрлик пассивдүү абалда болушат.
3. Окуучулар мугалимдин айткандарын милдеттүү түрдө кабылдоого мажбур болот. Анткени алдын ала даярдыгы жок окуучуларга, маалыматтын жападан жалгыз ээси болгон мугалимдин айткандарын кабылдоодон башка мүмкүнчүлүк калбайт.
4. Жаттоо жана кайталоо жолдору аркылуу алынган билимден алда канча жогорку деңгээлде турган ой-сезимин аракетке келтирүү ишмердүүлүгүн баштан кечире албайт.
5. Узак жана тез-тез кайталанган мугалимдин кеби тез эле тажатып жиберет.
6. Оозеки пикир алышуу жөнүндө сөз болгондуктан, абстракттуу маалыматтын мазмунун жеткирүү үчүн кошумча түшүндүрүү зарылдыгы туулат.

Аталган методдун бул өңдүү кыйынчылыктарына карабай, буга чейин белгиленгендей, зарыл болгон учурларда түшүндүрүү методун колдоно берүүгө болот.
Айтып берүү методунун натыйжалуулугун арттыруу үчүн эмнелерди жасоо керек?

• Баяндалып жаткан материалдар илимий акыйкаттарга негизделип, фактылар далилдүү, ынанымдуу болушу зарыл;
• Айтылган кеп мүмкүн болушунча кыска, нуска жана түшүнүктүү болуш керек;
• Баяндоо окуучулардын ойлоо маданиятын өстүрүүгө өбөлгө болгондой белгилүү логикалык жактан ырааттуу болушу керек;
• Үн жагымдуу чыгып, бардык окуучуларга текши угулуп туруш керек;
• Кээде үндү басыңкы же көтөрүңкү чыгарууга аракеттенүү керек;
• Көмөкчү иллюстративдик материалдардын өз орду менен пайдаланылышы жана алардын бир гана максатты - темадагы негизги түшүнүктү же идеяны толугураак ачып берүүгө кызмат кылышы керек;
• Окуялардын, кубулуштардын элесин, инсандардын турум-турпатын, бейнесин окуучулардын көз алдына келгендей жандуу, образдуу, таасирдүү, көрсөтмөлүү баяндоо зарыл;
• Баяндоо окуучулардын эркин, акыл-эсин, сезимдерин бийлеп, эч жылдырбай тартып аларлык деңгээлде таасирдүү эмоционалдуу бол ушу керек;
• Мугалимдин речинин так, туура, жеткиликтүү болушу зарыл;
• Сабакты кунт коюп уктуруу үчүн сабактын соңунда окуучуларга баа коюу керек.

Мектеп лекциясы
Лекция - латын сөзү. Ал «окуп берүү» деген маанини билдирет.
Олуттуу илимий мазмундагы окуу материалдарын ырааттуу баяндап, түшүндүрүп билдирүү методу катары жогорку билим берүү системасында өтө кеңири колдонулат. Ал мектепте да колдонулат. Бирок *мектеп лекциясы* жогорку окуу жайларда дайыма колдонулуп жүргөн лекциялардан төмөнкүдөй бөтөнчөлүктөрү менен айырмаланат. Лекция методун башталгыч класстарда колдонууга болбойт. Ортоңку класстарда да азыраак колдонулат. Лекция, жогорку класстарда көбүнчө чоң бөлүмдөрдү кайталоо учурунда, обзордук баяндама таризинде колдонулат. Мектеп лекциясын өткөрүүгө бөлүнгөн убакыт бир аз чакталуу (30-35 мин.). Мөөнөтү узак болсо окуучулар бат чарчап, билимдин жугуму анчалык болбойт. Ошондуктан байыркы учурларда айрым ораторлор убакытты кылдат эске алуу үчүн бир бутунда туруп сүйлөшкөн. Ал эми америкалык Мартин Лютер өзүнүн айткандары динге сыйынуучуларга жетиштүү болсун үчүн лекциясын 20 мүнөттүк бөлүктөргө бөлүп алып окуган.

Жалпысынан алганда лекция - окутуу методу катары төмөнкүдөй шарттарды жетекчиликке алууну талап кылат.

1. Лекциянын материалдары ар дайым планга ылайык ырааттуулукта баяндалышы абзел. Ал эми, анын планы алдын ала доскага жазылып же окуучуларга алдын ала таркатылып берилиши зарыл.
2. Ар кандай лекция киришүү, негизги жана корутунду бөлүктөн турат. Убакыт ресурсунун көбү негизги бөлүккө туура келиши абзел.
3. Лекция методу окуу материалын түздөн-түз окуп берүү ишине айланбашы керек. Бирок, практикада өзгөчө жетик окуу китеби жок учурда мугалимдер жогоркудай ыкманы колдонууга жол беришет.
4. Баяндоонун темпин аныктоодо эң башкысы окуучулардын кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу керек. Өтө тез же жай баяндоого болбойт.
5. Лекцияда сүрөттөрдү, таблица, плакаттарды, диаграммаларды колдонуу эң жакшы натыйжа берет.

Лекциянын бир канча типтерин бөлүп кароого болот. Анын эң жөнөкөйү - *салттуу лекция.* Мында билимдин мазмуну даяр формада окуучулардын эсте сактап калуусуна ырасталып берилет. Мындан тышкары акыйкатты аныктоого балдардын аралашуусун шарттаган проблемалуу лекциялар да колдонулат. Билимди жеткиликтүү түшүндүрүүдө проблемалуу лекциялар алда канча майнаптуу болоору көптөгөн изилдөөлөрдө тастыкталган.
Конспектилөөнүн зарылдыгы жөнүндө кайчы пикирлер арбын. Бирок лекцияны конспектилөө учурунда окуу материалын эске тутуп калуу ыктымылдуулугу эки эсе арта тургандыгы жөнүндө жүйөөлүү пикирлер көп.

Семинар
Айрыкча гуманитардык сабактар боюнча бир нече темалар өтүлгөн соң аларды андан ары тереңдетип өз алдынча өздөштүрүүсүн уюштуруу максатында жыш колдонулган ыкма.
Мында баяндамачы белгилүү бир тема боюнча жарым сааттан ашпаган убакыт ичинде жасаган билдирүүсү аркылуу маалымат берет. Баяндамачы билдирүүсүн тике туруп да, отуруп да жасашы ыктымал. Тыңдоочулар темага байланыштуу суроолорду гана бербестен аларды толуктоо ишине да катышышат. Баяндама учурунда тыңдоочулар менен байланыш түзүү мүмкүн эмес. Класста мугалим тарабынан окутуу техникасы катары колдонулушу мүмкүн. Маселен, иштеле турган теманы же темаларды окуучуларга күн мурунтан бөлүп берип, аларды атайын даярдыктан өткөрүп, андан соң буга байланыштуу талкууну семинар түрүндө өткөрүүгө болот. Ал үчүн төмөнкүлөр талап кылынат:

- Темаларды туура тандоо жана теңдештирип бөлүштүрүү;
- Окуучуларга даярдык көрүү үчүн жетиштүү убакыт берүү;
- Темага байланыштуу негизги жана кошумча адабияттардын тизмесин көрсөтүү;
- Тема боюнча баяндаманы даярдоо үчүн зарыл методикалык көрсөтмөлөр менен камсыз кылуу;
- Талкууну мугалимдин жетекчилигинде өткөрүү;
- Жаңылыш пикирлердин калыптанышына жол бербөө.

Суроо-жооп методу
Суроо-жооп бул түпкүлүгүндө окуу процессиндеги мугалимдин окуучу менен баарлашуусу. Бирок, ал демейдеги турмуштагы адамдардын пикир алышуусунан кескин айырмаланат. Өз ара сүйлөшүү учурунда адамдар бири-бирине суроо беришет, бирок анын жообу көбүнесе белгисиз болот, ал эми окутуу процессинде мугалимдин берген суроосунун жообу белгилүү. Бирок, бул суроо-жооп учурунда мугалимге экзаменатордук роль таандык дегендик эмес. Бул метод качан гана мугалим өзүн маектешүүнүн тең укуктуу бир катышуучусу катары сезип, балдарды байкатпастан таанып билүү дүйнөсүнө алып кире алганда гана үзүрлүү, өнүмдүү болот.
Суроо-жооп - үйрөнүү-үйрөтүү процессинде окуучуну са- бакка жандуу катышуусун, эркин ой жүгүртүүсүн камсыз кылуучу ыкмалардын бири. Мугалимдер тарабынан бул ыкма пикир алышуунун ишенимдүүлүк даражасын арттыруучу бир жол катары белгиленип келет.
Билим берүү чөйрөсүндө колдонулган суроолор көп кырдуу. Ар түрдүү суроолор окуучуларды

ар башка иш-аракеттерге багыттайт. Ушул себептен улам мугалимдер суроолордун маани-мазмунун мыкты аңдап түшүнүшү зарыл.

Суроо берүүнүн пайдалуу жактары

Үйрөнүү-үйрөтүү иши суроо-жоопсуз мүмкүн эмес. Суроо жооп ишинин пайдалуу жактары төмөнкүлөр:

> Окуучуну сабакка жандуу катышуусун камсыз кылат.

> Окуучуну түшүнүүгө мажбурлайт, анын кызыгуусун арттырат.

> Мугалим менен окуучунун ортосунда куру байланыш сакталат.

> Билим берүүнүн натыйжасынан кабардар болууну камсыз кылат.

> Мугалим - окуучу кызматташтыгын өнүктүрөт.

> Окуучунун өз ара далилдүү айтып берүү жөндөмүн жана адамдык касиеттерин өркүндөтөт.

> Өздөштүргөн билимдерин колдонууга жана жаңы пи- кирлерди жарата билүүсүнө өбөлгө болот.

Суроо берүүнүн чектелүү жактары

Ар кандай окутуу ыкмасы сыяктуу эле суроо-жооп ык- масынын да чектелүү жактары бар. Алар төмөнкүлөр:

> Суроону көбүнчө мугалим берет. Бул кырдаал белгилүү өлчөмдө окуучунун оз алдынча ойлонуп суроо коюусуна тоскоол болот.

> Мугалим берген суроолор, адатта, ынандырма мүнөздө болот. Бул кырдаал окуучунун ой сезимин толук эркин бил- диришине тоскоол болот.

> Сабак бүткөнчө суроонун тынымсыз берилип турушу окуучуну тажатат.

> Айтып берүү, түшүндүрүү ыкмасына караганда кошумча убакытты кеп талап кылат.

> Окуучунун жоопторунда ката кеп кетирилсе, убакыт текке кетип окуу процесси ойдогудай жүрбөй калышы мүмкүн.

> Такай туура жооп бере албай калган окуучулардын өзүнө болгон ишенимдери солгундайт.

> Туура ойлонуштурулбаган суроолорду түшүнүү кы- йын болот.

> Суроо берүү башка ыкмалар менен коштолуп отурба- са, теманы түшүнүү кыйла оорлошот.

Суроо-жооп методунун үзүрлүүлүгүн арттыруу шарттары

Мугалимдин бир аптада болжол менен миңге жакын суроо берери белгиленип жүрөт. Бул жагдай суроонун сабактын темасы, мазмуну менен шартталып, мугалим менен окуучунун бири-бирин өз ара жакшылап таанып билишине өбөлгө болот. Ырасында эле, мугалимдин ишинин таасирдүүлүгү менен натыйжалуулугу тууралуу кандайдыр бир бүтүм чыгаруу үчүн сабак учурунда берген суроолоруна, алган жоопторуна жана түзгөн суроо-жоопторуна көңүл буруу керек. Үйрөнүүгө үйрөнүү түшүнүгүнө шайкеш сабактан талаптагыдай натыйжаларды алуу, демек, үйрөнүү жагын эң алдыңкы планга алып чыгуу үчүн көңүл буруууга арзый турган бир катар маанилүү шарттар бар. Алар төмөнкүлөр:

> Суроолоруңуздун так, түшүнүктүү жана мазмундуу болушуна көңүл буруңуз.
Анткени, суроо-жооп методунун майнаптуулугу суроолордун логикалык жактан так ойлонуштурулушуна да көбүрөөк көз каранды. Өзгөчө окуучулардын ой жүгүртүүсүн ойготуп жандандырууга, алардын фактыларды так сыпаттоо менен гана чектелбестен, алардын жалпылык жана бөтөнчөлүгүн, себеп-натыйжа байланыштарын, далилдүү ачып берүүнү талап кылган суроолор чоң жемишин берет. Ушундан улам тажрыйбалуу мугалимдер көбүнчө: «Сен эмне үчүн мындай деп ойлойсуң? Бул кубулуштун себеби эмнеде?» - деген суроолорду беришет.

> Окуучуну ойлонууга чакырган суроолорду берүүгө аракеттениңиз. Жообу ооба, жок сыяктуу суроолордон качыңыз. Окуучулардан олуттуу ойлонууну талап кылбаган жеңил желпи суроолорду берүү эч майнапсыз. М: Бул сөз сын атоочпу же зат атоочпу деп суроо берүү орунсуз. Ошондой эле бир канча вариантта туура жооп берүүгө мүмкүн болгон суроолор да майнапсыз. М: Чолпон-Ата кайда жайгашкан? Ага Кыргызстанда, Ысык-Кел областында,

Кыргызстандын түндүгүндө деп жооп берүүгө болот. Логикалык жактан буга Чолпон-Ата кайсы көлдүн жээгинде жайгашкан деген суроо туура. Эгер мындай суроо бере турган болсоңуз, анын артынан дароо Эмне үчүн? Эмне себептен? деп сурап, талкуу жүргүзүүгө аракеттениңиз.
Окуучулардын билим деңгээлине жараша суроо бериңиз.
Балдардын мүмкүнчүлүгүнөн жогорку суроолор терс натыйжага алып келиши мүмкүн.
Окутуунун методу катары суроо-жооп бүт класс окуучулары менен иштөөдө колдонулат. Жооп берүү үчүн кайсы окуучуну чакыруу керектиги сабактын этабына байланыштуу. Сабактын киришүү бөлүгүндө өз ыктыяры менен жооп берүүнү каалаган окуучуларды чакырса болот. Анткени, берилген суроо боюнча түшүнүгү жок башка окуучу убакытты жокко кетирери маалым.
Сабакты бышыктоо учурунда суроону сабакка кош көңүл, кол көтөрбөй отурган окуучуга берүү максатка ылайык. Бул аркылуу мугалим сабакка пассивдүү катышып олтурган окучуунун өтүлгөн материалды кандай кабыл алганын аныктайт. Бирок, мындай окуучуларды суроодо да педагогикалык тактты бекем сактоо керек. Анткени бала суроого жооп бере албаса, эгер мындай абалга такай туш келе берсе, андай бала өзүнүн алсыздыгына ишенип, пессимизимге жеңдирип жибериши мүмкүн.
Берген суроонузга окуучу жооп кайтара албай калса, кандай абалда болор элеңиз?

> Берилген суроого окуучу дайым эле туура жооп бериши мүмкүн эмес. Муну түшүнүү менен кабыл алыңыз. Суроо башка окуучуга узатылгандан кийин билбей калган окуучуга анын жообун кайталатсаңыз да пайдалуу болот.

> Окуучуну суроо берүүгө, жооп кайтарууга шыктандырыңыз. Мындай жагдай түзүү сиздин адамгерчилик сапаттарыңызга да тике байланыштуу. Демократиялык маанай түзүүгө аракеттениңиз. Окуучулардын сизге болгон сый-урматы менен сүймөнчүлүгү, берилген суроого туура жооптун алынышын жана окуучулардын учурунда суроо бере били- шин камсыз кылуу да дээрлик маанилүү. Ушуга байланыштуу тартип бузган окуучуну жазалоо үчүн суроо берүүгө болбойт. Ошондой эле суроо берген окуучуну жекире кароо же кагып силкүүгө таптакыр жол берилбеши керек.

> Суроолордун жообун мүмкүн болушунча окуучулардын өздөрүнө таптырууга аракеттениңиз. Бул суроолор темага байланышсыз болсо, анда алардын жообун сабактын соңунда билдирүүтө аракеттениңиз. Айрым окуучулар суроону сиздин билим деңгээлиңиз менен жалпы түшүнүгүңүздү сынаш үчүн бериши мүмкүн. Эгерде бул окуучулардын суроолоруна сабактын соңунда жооп берем деп, айтканыңызды аткарбай койсоңуз, окуучулардын арасында сиздин буга байланыштуу билимиңиз тайыз же жок экен деген пикир туулушу мүмкүн.

> Окуучуларды сабакка кызыктыруу жана жандуу катыштыруу үчүн ар бир ыңгайы келген учурда суроо берип, жооп алуудан качпаңыз. Айрым окуучулардын билбей калышына карабай суроону класска узатып, андан соң теманы түшүндүрүү жагын каалаган багытта улантсаңыз болот.

> Берилген суроого туура жооп берген окуучуга дайыма колдоо көрсөтүүдөн качпаңыз. Өтө жакшы, эң мыкты, бали, курдашыңыздын жообу туура деген сыяктуу сөздөр окуучуга дем берип, кызыгуусун арттырат.

> Суроолорду сабактын максатына шайкеш берүүгө аракеттениңиз. Сабак көздөгөн максатына канчалык толук жетсе, окуучулардын алган билими да ошончолук жетик болот.

> Суроо берилген соң, анын жообун алуу үчүн окуучуларга жетиштүү убакыт бериңиз да, күтүлгөн жоопту алууга аракеттениңиз. Эгер андай жооп алалбай калсаңыз, убакытты артыкбаш коротпоңуз. Туура жообун окуучулардын өздөрүнө таптырууга аракеттениңиз. Мында да туура жооп ала албасаңыз, өзүңүз айтып берип, сабакты андан ары улантыңыз. Тилекке каршы, айрым мугалимдердин иш практикасында окуучуну доскага чыгарып алып жооп бере албаса да «сокурду жарга такагандай» зордоп тура берген учурлар кездешет.

> Суроолорду мүмкүн болушунча бардык окуучуларга бирдей берүүгө аракеттениңиз. Кээде жеке адам катарында суроо берсеңиз да болот. Маселен, сабакка кызыгуусу тарап бараткан окуучуга атын сурап, суроо узатсаңыз болот.

Окуучунун берген суроосун билбей калган учурда эмне кылуу керек?

> Суроонуздун жообун өзүңүз алдын ала билгениңиз оң. Антпесе жагымсыз абалга кабылышыңыз мүмкүн. Бирок, окуучулардан бардык эле суроолоруна жооп бере албашыңыз мүмкүн. Мындай шартта кесе жооп берүүдөн качыңыз. Анткени жаңылыш ой айтып коюшуңуз мүмкүн. Ошондуктан кылдаттык менен бул суроону окуучулардын өзүнө кайра узатып койсоңуз болот. Же болбосо бул темага кийинчерээк кайрыла турганыңызды эскертип, дептериңизге жазып алып, ыңгайы келген башка бир учурда ага кайра кайрылсаңыз да болот. Ошол эле учурда жагымдуу үн чыгарып, суроо- нун жообун так билбей тургандыгыңызды, аны окуучулар менен чогуу иликтөөгө алып, андан соң кайтадан талкууга коңруңузду эскертүүдөн да качпаңыз.

Суроону тез-тез бере бербеңиз. Эгер окуучу суроонузду кайталап айта турганыңызды сезип калса, кунт коюп укпай коюшу мүмкүн. Кайталоодон сактануу үчүн окуучулардын суроолорго дыкат болушун камсыз кылуу керек. Эгер ким айткысы келет? же ким билет? сыяктуу таризде суроолорду бергиңиз келсе, класста тополоң чыкпаш үчүн чараларды көрүшүңүз керек. Антпегенде окуучулар бир ооздон жарыша жооп берип, класстагы тартип бузулушу мүмкүн. Мындай шартта окуучуларды эреже тартипке ылайык сүйлөөгө чакырышыңыз зарыл.

Талкуу методцору.

Биздин мектептерде жаңыдан кирип, бирок бекем орун алып калган методдордун бири - бул окуу, талкуу методу. Ал батыштын окуу жайларында алда эбак эле колдонууга кирип, өнүмдүүлүгү башка методдордон артыкчылыгы айкын далилденген. Бул методдун маңызы - конкреттүү проблема боюнча көз караштарды, ойлорду ортого салуу, окуу дискуссиясы аркылуу окуучу жаңы билимге ээ болот, өзүнүн пикирин көз карашын жактоого үйрөнөт. Талкууну мазмундук жактан да, усулдук жактан да так даярдоо, анын жемиштүүлүгүн арттыруунун бирден бир шарты.

Мазмундук жактан даярдоо дегенибиз өткөрүлүүчү окуу талкуусунун темасына ылайык зарыл билимдерди жыйноо дегендикти билдирет. Талкуу тиешелүү билимсиз, ошондой эле катышуучулардын тиешелүү камылгасысыз, өз пикирлерин айкын далилдей алуу, оппонентти ынандыруу жөндөмдүүлүгүсүз эч кандай майнап бербейт. Ошондуктан мугалим өз ойлорун айкын, так, ынанымдуу баяндап берүүсү үчүн атайын камкордуктарды көрүүсү абзел.

Талкуу бир эле гуманитардык сабактар үчүн ийкемдүү деген пикирлер туура эмес. Бул метод химия, физика сабактарында да өткөрүлө берет.

Окуу процессиндеги талкууну - атайын уюштурулуп башкарууга ийкемдүү таанып билүү талашы деп түшүнсөк болот.

Албетте, талашып тартышуу окуучуларды тигил же бул көз караштардын тууралыгы тууралуу акыркы пикирге алып келбейт, бирок ал окуучулардын проблемага карата эң жогорку кызыкчылыгын, терең билүү, териштирүү дымагын пайда кылат. Талкуу балдардын билимдерин мазмунун байытат, иретке салат жана бекемдейт. Талкуунун жардамы менен мугалим окуучулардын мүнөзү, эске сактоосу, ой жүгүртүүсү жөнүндө тиешелүү маалыматтарга гана ээ болбостон, алардын айрым жетишпегендиктерин белгилеп, кемчилигин аныктап, түзөтүү багытында да иш алып бара алат.

Талкуунун элементтерин жалпы билим берүүчү орто мектептин экинчи баскычында эле баштоого болот. Ал эми, жогорку класстарда ал кадыресе нормага айланып калышы абзел.

Талкууну өткөрүүдө төмөнкү талаптарды эске алуу керек.

1. Талкуу - өз ара пикир келишпөөчүлүктү жөнгө салуу эмес, проблеманы чечүү усулу.
2. Сөздүн кыскасы жана нускасы жакшы. Башкалардын пикирине да конок бер.
3. Сөздү ойлонуп, талдап, максаттуу сүйлө.
4. Өзүңдү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло. Оппоненттериңдин пикирин ызаатта, аларды уга бил.
5. Макул эместигиңди орду менен башкалардын оюн төгүнгө чыгарбай кылдат билгиз.

6. Өзүңө азыраак тааныш же тааныш эмес маселелер боюнча талкууга катышпай эле койгон жакшы.

7. Өзүңдүн көптү билгениңе, эрудицияңа машырканып дискуссиянын темасынын чегинен чыкпа.

8. Дискуссия учурунда өзүңдүн сөзүң менен бирөөнү мыш кылам же бирөөнү колдойм, бирөөгө жагам деген арам ойдон алыс бол.

Тегерек үстөл ыкмасы

Негизинен 10-15 окуучу катышып, уй мүйүз тарта отургузулуп, жетекчинин башкаруусунда бири-бирине суроо берүү жана жооп кайтаруу аркылуу өткөрүлгөн талкуу ыкмасынын бир түрү. Алды менен жетекчи жана берилген суроолорду каттап туруучу катчы дайындалыш керек. Окуучулар уй мүйүз тарта отургузулгандан кийин жетекчи талкуунун темасына байланыштуу кириш сөз сүйлөйт да, катышуучуларга кезеги менен суроо узатат. Суроого байланыштуу сүйлөөчүлөргө 1-2 мүнөт убакыт берилет. Алар сүйлөп жаткан учурда туура эмес жооптор жетекчи тарабынан түзөтүлүп турат. Керек болгон учурда экинчи билдирүүгө кезек берилет. Катчы берилген суроолорду каттоого алат. Бардыгы сүйлөп бүткөндөн кийин жетекчи жыйынтык сөз менен талкууну соңуна чыгарат.

Тегерек үстөл ыкмасы талкууга бардыгын катыштыруу менен бир сүйлөөчүнүн жыйынды өз эркине багындырышы мүмкүн эместигин тастыкташы жагынан мыкты. Эгерде талкуунун темасы жөнөкөй болсо, анда тегерек үстөлдүн аяк ченинде сүйлөгөндөр кошумча бир нерсе айта албай калышы мүмкүн. Булардын алдын алуу үчүн талкуунун темасынын туура тандалышы, катышуучулардын бул тема боюнча даярдыкта келиши жана жетекчинин талкууну ийкемдүү башкарышы талап кылынат.

Тегерек үстөл ыкмасын колдонуу үчүн төмөнкүлөрдү аткаруу керек.

> Бир жетекчи бир катчы дайындоо (жетекчи окуучу да болушу мүмкүн).

> 10 окуучудан турган топ түзүү.

> Талкуунун темасын топко алдын ала тааныштыруу.

> Жетекчи катары суроолорду даярдоо.

> 10 кишини уй мүйүз тарта тегерек үстөлгө отургузуу (класста калган окуучулар тыңдоочу катары катышат).

> Суроо берүүнү оң жактагы окуучудан баштоо.

> Ар бир окуучуга 1-2 мүнөт убакыт берүү.

> Катчынын каттоосун камсыз кылуу.

> Билдирүүлөр бүтөрү менен корутунду сөз сүйлөп талкууну жыйынтыктоону камсыз кылуу.

**Жарыш сөз ыкмасы.**

Бул ыкманы колдонуу үчүн белгиленген бир тема боюнча карама-каршы эки көз карашты жактаган эки топ түзүлөт. Топтор атайын даярдыктан өткөрүлөт. Кезек-кезеги менен эки тарап өз көз караштарын коргошот. Талкууну байкап отурган тыңдоочулар өзүнчө бир топ болот. Тыңдоочулар өздөрүнө жаккан учурларда кол чаап, колдоо көрсөтүп турушат. Акырында жарыш сөз кайсы тараптын пайдасына чечилгени калыстар тобу тарабынан жарыя кылынат.

Бул иш төмөнкүдөй ырааттуулукта жүзөгө ашат.

> Талаш туудурган бир тема тандалып алынат.

> Тема боюнча карама-каршы көз карашты жактаган 3 адамдан турган эки топ түзүлөт.

> 5 кишилик калыстар тобу түзүлөт.

> Топтордун тутунган көз караштары менен таанышуу үчүн алдын ала атайын даярдык көрүлөт (көнүгүүдөн 1 апта мурда өткөрүлгөн сабакка буга чейин аткарылышы зарыл болгон иштер пландаштырылат).

> Даярдыктан өткөрүлгөн топтордун калыстар тобу менен байкоочулардын алдында өз көз караштарын жакташы үчүн шарт түзүлөт (ар бир сүйлөөчүгө 3 мүнөттүк убакыт берилет).

> Калыстар тобунун жеңүүчү топко карата чыгарылган чечимин түшүндүрүп берүү

жагын камсыз кылуу зарыл. Темага байланыштуу калыстар тобунун чечими төмөнкүдөй чен-өлчөмдөргө негизделет:

- көз караштын ыраатгуу корголушу,
- бүтүмдөрдүн мисал аркылуу тастыкталышы, ынанымдуулугу,
- даярдыктын көрүлүшү, бөлүнгөн убакыттын үнөмдүү пайдаланылышы жетекчиликке алынышы мүмкүн.

**Лекциялык №8-сабактын темасы:**

**Китеп менен иштөө,роль ойноо,көрүп байкоо (экскурсия), долбоор, программалап окутуу, проблемалуу окутуу методдор** ***(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,45)***

**Сабактын максаты:** Окутуунун салттуу эмес усулдары жөнүндөгү теориялык билимдерди, практиккалык билгичтиктерди жана көндүмдөрөү калыптандыруу.

**Лекциянын планы:**

1.Окуучунун жеке билимин көзөмөлгө алуу.
2.Окуу китебин активдүү өздөштүрүү.
3.Сынчыл ой жүгүртүп талдоо.
4.Окуу материалын тереӊдетип үйрөнүү.

**Негизги адабияттар:** 3.Бекбоев И., Алимбеков А. азыркы сабакты даярдап өтүүнүн технологиясы. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн. –Б.: Бийиктик, 2011. - 192 б.

**Кошумча адабияттар:**

**Текшерүү суроолору:**

1.Мээге чабуул ыкмасы деген эмне?
2.Көз менен көрүүнүн таанып билүүдө кандай орду бар?
3.Проблемалуу окутуу деген эмне?**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** анкета **Компетенциялар картасы: КК-6, КК-14**

| **5.1.8.** **8-тема.** Китеп менен иштөө,роль ойноо,көрүп байкоо (экскурсия), долбоор, программалап окутуу, проблемалуу окутуу методдору | | | |
|---|---|---|---|
| Компетенциялар | **КК-6** Предметтер боюнча сабактарды программанын бөлүмдөрүнүн жана темалардын спецификалык өзгөчөлүктөрүнө жана окуу планына ылайык пландаштырууга жөндөмдүү.<br>**КК-14** Окуу процессин балдардын өз алдынча көркөм ишмердүүлүгүнө кызыгуусун өнүктүрүү жана калыптандыруу үчүн уюштурууга жөндөмдүү. КСӨ, ДКӨ, көркөм эмгек. | | |
| ДОН(РОд) | Көркөм билим берүү процессин пландоодо билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтер менен иштөөнү **билет** ( КК-6)<br>Сабактарды пландоодо аймактардын жер шартын , мектептердин материалдык-техникалык базасын ,элдик салттарды эске алууга **жөндөмдүү** (КК-6)<br>Мектептин көркөм өнөр сабактарынын программаларын, календардык-тематикалык пландарын,план-конспекттерин ж.б. пландоо көндүмдөрүнө **ээ болот**(КК-6)<br>Сабак процессинде окуучулардын көрөкөм өнөргө болгон кызыгуусун,окуу мотивдерин калыптандыруунун методдорун,каражаттарын жана принциптерин **билет** ( КК-14)<br>Окуучулардын көркөм чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштурууга **жөндөмдүү** (КК-14)<br>Элдик кол өнөрчүлүктүн баалуулуктарын тарбия каражаттары катары колдонуу көөндүмдөрүнө **ээ болот**(КК-14) | | |
| Теманын максаты | Окутуунун салттуу эмес усулдары жөнүндөгү теориялык билимдерди, практиккалык билгичтиктерди жана көндүмдөрөү калыптандыруу. | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Китеп менен иштөө,роль ойноо,көрүп байкоо (экскурсия), долбоор, программалап окутуу, проблемалуу окутуу методдорун **билет** жана **түшүнөт** |
| | Практ. | 3с. | Окутуунун салттуу эмес усулдарын **жөндөйт.**<br>Окутуунун салттуу эмес усулдары жөнүндөгү теориялык билимдерге, практиккалык билгичтиктерге жана көндүмдөргө **ээ болот.** |
| | СӨАИ | 5с. | Окутуунун салттуу эмес усулдары жөнүндөгү теориялык билимдерге, практиккалык билгичтиктерге жана көндүмдөргө **ээ болот** жана аларды окуу процессинде **жөндөйт** |

| № | *Сабактын баскычтары* | *Баскычтардын максаты* | *Окутуучунун ишмердүүлүгү* | *Студенттин ишмердүүлүгү* | *Методдор, механизмдер* | *Окутуунун натыйжалары* | *Сабактын жабдылышы* | *Убактысы* | *Баалоо формасы* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Уюштуруу убагы | Сабакты ыңгайлаштыруу. | Даярдыгын көзөмөлдөө | Окутуучунун талаптарын алдын ала аткаруу. | | ОН-жазылып доскага илинет. | Керектүү каражаттар. | 5 мин. | |
| **2** | Өткөн материалды суроо. | Өздөштүрүүнүн ыраattуулугун сактоо. | Суроо берүү | Жооп берүү, өз пикирлерин билдирүү. | | - | Суроолор тизмеги. | | |
| **3** | Жаңы темага мотивдештирүү. | Сабакка мотивдештирүү. | Интеракт. көнүгүү жасатуу. | Доскада жазылган темага ой жүгүртүү. | | ОН-жөнүндө түшүнүк берүү. | Дисцип.ОН-жөнүндө маалымат. | | |
| **4** | Жаңы теманы өтүү. | Сабактын мазмунун түшүндүрүү. | Жаңы теманы өтүү. | Көңүл буруу, конспект жазуу. | | ОНдун негизинде түзүлгөн текст. | Проектор, Слайддар,лекциянын тексти. | | |
| **5** | Бышыктоо. | Алган билимин бекемдөө. | Суроолорду берүү. | Суроолорго аргумент издөө. | | ОНдун негизинде түзүлгөн суроолор. | Суроолор тизмеги. Карточк. | | |
| **6** | Жыйынтыктоо. | Тыянак чыгаруу. | Материалды жалпылоо. | Материалдын түшүнбөгөн бөлүгүн тактоо. | | Тыянактардын ОНго туура келиши. | Проектор, Слайддар. | | |
| **7** | Студенттердин сабактагы активдүүлүгүн баалоо. | Моралдык стимул берүү. | Баалоо каражат. менен баалоо. | | | Компетенциялар калыптандыбы ?Анализ. | Баалоо каражат. | | |

**Китеп менен иштөө методу**

Китеп менен иштөө китеп пайда болгондон баштап эле окутуунун ийкемдүү методдорунун бири катары кеңири колдонула баштаган. Бул методдун артыкча ийкемдүүлүгү - мында окуучунун маалыматты өзүнө ылайык темпте, каалаган убакта кайра-кайра кайталап өздөштүрүп алууга мүмкүнчүлүгү жогору. Чектелүү жактары катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

- өтө көп убакытты талап кылат;
- алардын жеке таанымдык деңгээлин эске алуу мүмкүнчүлүгү аз;
- эгер китеп методикалык жактан начар жабдылса, балдардын өз алдынча билим алуу, өз билимин өзү текшерүү, коррекциялоосуна мүмкүнчүлүк бербейт.
- Ошондой болсо да, китеп аркылуу өз алдынча билимин өркүндөтүү окуучулар үчүн татаал ыкмалардын бири катары кала берүүдө. Айрым мугалимдер тарабынан окуу процессинде бул методду колдонуунун дидактикалык эреже талаптары так сакталбагандыктан он бир жыл бою мектепте окуган окуучулар арасында деле китеп менен иштөө тажрыйбасы аз балдар арбын. Азыркы мектептерде китеп менен иштөө методдору көбүнесе окуучуларды эркин окуу жана окугандарын түшүнүү, окугандарынын ичинен башкы түшүнүктөрдү, идеяларды бөлүп көрсөтүп, өзү үчүн жазып алуу, структуралык-логикалык схемаларды, таяныч конспектилерди түзө билүү, белгилүү бир тема боюнча зарыл адабияттарды таба билүү, ошондой эле программалаштыруу ыкмасы менен жазылган окуу китептердин негизинде өз билимин өзү текшерүү, коррекциялоо, баалоо сыяктуу билгичтик жана көндүмдөргө ээ кылууга багытталган иш аракеттерден турат. Күндөлүк тажрыйбалар көрсөткөндөй китеп аркылуу өз алдынча билимин өркүндөтүү окуучулар үчүн татаал ыкмалардын бири катары кала берүүдө. Айрым мугалимдер тарабынан окуу процессинде бул методду колдонуунун дидактикалык эреже талаптары так сакталбагандыктан он бир жыл бою мектепте окуган окуучулар арасында деле китеп менен иштөө тажрыйбасы аз балдар арбын.
- Учурда мүмкүн болушунча артыкбаш маалыматарга шыкалган көлөмү чоң окуу китептер көбөйүп кетти. Ошондуктан мугалим балдарды маалыматты «сынчыл ойлом» стратегиясынын негизинде өздөштүрүү тажрыйбасына ээ кылууга өзгөчө маани берүү зарыл. Мындай стратегия китеп окуу мезгилинде өзүнө тааныш жана белгисиз, ошондой эле акыйкаттыгы күмөн туудурган материалдарды талдап-жиктеп сын электен өткөрүп окуп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Окуу китеби менен мындайча иштөөнүн технологиясы төмөнкүдөй кадамдардан турат:
- 1. Окуу материалына байланыштуу мурдагы так жана болжолдуу, бүдөмүк түшүнүктөрдү кайтадан карап чыгуу, б.а., эмнесин билерин эмнесин билбестигин аныктоо;

2. Маалыматты төмөнкүдөй белгилерди коюп окуу;

«V» - билем;

«+» - жаңы;

«-» «-» маалымат мудагы түшүнүктөрүмө дал келбейт

(же текстте карама-каршылык бар);

«?» - маалыматтын тууралыгы күмөн туудурат же макул эмесмин.

3. Өз адынча окуган материал дардагы баштапкы идеяларды кайрадан сынактан өткөрүү.

4. Жалпылама таблица түзүү.

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| ................ | .............. | ................. | ............... |

Бул стратегиянын пайдалуу жактары эмнеде ?

> окуучунун жеке билимдерин көзөмөлгө алууну камсыз кылат;

> окуу китебин активдүү өздөштүрүүнү камсыз кылат;

> мурда өздөштүрүлгөн билимдерди жаңылары менен байланышын камсыз кылат;

> так маалымат менен так эмес маалыматтын айрымасын ажырата билүүгө үйрөтөт;

> ар кандай эле маалыматты акыркы акыйкат катары кабыл албай сынчыл ой жүгүртүп талдап үйрөнүүгө мүмкүндүк берет;

> окуу материалын андан ары даты тереңдеп өздөштүрүү ыкласын, дилгирлигин арттырат;

Роль ойноо методу

Тактап айтканда, күндөлүк турмуштагы бир кырдаалды топ-топ боюнча же жеке адам таризинде жандандырып, роль аткарып, туурап көрсөтүүнүн ийкемдүү жолу. Турмуштагы көп сандаган заманбап маселелер бул методдун обьектиси болушу мүмкүн. Маселен, уулу зат таштандыларынын зыян- дуулугун ашкерелоо, ядролук согуштун алааматтарын көрсөтүү жана башкалар буга мисал боло алат. Окуучунун белгилүү иш-аракетти кантип аткара тургандыгын көрүп туруу үчүн роль ойноо ыкмасы менен катар окуянын окуучулардын көз алдында жандандырылышы да дээрлик пайдалуу. Муну менен ишенимдүү жана көзөмөл алдында турган нагыз чыгармачыл үйрөнүү чөйрөсүн түзүүгө болот. Роль аткаргандар окуяга сүңгүп кирип, кейипкерди туурап, машыгып, өзүнүн чыгармачылык жөндөмдөрүн көрсөтүшөт. Аталган методдун аткарылыш этаптары дал ушулар менен аныкталат.

Методду колдонуунун негизги этаптары.

(1) Даярдык көрүү: бул этапта роль алган окуучулар алдын ала даярдыктан өтүшөт. Рольдордун максаты, мүнөзү менен таанышып, окуяга сүңгүп кирүүгө, кейипкердин милдетин аткарууга үйрөнүшөт. Рольдорду аткарып көрсөтүү үчүн атайын сахна даярдалат.

(2) Рольдорду көрсөтүү: бул этапта даярдалган рольдор көрсөтүлөт. Алып баруучу мугалим керектүү учурларда оюнду бир жеринде токтотуп, ага түшүндүрмө берип, кайра ошол жерден башталышы мүмкүн. Роль аткарбаган окуучулар көрүүчү катарында катышышат.

(3) Процессти талдоо-баалоо: ролдордун аткарылышы жана аткаруу шарты туурасында талкуу өткөрүлөт. Бул этап эки максатты аркалайт. Биринчиден, көрүүчүлөргө да, роль ойноочуларга да көргөнүн жана туюп сезгендерин талдап, айтып берүүгө бирдей мүмкүнчүлүк берилет. Экинчиден, көрсөтүлгөн окуянын өзөк идеясы туурасында талкуу өткөрүлөт.

Бардык эле методдор сыяктуу бул методдун да пайдалуу жана чектелүү жактары бар. Алар төмөнкүчө чечмелениши мүмкүн.

Методдун пайдалуу жактары.

> Көрсөтүлгөн рольдорду ар кандай өңүттөн талдоого мүмкүнчүлүк түзүлөт.

> Көрсөтүүнүн натыйжаларын ар тараптан ачып берүүгө мүмкүнчүлүк ачылат.

Өз ара кызматташтык өкүм сүргөн билим берүү чөйрөсүндө окуучулар топ-топ болуп иштөө аркылуу алган билими менен аткарган тажрыйбаларын айкалыштырууга үйрөнүшөт.

> Аткарылган ролдор ар башка өңүттөн каралып, ар түрдүү пикирлер аркылуу сын сыдыргыдан өткөрүлөт.

> Окуучулардын жоопкерчилигин, маселе чечүү жана окуяга сүңгүп кирүү жөндөмдөрүн өркүндөтөт.

Методдун чектүү жактары.

> Айрым окуучулар роль ойногондон ашкере уялышы мүмкүн.

> Айрым окуучулар роль ойногондон коркушу мүмкүн.

> Чоң тайпаларда колдонуу кыйла түйшүккө салышы мүмкүн.

Роль ойноо методун натыйжалуу колдонуу үчүн төмөнкүлөрдү аткаруу талап кылынат.

> Мугалим ролдорду жана ага байланыштуу маселелерди так жана даана тандашы зарыл.

> Мугалим оюндун максаты менен анда аткарылчу рольдордун өз ара байланышын эң мыкты белгилеши керек.

> Роль ойногондордун мыкты даярданып, ийгиликтүү натыйжага жетишин камсыз

кылуу керек.

- Окуянын негизги идеясы ачык жана так аныкталып, анын мааниси баса белгилениши керек.
- Роль ойноо этап-этап менен ыраттуу түрдө ишке ашырылышы керек.
- Оюн коюлуп бүтөр замат көрүүчүлөр менен байланыш түзүлүш керек.

*Керчи байкоо же экскурсия методу*

Билим берүү процессиндеги мектептен башка чөйрөгө барып, байкоо жүргүзүү аркылуу максаттуу жана пландуу түрдө ишке ашырыла турган ыкма. Үйрөнүү жагынан өзгөчө натыйжалуу.

Белгилүү болгондой, үйрөнүү адамдын беш туюм-сезим органдарынын негизинде ишке ашырылат. Бирок алардын окуучуга болгон таасири бирдей эмес. Тактап айтканда, жеке адам:

- көргөнүнүн 83% ын,
- укканынын 11% ын,
- жыттаганынын 3,5% ын,
- кармаганынын 1,5% ын,
- татканынын 1,0% ын үйрөнүүгө жөндөмдүү деп айтылып келет.

Соңку изилдөөлөргө караганда адамдар:

- окуганынын 10% ын,
- укканынын 20% ын,
- көргөнүнүн 30% ын,
- угуп-көргөнүнүн 50% ын,
- айтып бергенинин 70% ын,
- жасап-айтып бергенинин 90% ын эсине сактап калышы белгиленет.

Демек, көз менен көрүүнүн үйрөнүү процессиндеги орду өзгөчө. Бул өңүттөн алып караганда, көрүп байкоо методу үйрөнүүдөгү эң натыйжалуу методдордун бири болуп эсептелет. Борборунда мугалим турган билим берүү чөйрөлөрүндө убакыттын басымдуу бөлүгү мугалимдин айтканын угуу менен өтөт. Мындай шарт билимдерди өздөштүрүүнүн сапатына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Андыктан аталган чөйрөлөрдө өздөштүрүлгөн билимдин дагы жакшылап түшүнүктүү жана туруктуу болушу үчүн өтүлгөн сабактын темасына тиешелүү жерлерге барып байкоо иштерин аткаруу өтө пайдалуу болоорун баса белгилей кетүү зарыл.

Ошентип, аталган методдун артыкчылыктарын төмөнкүчө мүнөздөөгө болот.

- Окуучунун кызыгуусун арттырып, үйрөнүүгө шыктандырат.
- Кубулуштарды, иш процесстерин жеринде көрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.
- Иш-чаранын аткарылышында мектеп менен чөйрөнүн кызматташтыгы күчөйт.
- Ар кандай үйрөнүү ыкмаларынын өз ара байланышта колдонулушун камсыз кылат.
- Окуучунун чөйрөнү айкын аңдап түшүнүшүнө өбөлгө болот.

Ошондой болсо да, бул методдун бир катар чектелүү жактары да бар. Алар төмөнкүлөр.

- Методду колдонуу үчүн уюштуруу иштерин астейдил пландоо зарыл.
- Пландоочулардан өзгөчө жоопкерчилик талап кылынат.
- Окуучулардын көптүгү жана барчу жердин алыстыгы бир катар проблемаларды жаратышы мүмкүн.
- Ашкере көп чыгым талап кылынышы мүмкүн.
- Бул иш үчүн белгилүү бир убакыт талап кылынган- дыктан, ошол маалда мектепте өткөрүлүүчү иш-чаралар үзгүлтүккө учурашы мүмкүн.

Жеринде байкоо методун натыйжалуу колдонуу үчүн алдын ала мыкты даярдык көрүңүз жана төмөнкүлөрдү ат- карыңыз.

- Пландын долбоорун түзүңүз.
- Бара турган жердин жетекчилери менен алдын ала макулдашып алыңыз.
- Планыңызды тактап толуктаңыз.
- Бара турган жерде окуучулардын кайда турарын, кайсы жерлерде болорун, баратканда, келатканда, кыдыруу учурунда кандай каттамдарды, кайсы унааларды пайдаланарыңызды жана башка ушул сыяктуу жагдайларды алдын ала аныктап алыңыз.

- Жөнөөр алдында негизги максат-милдеттерди жана байкоо мезгилинде окуучулар өзгөчө көңүл буруучу нерселерди түшүндүрүп айтып бериңиз.
- Бараткан учурда окуучулар менен тыгыз карым-катышта болуп, аларга ийкемдүү жетекчилик кылыңыз.
- Кайтып келериңиз менен темага байланыштуу талкуу өткөрүңүз.
- Байкоо өткөрүлгөн жерге жазуу жүзүндө ыракматыңызды айтып, ыраазычылыгыңызды билдириңиз.

Долбоор методу

Кандайдыр бир маселенин жеке адам же жамаат тарабынан колго алынып, жашоо-турмушка өзгөчө керектүү болгон

натыйжаларды жаратуу максатын көздөгөн метод. Окуу менен турмушту айкалыштыруу жагынан дээрлик пайдалуу.

Бул метод Джон Дьюинин «прогрессчил» билим берүү принциптерин жетекчиликке алуу менен Уилям Килпатрик тарабынан негизделген. Ар кандай тармактарда кеңири колдонулат, курал-жабдык жасоо долбоорлору, үйрөнүү долбоору, иштөө долбоору, эстетикалык мүнөздөгү долбоорлор жана башкалар болуп бир нече түргө бөлүнөт. Долбоор ыкмасы класста пландалса да, көпчүлүк учурларда андан тышкары аткарылуучу иштер менен биримдикте гана натыйжага жетет.

Долбоор методун аткаруу иши төмөнкүдөй негизги төрт этапты ичине камтыйт.

- Долбоорду тандоо.
- Долбоорго даярдык көрүү.
- Долбоорду ишке ашыруу.
- Долбоорду сыноо-баалоо.

(а) Долбоордун тандалышы.

Долбоорлор мугалимдин жетекчилиги менен сабактын максатына, окуучулардын кызыкчылыгына ылайык түзүлөт. Бул этапта убакыт жана мүмкүнчүлүк, окуучулардын билим деңгээли, максаттарга умтулуусу сыяктуу критерийле көзөмөлгө алынат.

(б) Долбоорго даярдык көрүү.

Бул тандалып алынган долбоорду кандайча аткарууну пландаштыруу этабы. Бул иш канчалык тез арада аткарылса, долбоордун ийгиликке жетүү мүмкүнчүлүгү да ошончолук артат. Бул этапта долбоор үчүн курал-жабдыктар, керектүү материалдар, ыңгайлуу шарттар, иш-чараларды аткаруу баскычтары жана башкалар айкындалат.

(в) Долбоордун ишке ашырылышы.

Бул этап даярдалган пландын чегинде долбоорго байланыштуу ар түрдүү иштердин аткарылышын камтыйт.

(г) Долбоордун сынактан өткөрүлүшү.

Алынган натыйжаларды сынактан өткөрөт. Долбоордун өзгөчөлүктөрү менен максаттарын сынактан өткөрүүнү ар кандай жол менен ишке ашырууга болот.

**Долбоор методунун пайдалуу жана чектүү жактары.**

Пайдалуу жактары:

- маселенин чечилишин жөнөкөйлөштүрөт,
- окуучуларды чогуу иштөөгө үйрөтөт,
- алардын чыгармачылык жөндөмүн өстүрөт ж.б.

Чектүү жактары:

- ишке ашыруу жагы мугалимдин көзөмөлүнөн чыгып кетиши мүмкүн,
- ашыкча чыгым сарпталып, өзүн актабай калышы ыктымал,
- башкаруу жана ишке киргизүү жагы кыйынчылык туудурушу мүмкүн ж.б.

**Программалап окутуу методу**

Инсандардын бири-бирине үйрөтүү мүмкүнчүлүктөрүн жетекчиликке алган жана окуу материалынын маани-мазмунун үйрөнүүгө ийкемдүү, жеңил бөлүктөргө бөлүп, аларды

ыраattуу түрдө жана тартип менен сунуштаган, ошондой эле мурдагысын үйрөнгөнгө чейин жаңысын сунуш кылбоону негиз тутунган метод. Азыр ал компьютерлештирилген окутуу чөйрөлөрүндө өтө көп колдонулат.
Программалап билим берүү узак мезгилдерден бери эле белгилүү. 1926-жылы Пресслей тарабынан негизделип, «шекер машина» деген ат менен автоматташтырылган окутуу системасы катары башталгыч мектептерде колдонулган программалуу үйрөтүү принциптерине негизделген метод болуп эсептелет. Бул машина суроо картасынын топтому, ал карталарды ирети менен көргөзүүчү колчо, суроонун тандалган жообун билдирүүчү кнопка жана сыйлык (конфет) берүүчү сыяктуу курамдык бөлүктөрдөн турган. Машина иштетилгенде бир суроо картасы чыгып, ооба же жок деген жоопту баскандан кийин, эгерде берилген жооп туура болсо, машина бир окуучуга бир чакмак кантты сыйлык катары сунган. Ал окутуунун эң алгачкы ийкемдүү каражаты катары калыптанган салттуу метод.
Программалап окутуу методунун психологиялык негиздери Уилием Жеймстин, Стенли Халлдын, Павловдун «шарттуу рефлекс» теориясы жана Торндайк менен Уотсондун изилдөөлөрүндө айкындалган. Методдун пайда болушунда Прессли, Скиннер жана Кровдердин кошкон салымдары да өзгөчө. Кровдер өзүнүн «долларга алмаштырылган программа» аттуу моделин сунуштаган учурда Скиннер өзүнүн «тике программалоосун» сунуштап, анын негизинде иштелип чыккан «бекемдөө» принциптери программалап үйрөтүүнүн негиздерин түптөдү.
Жогорудагы принциптерди төмөнкүчө чечмелөөгө болот.
(а) Майда кадам принциби. Маалымат окуучулар тарабынан жеңил үйрөнүлө турган таризде майда кадамдарга бөлүштүрүлөт. Мында окуу материалынын эң кичине бирдигин табуу талап кылынат.
(б) Натыйжалуу катышуу принциби. Берилген ар бир маалыматтан соц ага байланыштуу кандайдыр бир суроого жооп берүү же бир маселе чечүү талап кылынат. Суроолор окуучулардын натыйжалуу катышуусунун көрсөткүчү болот да, берилген маалыматтын өздөштүрүлгөнүн же өздөштүрүлбөй калганын көзөмөлдөйт.
(в) Ийгиликке жетүү принциби. Окуучулар катардагы окуу бирдигине байланыштуу суроого жооп бербей туруп кийинкисине өтө албайт.
(г) Заматта оңдоо принциби. Окуучу суроого жооп бергенден кийин заматта анын туура же туура эмес экендигин аныктайт да, өзүн-өзү текшерүүгө үйрөнөт.
(д) Баскычтан баскычка көтөрүлүү принциби. Маалыматтар жөнөкөйдөн татаалга, билгенден билбегенге, жеңилден оорго карай ырааттуу түзүлөт.
(е) Жекече ыкчамдык принциби. Ийгиликке жетпей калуу жана ордунда көчпөй калуу сыяктуу учурлар маанилүү эмес, ийгилике жеткенге чейинки кайталоолор маанилүү. Мында окуу иши жекече аткарылгандыктан, ар бир окуучу өзүнүн ыкчамдык жөндөмүнө карай илгерилей алат.
Бүгүнкү күндө программалап окутуу принциптери компьютердик билим берүү системасына киргизилип кеңири колдонула баштады. Бул метод программалап окутуунун негизин түзгөн машина менен үйрөтүүнүн эң соңку баскычынын көрсөткүчү боло алат. Бирок, инсандын берилген маалыматтын пассивдүү кабылдоочусу болгон абалына негизделген жакындашууга болгон суроо-талап соңку жылдарда күч алууда. Натыйжада, үйрөнүүнүн жаңы теориялары пайда болууда. Булардын бири - конструктивизм багыты. Бул багыт тутунган негизи жобо боюнча, адам баласы өзүнө кабарланган маалыматтарга адегенде кандайдыр бир маани-мазмун ыйгарат да, андан соң мурда өздөштүргөн маалыматы менен топтогон тажрыйбасына салыштыруу аркылуу аларды чечмелөөгө жетишет. Ойлом жаатындагы өзгөрүүлөр компьютердин жардамы менен үйрөтүү билиминде да бир катар өзгөрүүлөргө жол ачып, программалуу иш-чараларга болгон суроо-талапты күчөттү.
Бардык методдор сыяктуу эле программалап окутуунун дурус жактары менен бирге айрым кемчиликтери да бар.
Программалап окутуунун пайдалуу жактары.

> Үйрөнүү процессин жандуу жана кызыктуу кылат.

- Ар бир окуучу өз жөндөмүнө жараша илгерилейт .
- Окууга карата ынтаасын жана керектөө сезимдерин күчөтөт.
- Үйрөнүүнүн натыйжасында заматта кербайланыш түзүлөт.
- Түшүнбөгөн темаларды каалаганча кайталоого мүмкүнчүлүк берилет.
- Мектептин ичинде да, тышында да колдонууга болот.
- Дистанттык окууда колдонууга ийкемдүү.
- Үйрөнүү процессии сарамжалдуу уюштурууга мүмкүнчүлүк берет.

Программалап окутуунун чектүү жактары.

- Окуучулардын бири-бирине болгон таасирин азайтат.
- Бардык тармактарда бирдей колдонуу кыйын.
- Керектүү каражаттарды даярдоодо убакыт жана чеберчилик талап кылынат.
- Үйрөтүүнү механикалык абалга алып келет.
- Баа коюуну алдыңкы планга алып чыгат.

- Мазмундун өтө майда бөлүктөргө бөлүнүшү аны бүтүн бойдон кабылдоого, ал туурасында толук ой жүгүртүүгө тоскоол болот.

- 4. Сабакта проблемалык окутуу методдорун колдонуунун өзгөчөлүктөрү
- Адамдын жашоо турмушунун өзү дайыма бир проблеманын пайда болушу жана анын чечилиши менен коштолуп олтурат. Бир проблеманын чечилиши ошол эле маалда башка бир маселенин пайда болушун шарттайт. Андыктан адамдардын проблеманы чече билүү жөндөмү алардын инсандык касиеттеринин зарыл компоненти катары каралат. Билим берүү процессинде проблемалык окутуу методун колдонуунун негизги максаты - жеке адамдын кырдаалга ылайык чечим чыгаруу жөндөмүн өнүктүрүү.
- Проблемалык окутуунун салттуу түшүндүрүү-көрсөтүү методунан кандай айырмасы бар? Булар окуу процессин уюштуруу жагынан кандайча айырмаланат? Мына ушул маселелерге токтолуп көрөлү. Түшүндүрүү-көрсөтүү методунда мугалим жаңы материалды түшүндүрөт, аны талдайт, негизги өзгөчөлүктөрүн белгилейт, тиешелүү эрежелер менен аныктамаларды айтып берет. Материал канчалык татаал болсо, мугалим ага ошончолук көбүрөөк көңүл буруп, түшүндүрөт, тактап айтканда, мугалимдин түшүндүрүүсү үстөмдүк кылат. Жаңы материал мугалимдин айтып бергендерин эсте сактап калуу, көрсөтүп бергендерин дал өзүндөй кылып аткаруу жолу аркылуу өздөштүрүлөт, ошентип, окутуунун бул методунда окуучулардын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүү, аларды изилдеп билүүгө үйрөтүү, өз алдынча иштөөгө машыктыруу сыяктуу маселелерге анчейин көңүл бурулбай калат.
- Проблемалык окутууда мугалим жаңы окуу материалынын татаал жерлерин гана түшүндүрүп айтып берет да, калгандары окуучулардын өзүлөрү тарабынан өздөштүрүлүүсү талап кылынат. Бул үчүн проблемалык кырдаал түзүлөт, жекече тапшырмалар аткарылат, суроолорго жооп берилет.

- Окуучулар ошол өздөрү байкаган фактылар жөнүндө ой жүгүртүшөт, аларды өз ара салыштырат, тиешелүү корутунду жасашып, жеке пикирлерин айтышат. Оңунан чыккан таанымдык табылга үйрөнүүчүнүн көңүлүн көтөрөт, өзүнүн интелектуалдык дараметине карата ишеничин арттырат. Демек, мындай окутуу ыкмасы салттуу методдорго караганда окуучулардын жаңы билимдерди өздөштүрүү активдүүлүгүн алда канча жандандырат. Жыйынтыктап айтканда, окуучулардын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү жана тиешелүү билимдерди өз алдынча өздөштүрүүгө үйрөтүү багытында жүргүзүлгөн иш проблемалык окутууга жатат.
- Учурда проблемалуу окутуунун проблемалуу айтып берүү, аз-аздап изденүү же эвристикалык метод жана изилдөө сыяктуу түрлөрү кеңири колдонулуп келет.
- Проблемалуу баяндоо методу. Мында мугалим окуучулардын алдына проблема коюп, анын чечилиш жолун окуучулардын кабыл алуусуна ылайыктуу деңгээлдеги

карама-каршылыктардын кагылышуу жараянында көрсөтөт. Мугалим чындыктын кайдан келип чыккан жолунун нугу менен окуучулардын ой жүгүртүүсүн ээрчитип отурат. Ал окуучуларга илимий таанып билүүнүн, проблеманын илимий чечилишинин үлгүсүн байкатат, ал эми окуучулар болсо ойдун кыймылынын ишенимдүүлүгүн көзөмөлдөп, ал ойдун логикасын ээрчийт, проблеманын чечилүү этаптарын түгөл өздөштүрөт. Демек, мында мугалим окуучуларга илим тарабынан ачылган тигил же бул тыянакты даяр, бүкүлү бойдон айтып бербестен, убагында ал тыянакка окумуштуулар кандайча жол менен келишкендигин толук далилдеп түшүндүрүп «акыйкаттын эмбриологиясын» (А.Герцен) көрсөтөт.

Ушул методду өрнөктүү колдонууга байланыштуу К.Тимирязевдин лекциясынан алынган бир мисалга кайрылып көрөлү. Лекция эмне үчүн өсүмдүктүн тамыры жерди, сабагы жогору карай өсө тургандыгын түшүндүрүүгө арналган. «Уруктан бир кабыкча жана сабак пайда болуп, бириси жердей ылдый тереңдөөгө умтулса, экинчиси жарыкты утурлап, өйдөгө умтулат. Бул кубулуш эмне үчүн? деген табышмактуу суроону жаратпай койбойт. Салттуу окутуу ыкмаларына ылайык маалымат даяр бойдон эле түшүндүрүлүп берилер эле. Бирок, Тимирязев илим тарабынан такталган маалыматтарды даяр бойдон айтып бербестен, анын илимде кандайча аныкталгандыгын баяндап берет.

«Бул маселенин түйүнүн табуу окумуштууларды кыйла түйшүккө салган» деп баштайт окумуштуу өз лекциясын. Андан ары аталган маселени чечүүгө байланыштуу ар кандай окумуштуулардын версиясын мисал катары келтирет. Соңунда акыркы акыйкатты далилдүү түшүндүрөт.

Экинчи мисал: Микроскоп ойлоп чыгаргандан кийин XVII кылымда жандуу жандыктардын көзгө көрүнбөгөн дүйнөсү бар экендиги далилденген. 1850-жылы француз окумуштуулары күйдүргү (сибирь язвасы) деген оорудан өлгөн койдун канынан кыймылсыз узунунан келген денечени байкашкан.

Луи Пастер күйдүргү да кандайдыр бир мителерден болуусу ыктымал деп эсептеп, изилдөөлөрдүн сериясын жүргүзгөн. Адегенде ал күйдүргүнү пайда кылышы мүмкүн болгон бактериялардын таза культурасын алат да андан кийин эксперимент жасайт, бактерияларды сопсоо жаныбарларга жуктурат. Жаныбарлар бул оору менен ооруйт. Ал бактериялардын аракетинин туруктуулугун текшерүү үчүн өзүнүн экспериментин уйга, койго жана башка сүт эмүүчүлөргө кайталаган. Бардык учурларда тең жаныбарлар оорушкан. Ошону менен бардыгы түшүнүктүү ачык болду деп эсептөөгө болот эле, бирок Пастер өзүнүн корутундусун башка жаныбарларда текшерип көрүүнү зарыл деп эсептеген. Ошентип, ал күйдүргүнү козгоочуну тоокко жуктурган, ТООК оорубай калган экспериментти бир нече тоокко кайталаганда алардын баары оорубай соо калышкан. Демек, деп ойлогон Пастер: же мурдагы корутунду туура эмес, же тоок күйдүргүнү тоотпойт.

Пастер изденүүсүн улантат. Ал түрдүү сүт эмүүчүлөрдүн бардыгы жана тоок ар башка натыйжаларды беришкендиктен эксперименттин шарттарына жана деталдарына байкоо жүргүзүү менен сүт эмүүчүлөрдү жана ар түрдүү тоокторду салыштырат. Дал ошондо гана ал сүт эмүүчүлөрдүн денесинин температурасы 37’Ска барабар, ал эми канаттуулардыкы 42 экендигин байкап билет, жана бул факт маанилүү айырмачылык болгондуктан Пастер эми жаңы гипотезаны коет, ал гипотезага ылайык канаттуулардын денесинин температурасынын жогору болушу тооктун денесинде митенин жашоосун болтурбайт. Тооктун денесинин температурасынын таасирин текшерүү үчүн Пастер, мындай тажрыйбаны сунуш кылган: ал бактерияны соо тоокко жиберет да, анын бутун муздак суунун агымына тосот. Тооктун температурасы акырындык менен төмөндөп отуруп 37, 38 болгондо ооруп бир суткадан кийин ал өлөт.

Гипотезанын чындыгына ынануу үчүн жана корутундулардын кокусунан чыгарылышын болтурбоо үчүн ал бул тажрыйбаларды кайталоо менен гана чектелбестен дагы жаңы гипотеза койгон: эгерде тоок температуранын төмөн болушунда сибирь күйдүргүсүнөн ооруп өлсө, анда тооктун денесин жылытканда ооруган тоок айыгууга тийиш. Ал тоокко ооруну жугузуп, денесин муздаткан, тоок сибирь язвасы менен толук ооруган кезде Пастер аны жылыткан. Бир

аз убакыттан кийин  тоок айыккан. Мына ошондон кийин гана Пастер күйдүргүнүн козгоочусу бар экендигине ишенген.
Бул мисалдын келтирилишинин мааниси мында: окуучулардын алдына изилдөөлөрдө табылган натыйжалар гана эмес, алардын этаптары гана эмес, ошондой эле этаптардын арасында байланыштар, этаптан этапка өтүүнүн логикасы, жаңы проблемалар түрүндө келип чыгуучу кыйынчылыктар толук ачылып көрсөтүлөт.
Аз-аздап изденүү же эвристикалык метод. Окуучулардын өз алдынча проблеманы чечүүгө даярдоо үчүн аларды акырындык менен проблеманы чечүүнүн айрым кадамдарын жасоого, изилдөөнүн айрым этаптарын чечүүгө үйрөтүп отуруу керек. Бирде окуучуларды проблеманы кабыл ала билүүгө үйрөтүү үчүн аларга кандайдыр бир сүрөткө, документке, же айтылган ойго карата суроо коюу сунуш кылынса, бирде окуучу өзү тапкан жообун өзү далилдеп берүүсү талап кылынат, кээде берилген фактылардан тыянак чыгаруу, кээде божомолдоп айтуу талап кылынат, айрым учурда окуучудан ал божомолду текшерип аныктоо планын түзүү талап кылынат. Ошондой эле кээде коюлган проблеманын жообун окуучулар оңоюраак таба тургандай кылып аны майда суроолорго бөлүп жиберип, мугалим окуучуларды аз-аздап издендирет. Кээде ар бири проблеманы чечүү жолунда өзүнчө кадам болгон майда, бири-бири менен логикалык байланыштагы соболдор ташталат. Алардын көбү окуучунун билген гана жообун айтпастан анча-мынча изденүүсүн талап кылат. Бул эвристикалык аңгеме деп аталат. Бул усул окуучулардын логикалык ойлоосун өстүрүп, илимий изилдөө иштерин жүргүзүүгө аларды даярдайт, илимий изилдөөнүн ык, машыгууларына окуучуларды акырындык менен үйрөтөт.
Изилдөө методу. Бул метод окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүккө үйрөтүүнүн жаңы деңгээлин камсыз кылуучу бир ыкма. Эгерде аз-аздан изденүү методунда окуучулар чыгармачыл тапшырманы аткарууга мугалимдин жетекчилиги менен катышса, изилдөө методу проблеманы өз алдынча чечүүгө үйрөтүүнү көзөмөл тутат.
М: тил, тарых, география сабактарында аймактык жергиликтүү бөтөнчөлүктөрдү үйрөнүү үчүн тапшырмалар берилиши мүмкүн.
Ал үчүн мугалим сабакта окуучуларга мурда өздөштүргөн билимдерине таянып, ар түрдүү китептерди, каражаттарды, куралдарды колдонууга үйрөтүп, колдонтуп кыска мөөнөттүү таанымдык тапшырмаларды жана аларды аткаруу боюнча зарыл көрсөтмөлөрдү берет.
Мында окуучулар тарабынан табылган акыйкат, чечилген маселе илимде алда качан белгилүү, ал эми окуучу үчүн бир кыйла жаңы нерсе. Бирок, бул методдун түпкү маңызы окуучу тапкан табылгада эмес, аны чыгармалык маселе чечүү тажрыйбасына ээ кылуу, анын ой жүгүртүү жөндөмүн өстүрүү, мындай маселелерди чечүүгө карата ышкы ыкласын ойготуу, аны ички керектөөсүнө айландырууда.
Изилдөө методунда мугалимдин эң башкы вазийпасы окуучулар үчүн проблемалуу тапшырмаларды туура түзүп, иштеп чыгып берүүдө турат.
Бул методдун артыкчылыгы жогоркудай жагдайлар менен мүнөздөлөт. Бирок, аны колдонуунун дурус жактары менен бирдикте төмөнкүдөй чектелүү жактарын да эске албай коюуга болбойт. Аны колдонууга бир топ көп убакыт сарп кылынат. Ошону менен бирдикте практикалык билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандыруу жетиштүү түрдө ишке ашырылбайт.
Изилдөө методдорун төмөнкү жагдайларда колдонуу бир топ натыйжалуу болот:

- материалдын мазмуну орто татаалдыкта, ошондой эле мурда өтүлгөндөр менен өз ара тыгыз байланышта болсо;
- окуучулар материалды проблемалуу окуп үйрөтүүгө даяр болушса;
- мугалимдер бул методдорду б.а. балдардын өз алдынча чыгармачыл иш аракетин ийкемдүү уюштура билген учурда.

Изилдөө методунда жана изденүү аңгемесинде чыгарыла тургандагына караганда проблемалуу баяндоо методунда мугалим бир кыйла татаал проблемаларды алып чыгарышы мүмкүн, анткени мындай проблеманы бүтүндөй мугалим өзү чыгарат.
Мына ошентип, биз окутуунун проблемалуулугун ишке ашыруунун үч түрдүү методун баяндап көрсөттүк. Өтүлүүчү материалдын мүнөзүнө, окуучулардын интеллектуалдуу

мүмкүнчүлүктөрүнө жараша мугалим мына ушул үч методдун бирөөн өзү тандап колдоно алат. Окутууда проблемалуулукту ишке ашыруу мугалимге эң эле орчундуу талаптарды коет. Баарыдан мурда мугалим өзү окутуп жаткан илимди - ал илимдин тарыхын, азыркы абалын, проблемаларын, өсүү перспективаларын, изилдөө методдорун жакшы билүүгө тийиш. Мындан тышкары мугалим проблемалык окутуунун маанисин, анын методдорун мыкты өздөштүрүүгө тийиш. Ошондо гана тиешелүү учур ларда ал окутуудагы проблемалуулукту талаптагыдай ишке ашыра алат.

Мээге чабул ыкмасы

Белгилүү бир тема боюнча тез арада ой жүгүртүү, бүтүм чыгаруу жана пикир жаратуу максатында колдонулуучу бул ыкма мугалимдин же башка бир жетекчинин башкаруусун- да ишке ашырылат. Катышуучуларга маселенин төркүнү кабарланат. Аларга кыска аралыкта өздөрүнө тааныш болгон көз караштарын тактап, айтып берүү жагы билдирилет. Бардыгынын көз карашы аныкталат. Көз караштар катчы же мугалим тарабынан катталат же тактага (доскага) жазылат. Белгиленген убакытта көз карашын аныктай албагандар улам атталып, кезек башка окуучуга берилет. Катталган көз караштар талкууга алынат. Ойлонуп орундуу айтылган көз караштар талкууланат жана негизги көз карашка жетүү үчүн аракет жасалат.

Ошентип, бул окуучулардын сабакка жандуу катышуусун камсыз кылуу аркылуу заматта оюндагысын ортого са- лууга, айтылган көз караштарына окуучулар тарабынан таасирдүү колдоо көрсөтүлүшүнө шарт түзгөн ыкма болуп эсептелет. Анын ийгиликтүү аткарылышы үчүн мугалимден окуучуларды оюндагысын тартынбай айта билгенге аракет кылдырышы, класста чыгармачыл чөйрөнү уюштура билиши жана ийги жетектеши талап кылынат. Өтө жандуу жана тез арада аткарылгандыктан айрым окуучулардын сабакты кабылдашы кыйындашы мүмкүн. Жетиштүү көңүл бурулбай калган учурларда окуучулардын ортосундагы байланыштын бузулушу да ыктымал.

Мээге чабул ыкмасын натыйжалуу уюштуруу төмөнкүдөй ырааттуулукта жүзөгө ашат.

- Талкуунун темасын тактоо.
- 10 кишилик бир топ түзүү (топтон тышкаркы окуучулар байкоочу катары катышат).
- Ыкманы колдонуу үчүн жетекчи даярдоо (ал сабактын мугалими болушу мүмкүн, бирок окуучуларга артыкчылык берүү керек).

- Жетекчи катары баштапкы милдеттерди ирети менен аткаруу зарыл. Маселен, 10 окуучуга: талкуунун темасын билдирүү менен: ар бир окуучунун пикирин аныктоо убактысын тактап берүү (1 мүнөт болушу маанилүү); көз караштарды угуп, тактага кыскача жазуу; өз убагында пикирин айтып бере албагандарды аттап өтүү иштери жүргүзүлөт.
- Бардык пикирлер билинери менен талкууну баштоо (10 мүнөт жетиштүү болот. Талкууну 10 окуучунун катышуусу менен өтүү зарыл).
- Акырында талкуу жыйынтыкталып, корутунду сөз сүйлөнөт.

Мына ошентип, окуутунун ар кандай методу окуучунун алган билиминин мазмунун түшүнүп билүүсүн камсыз кыла турган анын таанып билүүчүлүк жана практикалык иш-аракетин уюштуруучу мугалимдин максаттуу иш-аракеттеринин системасы болуп эсептелет. Башкача айтканда, окутуу методу дайыма сөзсүз мугалим менен окуучунун өз ара аракеттешүүсүнөн турат, мындай өз ара аракеттешүүнүн жүрүшүндө мугалим окуучунун окулуп үйрөнүлүүчү обьект менен болгон иш-аракетин уюштурат, бул иш-аракеттин натыйжасында окуучунун материалда өздөштүрүү процесси ишке ашырылат.

Жогоруда биз изилдөө методунда мугалимдин функциясы барыдан мурда окуучулар үчүн проблемалуу тапшырмаларды түзүп берүү экендигин белгилеп көрсөттүк.

Эми биз карап өткөн методдордун мазмунун (аткаруучу милдеттерин) мугалимдин жана окуучулардын иш-аракеттеринин формасы катары төмөнкүдөй кыскача туюнтуп көрсөтөлү.

Түшүндүрүп-иллюстрациялоо методу.

Бул методдун дидактикалык функциясы эмнеде?

Бул метод негизинен коом, жаратылыш, дүйнө, адамзат жана анын иш-аракети ж.б. жөнүндө окуучуларга билим берүү үчүн колдонулат. Бул методдо: мугалим билимдерди айтып билдирет, ыкмаларын көрсөтөт. Окуучулар билимдерди жана иш ыкмаларын кабыл алышат, сезимдүү ойлоштурушат, эсте сактап калышат.
Репродуктивдүү метод.
Бул методдун дидактикалык функциясы эмнеде?
Бул метод негизинен окуучуларда иш-аракеттин белгилүү
ыкмаларын билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн колдонулат. Бул методдо: мугалим билимдерди жана иш ыкмаларын кайталап калыбына келтирүүгө карата тапшырмалардын (көнүгүүлөрдүн) системасын түзүп, аларды окуучуларга сунуш кылат, алардын аткарылышына көзөмөл кылат. Окуучулар билимдерди жана ишенимдүүлүктүн ыкмаларын калыбына келтирип кайталашат.
Билимдерди проблемалуу баяндоо
Бул методдун дидактикалык функциясы эмнеде?
Бул метод негизинен окуучуларга окуу материалын,
фактыларды илимий-далилдүү баяндоонун үлгүлөрүн көрсөтүү үчүн, бүтүн проблеманы толук чыгаруунун жолдорун окуучуларга тааныштырып көрсөтүү үчүн колдонулат. Бул методдо: мугалим проблеманы коет жана аны чечмелейт. Окуучулар: билимдерди жана иш ыкмаларын кабыл алышат, аң-сезимдүү ойлонуштурушат, проблеманын чечилишинин далилдүүлүгүнө, чындыгына тууралыгына көзөмөл кылат.
Изденүү аңгемеси (жарым-жартылай изденүү методу). Бул методдун дидактикалык функциясы эмнеде?
Бул метод негизинен окуучуларды бүтүн проблеманы толук чыгарууга акырындык менен көнүктүрүү максатында аларды проблеманы чыгаруунун айрым этаптарына тартуу үчүн колдонулат. Бул методдо: мугалим таанып билүүчүлүк, проблемалык маселенин чыгарылышынын айрым этаптарын аткарууга карата тапшырмаларды сунуш кылат, окуучулардын ишине жетекчилик кылат. Окуучулар: коюлган проблемалык маселенин айрым бөлүктөрүн гана өз алдынча чыгарышат.
Изилдөө методу.
Бул методдун дидактикалык функциясы эмнеде?
Бул метод негизинен окуучуларды изилдөөнүн жалпы ыкмалары менен тааныштыруу үчүн колдонулат, бул метод менен окуучуларга илимий далилдүү ойлонуунун эталонун берүүгө болот. Бул методдо: мугалим окуучулар өз алдынча чыгарсын үчүн проблеманы сунуш кылат, аны чыгаруунун жүрүшүн контролдойт. Окуучулар проблеманы өздөрү чыгарышат, өздөрүн өздөрү контролдошот.

Окуу материалынын мазмунуна карата окутуу методдорун айкалыштыруунун (байланыштыкта пайдалануунун) төмөнкүдөй ыкмаларын көрсөтүүгө болот.

1. Эгерде окуу материалы мурунку өтүлгөн материалга тыгыз байланышта жана андагы жаңы түшүнүктөр татаал эмес болсо, анда аны негизинен изилдөө методу менен, жарым-жартылай изилдөө методу (изденүү аңгемеси) менен окууга болот. Бул учурда мугалим проблемалык ситуацияны түзүп окуучуларга сунуш кылат, окуучулар болсо мугалимдин жетекчилиги астында бүткүл материалды өз алдыларынча окуп үйрөнүшөт.
2. Эгерде окуу материалы окуучулар үчүн таптакыр тааныш эмес жаңы болсо, алардын практикалык жана таанып билүүчүлүк тажрыйбасына байланышпаса, жаңы түшүнүктөр татаал болсо, анда аны түшүндүрүп - иллюстрациялоо жана репродуктивдүү методдору менен окууга болот, б.а. материалы толугу менен мугалим баяндап түшүндүрөт, окуучулар болсо аны даяр түрдө кабыл алышат, ойлоштурушат, класста жана үйдөн бышыктап бекемдешет.
3. Эгерде окуу материалында окуучуларга белгилүү да жана белгилүү эмес жаңы маалыматтар да болуп жаңы түшүнүктөр татаал болсо, анда материалдын негизги бөлүгү түшүндүрүү-иллюстрациялоо методу менен окулат, материалдын калган бөлүгү жарым-

жартылай изденүү жана изилдөө методдору менен окулуп өтүлөт, б.а. мугалим тема боюнча негизги материалды гана баяндап түшүндүрөт, окуучулар болсо андан кийин бүткүл материалды өз алдынча иштеп чыгышат.

4. Эгерде окуу материалында бири бирине байланышсыз ар түрлүү түшүнүктөр көп болсо, анда ар түрдүү методдор дифференцияланып пайдаланылат. Бул учурда мугалим жаңы материалды түшүндүрүп баяндоодо башка методдордон (мисалы, изденүү аңгемесинен, же изилдөө методунан ж.б.) кошо пайдаланат.

5. Оозеки түшүндүрүүнүн методдорун окуучулардын өз алдынча иштери менен кошо айкалыштыруунун мааниси эң чоң. Мындай айкалыштыруунун төрт түрү бар.

6. Айкалыштыруунун биринчи түрү. Окуу материалын бүт бойдон мугалим айтып түшүндүрөт, окуучулар аны аңдап кабыл алышат, класста жана үйдөн бышыкташат. Айкалыштыруунун бул түрү окуучуларга таптакыр тааныштыгы болбогон, алардын практикалык жана таанып билүүчүлүк тажрыйбасына эч байланышпаган, татаал түшүнүктөрдү камтыган материалды окуп үйрөнүүдө пайдаланылат.

7. Айкалыштыруунун экинчи түрү. Мугалим тема боюнча негизги гана материалды айтып түшүндүрөт, окуучулар бүткүл материалды өздөрү иштеп чыгышат. Айкалыштыруунун бул түрү окуу материалында окуучуларга белгилүү жана белгилүү болбогондор органикалык байланышта камтылып жаңы түшүнүктөр анча татаал болбогон учурда пайдаланылат.

8. Айкалыштыруунун үчүнчү түрү. Мугалим жаңы материалды дифференциялап айтып түшүндүрүүсүн окуучулардын өз алдынча иштөөсү менен кошо айкалыштырып өткөрөт. Бул учурда материалдын бир бөлүгү боюнча оозеки айтып түшүндүрүүнү окуучулардын өз алдынча иштөөлөрү менен кошо айкалыштыруу методу колдонулат, экинчи бөлүгү боюнча: же бүткүл калган материалды мугалим айтып түшүндүрөт, же аны окуучулардын өз алдынча окуп үйрөнүүсү уюштурулат. Айкалыштыруунун мындай түрүн ар кандай түшүнүктөрдү камтыган темаларды окуп үйрөнүүдө пайдаланган жакшы.

Айкалыштыруунун төртүнчү түрү. Мугалим окуучуларды материалдын мазмуну жана сабакта иштөөнүн методикасы менен тааныштырат, окуучулар мугалимдин жетекчилиги астында пландалган бүткүл окуу материалын өздөрү окуп үйрөнүшөт. Мугалим менен окуучулардын эмгектенүүлөрүн мындайча айкалыштыруу жаңы окуу материалы мурда окулуп өтүлгөн материалдар менен тыгыз байланышта болгон учурда, же ал окуучулардын билген билимдерине негизделип таянылган учурда, материалдагы жаңы түшүнүктөр татаал эмес болсо жана окуучулардын өз алдынча иштөөгө даярдыктары жетиштүү болгондо пайдаланылат.

Проблеманы изденүү аңгемесинин жардамы менен чечүү, проблеманы изилдөө методу менен чечүү, материалды түшүндүрүп маалымдоо методу менен окутуу, материалды проблемалуу баяндоо менен окутуу, материалды аз-аздап изденүү (эвристикалык аңгеме) методу менен окутуу, материалды изилдөө методу менен окутуу маселелеринин ар биринин конкреттүү мисалдарын сиздер биздин 1988-жылда чыгарылган китебибиздин (Сабактын оптималдуу вариантын даярдап өткөрүүнүн методикасы., Фрунзе, «Мектеп») 115-127 беттеринен карап окусаңыздар болот.

**Лекциялык №9-сабактын темасы:**

**Көркөм сүрөт өнөрү сабактарынын пландаштыруу*(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,45)***

**Сабактын максаты:** Сабакты жана окутуу иш-чараларын пландаштырууну үйрөнүү

**Лекциянын планы:**

1.Календардык-тематикалык планды түзүүдө эске алынуучу үч фактор – (а) окуучу, (б) тема, (в) шарт.

2.Иллюстративдик календардык план. Мөөнөт, мазмун, максат, милдет, метод, каражат, кызматташуу.

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с. 3.Бекбоев И., Алимбеков А. азыркы сабакты даярдап өтүүнүн технологиясы. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн. – Б.: Бийиктик, 2011. - 192 б

**Кошумча адабияттар:** Диссертациялар, гезит, журналдар ж.б.

**Текшерүү суроолору:** 1.Окуу жылында канча жума бар?

2.Эмне себептен календардык план деп аталат?

3.Мектепте КСӨсабагын окутуунун кандай түрлөрүн билесиңер?

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** суроо-жооп

**Компетенциялар картасы: ЖК-2, КК-6**

| **5.1.9.** | **9-тема.** Көркөм сүрөт өнөрү сабактарынын пландаштыруу | | |
|---|---|---|---|
| Компетенциялар | **ЖК-2** Көркөм билим берүү процессин окутуунун заманбап, илимий негизделген технологияларына ылайык окуучулардын талаптарына жана жетишкендиктерине жараша пландаштыруу менен ишке ашырууга жөндөмдүү.<br>**КК-6** Предметтер боюнча сабактарды программанын бөлүмдөрүнүн жана темалардын спецификалык өзгөчөлүктөрүнө жана окуу планына ылайык пландаштырууга жөндөмдүү. | | |
| ДОН(РОд) | Көркөм билим берүү процессин пландаштыруунун илимий негиздерин **билет** (ЖК-2)<br>Окуу иштерин пландоодо окуучулардын талаптарын , жетишкендиктерин,психологиялык жана курактык өзгөчөлүктөрүн эске алууга **жөндөмдүү**(ЖК-2)<br>Окуу программаларын түзүү көндүмдөрүнө **ээ болот**.(ЖК-2)<br>Көркөм билим берүү процессин пландоодо билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтер менен иштөөнү **билет** ( КК-6)<br>Сабактарды пландоодо аймактардын жер шартын , мектептердин материалдык-техникалык базасын ,элдик салттарды эске алууга **жөндөмдүү** (КК-6)<br>Мектептин көркөм өнөр сабактарынын программаларын, календардык-тематикалык пландарын,план-конспекттерин ж.б. пландоо көндүмдөрүнө **ээ болот**(КК-6) | | |
| Теманын максаты | Сабакты жана окутуу иш-чараларын пландаштырууну үйрөнүү | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтерди жана анын негизинде сабактарды пландоону **билет** жана **түшүнөт.** |
| | Практ. | 3с. | Сабактардын максаттары, милдеттери мазмуну, методдору, кражаттары жөнүндөгү маселелерди **жөндөйт.** Календардык-тематикалык план түзүү көндүмдөрүнү **ээ болот.** |
| | СӨАИ | 5с. | Сабак процессин пландоого тиешелүү маселелердин баарын **жөндөйт**.<br>Иллюстративдик календардык – тематикалык план түзүү көндүмдөрүнө **ээ болот.** |

| № | *Сабактын баскычтары* | *Баскычтардын максаты* | *Окутуучунун ишмердүүлүгү* | *Студенттин ишмердүүлүгү* | *Методдор, механизмдер* | *Окутуунун натыйжалары* | *Сабактын жабдылышы* | *Убактысы* | *Баалоо формасы* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Уюштуруу убагы | Сабакты ыңгайлаштыруу. | Даярдыгын көзөмөлдөө | Окутуучунун талаптарын алдын ала аткаруу. | | ОН-жазылып доскага илинет. | Керектүү каражаттар. | 5 мин. | |
| **2** | Өткөн материалды суроо. | Өздөштүрүүнүн ыраатуулугун сактоо. | Суроо берүү | Жооп берүү, өз пикирлерин билдирүү. | | - | Суроолор тизмеги. | | |
| **3** | Жаңы темага мотивдештирүү. | Сабакка мотивдештирүү. | Интеракт. көнүгүү жасатуу. | Доскада жазылган темага ой жүгүртүү. | | ОН-жөнүндө түшүнүк берүү. | Дисцип.ОН-жөнүндө маалымат. | | |
| **4** | Жаңы теманы өтүү. | Сабактын мазмунун түшүндүрүү. | Жаңы теманы өтүү. | Көңүл буруу, конспект жазуу. | | ОНдун негизинде түзүлгөн текст. | Проектор, Слайддар,лекциянын тексти. | | |
| **5** | Бышыктоо. | Алган билимин бекемдөө. | Суроолорду берүү. | Суроолорго аргумент издөө. | | ОНдун негизинде түзүлгөн суроолор. | Суроолор тизмеги. Карточк. | | |
| **6** | Жыйынтыктоо. | Тыянак чыгаруу. | Материалды жалпылоо. | Материалдын түшүнбөгөн бөлүгүн тактоо. | | Тыянактардын ОНго туура келиши. | Проектор, Слайддар. | | |
| **7** | Студенттердин сабактагы активдүүлүгүн баалоо. | Моралдык стимул берүү. | Баалоо каражат. менен баалоо. | | | Компетенциялар калыптандыбы ?Анализ. | Баалоо каражат. | | |

**1. Окутуу иш чараларын пландаштыруу жана анын пайдалуу жактары**
Мугалим окуучуларды билим жана билгичтиктиктерге ээ кылуу үчүн окутуу процессин ойдогудай уюштурууга милдеттүү. Бул милдетти аркалоо үчүн кандай ишмердүүлүктүн кантип өздөштүрүлөрү, буга байланыштуу иш-чаралардын кантип аткарылары алдын ала пландалышы керек. Демек, окутуу ишин пландаштыруу деген түшүнүк көздөгөн максатка жетүү үчүн ага байланыштуу ар кандай иш-чараларды аныктоо, аларды окуучуларга үйрөтүү жолдорун тандоо, анда колдонулуучу курал-жабдыктарды даярдоо жана өздөштүрүлгөн ишмердүүлүктөрдү баалоо аркылуу аныкталат.
Мындай иш-чараларды сабактан мурда пландаштыруунун төмөнкүдөй бир катар пайдалуу жактары бар.

- План мугалимдин окутуу жаатында аткара турган бардык иш-аракеттерин жетектөөгө жакындан жардам берет.
- Теманын качан жана канча убакытта өтүлөрүн иретке келтирет, өзгөчө прогамманын бөлүнгөн убакыт ичинде аткарылышын камсыз кылат.
- Пландуу түрдө өтүлгөн сабак мугалимди да, окуучуну да чар жайыттыктан сактайт жана аларга ишеним берет.

- Сабактын максат-милдеттерине шайкеш келген методдорду, тиешелүү курал-жабдыктарды тандоого жардам берет.
- Пландуу иш билимди баалоонун ишенимдүүлүгүн арттырат.
- Окуучулардын дилгирлик жана шык-жөндөмүн активдештирет.
- Мугалим менен окуучунун кызматташып иштөөсүн камсыз кылат.

2. Сабактардын системасына байланыштуу пландын түрлөрү. Календардык-тематикалык план.

Аткарыла турган бир иштин алдын ала ырааттуу ойлонуштурулушу жана кагаз бетине түшүрүлүп аныкталышы план деп аталат. Азыркы мектептердеги окуу иши *календардык-тематикалык план, күндөлүк сабак пландары аркылуу* уюштурулат.
*Календардык-тематикалык план* деп - бир окуу жылында, жарым жылдыкта же чейрек ичинде өтүлө турган сабактарды жана аткарыла турган иш-чараларды айлар, кээде апталар боюнча бөлүштүргөн планды аташат. Календардык- тематикалык пландын негизги функциясы сабактардын системасы, класстан тышкаркы иш чаралар аркылуу тема программанын бөлүмү боюнча окуу-тарбия процессинин билим берүү, өнүктүрүү, тарбиялоо сыяктуу функцияларын жүзөгө ашыруунун оптималдуу жолдорун аныктоо. Бул системага негизги дидактикалык максаттарына карай ар түрдүү типтеги сабактар менен бирге сабактан жана класстан тышкаркы ар түрдүү иш чараларда кириши мүмкүн. Тематикалык планды иштеп чыгуунун ийгилиги мугалимдин окуучулар эмнелерди бекем өздөштүрүп, эмнелер боюнча билим жана билгичтиктерге ээ болушун даана элестете алышынан көз каранды. Билим жана билгичтиктер, көндүмдөр бир эле сабак аркылуу калыптана койбойт. В. А. Сухомлинский баса белгилегендей «Тажрыйбалуу мугалим бүгүнкү жаңы өтүлгөн сабакта бекем билимдерге жетиштим деп эч убакта айта албайт. Бул мүмкүн эмес. Билимдер качан гана педагогдун билгич иши аркылуу дайыма системдүү өнүгүп олтурганда гана бекем боло алат».
Бул иш бүткүл курс, окуу программасы, темалар жана бөлүмдөр боюнча жүзөгө ашат. Аны мугалим өзү окуткан класс окуучуларынын өзгөчөлүктөрүнө шайкеш аныкташы абзел. Ошондуктан мугалим эреже катары окуу-тарбия ишинин милдеттерин бүткүл сабактар боюнча бири-бири менен уламалуу, өз ара байланышта аныктап алышы шарт. Сабактардын системасын ушундай тартипте талдоо гана педагогикалык кубулуштардын өз ара көз карандылыгы жөнүндө корутундуларга өтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ансыз жылдык тематикалык план сабактардын өз ара тутумдаш системасы эмес ар түркүн сабактардын келки-келки топтому болуп калышы мүмкүн. Мындай шартта билимдерди өздөштүрүүнүн ырааттуулугу жана системалуулугу жөнүндө кымындай да сөз болушу мүмкүн эмес. Чындыгында эле, жылдык тематикалык планды долбоорлоо оңой иш эмес. Ал окуу-тарбия процессинин максат, мазмуну тууралуу терең билимди жана тажрыйбаны талап кылат. Көрүнүктүү дидакт М.И. Махмутов: «Бардык

эле мугалимдер жылдык планды ойдогудай пландаштыра албайт, айрыкча жаш мугалимдер жогорку квалификациялуу тажрыйбалуу адис мугалимдердин жардам көмөгүнө муктаж болот деп эсептеген. Ошондуктан такшалган предметчи мугалимдер тарабынан түзүлгөн жылдык тематикалык пландын варианттары август кеңешмесине сунушталып, кеңири талкуудан өткөрүлөт, мугалимдердин сунуш пикирлеринин негизинде оңдолуп, түзөтүлүп, өркүндөтүлгөн соң өрнөк катары колдонууга сунушталат. Ал эми, айрым Европа мамлекеттеринде бул иш эреже катары билим берүү министрлигинин тиешелүү мекемелери тарабынан иштелип чыгып, мектеп мугалимдерине сунушталат. Мугалимге аны реалдуу мектеп шартына карай өнүктүрүү боюнча мүмкүнчүлүктөр берилет. Учурда окуу ишин пландаштыруу багытында мугалимге жардам иретинде жарыяланган методикалык колдонмолор борбордук китеп магазиндеринде жайнап кетти. Тилекке каршы, алардын көбү Россиянын борбордук зоналарында даярдалган жана орус тилинде. Ошону менен бирдикте мындай пайдалуу методикалык материалдарды жайылткан орус тилиндеги интернет сайттар да көп. Аларды мугалим httpwww.google.ru маалымат булагынан «календарно-тематическое планирование», «план-конспект урока» деген сөздөр аркылуу издесе оңой эле табат.

Демек, азыркы шартта мугалим үчүн сапаттуу аткарылган пландын үлгүлөрүн табуу анча кыйын эмес. Бирок, окуу иши конкреттүү мектепте, конкреттүү класста ишке ашат. Реалдуу педагогикалык болумуштун ачык айкын аңдалбаган - билинбеген, купуя, көмүскө, көлөкө жактары арбын. Ошондуктан даяр планды көчүрүп алуу өтө кооптуу жорук экенин эске тутушу абзел. Календарлык-тематикалык план даяр болгон күндө да мугалим аны конкреттүү шарттарга ылайык өзүнүн педагогикалык акыл-эс элегинен өткөрүшү абзел.

Жалпысынан календардык-тематикалык планды түзүүдө мугалим үч факторду эске алууга милдеттүү. Алар: окуучу, тема жана шарт. Буларды төмөнкүчө мүнөздөөгө болот

(а) Окуучу. Мында класстагы окуучулардын саны, алардын билим жана жөндөм деңгээлдери эске алынат. Бул маселени териштирүүдө башка мугалимдердин пикирлери да өтө маанилүү.

(б) Тема. Пландалган теманын программадагы орду, ага ылайык методдун тандалышы, темага керектүү аудио-видео каражаттар, теманын түйүндүү түшүнүктөрү, сабакты жыйынтыктоонун баа-өлчөмдөрү аныкталат.

(в) Шарт. Сабактын мөөнөтү, сабак өтүлүүчү жер (дарскана, өнөркана, тажрыйбакана ж.б.), анын жарык болушу, желдетилиши, жылуулугу жана сабак үчүн керек болгон курал-жабдыктар камтылат.

Календардык-тематикалык пландын курамы же анда камтылган бөлүмдөр боюнча бир катар вариативдүү схемалар бар. Биздин оюбузча схема же структура бул догма эмес. Ал ар дайым чыгармачылык менен өркүндөтүлүп турушу шарт. Биз өзүбүз сунуштаган календардык-тематикалык пландын курамын айкындоонун алдында анын методикалык адабияттардагы жана мектеп практикасындагы бир катар варианттарынын дурус жана буруш жактарын талдоодон өткөрдүк.

Биздин терең ишенимибизде эгерде календардык-тематикалык пландын курамы төмөнкүлөрдөн турса, окутуу жана окуп үйрөнүү ишин дидактикалык жактан туура уюштурууга өбөлгө болоор эле.

Календардык-тематикалык пландын курамынын биз тарабынан сунуш кылынган варианты.

(1) Мөөнөтү. Бул бөлүмдө кайсы айдын канчанчы аптасында кайсы сабак боюнча канча саат сабак өтүлөрү аныкталат. Мугалим бул бөлүмдү түзүү учурунда жогоруда белгиленгендей, өтүлө турган сабактын күнүн, саатын, каникул-майрам күндөрүн эске алуу менен сабактарды теңдештирип бөлүштүрөт.

(2) Темалар. Бир жылдык окуу жүгүнө карай темалар бөлүштүрүлүп, сааттарынын өлчөмү аныкталат. Мугалим бул ишти аткарууда темалардын оор же жеңил экендигин эске алышы керек. Мында темалардын аталыштарын белгилөө менен чектелсе да болот.

(3) Максат-милдеттер. Өтүлүүчү темалардын максат-милдеттери аныкталат. Алар окуучуларга багытталып, өздөштүрүүгө ыңгайлуу формада берилиши керек.

(4) Метод жана ыкмалар. Теманын мазмунуна шайкеш келген окутуу методу жана ыкмалары аныкталат.

(5) Булак, курал-жабдыктар (каражаттар). Теманын мазмунуна байланыштуу окулуктар, колдонмо китептер, түрдүү басылмалар, аудио-видео техникалар жана башка каражаттар белгиленет.

(6) Сынак-тажрыйба, кезүү (экскурсия), байкоо. Темаларга байланыштуу сынак өткөрүү, тажрыйба жүргүзүү, экскурсия уюштуруу, бир нерсеге байкоо жүргүзүү сыяктуу иш-чараларды камтыйт. Маселен, тарых сабагы боюнча жүрүш уюшулса, анда баруучу жер менен алдын ала сүйлөшүү жүргүзүп, жүрүштүн планын тактоо керек.

Башка сабактын мугалимдери менен кызматташып иштөө. Бир сабакта өздөштүрүлгөн билим жана жөндөмдөрдүн экинчи бир сабакта өздөштүрүлгөн билим жана жөндөмдөр менен өз ара байланышта болушу шарт. Тактап айтканда, окуучуларды өздөштүргөн билимин жана билгичтиктерин ар кандай шарттарда колдонууга үйрөтүү зарыл. Муну мугалим ар дайым эстен чыгарбашы керек. Андыктан темага байланыштуу башка мугалимдерден алынуучу кеңеш көмөктөр ушул бөлүмдө катталууга тийиш. Маселен, математикалык амалдарды аткарууга байланыштуу бир кесиптик сабак ошол класстын математика мугалими тарабынан өтүлсө, майнаптуу болот. Бул жагдайлар, сөзсүз түрдө, ушул бөлүмдө көрсөтүлүшү керек.

(8) Тапшырмалар. Окуучуларга бир жыл ичинде берилүүчү тапшырмаларды жана аларды аткарыш мезгилин камтыйт. Бул бөлүмдө күн сайын аткарылуучу, ошондой эле апта сайын аткарылуучу тапшырмалар да берилиши мүмкүн.

(9) Жазуу жүзүндө өткөрүлүүчү баалоо. Ар бир сабак үчүн өткөрүлүүчү баалоо иштеринин мезгили көрсөтүлөт. Мугалим сабакка бөлүнгөн сааттын көлөмүнө карай жарым жылдыкта эң кеми эки же үч жолу сынак формасындагы жазуу иштерин өткөрүүгө милдеттүү.

(10) Эскертүүлөр. Мугалим бул бөлүмдө пландын аткарылышына байланыштуу урунттуу учурларды тиешелүү эскертүүлөр аркылуу белгилеши мүмкүн. Маселен, сабакка бөлүнгөн мөөнөттүн жана сааттардын көлөмүнүн жетиштүү экендиги, окуучулардын сабакты өздөштүрүү деңгээли жана ушул өңдүү учурлар бул бөлүмдө катталат. Мындай маалыматтар мугалим тарабынан кийинки окуу жылынын планын түзүүдө жетекчиликке алынышы мүмкүн.

3. Күндөлүк сабак планы

Билим берүү процессин пландоодо күндөлүк аткарылуучу иш-чаралардын пландалышы орчундуу мааниге ээ. Мугалимдин ийгилиги да дал ушул иш-чаралардын туура уюштурулушуна байланыштуу болот. Ал ар күнү өтө турган бардык сабактардын планын түзүүгө милдеттүү. Предметчи мугалимдер өз адистигине гана тиешелүү сабакты бергендиктен, ошол сабактын гана планын даярдайт. Муну күндөлүк план эмес, сабактын планы деп айтканыбыз оң. Сабакты пландоо-мугалимдин конкреттүү сабакка даярдануусунун составдык бөлүгү. Сурап көргөндө жаш мугалимдер алгачкы жылдары сабакта эмне деп сүйлөө керек деп көп ойлонушаарын айтышкан. Алар окуу предметинин мазмуну менен жакшылап таанышып чыгышат. Методикалык маселелер көбүнчө кийинки планда калат.

«Башкысы - предметти билгениң, калгандары кийин өзү болот», - деп ойлойт тажрыйбасыз мугалим. Катары менен бир нече ирет жолу болбой калганда гана жаш мугалим сабактын ар бир элементинин маңызын, максатын даана, аңдап билүү, анын формаларын, ордун, ишке ашыруу ыгын жана башка элементтер менен байланышын айкын элестетүү канчалык маанилүү экендигине көзү жетет. Мунун баарына сабакты пландоо жеткирет. Сабакты пландоо маселесин өз ара байланыштуу эки бөлүккө ажыратабыз.

> Сабактын жана анын ар бир этабынын максатын ойлонуштуруу.

> Атайын дептерге сабактын планын керектүү формада жазуу.

Кээ бир мугалимдер сабакты пландоо - бул аны жазып коюу эле деп ойлошот. Бул план керек, керек эмес, пайдалуу, зыяндуу, формализм ж.б. деген беймаани талаштарды жаратат;

Ушул эки маселени карап көрөлү.

План керекпи деп талашуу дегеле орунсуз. Бир дагы сабак плансыз өткөрүлгөн эмес. Такыр эле даярдалбаган сабак деле план боюнча өтөт: мугалим аны эмнеден баштоону ойлобой койбойт.

Мисалы, суроодон башташы мүмкүн. Ошондо ал сабактын өзүндө эле түзө койгон суроолорду берет, анан окуучулардын суроолоруна жооп берет, андан соң өзү бир нерселерди айтат же өз алдынча иштөөгө тапшырма берет. Бул деле план эмеспи. Кептин баары мындай «план» эмне берет, ал окуучунун жетилишине жана тарбияланышына кандай өбөлгө түзөт, мына ошондо.
Кээ бир мугалимдер план түзөт, бирок жазбайт. Ырас, мугалимдин эс тутуму бир нече күнгө чейин сабактын негизги деталдарын сактап кала алат. Бирок, начар сабактардын басымдуу көпчүлүгү, авторлор анализдеп көргөндөй, же жазылбаган, же көрсөтүп кутулуу үчүн эптеп эле түзө салынган план боюнча өтүлөт. Көпчүлүк мугалимдер ар бир сабакка план түзөт. Мыкты мугалимдердин тажрыйбасы план зарыл экендигин далилдеп турат. Мисал иретинде айрым мугалимдердин пикирлерине токтоло кетели.
Эркебаева Кален. (Каракулжа районунун А.Юсупов атындагы орто мектебинин директору) Сабактын планы керек. Мен жазган пландарымды жыл сайын жаңы фактылардын жана дидактикалык табылгалардын негизинде кайрадан ойлонуштурам, кошумчаларды киргизем. Өз оюм менен бирдикте мурда өтулгөн сабактарымдын кем-өксүктөрүн да дал ушул планда белгилеп жүрөм. Сабак үчүн керектүү бирок, дайыма эле эсте сактап калууга мүмкүн болбогон цитаталар, ыр тексттери да плата кошуп жазып коем. Ошондуктан мен учун план - өтө баалуу документ. План колдонуу үчүн жазыларын эске тутканыбыз оң. Көпчүлүк мугалимдердин сабагына катышканда алар платага таянбай сабак өткөнү өкүндүрөт. Мунун себеби бирөө эле. Ал пландар сабакта колдонуу үчүн эмес, окуу бөлүмүнүн башчысына көрсөтө коюу үчүн жазылган. Албетте, мындай жоруктар менен келишүүгө болбойт.
Сулайманова Ч. Сабактын планы зарыл нерсе. Бирок, ал сабакты ийгиликтүү өткөрүүгө жардамчы болчу деңгээлде даярдалышы керек. Айрыкча мектепте биринчи жылы иштеп жаткан мугалим планда сабакта аткарылчу бардык иштерди кеңири жазып алганы жакшы. Жаңыдан иштеп жаткан мугалимдин кыска арыдан бери даярдай койгон план менен сабак өтүшү - дегеле акылга сыйбас көрүнүш. Менимче сабактын планын даярдоо бардык мектептерде мугалимдин эң негизги жооптуу милдети катары каралышы керек. Тилекке каршы, айрым мектептерде сабактын алдын ала ойлонуштурулуп пландалышына караганда анын натыйжасын талкуулоого көбүрөөк көңүл бөлүнөт.

Айрым бир мугалимдерден план чыгармачылыкты, өз алдынчалыкты чектөөгө салып коет дегенди угууга болот. Бул - эреже катары аны жазганды жаман көргөн же жаза албагандардын көз карашы. Ал турмак генийлер шедеврлерди жаратууда адегенде гениалдуу план түзүшөт, чыгарманын бардык аки-чүкүсүнөн бери багытын жана өз ара байланышын көп жолу бышырып чыгышат. Бул бардык искусство чыгармаларына мүнөздүү, анын ичинде сабак үчүн да чоң тиешеси бар.

**Лекциялык №10-сабактын темасы:**

**Күндөлөлүк сабактарды пландаштыруу** ***(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,44)***

**Сабактын максаты:** Уюштуруу, өтүлгөн теманы кайталоо, жаңы тема менен тааныштыруу, бышыктоо, көнүгүүлөрдү уюштуруу, анализдөө жана баалоо сыяктуу сабактын структуралык түзүмүн алдын ала конспектилеп чыгууга үйрөнүү

**Лекциянын планы:** 1.Сабактын мазмунуна тереё байкоо жүргүзүү. 2.Пландоодогу сабактын элементтери, формалары, орду, ыраттуулугу. 3.В.А.Сухомлинский сабакка даярдануу жөнүндө. Сабактын **максаттарын аныктоо**. Дидактикалык каражаттарды иргөө. Класстык доскада иштелүүчү графикалык түзүлүштөрдү даярдоо. өз алдынча ишөө формаларын аныктоо. 4.Окуучунун билимин текшерүү усулун аныктоо. Сабакты жыйынтыктоонун формасын аныктоо.

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с. 3.Бекбоев И., Алимбеков А. азыркы сабакты даярдап өтүүнүн технологиясы. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн. –Б.: Бийиктик, 2011. - 192 б

**Кошумча адабияттар:** Диссертациялар, квалификациялык иштергезит, журналдар ж.б.

**Текшерүү суроолору:**

*1.Сабактын структурасына мүнөздөмө бергиле?*
*2.План конспект жөнүндө эмне билесинер?*

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** “Мыкты план конспект” жасоо**Компетенциялар картасы: ЖК-2, КК-6**

| **5.2.1.** | **10-тема** Күндөлөлүк сабактарды пландаштыруу | | |
|---|---|---|---|
| Компетенциялар | **ЖК-2** Көркөм билим берүү процессин окутуунун заманбап, илимий негизделген технологияларына ылайык окуучулардын талаптарына жана жетишкендиктерине жараша пландаштыруу менен ишке ашырууга жөндөмдүү.<br>**КК-6** Предметтер боюнча сабактарды программанын бөлүмдөрүнүн жана темалардын спецификалык өзгөчөлүктөрүнө жана окуу планына ылайык пландаштырууга жөндөмдүү. | | |
| ДОН(РОд) | Көркөм билим берүү процессин пландаштыруунун илимий негиздерин **билет** (ЖК-2)<br>Окуу иштерин пландоодо окуучулардын талаптарын , жетишкендиктерин,психологиялык жана курактык өзгөчөлүктөрүн эске алууга **жөндөмдүү**(ЖК-2)<br>Окуу программаларын түзүү көндүмдөрүнө **ээ болот**.(ЖК-2)<br>Көркөм билим берүү процессин пландоодо билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтер менен иштөөнү **билет** ( КК-6)<br>Сабактарды пландоодо аймактардын жер шартын , мектептердин материалдык-техникалык базасын ,элдик салттарды эске алууга **жөндөмдүү** (КК-6)<br>Мектептин көркөм өнөр сабактарынын программаларын, календардык-тематикалык пландарын,план-конспекттерин ж.б. пландоо көндүмдөрүнө **ээ болот**(КК-6) | | |
| Теманын максаты | Уюштуруу, өтүлгөн теманы кайталоо, жаңы тема менен тааныштыруу, бышыктоо, көнүгүүлөрдү уюштуруу, анализдөө жана баалоо сыяктуу сабактын структуралык түзүмүн алдын ала конспектилеп чыгууга үйрөнүү | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Сабактын теориялык мазмунунун жеткиликтүүлүгүн камсыздоону, уюштурууну, баалоо технологиясын жана каражаттарын **билет** |
| | Практ. | 3с. | Сабактын план-конспектин түзүү, дидактикалык материалдарды даярдоо,баалоо каражаттарын иштеп чыгуу жана сабакты жаярдап өтүү көндүмдөрүнө **ээ болот** |
| | СӨАИ | 5с. | Күндөлүк сабакты даярдап өтүүнүн теориялык маселелерин **билет** жана аларды колдонуу жолдорун **түшүнөт**<br>Сабактардын формаларына жараша түрдүү окутуу технологияларын колдонуу менен даярдап өтүү көндүмдөрүнө **ээ болот** |

| № | *Сабактын баскычтары* | *Баскычтардын максаты* | *Окутуучунун ишмердүүлүгү* | *Студенттин ишмердүүлүгү* | *Методдор, механизмдер* | *Окутуунун натыйжалары* | *Сабактын жабдылышы* | *Убактысы* | *Баалоо формасы* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Уюштуруу убагы | Сабакты ыңгайлаштыруу. | Даярдыгын көзөмөлдөө | Окутуучунун талаптарын алдын ала аткаруу. | | ОН-жазылып доскага илинет. | Керектүү каражаттар. | 5 мин. | |
| **2** | Өткөн материалды суроо. | Өздөштүрүүнүн ырааттуулугун сактоо. | Суроо берүү | Жооп берүү, өз пикирлерин билдирүү. | | - | Суроолор тизмеги. | | |
| **3** | Жаңы темага мотивдештирүү. | Сабакка мотивдештирүү. | Интеракт. көнүгүү жасатуу. | Доскада жазылган темага ой жүгүртүү. | | ОН-жөнүндө түшүнүк берүү. | Дисцип.ОН-жөнүндө маалымат. | | |
| **4** | Жаңы теманы өтүү. | Сабактын мазмунун түшүндүрүү. | Жаңы теманы өтүү. | Көңүл буруу, конспект жазуу. | | ОНдун негизинде түзүлгөн текст. | Проектор, Слайддар,лекциянын тексти. | | |
| **5** | Бышыктоо. | Алган билимин бекемдөө. | Суроолорду берүү. | Суроолорго аргумент издөө. | | ОНдун негизинде түзүлгөн суроолор. | Суроолор тизмеги. Карточк. | | |
| **6** | Жыйынтыктоо. | Тыянак чыгаруу. | Материалды жалпылоо. | Материалдын түшүнбөгөн бөлүгүн тактоо. | | Тыянактардын ОНго туура келиши. | Проектор, Слайддар. | | |
| **7** | Студенттердин сабактагы активдүүлүгүн баалоо. | Моралдык стимул берүү. | Баалоо каражат. менен баалоо. | | | Компетенциялар калыптандыбы ?Анализ. | Баалоо каражат. | | |

**Күндөлүк сабактарды пландоо жана ага даярдануу**

Сабактын планы - чыгармачылык изденүүнүн башталышы, сабактын натыйжалуу болушунун каражаты, мугалимдин оюнунун ишке ашырылышынын, шыктануусунун жана таланттуу импровизациясынын негизи. «Мугалим - деп жазган В.А. Сухомлинский, жакшы сабакка өмүр бою даярданат.
Биздин кесиптин жана биздин эмгектин технологиясынын рухий жана философиялык негизи мына ушундай: билимдин учкуну менен балдардын жүзүн жарык кылуу үчүн күн нурундай түбөлүк жаркыраган билимдердин нурунан, адамдык акылмандыктан бир минута да кетпей туруп терең деңиздей сиңирип алып туруу керек».
Сабакты пландоо жана ага мугалимдин даярдануусу төмөнкүдөй этаптардан турат.

> Сабакты тема же бөлүк боюнча системалуу иштеп чыгуу;
> Өтүлүүчү сабактын билим берүүчү жана тарбиялоочу милдеттерин аныктоо;
> Окуу материалынын оптималдуу көлөмүн аныктоо, аны мааниси жагынан толук бүткөн бир катар блокторго, бөлүктөргө ажыратып чыгуу;
> Сабактын структурасын (түзүлүшүн) иштеп чыгууга ылайык окутуунун эң алгылыктуу усулдарын жана формаларын аныктоо;
> Бул материалдардын башка предметтер менен байланышын издеп табуу жана ал байланышты жаңы материалды окуп үйрөнүүдө пайдалануу;
> Сабактын бардык этаптарында мугалимдин жана окуучунун бардык иш аракеттерин пландаштыруу. Бул өзгөчө жаңы материалды өздөштүрүүдө керек;
> Сабактын дидактикалык каражаттарын иргөө (кино жана диафильмдерди, карточкаларды, плакаттарды, картаны, схемаларды, кошумча адабияттарды ж.б.д.у.с.);
> Доскага жазылуучу жана сызылуучу сөздөрдү, чиймелерди пландаштыруу;
> Тажрыйба үчүн жабдуулардын даярдыгын өз учурунда текшерүү жана аны алдын ала бекемдөө;
> Сабакта өз алдынча иштөөнүн формаларын жана көлөмүн аныктоо;
> Сабакта жана үйдө иштелүүчү материалды бекемдөө жолдорун жана формаларын, билим берүүнү системалоонун жана кеңейтүүнүн жолдорун аныктоо;

«Окуучунун билимин текшерүүнүн методикасын, формасын аныктоо, ушул сабакта билими текшериле турган окуучулардын тизмесин түзүү;
«Үй тапшырмасынын мазмунун, көлөмүн жана формасын аныктоо;
«Сабакты жыйынтыктоонун формасын аныктоо;
«Көрсөтүлгөн тема боюнча класстан тышкаркы ишти аныктоо.
Бул сабакка даярдануунун жалпылаштырылган схемасы. Эми, планды атайын дептерге жазуу маселесине кыскача токтололу. Пландын түзүлүшү, анын көлөмү жана майда бөлүктөрүнүн сапаттык деңгээли мугалимдин жекече сапаттарына, анын тажрыйбасы менен эмгек стажынан көз каранды. План конспект эч убакта сабактын «жүзү» боло албайт. Эгер сабак начар болсо, ал тургай тажрыйбалуу методист тарабынан түзүлгөн эң кылдат, бышык план дагы мугалимге жардам бербейт.
Сабак боюнча план — бул мугалимдин өздүк документи, эмгекти илимий уюштуруунун каражаты. Бул жагдайда катуу талаптар менен биротоло аныкталган көрсөтмөлөр болушу мүмкүн эмес. Сунуш кылып, кеңеш берүүгө гана болот. Эң максаттуу форма болуп белгилүү бир сабакта белгилүү бир мугалимге ыңгайлуу форма гана эсептелет. План көбүнчө эки үч эле бет болушу керек. Беттердин бир жак капталында сабактын жетишпегендиги менен ийгилигин белгилөө үчүн орун калтыруу абдан жакшы. Ал эскертүүлөр кийинки окуу жылындагы сабактарга даярдануу үчүн эң жакшы материал катары кызмат кылат.

5. Аралаш сабактын планынын курамдык бөлүктөрү. Учурда сабактын планын түзүүнүн бирдиктүү формасы жок. Ал, негизинен, сабактын тибине, максат милдеттерине окуучунун муктаждыктарына, мугалимдин тажрыйбасына жана башка учурларга байланыштуу болот.

Мектепте эң көп өтүлгөн сабактардын бири бул аралаш сабак. Ошондуктан биз төмөндө аралаш сабактын планынын курамдык бөлүктөрүн сунуш кылып олтурабыз. Мында 3 схемада көрсөтүлгөн сабактын планы төмөнкү элементтерди ичине камтыйт.

(а) Алгачкы маалыматтар. Сабактын планынын баш ченинде алгы маалыматтар аныкталышы зарыл. Анда сабактын темасы, пландын ишке ашыш мезгили, бирдиктердин аталышы, класс, сабак мөөнөтү, мугалимдин аты жөнү ж.б.лар аныкталат. Бир эле тема ар башка класста өтүлсө, бардык класстар үчүн ошол сабактын бир гана планын даярдоо жетиштүү.

(б) Максат. Бул бөлүмдө сабактын соңунда окуучулар ээ болуучу билим жана билгичтиктердин тизмеси келтирилет. Буга чейин белгиленгендей, сабактын максаты бааламасы нактан, байкоодон өткөрүлүшү мүмкүн жана ал окуучуга багытталышы керек.

(в) Булак китептер, курал жабдыктар. Сабак учурунда мугалимдин натыйжалуу иштеши үчүн керек болуучу ар түрдүү окуулук, окуу куралдары, басылмалар, энциклопедиялар, аныктамалар, конспектилер, радио, магнитофон, тасма, слайд, сүрөт жана башка курал жабдыктар ушул бөлүмдө көрсөтүлөт.

(г) Даярдык. Бул бөлүмдө окуучулардын сабакка кызыгуусун арттырууга багытталган иш чаралар аныкталат. Андыктан учурдагы көйгөйлүү маселелер жөнүндө сөз козгоо менен окуучуларды сабакты кабылдоого даярдоого болот. Өткөн сабакты кайталоо суроо-жооп түрүндө өткөрүлүшү мүмкүн. Өтүлө турган сабактын максаты менен бул максатка жетүүнүн окуучу үчүн пайдалуу жактарынын чечмелениши анын кызыгуусун арттырбай койбойт.

(д) Сабакты өткөрүү. Жаңы билимдерди түшүндүрүү этабы. Бул бөлүмдү окуу китептин кайталанышы деп кароого болбойт. Анткени планда сабактын кыскача мазмунун чагылдырган конспект, ачкыч түшүнүктөрдүн жана формулалардын аныктамасы берилет. Курал жабдыктар, алардын кайсынысы качан колдонулары, маал-маалы менен окуучуларга берилүүчү суроолор жана алардын мүмкүн болгон жооптору да планда камтылышы зарыл. Бул бөлүмдөгү иш аракеттин негизги максаты окуучуну сабакка жандуу катыштыруута багыттоо. Ал ар кандай методдорду колдонуу менен ишке ашырылат.

(е) Көнүгүү. Сабакты түшүндүрүү бөлүмү менен чогуу ишке ашырылат да, анда өздөштүрүлгөн маалымат жана жөндөмдөрдү бекемдөөгө байланыштуу иш чаралар аныкталат. Суроо жооп аркылуу окуучулардын үйрөнгөндөрүн кайталоо бекемдөө, жалпылоо системалаштыруу сыяктуу иш чаралар белгиленет. Бул бөлүм кесиптик билим берүүдө милдеттүү түрдө аткарылуучу этап болуп эсептелет.

(ж) Баалама сынак. Бул окуучулардын сабактын материалдарын канчалык даражада үйрөнгөнүн аныктоо максатында ар бир сабактын соңунда сөзсүз түрдө аткарылуучу этап. Бул бөлүмдө аталган максатка жетүү үчүн баалама сынактын кайсы түрү колдонулары, анда өлчөм каражаттары кантип пайдаланылары пландаштырылат. Булар суроо жооп же тест түрүндө болушу мүмкүн. Баалама сынак сабактын максатына ылайык жүргүзүлүшү шарт.

(з) Даярдык жана көнүгүү иштери. Окуучулар тарабынан сабактан кийин аткарылуучу көнүгүү жана кайталоо иштери ушул бөлүмдө аныкталат.

(и) Келерки сабактын темасы. Окуучуларга келерки сабактын темасын сөзсүз билдирүү керек. Келерки сабакка байланыштуу иш чаралар ушул бөлүмдө катталат.

(к) Пландын аткарылышы боюнча пикирлер. Сабак аяктаган соң анын аткарылышы жөнүндөгү мугалимдин пикирлери катталчу бөлүм. Маселен, теманы түшүндүрүү, көнүгүүлөрдү аткаруу, суроо жооп иштери, курал жабдыктарды колдонуу сыяктуу жагдайларга байланыштуу даана байкалган дурус же буруш иш аракеттер дал ушул бөлүмдө катталат.

Төмөндө ар башка формада даярдалган эки пландын үлгүсү сунушталат. Буларды көңүл коюп талдап чыгыңыз.

**Лекциялык №11-сабактын темасы:**

**Сабакты анализдеп баалоонун технологиясы** ***(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,44)***

**Сабактын максаты:** Сабакты анализдеп баалоонун максаттарын, каражаттарын, түрдүү формаларын жана механизмдерин үйрөнүү

**Лекциянын планы***:* 1.өзүнүн жана өзгөлөрдүн каталарын анализдей билүү. 2.В.А.Сухомлинский «Мектептин жаш директору менен аңгемелер» аттуу эмгеги. Сабакты анализдөөнүн максаттары, принциптери. 3.Сабактын негизги этаптарын анализдөөдө дидактикалык милдеттердин аткарылышы.

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с. 3.Бекбоев И., Алимбеков А. азыркы сабакты даярдап өтүүнүн технологиясы. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн. –Б.: Бийиктик, 2011. - 192 б4. Мамбектакунов Э., Сияев Т.М. Педагогиканын негиздери. –Б.: Айат, 2008. - 304 б.

**Кошумча адабияттар:**

8.НеменскийБ.М.,Неменская Л.А.,Коротеева Е.И. и др.2-изд.-Просвещение, 2013.240с.

**Текшерүү суроолору***:*

1.Өз ара сабакка катышуунун кандай мааниси бар?2.Сабакты анализдөөдө кандай дидактикалык милдеттерге көңүл буруу зарыл

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:**Анализдин мисалын түзүү.

**Компетенциялар картасы: ЖК-2, КК-14**

| **5.2.2.** | **11-тема.** Сабакты анализдеп баалоонун технологиясы | | |
|---|---|---|---|
| Компетенциялар | ЖК-2 Көркөм билим берүү процессин окутуунун заманбап, илимий негизделген технологияларына ылайык окуучулардын талаптарына жана жетишкендиктерине жараша пландаштыруу менен ишке ашырууга жөндөмдүү.<br>КК-14 Окуу процессин балдардын өз алдынча көркөм ишмердүүлүгүнө кызыгуусун өнүктүрүү жана калыптандыруу үчүн уюштурууга жөндөмдүү. КСӨ, ДКӨ, көркөм эмгек. | | |
| ДОН(РОд) | Көркөм билим берүү процессин пландаштыруунун илимий негиздерин **билет** (ЖК-2)<br>Окуу иштерин пландоодо окуучулардын талаптарын , жетишкендиктерин,психологиялык жана курактык өзгөчөлүктөрүн эске алууга **жөндөмдүү**(Ж-2)<br>Окуу программаларын түзүү көндүмдөрүнө **ээ болот**.(ЖК-2)<br>Сабак процессинде окуучулардын көрөкөм өнөргө болгон кызыгуусун,окуу мотивдерин калыптандыруунун методдорун,каражаттарын жана принциптерин **билет** ( КК-14)<br>Окуучулардын көркөм чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштурууга **жөндөмдүү** (КК-14)<br>Элдик кол өнөрчүлүктүн баалуулуктарын тарбия каражаттары катары колдонуу көөндүмдөрүнө **ээ болот**(КК-14) | | |
| Теманын максаты | Сабакты анализдеп баалоонун максаттарын, каражаттарын, түрдүү формаларын жана механизмдерин үйрөнүү | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Сабакты анализдеп баалоонун технологияларын **билет** жана **түшүнөт** |
| | Практ. | 3с. | Өз ара сабактарга катышуунун ырааттуу системасы жөнүндөгү түшүнүктөрдү **жөндөйт**.<br>Сабакты анализдеп баалоо көндүмдөрүнө **ээ болот.** |
| | СӨАИ | 5с. | Өз ара сабактарга катышуунун ырааттуу системасы жөнүндөгү түшүнүктөрдү **жөндөйт**.<br>Сабакты анализдеп баалоо көндүмдөрүнө **ээ болот.** |

| № | *Сабактын баскычтары* | *Баскычтардын максаты* | *Окутуучунун ишмердүүлүгү* | *Студенттин ишмердүүлүгү* | *Методдор, механизмдер* | *Окутуунун натыйжалары* | *Сабактын жабдылышы* | *Убактысы* | *Баалоо формасы* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Уюштуруу убагы | Сабакты ыңгайлаштыруу. | Даярдыгын көзөмөлдөө | Окутуучунун талаптарын алдын ала аткаруу. | | ОН-жазылып доскага илинет. | Керектүү каражаттар. | 5 мин. | |
| **2** | Өткөн материалды суроо. | Өздөштүрүүнүн ыраттуулугун сактоо. | Суроо берүү | Жооп берүү, өз пикирлерин билдирүү. | | - | Суроолор тизмеги. | 8 мин. | |
| **3** | Жаңы темага мотивдештирүү. | Сабакка мотивдештирүү. | Интеракт. көнүгүү жасатуу. | Доскада жазылган темага ой жүгүртүү. | | ОН-жөнүндө түшүнүк берүү. | Дисцип.ОН-жөнүндө маалымат. | 4 мин | |
| **4** | Жаңы теманы өтүү. | Сабактын мазмунун түшүндүрүү. | Жаңы теманы өтүү. | Көңүл буруу, конспект жазуу. | | ОНдун негизинде түзүлгөн текст. | Проектор, Слайддар,лекциянын тексти. | 45 мин. | |
| **5** | Бышыктоо. | Алган билимин бекемдөө. | Суроолорду берүү. | Суроолорго аргумент издөө. | | ОНдун негизинде түзүлгөн суроолор. | Суроолор тизмеги. Карточк. | 10 мин | |
| **6** | Жыйынтыктоо. | Тыянак чыгаруу. | Материалды жалпылоо. | Материалдын түшүнбөгөн бөлүгүн тактоо. | | Тыянактардын ОНго туура келиши. | Проектор, Слайддар. | 6 мин | |
| **7** | Студенттердин сабактагы активдүүлүгүн баалоо. | Моралдык стимул берүү. | Баалоо каражат. менен баалоо. | | | Компетенциялар калыптандыбы ?Анализ. | Баалоо каражат. | 12 мин | |

**Окуу процессинде сабактарды анализдөөнүн орду жана максаттары.**

Сабактын сапаты менен эффективдүүлүгү мугалимдин эмнени билгендигинен гана эмес, ал өз билимин канчалык деңгээлде колдоно алгандыгына дагы жараша болот. Мугалимдин чеберчилиги көп учурда өзүнүн жана башкалардын каталарын анализдей билүүсүнөн көз каранды. Мунсуз педагогикалык чеберчиликке мугалим такыр жетишпейт же кечигип жетишет. Өз ишин анын ичинде сабагын, дайыма өркүндөтүү жаш мугалимдин жетишерлик кыска убакытта мыкты адис болуп калышына мүмкүндүк берет. Өз ишин анализдөө — квалификацияны жогорулатуунун эң ишенимдүү жолдорунун бири экендиги тажрыйбадан улам белгилүү. Кесиптештердин сабактарына катышуу абдан пайдалуу. Тилекке каршы, биз дагы эле өзүбүздүн жана коңшу мектептердин мыкты мугалимдеринин тажрыйбасын жетишерлик өздөштүрө албай келебиз. Бул биздин педагогикалык чеберчилигибиздин жай өнүгүшүнөн көрүнөт. Мугалим ал тургай көптү билем жана жакшы сабак өтөм деп ойлосо дагы, өзүнүн жана башкалардын сабагын анализдөө, анын билими менен билгичтиктерин бекемдери анык. Анткени сабакты анализдөө — татаал жумуш. Анын сапаты көп факторлордон, баарыдан мурда мугалимдин дидактикалык билимдеринин деңгээлинен, өз иш аракеттерин терең ойлонуп талдоого көнгөнүнөн, анын жөндөмүнө жана жакшы адис болууга умтулушунан көз каранды.

Сабактын мазмунун анализдөөдө берилчү суроолордун болжолдуу планын эле карап көрөлү. Бул мугалимдин сабакты даярдоо олуттуу даярдыкты талап кыларын тастыктайт. Ошентип, өзүнүн жана башкалардын тажрыйбасын мыктылап анализдөө жана зарыл адабияттарды үйрөнүп пайдалануу гана чеберчиликтин, устаттыктын бийик деңгээлине жеткириши мүмкүн.

Сабактарды анализдөө компетенцияларына ээ болуу айрыкча мектеп жетекчилери үчүн маанилүү.

Мектеп директору жана окуу бөлүмүнүн башчысы окуучулардын ийгиликтерин арттыруу үчүн улам жаңы билим берүү технологияларын пайдалануу боюнча демилге көтөрүп, мугалимдерди шыктандырат. Алар билим берүүдөгү эффективдүү ыкмаларды аныктайт жана мугалимдердин кесиптик устаттыгынын өнүгүшү үчүн кеп кеңеш айтуу колдоо көрсөтүү, кубаттоо таризиндеги ж.б. атайын камкордуктарды көрүшөт. Мугалимдер менен иштиктүү пикир алышуу алардын илимий деңгээлинин жана методикалык устаттыгынын өнүгүшүнө дем берет. Ошону менен бирдикте мугалимдердин эмгегин баалай билүү үчүн мектепте өтүп жаткан сабактардын сапатына такай көз салып турушат. Зарыл учурда өзү да алдыңкы педагогикалык билим менен инновациялардын жандуу булагы боло билиши күтүлөт. Сабактарга көп кирген жана талдоо жүргүзгөн мектеп жетекчилери мектепте окуу тарбия жүргүзүлүп жаткан окуу тарбия ишинин абалын алаканга салгандай билет. В. А. Сухомлинский адилет белгилегендей «Сабактарга анда санда гана кирилсе, эгер директор кеңешмелерден жана башка уюштуруу түйшүктөрдөн колу бошобой, класстарга жана окуучуларга чейин эч жетише албаса, иштеги бардык башка участоктор өзүнүн ар кандай маанилерин жоготот, анда кеңешмелер да жана башкалар да эч нерсеге арзыбайт». Дүйнөлүк атак даңкка ээ педагог В. А. Сухомлинский «Мектептин жаш директору менен аңгемелер» аттуу китебинде сабактарды талдоонун мааниси жөнүндө өз тажрыйбасын талдоого арналган атайын бөлүм бар. Анда бул иштин мектеп жетекчиси үчүн канчалык маанилүү экендигин тастыктаган дагы бир мындай саптар кездешет: «Мектепте 15 же 50 мугалим болушу мүмкүн. Бул жана тигил учурда да директор мугалимдин ишин терең билүүгө тийиш, ал эми бул үчүн дайыма, белгилүү системада сабактарга кирүү жана талдоо жүрүп турушу зарыл. Мектептин директорунун иши канчалык көп кырдуу болбосун, сабактарга кирүү жана аларды талдоо биринчи орунда турушу керектигине көп жылдык тажрыйба ишендирет. Эки сабакта болбосом бул күнү мектепте эч нерсе кылганым жок деп эсептөөнү мен эреже кылып алдым. Эгер бүгүн директорлордун кеңешмеси болсо, ушул күнү кирүүгө тийиш болгон эки сабакка эртеңки күнү кирүү керек. Төрт беш күнгө чейин бир жакка кетүүнүн божомолу алдында мен эки жуманын ичинде экиден эмес, ар күнү үчтөн сабакка киремин».

Жалпылап айтканда сабактарды анализдөөдө төмөнкүдөй максаттар көзөмөлгө алынат.

1. Класстык сабак окуучулардын окуу ишмердүүлүтүн үйрөнүүнүн бирден бир каражаты. Окуучулардын билим, билгичтик, көндүмдөргө ээ болуш абалын окутуунун сапатын текшерүү максатында бул иш айрым учурда максаттуу тематикалык планда жүргүзүлөт. Маселен,

төмөндөгүдөй проблематикалар сабакка кирүү жана аны талдоонун обьектиси болушу мүмкүн: окуучулардын окуп үйрөнүүгө карата жүйөө себептерин (мотивация) үйрөнүү; окуучулардын оозеки речин өнүктүрүү; табийгый математикалык закондорду, теорияларды үйрөнүүнүн абалы; окуучулардын үй тапшырмаларын аткаруу боюнча жоопкерчиликтери ж.б.

2. Мугалимге методикалык көмөк көрсөтүү аркылуу анын педагогикалык чеберчилигин өркүндөтүү. Сабактарга кирүү жана аны талдоону мектепте мугалимдин ишин текшерүүнүн, баалоонун, анын негизинде оң жана терс чечим кабыл алуунун гана каражаты катары кароого болбойт. Бул педагогикалык эмгектин табиятына туура келбейт.

3. Мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү ийгиликтерди жана кемчилдиктерди айкындоо жакшы жактарын үйрөнүү кемчиликтеринен арылууга жардам берүү. Сабактарга кирүү жана талдоо жүргүзүү менен педагогдун интеллектуалдык турмушу, анын түшүнүк көлөмү, анын рухий кызыкчылыктары сабакта кандайча берилгендигин, ачык көрсөтүлгөндүгүн изилдөөнү башкы максат кылып коюш керек. **(В.** А. Сухомлинский) Сабакта баарыдан мугалим эмне менен жашап жаткандыгын, ал эмне окугандыгын, педагогикалык жана методикалык табылгаларга кандайча таянып жаткандыгын көрүүгө болот. Мектепте бир мугалим тарабынан ачылган же үйрөнүлүп, ишке киргизилген инновациялык тажрыйба да сабактарга өз ара катышуу аркылуу таанылып таркалат. Бирок, тажрыйбалуу мугалимдердин жеке чыгармачылык лабораториясынан бардык баалуу нерселерди алып, мектептин коллективдүү ишмердүүлүгүнө жайылтуу үчүн анын бир топ сабактарына такай катышууну талап кылат.

2. Сабакты анализдөөдө жетекчиликке алынуучу принциптер

Сабактарды анализдөөнүн натыйжалуулугун арттыруу үчүн аналитикке предметтик билимдердин мазмунун, окутуу технологияларын, сабактын морфологиясын терең билиш эле жетишсиз. Сабактарды такай системдүү талдоо негизги милдети болуп эсептелген мектептин директору, окуу бөлүмүнүн башчысы бул ишти туура жана негиздүү уюштуруунун методологиялык принциптерин да жеткилең билиши абзел. Сабакты педагогикалык жактан талдоонун принциптери окуу тарбия процессинин көп кырдуу кубулуштарын таанып билүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнө негизделет. Б. а. аталган принциптерди окуу тарбия процессин таанып билүүнүн методологиялык принциптерин конкреттүү сабакты талдоодо колдонулушу катары да карасак болот. Бул принциптерди айрым варианттары алгач ирет Россиялык педагог Ю. А. Конаржевский тарабынан айкындалган. Анын жана башка окумуштуулардын ой тыянактарына, ошондой эле өздүк тажрыйбабызга таянуу менен сабакты анализдөөдө жетекчиликке алынуучу төмөнкү принциптерди сунуш кылабыз.

Өз-ара байланыш жана өз-ара аракет принциби. Бул принцип педагогикалык процесстин эки аспектисин ичине камтыйт. Биринчиси сабактын этаптарынын байланышы. Экинчиси мугалим менен окуучулардын биргелешкен иш аракети. Арийне, сабактын маани-маңызы анын бардык компоненттеринин ортосундагы өз-ара тыгыз байланыш аркылуу аныкталат. Ошондуктан сабакты анализдөөдө көпчүлүк учурда анын курамдык бөлүктөрүн өз ара байланышын бири биринен көз карандылыгын ачып көрсөтүүгө басым жасалышы шарт. Сабактын маани маңызы система катары дал ушундай жол менен гана аныкталат. Экинчиден, сабак мугалим менен окуучунун бирдиктүү иш аракетинен турат. Сабактардын соңку натыйжасы, майнабы да ушул иш аракеттердин мүнөзүнө жараша болот. Өз ара байланыш жана өз ара иш аракеттердин себеп натыйжаларын аныктоо сабактарда орун алган дидактикалык кубулуштарды, фактыларды ичтен терең түшүнүүгө өбөлгө болот.

Өнүгүү принциби. Бардык педагогикалык кубулуштар жана фактылар мобилдүү, динамикалуу дайыма өзгөрүлүп туруучу касиетке ээ. Өнүгүү принциби сабактын өнүктүрүүчү функциясынын ишке ашырылышын көзөмөлгө алат. Россиялык психологдор окутуу деген өнүгүүнүн өбөлгөсү, аны эрчитип олтурат дейт. Фактыларды, кубулуштарды, окуяларды аңдап, иликтеп ой жүгүртүп үйрөнүүдөн аларды талдап тыянак чыгарууга өтөт. Алардын үстүнөн ойлонуп, акыл ой чабытын өрчүткөн окуучунун чыгармачылык жөндөмү өнүгөт. Андай бала өз алдынча билимин өркүндөтүп, өздөштүргөн билимин турмушта пайдалана билүү жөндөмүнө ээ

болот. С.Л. Рубинштейн: «Активдүү кыймылдагы организм гана жакшы өнүгө алат. Чоң кишилердин өсүп өнүгүшүндө эмгек кандай мааниге ээ болсо, баланын өнүгүшүндө окуу ошондой вазийпаны аткарат» деп жазган.
Белгилүү психолог Л.С. Выготский баланын акыл эсинин өнүгүшүнүн эки деңгээли жөнүндөгү жобону иштеп чыккан. Биринчи деңгээли Выготский атагандай актуалдуу өнүгүүнүн деңгээли окуучунун даярдыгынын жетишкен деңгээли. Ал ар кандай тапшырмаларды өз алдынча аткара ала тургандыгы менен мүнөздөлөт. Экинчиси бир кыйла бийик деңгээл, Выготский атагандай өнүгүүнүн жакынкы маарасы (зонасы) баланын бир нерсени өз алдынча аткара албагандыгын, бирок сырттан кичине жардам болсо (жетелеген суроолор, жолдомолор, жалпы көрсөтмөлөр ж.б.) аткара аларын билдирет. Акыл эсти өнүктүрүү үчүн окутуу жетектөөчү ролун баса көрсөтүү менен Л.С. Выготский окутуунун өнүгүүнүн жакынкы маарасына (зонасына) негизделиши, б.а., окуучулардын учурдагы мүмкүнчүлүктөрүнөн бир аз озуп турушу зарыл деп эсептеген.
Демек, ар кандай эле билим, маалымат акылдын өнүгүүсүн камсыз кыла албайт. Айталы, окуучу кандайдыр бир тапшырманы өз алдынча аткара алса, ал анын өскөндүгүнүн белгиси. Ага мазмуну, аткаруу кыйынчылыгы дал ошондой эле тапшырманы канчалык көп аткартпайлы, анын таанып билүү дараметин алдыга жылдыра албайбыз. Анткени, ал баладан анчалык акыл ой машакатын талап кылбай, көнүмүш ишке айланып калат. Ал эми, баланы акыл аракетине чегербей, тескерисинче, жөлөп-таяп карандай боорукердик кылуу, анын акыл жөндөмүнүн өсүшүнө доо кетирет. Ал отту алоолонуп күйүп кетишине аракет кылбай, тескерисинче, суу сээп быкшыктыруу сыяктуу. Ошондуктан сабакты анализдөөгө алган адам эң оболу мугалимдин окуу процессин уюштурууда жогорку мыйзам ченемдүүлүктөрдү канчалык деңгээлде жетекчиликке алганын кылдат көзөмөлгө алышы шарт.

Детерминизм принциби педагогикалык себеп натыйжа байланыштар менен мүнөздөлөт. Кандай гана педагогикалык кубулуш болбосун анын жаралыш, жашап турушун шарттаган себептер болот. Ошондой эле, ар кандай иш аракет кийинки кубулуштардын келип чыгышына себеп болот. М., башталгыч класс мугалими кыргыз тил сабактарында сөздөрдү туура жазуу эң башкысы деп каллиграфияга кайдыгер карап талап койбосо, балдардын кооз жазуу көндүмү тез эле тайыздап, бара-бара оңдоого мүмкүн болбой калат. Ошентип, сабакты анализдөө процессинде окутуу максаттарынын бир да аспекты көз жаздымда калбашы зарыл. Демек, сабактардын системасына талдоо жүргүзүү муктаждыгы окуу тарбия ишиндеги оош кыйыштардын накта маңызын көрүү жана оңдоо зарылдыгынан келип чыгат. Сабактардын системасын анализдөө процессинде балдардын билимдеринин жана билгичтиктеринин терең жана тайыз болуп калышынын себептери менен натыйжаларынын ортосундагы көз карандылык ачык даана аныкталат.
Активдүүлүк принциби. Талданып жаткан сабактын маңызын терең ачып көрсөтүү андан ары өркүндөтүү, зарыл учурда кайра өзгөртүп түзүү ишинде сабакты талдоочу да олуттуу активдүүлүгүн көрсөтүшү абзел. Эгерде аналитик ат үстүнөн мамиле жасап пассивдүү байкоочу катарында аракет кылса, анда ал мугалимге эч кандай методикалык көмөк көрсөтө албайт. Аналитик, мугалимге өтүлгөн сабактын маани-маңызын, дурус же кемчилдик жактарын тереңирээк далилдүү ачып көрсөтүү үчүн анын үстүнөн активдүү ой жүгүртүшү абзел. Башкача айтканда, сабакта уккан көргөнүн, туюп сезгенин кайрадан аңдап көз алдыга келтирип, сабактын өзөктүү өзгөчөлүктөрүн далилдүү мүнөздөп бериши шарт. Сабакты талдоо, жыйынтыгын чыгаруу, чечим чыгаруу процессинде активдүүлүк принцибинин дагы бир кыры ачыкка чыгат. Сабакты анализ кылган адам анын маңызына терең үңүлүп, анын кандай өткөнүн мугалимдин өзүнө таасын моделдештирип берүү менен эле чектелбей, мугалим менен аны андан ары биргелешип өнүктүрүү үчүн чын дилден максималдуу аракет жасашы зарыл.
Сабактарды анализдөөнүн максаты да, майнабы да дал ушунда.

3. Өз сабагын өзү талдоого коюлуучу суроолордун планы.

Өз сабагын өзү талдоо-бул өзү өткөн сабактын- маңыз маанисин терең аңдоонун негизинде аткарган иш аракеттерине ой жүзүндө кайтып келүү, өзү максат кылып пландаштырган иштер

менен жетишилген натыйжаларды салыштыруу аркылуу сабактын соңку натыйжаларына карата өз баасын берүү, келип чыккан карама каршылыктарды чечүүнүн альтернативалдуу жолдорун белгилөө.

Өз сабагын өзү талдоодо болжол менен төмөнкү суроолорго жооп берилиши зарыл.

1. Сабактын этаптарына кайрылып, анын элементтерин баа өлчөмүнөн өткөрүңүз. Сабагыңыз ырааттуу жана иш мердүүлүккө жыш болдубу? Болжогон мүдөө максаттарга жете алдыңызбы? Кандай деңгээлде? Пландан четтеп кетүү болдубу? Окуучулар материалды өздөштүрө алдыбы?
2. Окуучулардын алдына кандай проблемалар коюлду, коюлган проблема алардын кызыгуусун туудура алдыбы? Сабакта менин жана окуучулардын ишмердүүлүгү кандай уюштурулду?
3. Сабактын кайсы элементтери өтө ийгиликтүү болду? Окуучуларды муютуп, кызыктыра алдыбы? Эмнелери менен жана кандайча? Окуу материалында жана аны жеткирүүдө кандай күтүүсүз жаңылыктар болду? Сабактагы жаңы ачылыш катары эмнени эсептөөгө болот?
4. Ким интенсивдүү иштеди, менби же окуучуларбы? Окуучулар сабакка жандуу активдүү катышыштыбы? Демилге көрсөтө алыштыбы? Сабакты уюштурууда анын мазмунун жана методдорун дагы кандайча жакшыртууга болоор эле?
5. Окуучулардын сабак мезгилиндеги комфорттуулугун баалаңыз. Окуучуларга жаңы материалдарды өздөштүрүү оор болдубу? Окуучулар сабакта өздөрүн кандай карманышты?
6. Окуучулардын сабакка катышуу активдүүлүгүн акыйкат баалай алдымбы? Баалоо иштери алардын окуп үйрөнүү иш аракетин активдештирүүчү мүнөзгө ээ боло алдыбы?
7. Түзүлгөн план сабакты натыйжалуу өткөрүү үчүн канчалык деңгээлде пайдалуу болду? Пландалган иш чаралардын баары аткарылдыбы?
8. Үйгө берилген тапшырма окуучулар үчүн түшүнүктүү болдубу? Келерки сабак үчүн багыт берилдиби?
9. Жалпысынан сабактагы климат кандай болду? Эмнелерди ишке ашыра албай калдым? Эмнелерди түзөтүү жана өркүндөтүү керек?

4. Сабактын негизги этаптарын анализдөө.

Мугалим сабактын ар бир этабы боюнча коюлуучу төмөнкүдөй суроолорго берилүүчү жоопторду билүүсү пайдалуу. Ар бир этап дидактикалык кандай милдеттерди аткарат? Этаптын мазмуну кандай? Ар бир этаптын дидактикалык милдеттеринин аткарылышынын көрсөткүчтөрү кандай? Сабактын негизги этаптары боюнча жогорку суроолорго карата берилүүчү жоопторду келтирели.

*Сабактын 1 этабы:* Сабактын башталышын уюштуруу.

Дидактикалык милдети: Окуучуларды сабакта активдүү эмгектенүүгө даярдоо.

Этаптын мазмуну: өз ара саламдашуу, сабакка келбей калгандарды белгилөө; класстын жалпы абалын текшерүү жана окуучуларды сабакка даярдоо; алардын көңүл коюусун уюштуруу.

Жакшы натыйжаларга жетишүүнүн шарттары: мугалимдин талаптуулугу, мээримдүүлүгү, токтоолугу, жыйнактуулугу, тыкандыгы; көп сөздүүлүктүн жоктугу; эрктүү багытталгандык.

Дидактикалык милдеттердин аткарылышынынын көрсөткүчтөрү: даярдык көрүү жумушунун тездиги, сабактын жабдууларынын толук даярдыгы, окуучуларды иш ритмине тез кийлигиштирүү, окуучулардын сабакта көңүлдүүлүгү.

Мындай жоопторду сабактын бардык башка этаптары боюнча да берүүгө болот. Биз аларды кыскача сабактын негизги этаптарын анализдөөнүн таблицасы катарында жазып көрсөтөлү.

Сабактын башталышы. Сабактын туура башталышы эң чоң мааниге ээ. Мында мугалимдин өз убагында класска келиши да өтө маанилүү. Окуучулар мугалим келгенге чейин өз орундарын ээлешип, керектүү китеп дептерин алып даяр дашат.

Дептерлерди, китептерди мурдатан даярдап мугалим класска келээри менен ордунан туруу окуучуга көндүм болуп калууга тийиш. Окуучулар орундарына отураар замат мугалим эч тоскоолсуз окуу ишин баштайт: кээде ал берилген тапшырманы кыскача эскертип аны суроого

өтөт, экинчи бир учурда мугалим түшүндүрүүгө киришет: сабактын темасын угузуп аны доскага жазат. Сабакта дидактикалык бир нече милдеттер аткарыла турган учурларда мугалим сабактын башталышында окуучуларды анын планы менен толук тааныштырат. Сабактын эң эле кыйынчылыктуу «жагымсыз» бөлүгү окуучуларды суроо болуп эсептелет. Көп учурда суроо узак убакытка созулат да натыйжасы аз болот, кээде суроо мезгилинде окуучулардын көпчүлүгү ишсиз олтурушат, же өз алдыларынча башка нерселерди «иштешет» да класстагы жалпы тартипти бузушат. Суроонун узак убакытка созулушунан сабактын структурасы бузулат: жаңы материалды түшүндүрүү жана бышыктоо коңгуроо болоор алдында шашылыш өткөрүлөт.

## Лекциялык №12-сабактын темасы:

**Өз ара сабактарга катышуу-сабакты жүргүзүү этабы, техникасы, психологиялык, педагогикалык өңүттөн талдоо** ***(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,44)***

**Сабактын максаты** Сабактын техникасын, технологиялык- педагогикалык өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү

**Лекциянын планы:**

1.Тартип. Сабак кызыктуубу же кызыксызбы?

2.Класстык доскадагы жазуулар ирettүүбү?

3.Окуучулар менен байланыш үзүлгөн учурлар болдубу?

4.Эгер болсо эмне үчүн?

5.Сабактын темпи. Сабактын технологиялык, методикалык, санитардык-гигиеналык акпекттери.

**Негизги адабияттар:** . 3.Бекбоев И., Алимбеков А. азыркы сабакты даярдап өтүүнүн технологиясы. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн. –Б.: Бийиктик, 2011. - 192 б4.

**Кошумча адабияттар:** Диссертациялар, квалификациялык иштергезит, журналдар ж.б

**Текшерүү суроолору:**

1.Класстык доскада иштөө эрежелерин көрсөткүлө?

2.Окуучулар менен байланышты кантип ишке ашырасыңар?

3.Сабактын темпи деген эмне?

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** Анализдин мисалын түзүп көрсөтүү

**Компетенциялар картасы: ИК-4, КК-1**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **5.2.3.** | **12-тема.** Өз ара сабактарга катышуу-сабакты жүргүзүү этабы, техникасы, психологиялык, педагогикалык өңүттөн талдоо | | |
| Компетенциялар | ИК-4 Педагогикалык процесстердин бардык субөекттеринин инсандар аралык позитивдүү мамилелерин уюштурууга катышууга, башкаруу чечимдерин кабыл алууга жөндөмдүү.<br>КК-1 Кесиптик маселелерди чечүү үчүн өзүнүн психолого-педагогикалык компетенттүүлүгүн жана педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдаланууга даяр жана жөндөмдүү | | |
| ДОН(РОд) | Көркөм тарбиялык процесси жөндөөнүн жана башкаруунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн жакшы **билет** (ИК-4)<br>Көркөм өнөрдүн окуу-усулдук,илимий- чыгармачылык процесстерин уюштурууга жана башкарууга **жөндөмдүү** (ИК-4)<br>Көркөм билим берүү боюнча түрдүү сабак жана чыгармачыл процесстерди уюштуруу көндүмдөрүнө **ээ болот**(ИК-4)<br>Компетенттүү сүрөткер – педагог катары<br>Илимий-изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдалана **билет**( КК-1)<br>Окуу - тарбиялык процессте алдынкы педагогикалык тажрыйбаларды колдонууга **жөндөмдүү** (КК-1)<br>Сабактардын илимийлүүлүк принциптерин жөндөө тажрыйбаларына **ээ болот** (КК-1) | | |
| Теманын максаты | Сабактын техникасын, технологиялык- педагогикалык өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | Лекция | 2с. | Сабактын техникасын, технологиялык- педагогикалык өзгөчөлүктөрүн **билет** жана **түшүнөт** |
| | Практ. | 3с. | Сабактын техникасын, технологиялык- педагогикалык өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү маселелерди **жөндөйт.** |
| | СӨАИ | 5с. | Тартип, сабактын кызыктуулугу,кл. доскадагы жазуулардын ирети,окуучулар менен байланыш,сабактын темпи ж.б.у.с. иштерди практикалоо көндүмдөрүнө **ээ болот.** |

| № | *Сабактын баскычтары* | *Баскычтардын максаты* | *Окутуучунун ишмердүүлүгү* | *Студенттин ишмердүүлүгү* | *Методдор, механизмдер* | *Окутуунун натыйжалары* | *Сабактын жабдылышы* | *Убактысы* | *Баалоо формасы* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Уюштуруу убагы | Сабакты ыңгайлаштыруу. | Даярдыгын көзөмөлдөө | Окутуучунун талаптарын алдын ала аткаруу. | | ОН-жазылып доскага илинет. | Керектүү каражаттар. | 5 мин. | |
| **2** | Өткөн материалды суроо. | Өздөштүрүүнүн ырааттуулугун сактоо. | Суроо берүү | Жооп берүү, өз пикирлерин билдирүү. | | - | Суроолор тизмеги. | 8 мин. | |
| **3** | Жаңы темага мотивдештирүү. | Сабакка мотивдештирүү. | Интеракт. көнүгүү жасатуу. | Доскада жазылган темага ой жүгүртүү. | | ОН-жөнүндө түшүнүк берүү. | Дисцип.ОН-жөнүндө маалымат. | 4 мин | |
| **4** | Жаңы теманы өтүү. | Сабактын мазмунун түшүндүрүү. | Жаңы теманы өтүү. | Көңүл буруу, конспект жазуу. | | ОНдун негизинде түзүлгөн текст. | Проектор, Слайддар,лекциянын тексти. | 45 мин. | |
| **5** | Бышыктоо. | Алган билимин бекемдөө. | Суроолорду берүү. | Суроолорго аргумент издөө. | | ОНдун негизинде түзүлгөн суроолор. | Суроолор тизмеги. Карточк. | 10 мин | |
| **6** | Жыйынтыктоо. | Тыянак чыгаруу. | Материалды жалпылоо. | Материалдын түшүнбөгөн бөлүгүн тактоо. | | Тыянактардын ОНго туура келиши. | Проектор, Слайддар. | 6 мин | |
| **7** | Студенттердин сабактагы активдүүлүгүн баалоо. | Моралдык стимул берүү. | Баалоо каражат. менен баалоо. | | | Компетенциялар калыптандыбы ?Анализ. | Баалоо каражат. | 12 мин | |

**Сабакты өткөрүүнүн техникасы.**

> Сабактагы тартип кандай? Сабак кызыксызбы же кызыктуубу?

> Доскадагы жазуулар ирееттүүбү, даанабы? Мугалимдин столу тыштан караган кишиге кандай көрүнөт? Эмнени өзгөртүү керек?

> Окуучулар менен байланыш үзгүлтүккө учураган учурлар болдубу? Эгер болсо, эмне үчүн?

Класс ишке жетишерлик деңгээлде тартылдыбы? Сабактын темпи кандай?

Ар бир сабактын аягында мугалим жооп берүү суроолор ушуну менен гана бүтүп калбайт.

Эң негизгиси мугалим сабакты өткөрүп жаткан кезде окуучулар сабакта айтылып, көрсөтүлүп жаткан маалыматтарды кандайча кабылдап, кандайча түшүнүп жаткандыгын билүүгө аракеттенүүгө тийиш. Ал үчүн тескери байланыштын жөнөкөй каражаттарын пайдаланууга туура келет.

Көп мектептердин (мисалы: Бишкек шаарындагы №60, 61, 23, Чоң Арык орто мектептеринин, Сокулук районунун Военно Антоновка орто мектебинин ж.б.) иш тажрыйбасында тескери байланыштын: сигналдуу карточкалар, жекече доска планшетка, басылып чыгарылган негиздеги дидактикалык материал, перфокарта сыяктуу эң жөнөкөй каражаттарын пайдалануу жакшы натыйжа берүүдө. Биз мына ушул каражаттардан пайдаланып иштөөнүн методикасын баяндоого токтололу.

Сигналдуу карточкалар  булар катуу кагаздан же картондон жасалган анча чоң эмес карточкалар, алардын беттерине тамгалар, цифралар, шарттуу белгилер жазылып же жон эле ар түрдүү түскө боелуп коюлушу мүмкүн. Мындай карточкалардын набору ар бир окуучуда болууга тийиш. Сабакта тескери байланыш төмөндөгүчө ишке ашырылат: мугалимдин суроосуна окуучулардын бардыгы бир мезгилде жооп беришүүдө же өздөрүнүн өз алдынча иштеринин натыйжасын түшүндүрүп билдирүүдө тиешелүү сигналдык карточкаларды көтөрүшөт. Бардык сигналдык карточкаларды: түздөн түз пайдаланылуучу жана шарттуу белгиленген деп эки түргө бөлүүгө болот. Түздөн түз пайдаланылуучу карточкаларга жоопторд шарттуу түрдө эмес, чындыкта кандай болууга тийиш болсо дал ошондой бойдон жазылат. Мисалы, орус тили же кыргыз тили боюнча түзүлгөн карточкаларга окулуп үйрөнүлүүчү орфограммалар, математика боюнча түзүлгөн карточкаларга амалдардын белгилери, салыштыруулардын белгилери ж.б. жазылат.

Математика сабагында, мисалы, мындай карточкалар төмөндөгүчө пайдаланылат: мугалим доскага эки, үч же төрт (кээде андан да көп) сандарды (сан түрүндөгү бир мүчөлөрдү же ар түрлүү туюнтмаларды) жазып окуучуларга: «бул туюнтмалардын арасына кандай белгилерди кайсы жерге койгонго математикалык туура айтылыш келип чыгат?» деген суроо менен кайрылат.

Окуучулар ичинен ойлонушуп, (кээде жазуу жүзүндө да иштеп көрүшүп) тиешелүү карточкаларды көтөрүшөт.

Шарттуу белгиси бар карточкаларда окуу материалынын мазмунунун ар түрдүү обьектилери (түшүнүктөр, чоңдуктар, кубулуштар ж.б.) кандайдыр бир шарттуу белги менен туюнтулуп берилет. Белги катары ар түрдүү түстөр, цифралар, ар түрдүү башка белгилер алынат. Мисалы, орус тилиндеги «дательный падеж» дегенди  Д деп белгилешет ж.б.

Окуучуларда ар түрдүү түстөгү карточкалардын комплектиси бар болгон кезде ишти кызыктуу аткарууга болот. Мисалы, сабакта кандайдыр бир маселени чыгаруу үчүн «ооба» же «жок» деген формадагы альтернативдүү суроону чечүү керек болду дейли. Же маселенин чечилишин окуучулар (туура же туура эмес, макулмун же макул эмесмин деген сыяктуу) бир сөз менен билдирип көрсөтүүгө тийиш болсун. Анда, мисалы, макулмун деген окуучулар жашыл карточканы, макул эместери кызыл карточканы көтөрүп өздөрүнүн оюн билдиришет.

Түстүү сигнализаторлорду окуучулар белгилүү тапшырмаларды аткарып жатышканда ийгиликтүү пайдаланууга болот. Ал үчүн кичинекей койгучка сайылып коюлуучу түстүү кагаздан же боелгон органикалык айнектен жасалган сигнализаторлордун набору ар бир окуучуда сөзсүз болууга тийиш. Тапшырма айрым бөлүктөргө бөлүнүп берилет, алардын ар биринин аткарылышын окуучу мугалимге сигнализатор аркылуу билдирип турат. Мисалы,

тапшырманын биринчи бөлүгүн аткарган соң окуучу койгучка жашыл сигнализаторду (карточканы), экинчи бөлүгүн аткарып бүткөндө көк сигнализаторду, үчүнчү бөлүгүн бүткөндө кызыл сигнализаторду ж. б. сайып коет. Ар бир окуучунун астындагы койгучка сайылып коюлган түстүү сигнализатордун санын жана түстөрүн карап көрүү менен мугалим кайсы окуучу тапшырманын канча бөлүгүн жана кайсы бөлүгүн аткаргандыгын дароо билет. Эгерде тапшырманы аткаруу процессинде окуучу кыйынчылыкка учурап калып, андан өзү чыга албаса, анда ал мугалимден жардам күткөндүгүн кара түстөгү сигналды сайып коюу менен билдирет. Ар түрлүү цифралар же шарттуу белгилер менен колдонгон сигналдык карточкалар менен да иш дал ушундай жүргүзүлөт.

Сигналдуу карточкалардын комплектилерин тематикалык баракталуучу блокноттор формасында түзүү максатка ылайык экендиги тажрыйба жүзүндө ырасталды.

Көп учурда сигналдуу карточкалардын ордуна кара түстөгү пластинкалар жекече доскачалар (кээде аларды планшеткалар деп да аташат) пайдаланылат. Аларды каңылтыр темирден, фанерадан же башка материалдардан жасашат. Окуучулар өздөрүнүн жоопторун кадимки эле бор менен жазышат. Чон Арык орто мектебиндеги ар бир окуучунун ушундай доскасы бар, мындан тышкары ар бир партага бор, тряпка салынган кичинекей ящик коюлган.

Көп мугалимдер тескери байланыштын эң жөнөкөй каражаттарын программаланган (көп жоопторд‍он бирден бир туурасы тандалып алынуучу суроолор) деп аталуучу суроолордун жардамы менен окуучулардын билимдерин текшерүүдө ийгиликтүү пайдаланышат.

Эң жөнөкөй (негизинен кагаз түрүндөгү) каражаттар менен программалаштырылган тапшырмаларды пайдаланып иштөөнүн ыкмалары ар түрлүү болушу мүмкүн.

Биз алардын айрымдарын баяндап көрсөтөбүз.

Программалаштырылган тапшырманы алуу менен окуучулар анын аткарылышынын жообуна туура келет деп тандап алган карточкаларын көтөрүшөт. Жооп берүүнү сигнал кылуунун мындан да жөнөкөй формасы мугалимдин командасы боюнча окуучунун кол көтөрүүсү болуп эсептелет: адегенде, мисалы, жоопторд‍ун биринчи варианты туура деп эсептешкен гана окуучулар кол көтөрүшөт, андан кийин дал ушул эле сыяктуу экинчи, анан үчүнчү ж. б. варианттарды туура деп тапкандар кол көтөрүшөт.

Окуучуларды фронталдуу суроо төмөнкүдөй да өткөрүлүшү мүмкүн: окуучуларга программалаштырылган суроо сунуш кылынат, алар туура деп эсептеген жооптун номерин жазышат. Эгерде мындай суроолордун бир топ сериясы сунуш кылынган болсо, анда окуучулардын жазган жазууларында белгилүү сан пайда болот. Мисалы, 41253 деген сан окуучуларга 5 суроо берилгендигин көрсөтөт. Ошону менен катар 41253 санын жазган окуучу берилген суроолордун биринчисинин туура жообу деп төртүнчү жоопту, экинчисинин туура жообу деп биринчи жоопту ж. у. с. бешинчисинин туура жообу деп үчүнчү жоопту эсептегенин көрсөтөт. Окуучулардын жоопторунун тууралыгын алардын жазган санын туура сан менен салыштыра коюп эле оңой текшерүүгө болот.

Окуучуларга карточкаларды берүү аркылуу алардын ар бирин жекече суроону да ушул эле сыяктуу өткөрүүгө болот. Карточканын сол жагына вертикаль боюнча суроолордун номерлери биринин астына экинчиси жазылып коюлат. Ар бир суроонун номеринин тушуна окуучу туура деп эсептеген жооптун вариантын (номерди) жазат. Окуучунун карточкасын мугалим өзүндөгү туура толтурулган карточка менен салыштырат да, окуучунун туура тапкан жоопторун карандаш менен тегеректеп коет. Окуучунун карточкасында туура жана туура эмес жооптор көрсөтүлүшү мүмкүн болгондуктан мугалим туура эмес тандалган жоопторду анализдеп чыгып окуучунун мүнөздүү каталыгы кандай экендигин аныктай алат.

Программалаштырылган тапшырмаларды пайдаланып иштөөдө окуучуларды суроонун матрицалык методу эң кызыктуу болот. Эгерде сунуш кылынуучу программалаштырылган тапшырмалардын номерлерин, мисалы, горизонталь боюнча, ал эми жоопторд‍ун номерлерин вертикаль боюнча жазып жайгаштырса, анда белгилүү матрица пайда болот. Номерлерди шифрлөө жалаң эле цифралар менен эмес башка символдор (тамгалар ж. б.) менен да жүргүзүлөөрү мүмкүн экенин белгилеп кетели. Мына ушундай матрица менен иштөөнүн

ыкмасын көрсөтөлү. Айрым окуучунун же класстагы бүткүл окуучулардын иштерин жооп карточкалардын жардамы менен текшерип көрүүгө болот. Мындай карточкаларды окуучулар төмөндөгүчө жасашат. Чакмак сызыктуу дептердин бир барагын эки бөлүккө теңдеп бүктөп кесишет. Ар бир карточканын жогорку оң бурчун кесип таштоо керек. Бул баракчаларга вертикаль боюнча суроолордун номерлери, горизонталь боюнча жооптордун номерлери графаларга бөлүнүп жазылат. Суроолор менен жооптордун программалаштырылган формасы доскада көрсөтүлөт.

Программалаштырылган суроолорго жооп берүүдө окуучулар суроолордун номерлери боюнча жана жооптордун номерлери боюнча карточкаларында тиешелүү клеткаларды (суроо менен анын туура жообунун кесилишкен клеткасын) табышат да, аларды белгилеп коюшат. Окуучулардын жоопторунун тууралыгын тез эле оңой текшерүүгө болот. Ал үчүн окуучулардын жооп карточкаларын бир топко жыйып туруп туура жооптордун орундарын шибеге сыяктуу учтуу нерсе менен көзөп коюшат. Ошол көзөнөктөр жана коюлган белгилер боюнча окуучулардын жоопторунун тууралыгы аныкталат. Текшерүүнү трафаретти (дешифратордун) жардамы менен да жүргүзүүгө болот. Мындай трафарет жооп карточканын өлчөмүндөй тунук пленкадан жасалат. Пленканын бетине карандаш же сан менен туура жооптордун орундары белгиленип коюлат. Мындай трафаретти окуучунун жооп карточкасына беттештире кармап анын ишинин (жоопторунун) тууралыгын дароо көрүүгө болот.

Программалаштырылган тапшырмалар менен иштөөнүн практикага көбүрөөк сиңип кеткен ыкмасы деп ар түрдүү перфокарталардын (перфопластинкаларды, перфоконверттерди, перфопапкаларды) пайдаланууну айтууга болот. Алар менен иштөөнүн методикасы жалпыга белгилүү.

Окуучулардын билимин эң жөнөкөй каражаттар менен текшерүүнүн жогоруда сүрөттөлүп көрсөтүлгөн ыкмаларынын бирөөнө да универсалдуу ыкма катарында такай дайыма пайдаланууга болбойт. Алар окуучулардын билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн текшерүүнүн традициялык формаларын жана методдорун алмаштыра албайт. Демек, традициялык методдорду жогоруда баяндалып көрсөтүлгөн ыкмалар менен комплекстүү айкалыштыкта пайдалануу зарыл.

Сабак өткөрүүнүн техникасындагы дагы бир орчундуу маселе бул окуучулардын сабактагы өз ара жардамдашуусу жана кызматташтыгы.

Сабактагы окуучулардын өз ара жардамдашуусун биз: аткарыла турган жумушту биргелешип пландаштыруудан, тапшырманы аткаруунун оптималдуу жолун талкуулап тандап алуудан, зарыл болгон учурда маселени чыгаруу процессинде бири бирине жардам көрсөтүүдөн, айрым жоболорду тактап маселенин кээ бир шарттарын жана аны чыгаруунун жолун топтоодон, аткарылган жумуштун жыйынтыгын биргелешип чыгаруудан, бири бирин контролдоодон, бири бирине боорукерлик кылып моралдык жактан жардамдашуудан, башка бирөөнүн кайгысын же сүйүнүчүн түшүнө билип бөлүшүүдөн ж. б. көрө алабыз. Бул карым катнаштар окуу жумушунда өзүнөн өзү түзүлбөйт, алар максаттуу жүргүзүлгөн педагогикалык аракеттердин натыйжасында акырындык менен пайда болот.

Бир катар алдыңкы мектептерде мугалимдер практикалык тапшырмалардын айрым түрлөрүн аткарууда, маселелерди жана мисалдарды чыгарууда, көнүгүүлөрдү аткарууда окуучуларга биргелешип чогуу иштөөгө, кыйынчылыктарды чогуу аракеттенип жеңүүгө, жумушту пландоого, милдеттерди бөлүштүрүүгө контролдук кылууга, бири бирине жардам берүүгө уруксат беришет. Окуу жумушу аткарылып жатканда мугалим окуучуларга: «Биргелешип иштегиле, бардыгын биргелешип чогуу талкуулап аныктагыла, **ЖӨНӨКӨЙ** көчүрүп албастан сөзсүз маанисине жете талкуулап түшүнгүлө жана андан ары иштегиле!» деп улам эскертип турат.

Тилекке каршы, кээ бир мектептерде жогорку класстарда да окуучулар биргелешип коллективдүү иштегенди билишпей тургандыгы байкалды. IX X класстарда математика боюнча өтүлгөн сабактарда бирөөлөрү: «Эмне үчүн тигил менин дептеримди эле карайт» деп мугалимге даттанат; экинчиси көчүрүп алат дегенсип өзүнүн чыгарганын эч кимге көрсөтпөй жаап алат; үчүнчүлөрү тапшырманы чыгарып бүтүшүп башкалардын кыйналып жаткандыгын

кайдыгерлик менен карап отура беришти; кээ бирлери тапшырманы аткара албагандарды шылдыңдашты. Көпчүлүгү өз классташтарынын ишине кайдыгерчилик мамиле жасашты, бар болгону 2-3 түгөйлөрү гана биргелешип иштөөнүн, кызматташтыктын алгылыктуу формасын таап уюштура алышты. Мына ушулардын бардыгы окуучулар биргелешип эмгектенүүгө даяр эмес экендигин, аларда коллективдүү иштөөнүн зарыл болгон машыгуулары жана билгичтиктери жок экендигин ырастайт.

Обьективдүү алганда сабак  бул ар дайым кызматташтыктын формасы, болгондо да бардык окуучулардын мугалим менен жана анын жетекчилиги астында болуп өтүүчү коллективдүү кызматташтык. Окутуунун класстык сабак системасындагы таанып билүүчүлүк процесс  бул акыл эстин өз ара аракеттешүүнүн процесси болуп эсептелет. Бул процесстин эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири Б. Шоунун төмөнкү сөзү менен мүнөздөлүшү мүмкүн: «Эгерде сиздин бир алмаңыз болсо жана менде да бир алма болсо жана биз алмаларыбыз менен алмашсак, анда сизде да жана менде да бирден алма калат. А эгерде сизде идея болсо жана менде да идея болсо жана биз бул идеяларыбыз менен алмашсак, анда биздин ар бирибизде экиден идея болот».

Бирок, окуу жумушу сабакта көбүнчө ишти проблемалык изденүү түрүндө уюштурганда гана коллективдик мүнөзгө ээ болот. Окуу процессии билимдерди окуучуларга даяр түрүндө берүүгө негизделинген репродуктивдик мүнөздө уюштурууда коллективдик кызматташтыктын мүмкүнчүлүгү төмөндөйт. Жаңы материалды окуп үйрөнүүдө проблемалуу тапшырманы кызуу талкуулоо, окуу материалын баамдап түшүнүү жана бышыктоо этабында практикалык иштерди аткаруу процессинде өз ара пикир алмашуу, окуу маселелеринин планын жана чыгаруу жолдорун талкуулоо, ишти жыйынтыктоо жана өз ара контроль  мына ушулардын бардыгы сабактагы коллективдик жумуштун түрлөрү болушат.

VII X класстардын окуучулары өз суроолору менен кошумча түшүндүрүүнү каалашып мугалимге эмес, бири бири  не кайрылыша тургандыгы байкалат. Бул кокусунан эмес. Окуп үйрөнүүчүлүгү төмөн болгон, өз мүмкүнчүлүгүнө анча ишене албаган окуучулар: «Мугалимге эч ким суроо менен кайрылган жок, демек бардыгына түшүнүктүү, жалгыз гана мен түшүнбөймүн... Болуптур, азырынча көчүрүп алайын, кийинчерээк билип алаармын» деп ойлонот. Ошондуктан сабактын белгилүү этаптарында окуучулардын бири бири менен эркин пикир алмашып алуусуна уруксат берүү эң маанилүү, албетте, ал үчүн класстагы бардык окуучулардын белгилүү деңгээлдеги тартиптүүлүгү жана таанып билүүчүлүк активдүүлүгү талап кылынат. Психологиялык жактан алганда бала чоңдорго караганда башка балага жакын болот, ал жолдошуна ар кандай суроо менен оңой эле кайрыла алат.

Таанып билүү (жаңы билимди казган, «чындыкты табуу», таанып билүүчүлүк маселелерди чыгаруу) процессинин өзү коллективдүү мүнөздө болгону менен ал процесстин натыйжаларын ар бир окуучунун өзүнө таандык кылып алуусу эң эле жекече мүнөздө болоорун эске алуу зарыл.

6. Сабакты психологиялык педагогикалык жактан комплекстүү талдоо.

Комлекстүү талдоодо аты айкындап тургандай эле сабак  тын бир да аспекты четте калбайт. Анын психологиялык, педагогикалык, методикалык, санитардык гигиеналык аспекттеринин баарын түгөлү менен ичине камтыйт. Мындай анализдин негизинде мугалимдин жалпы педагогикалык, дидактикалык, методикалык компетенттүүлүгү, конкреттүү класстагы окуучулардын интеллектуалдык өнүгүшү, окуу ишмердүүлүгү, академиялык жетишкендиктери, окуу процессиндеги жаңычыл табылгалар жана ошондой эле орун алган орчундуу педагогикалык жаңылыштыктар, кемчиликтер тууралуу кеңири маалымат алууга болот. Бирок, жалпы жыйынтык, бүтүм мындай анализдин бир нече циклинен кийин чыгарылганы туура.

7. Комплекстүү психологиялык педагогикалык талдоо  нун болжолдуу схемасы.

I. Дидактикалык принциптердин жетекчиликке алынышы

1. Илимийлүүлүк:

а) окуу материалын айтып берүүнүн логикасы сакталды;

б) окуу материалынын мазмунунда каталар жок, илимдин соңку акыйкаттарына жооп

берет;
в) талаш илимий проблемалар көңүл сыртында калган жок, илимий билимдердин өнүгүш перспективалары көрсөтүлдү.
2. Проблемалуулук:
а) мугалим проблемалуу баяндоо ыкмаларын колдонот;
б) сабакта мугалим менен окуучунун биргелешип маселе чечүү аракеттери бар;
в) окуучу тарабынан маселени табуу жана чечүү ишмердүүлүктөрү аткарылат.
3. Көрсөтмөлүүлүк:
а) окутуу учурунда материалды көрсөтмөлүү түшүндүрүүнүн эреже чектери сакталган
б) окуучулардын баамдоо, байкоо иштери системага салынган;
в) мугалимдин речи маалыматка бай, түшүнүктүү, жеткиликтүү.
4. Аң сезимдүүлүк жана активдүүлүк:
а) аткарылуучу иштердин максат милдеттери окуу процессинин бардык катышуучуларына түшүнүктүү;
б) өз ара үйрөнүү иштери жакшы жолго коюлган, окуу чулар өзүн өзү анализдөө, өзүн өзү баалоого үйрөтүлөт, өз алдынча ойлонуп аракет кыла алышат;
в) окуп үйрөнүү мугалимдин авторитетине эмес, ойлом логикасына жана далилдерге негизделет.
5. Жеткиликтүүлүк:
а) жеңилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга, белгилүүдөн белгисизге деген дидактикалык эрежелер сакталат;
б) балдардын курагына жана өнүгүш бөтөнчөлүктөрүнө шайкеш методдор колдонулат;
в) окуу материалын биринчи жолу үйрөнүүдө башкы нерсеге басым жасалат, андан соң жаңы фактылар кошулуп, билимдер кеңейип тереңдеп олтурат.
6. Систeмалуулук жана ырааттуулук:
а) сабак мугалим тарабынан терең ойлонуштурулган, бир да маселе мугалимдин көңүл сыртында калган эмес;
б) окутуунун уламалуулугу сакталган, жасалма таңуу ланган бир да ашыкча идея жок;
в) теориялык билимдерди калыптандыруу логикасы ишке ашкан: үйрөнүүнүн обьекти теория инструменттер натыйжа колдонуу чектери.
7. Билим билгичтик жана көндүмдөрдү бекем өздөштүрүү:
а) билим берүүнүн мазмуну менен колдонулган методдор арасында шайкештик бар;
б) окуучулардын көңүл буруусун эске алуу иретинде са лыштыруу, карама каршы коюу, аналогдорго кайрылуу ык малары көп колдонулат.
8. Окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү:
а) окуучулардын таанымдык маселелерди кабыл алуу аңдоо, аларды чечүү мотивин актуалдаштыруу;
б) жаңы маалыматты кабыл алуу жана аны түшүнүү;
в) ошол маалыматтарды иш аракеттин, өз ишин анализдөөнүн негизги ориентири катары колдоно билүү;
г) окуучунун «өнүгүүнүн жакынкы зонасына» кириши өздөштүргөн билгичтиктерди жаңы шартта колдонуу.
Э.Тарбиялоо:
а) мугалимдин жеке инсандык касиеттеринин өрнөгү;
б) мугалим койгон талап окуучуда тескери эмоцияны жаратпайт, сабактын башынан аягына чейин жагымдуу сезим жана эмоциялар өнүгүп олтурат;
в) балдардын социалдык маданий компетенцияларын өнүктүрүүгө көңүл бурулат.
II. Окутуу психологиясынын талаптары
10. Окуучулардын көңүл буруусун уюштуруу:
а) сабакта эрктүү жана эрксиз көңүл буруунун ыкмалары колдонулат;
б) мугалим окуучулардын көңүл буруусун өнүктүрүүнүн ар түрдүү ыкмаларын колдоно алат;

в) ) сабакты туура уюштуруу анын темпи, динамикасы, көп кырдуу ишмердүүлүктөрүн стимулдаштыруу аркылуу окуучулардын көңүл буруусун кармап турушту жана өнүктүрүштү билет.

11. Зеке тутуунун ар түрдүү жолдорун колдонуу:

а) сабакта зеке сактап калуунун жана унутпоонун шарттары сакталат. Ошол үчүн материалды ар түрдүү көз караштардын негизинде талдоо, аны маани маңызына карай логикалык группалаштыруу, узакка эстеп калуунун механизмдерин практикалоо сыяктуу иш аракеттер аткарылат;

б) сабакта эске сактап калуунун бардык түрлөрүн (моторикалык, образдык, сөздүк логикалык, эмоционалдык) колдонуу боюнча кырдаалдар түзүлөт.

12. Ой жүгүртүүнү өнүктүрүү:

а) аңдоо, чечмелөө, түшүндүрүү, далилдөөнү талап кылган маселелер коюлат;

б) окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык аны «өнүгүүнүн жакынкы зонасы» боюнча жетелеп жүрүүчү маселер коюлган;

в) мугалим окуучулардын өзүн өзү анализдөө, өзүн өзү контролдоодо катачылыктарга жол бербешине жетишет.

13. Негизги эмоциялар жана сезимдер:

а) моралдык эмоциялар жана сезимдер ичинен бири бирине жакындык симпатия, ызаат сый, жолдоштук ж. б. лар байкалат;

б) интеллектуалдык эмоциялар жана сезимдер ичинен таанымдык иштерге кубануу, өзү аткарган иштен канааттануу ж. б. лар байкалат;

в) эстетикалык эмоциялар жана сезимдер ичинен кооздукту баалоо, тыкандык, эстетикалык табит, гармония ж. б. лар байкалат.

III. Колдонулган методдор

14. Түшүндүрүү — иллюстрациялоо методдору:

а) көлөмдүү жаңы материалдарды түшүндүрүүдө айтып берүү, демонстрация, ацгеме, окуу китебин жана кошумча адабияттарды окуу, видеофильм көрсөтүү ыкмалары колдонулат;

б) окуу материалын негизги идеялары боюнча жалпылоо, корутундулоо;

в) окуучуларга окуу материалынын мазмуну боюнча талап коюу, текстке башкача суроолорду коюп чыгуу, ар кандай иш аракеттерди аткаруу боюнча инструктаж берилет.

15. Репродуктивдүү методдор:

а) билимдерди үлгүсүнө карай схема, алгоритм боюнча кайра калыбына келтирүү иштери аткарылат;

б) өтүлгөн материалдарды схема, таблица түзүү, алгоритмдерди чечмелөө обьекттерди мүнөздөө үчүн колдонуу;

в) закондорду, эрежелерди далилдөө үчүн окуучулардын өздөрү тарабынан мисалдардын келтирилиши.

16. Аз аздан издөө жана изилдөө методдору:

а) гипотезаны коюу жана тигил же бул ойломдун жашыруун звенолорун табууга багытталган иш аракеттер аткарылдыбы;

б) изилдөө проблемасын айкындоо боюнча окуучулардын конкреттүү байкоо жана таануу ишмердүүлүгүн уюштуруу;

в) стандарттуу эмес жана жогорку оордуктагы маселелердин окуучулар тарабынан өз алдынча аткарылышы.

IV Сабактагы уюштуруу ишмердүүлүктөрү

17. Мугалимдин сабакка даярдыгы:

а) класстык доскада сабак үчүн зарыл жазуулар бар;

б) керектүү көрсөтмө куралдар жана курал жабдыктар даярдалган;

в) мугалимдин сабак боюнча анын максаттарына жана милдеттерине ылайык өз стратегиясы жана тактикасы бар.

18. Сабактын максатынын айкындалышы:

а) мугалим сабактын максатын жана милдеттерин окуу тарбия процессиндеги

ордуна, конкреттүү класс өзгөчөлүктөрүнө ылайык айкындай алат;
б) бул максаттарды жана милдеттерди окуучуларга жеткиликтүү тил менен түшүндүрө алат.
19. Окуу эмгегинин эстетикасы:
а) окуу тарбия процессинин санитардык гигиеналык эрежелерин сактоо;
б) класс комнатасын желдетүү, балдарды туура олтургузуу;
в) окуучулардын ден соолугун коргоо жана техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо;
г) сабакта окуучулардын кыймыл активдүүлүгүнүн режимин сактоо;
20. Окуучулар менен жекече иштөө:
а) сабакта тапшырмаларды окуучулардын өз алдынча аткаруусуна мугалим камкордук кылат;
б) мугалим бир эле учурда доскадагы жалгыз окуучу менен да, ар бир окуучу менен да, бүт класс менен да активдүү иштей алат;
в) окутуу ишин окуучулардын ар бирин өзүнчө окутууга негизделген методикалык ыкмалар менен уюштура алат.
21. Окуучулардын мотивациясын өнүктүрүү:
а) Окуучуларды эмоционалдык жактан колдоо жана мактоо;
в) нормативдерге ылайык баалоо жана анын стимулдаштыруучу функциясын арттыруу.
22. Байланыштардын көп кырдуулугу жана алардын эффективдүүлүгү:
а) сабактын башынан аягына чейин интуитивдик визуалдык байланыш түзүү;
б) класс менен фронталдык жумуштарды уюштурууда тандама мазмундук байланыш түзүү;
в) сабактагы окуу тарбия процессинин эффективдүүлүгүн баалоодо фронталдык мазмундук байланыш түзүү.
23. Убакытты рационалдуу пайдалануу:
а) аралаш сабакта убакытты бөлүштүрүүнүн классикалык эрежелерин сактоо;
б) сабактын баштан аягына чейин окуу, үйрөнүү иш аракеттери менен алек болуу.
24. Мугалим менен окуучулардын өз ара бирдиктүү иш - аракеттеринин деңгээли:
а) авторитардуулук жана окуучунун инсанын басмырлоо элементтери байкалат;
б) кызматташтык жана өз ара түшүнүшүү, балдарды колдоо жана көмөк көрсөтүү;
в) балдардын алдында туталануу, кебин жоготуу, кырдаалды колдон чыгаруу, балдарга жетеленип калуу.

V. Окуучулардын сабактагы окуу таанымдык ишмердүүлүгү

25. Окуучулардын сабакка даярдыгы:
а) жумушчу ордун жана зарыл инструменттерди материалдарды даярдоо;
б) сабак учурунда суроолорго жооп берүүгө даярдыгы;
в) оптималдуу абалда үйрөнө билүү билгичтиги;
г) доскада жана ордунан сабаттуу жана толук жооп бериши;
д) предметтик сабактар боюнча практикалык билгичтиктерин демонстрациялай алуу;
ж) жазуу жүзүндөгү жоопторунун сапаты.
26. Өз алдынча окуу ишмердүүлүгү:
а) мугалим тарабынан берилген тапшырмаларды өз алдынча аткаруу;
в) окуу тарбия процессии уюштуруу ишине жакындан демилгечи мугалимге жардамчы болуу.
27. Өзүн өзү контролдоо жана баалоо:
а) өзүн өзү контролдоо жана баалоо үчүн ар бир сабакта колдонулуучу адатка айланган нормативдер колдонулат;
б) бири биринин ишин маселенинин чечилиши боюнча эталонду колдонуусуз өлчөй жана баалай билүү;
в) сабакта окуучуларды жолдошунун ишмердүүлүгүн баалап чечим кабыл алууга багытталган кырдаалдар түзүлөт.

28. Оозеки жана жазма речинин өнүгүшү:

а) сабакта монологдук же коллективдүү «хор» формасын дагы жооптор басымдуулук кылат;

б) окуучуларды сүйлөө речине үйрөтүү жана аны коррекциялоо мугалим тарабынан жүргүзүлөт же бул ишке окуучулар да тартылат;

в) аталган предмет боюнча лексикалык сөз байлыгы кандайча калыптанат.

## Лекциялык №13-сабактын темасы:
## Көркөм сабаттуулуктун негиздерин окутуу усулдары *(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,44)*

**Сабактын максаты:** Окуучулардын көркөм сабаттуулугун калыптандыруу маселелерин талдоо жана студенттер менен аларды жөндөө процессинин негизги компоненттерин анализдөө.

**Лекциянын планы:**

1.Көркөм сүрөт өнөрү, анын түрлөрү, жанрлары.

2.Ырааттуу сүрөт тарттыруу ыкмалары (баскычтар менен иштөө).

3. Калемдерди, боекторду ж.б. КСӨ каражаттарын иштетөө техникалары.

4.Перспективанын элементтерин окутуу зарылдыгы.

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с.

4. Мамбектакунов Э., Сияев Т.М. Педагогиканын негиздери. –Б.: Айат, 2008. - 304 б.

## Кошумча адабияттар:

**Текшерүү суроолору:**

1.Живопись, графика, скульптура, архитектура, ДКӨ сыяктуу КСӨ түрлөрүнүн кайсынысы элдик кол өнөрчүлүктө өөрчүгөн?

2.Натюрмортту канча этап менен аткарууга болот?3. Акварель боегу менен иштөөнүн кандай техникаларын билесиңер?4.Горизонт сызыгындагы келишүү чекиттерин табуу ыкмаларын окуучуларга кантип үйрөтүүгө болот

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** Тесттик суроо

**Компетенциялар картасы: КК-5,КК-10**

| **5.2.4.** | **13-тема.** Көркөм сабаттуулуктун негиздерин окутуу усулдары | | |
|---|---|---|---|
| Компетенциялар | . КК-5 Билим берүү программасын өз алдынча тандай билет жана ага керектүү дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу менен аны педагогикалык рефлекциянын негизинде окуу процессинде колдоно алат.<br>КК-10 Көркөм билим берүүнүн (көркөм сүрөт өнөрү, декоративдик колдонмо өнөр, көркөм эмгекке үйрөтүү, чөйрө дизайны жана музыкалык билим берүү) теориялык негиздерине ээ. | | |
| ДОН(РОд) | КСӨ боюнча билим берүү программаларын талдоону, тандоону, ага толуктоолорду киргизгенди **билет** (КК-5)<br>КСӨ боюнча түрдүү окуу программаларды иштеп чыгууга **жөндөмдүү** (КК-5)<br>Өз ишмердүүлүгүнө керектүү план- программаларды түзүү көндүмдөрүнө **ээ болот** (КК-5)<br>КСӨ сабактарын мектепте окутуунун бардык түрлөрүн (КСӨ,ДКӨ,көркөм эмгек,дизайн) **билет** (КК-10)<br>КСӨ сабактарынын мазмунуна элдик кол өнөрчүлүктүн элементтерин чагылдырууга **жөндөмдүү** (КК-10)<br>КСӨ жана аны окутуу боюнча терең теориялык билимдердин негиздерине **ээ** | | |
| Теманын максаты | Окуучулардын көркөм сабаттуулугун калыптандыруу маселелерин талдоо жана студенттер менен аларды жөндөө процессинин негизги компоненттерин анализдөө. | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Окуучулардын КСӨнүн түрлөрү, жанрлары, каражаттары, натурадан, темага карата, декоративдик сүрөттөрдү ырааттуу тартуу, сызыктуу жана аба перспективасы, ж.б.у.с. билимдерин ,билгичтерин, көндүмдөрүн калыптандыруунун усулдарын **билет** жана **түшүнөт** |
| | Практ. | 3с. | Окуучулардын көркөм сабаттуулугун калыптандыруунун эң жөнөкөй ыкмаларын аткаруу көндүмдөрүнө **ээ болот**. |
| | СӨАИ | 5с. | Окуучулардын көркөм сабаттуулугун калыптандыруу маселелерин **билет,түшүнөт** жана аларды чечүү көндүмдөрүнө **ээболот**. |

| № | *Сабактын баскычтары* | *Баскычтардын максаты* | *Окутуучунун ишмердүүлүгү* | *Студенттин ишмердүүлүгү* | *Методдор, механизмдер* | *Окутуунун натыйжалары* | *Сабактын жабдылышы* | *Убактысы* | *Баалоо формасы* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Уюштуруу убагы | Сабакты ыңгайлаштыруу. | Даярдыгын көзөмөлдөө | Окутуучунун талаптарын алдын ала аткаруу. | | ОН-жазылып доскага илинет. | Керектүү каражаттар. | 5 мин. | |
| **2** | Өткөн материалды суроо. | Өздөштүрүүнүн ырааттуулугун сактоо. | Суроо берүү | Жооп берүү, өз пикирлерин билдирүү. | | - | Суроолор тизмеги. | 8 мин. | |
| **3** | Жаңы темага мотивдештирүү. | Сабакка мотивдештирүү. | Интеракт. көнүгүү жасатуу. | Доскада жазылган темага ой жүгүртүү. | | ОН-жөнүндө түшүнүк берүү. | Дисцип.ОН-жөнүндө маалымат. | 4 мин | |
| **4** | Жаңы теманы өтүү. | Сабактын мазмунун түшүндүрүү. | Жаңы теманы өтүү. | Көңүл буруу, конспект жазуу. | | ОНдун негизинде түзүлгөн текст. | Проектор, Слайддар,лекциянын тексти. | 45 мин. | |
| **5** | Бышыктоо. | Алган билимин бекемдөө. | Суроолорду берүү. | Суроолорго аргумент издөө. | | ОНдун негизинде түзүлгөн суроолор. | Суроолор тизмеги. Карточк. | 10 мин | |
| **6** | Жыйынтыктоо. | Тыянак чыгаруу. | Материалды жалпылоо. | Материалдын түшүнбөгөн бөлүгүн тактоо. | | Тыянактардын ОНго туура келиши. | Проектор, Слайддар. | 6 мин | |
| **7** | Студенттердин сабактагы активдүүлүгүн баалоо. | Моралдык стимул берүү. | Баалоо каражат. менен баалоо. | | | Компетенциялар калыптандыбы ?Анализ. | Баалоо каражат. | 12 мин | |

**Лекциялык №14-сабактын темасы:**

**Түстөр жана алардын психологиялык таасирлери жана түстүк композицияны окутуу усулдары** ***(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,45)***

**Сабактын максаты:**. Мектептердин көркөм өнөр сабактарында түстөр жана алардын аң сезимге тийгизген таасирлери жөнүндөгү билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандыруунун усулдарын өздөштүрүү

**Лекциянын планы:**

1.Түстөр жана алардын түрлөрү:

-негизги түстөр;

-спектр түстөрү;

-хроматикалык жана ахроматикалык түстөр;

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с. 5.Программа – методические материалы: изобразительное искусство. Начальная школаҮсост В.С. Кузин, Е.О.Яременко – М.: Дрофа, 2001-224 с.

**Кошумча адабияттар:**

**Текшерүү суроолору:**

1. Негизги жана спектр түстөрүнүн кандай айырмачылыгы бар?
2. Жылуу жана салкын түстөрдү кантип айырмалоого болот?
3. Түстүк колорит деп эмнени айтабыз?
4. Түстүк гаммага кандай мүнөздөмө бересиңер?

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** Тесттик суроо

**Компетенциялар картасы: КК-05,КК-10**

| **5.2.5.** **14-тема.** Түстөр жана алардын психологиялык таасирлери жана түстүк композицияны окутуу усулдары | | | |
|---|---|---|---|
| Компетенциялар | КК-5 Билим берүү программасын өз алдынча тандай билет жана ага керектүү дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу менен аны педагогикалык рефлекциянын негизинде окуу процессинде колдоно алат.<br>КК-10 Көркөм билим берүүнүн (көркөм сүрөт өнөрү, декоративдик колдонмо өнөр, көркөм эмгекке үйрөтүү, чөйрө дизайны жана музыкалык билим берүү) теориялык негиздерине ээ. | | |
| ДОН(РОд) | КСӨ боюнча билим берүү программаларын талдоону, тандоону, ага толуктоолорду киргизенди **билет** (КК-5)<br>КСӨ боюнча түрдүү окуу программаларды иштеп чыгууга **жөндөмдүү** (КК-5) Өз ишмердүүлүгүнө керектүү план- программаларды түзүү көндүмдөрүнө **ээ болот** (КК-5)<br>КСӨ сабактарын мектепте окутуунун бардык түрлөрүн (КСӨ,ДКӨ,көркөм эмгек,дизайн) **билет** (КК-10)<br>КСӨ сабактарынын мазмунуна элдик кол өнөрчүлүктүн элементтерин чагылдырууга **жөндөмдүү** (КК-10)<br>КСӨ жана аны окутуу боюнча терең теориялык билимдердин негиздерине **ээ**(КК-10) | | |
| Теманын максаты | Мектептердин көркөм өнөр сабактарында түстөр жана алардын аң сезимге тийгизген таасирлери жөнүндөгү билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандыруунун усулдарын өздөштүрүү | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Негизги жана спектр түстөрүн, хроматикалык жана ахроматикалык, жылуу жана салкын түстөрдү окуучуларга үйрөтүү усулдарын **билет** жана **түшүнөт.** |
| | Практ. | 3с. | Түстөрдү кошуп түс чыгаруу жана белгилүү бир темага карата түстүк композиция түзүү боюнча окуу таблицаларын даярдоо көндүмдөрүнө **ээ болот** |
| | СӨАИ | 5с. | Көркөм өнөр сабактарында түстөр жана алардын аң сезимге тийгизген таасирлерин **билет, түшүнөт** жана аны жөндөө көндүмдөрүнө **ээ болот**. |

**Лекциялык №15-сабактын темасы:**

**Боектор жана аларды колдонуу техникалары*(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,45)***

**Сабактын максаты:** Акварель, гуашь ж.б. боектор менен иштөө техникларын чагылдырган дидактикалык материал даярдоо. Студенттер менен биргеликте боектордун материалдык касиеттерине талдоо жүргүзүү.

**Лекциянын планы:** 1.Акварель, гуашь ж.б. боектор менен иштөө техниклары жана аларды чагылдырган дидактикалык материалдар

2. Түс таануу жана колористика**.**

3. Таар, килем, терме, өрмө, курак, сайма ж.б. элдик кол өнөрчүлүктөгү боекторду түрлөп иштетүү тажрыйбалары.

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с. 5.Программа – методические материалы: изобразительное искусствво. Начальная школаҮсост В.С. Кузин, Е.О.Яременко – М.: Дрофа, 2001-224 с.

**Кошумча адабияттар:**

**Текшерүү суроолору:**

1.Гуашь, акварель боегу, май боек сыяктуу боектордун техникалык касиеттерин билесиңерби?

2.Боекторду иштетүүнүн эң эле жөнөкөй ыкмалары кайсылар?

3.Элдик кол өнөрчүлөр кандай боекторду иштетишет**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** Карточка тапшырмалар**Компетенциялар картасы: КК-5, КК-10 , КК-14**

<table>
<tr><td>5.2.6.</td><td colspan="3">15-тема. Боектор жана аларды колдонуу техникалары</td></tr>
<tr><td>Компетенциялар</td><td colspan="3">КК-5 Билим берүү программасын өз алдынча тандай билет жана ага керектүү дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу менен аны педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессинде колдоно алат.<br>КК-10 Көркөм билим берүүнүн (көркөм сүрөт өнөрү, декоративдик колдонмо өнөр, көркөм эмгекке үйрөтүү, чөйрө дизайны жана музыкалык билим берүү) теориялык негиздерине ээ.<br>КК-14 Окуу процессин балдардын өз алдынча көркөм ишмердүүлүгүнө кызыгуусун өнүктүрүү жана калыптандыруу үчүн уюштурууга жөндөмдүү. КСӨ, ДКӨ, көркөм эмгек.</td></tr>
<tr><td>ДОН(РОд)</td><td colspan="3">КСӨ боюнча билим берүү программаларын талдоону, тандоону, ага толуктоолорду киргизгенди билет (КК-5)<br>КСӨ боюнча түрдүү окуу программаларды иштеп чыгууга жөндөмдүү (КК-5)<br>Өз ишмердүүлүгүнө керектүү план-программаларды түзүү көндүмдөрүнө ээ болот (КК-5)<br>КСӨ сабактарын мектепте окутуунун<br>бардык түрлөрүн (КСӨ,ДКӨ,көркөм эмгек,дизайн) билет (КК-10)<br>КСӨ сабактарынын мазмунуна элдик кол өнөрчүлүктүн элементтерин чагылдырууга жөндөмдүү (КК-10)<br>КСӨ жана аны окутуу боюнча терең теориялык билимдердин негиздерине ээ Сабак процессинде окуучулардын көрөкөм өнөргө болгон кызыгуусун,окуу мотивдерин калыптандыруунун методдорун,каражаттарын жана принциптерин билет ( КК-14)<br>Окуучулардын көркөм чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштурууга жөндөмдүү(КК-14)<br>Элдик кол өнөрчүлүктүн баалуулуктарын тарбия каражаттары катары колдонуу көөндүмдөрүнө ээ болот(КК-14)</td></tr>
<tr><td>Теманын максаты</td><td colspan="3">Акварель, гуашь ж.б. боектор менен иштөө техникларын чагылдырган дидактикалык материал даярдоо. Студенттер менен биргеликте боектордун материалдык касиеттерине талдоо жүргүзүү.</td></tr>
<tr><td rowspan="3">Теманын окутуунатыйжалары (РОт)</td><td>лекция</td><td>2с.</td><td>Боектор менен окуучуларды тааныштыруу усулдарын билет жана түшүнөт.</td></tr>
<tr><td>Практ.</td><td>3с.</td><td>Түс таануу жана колористиканын эң жөнөкөй элементтерин боектор менен чагылдыруу иштерин жөндөйт жана практикалык көндүмдөргө ээ болот.</td></tr>
<tr><td>СӨАИ</td><td>5с.</td><td>Боекторду иштетүүнүн элдик кол өнөрчүлүктөгү тажрыйбаларын билет, түшүнөт. Айылдагы таар, килем, терме, өрмө, курак, сайма ж.б. элдик кол өнөрчүлүктөгү боекторду түрлөп иштетүү тажрыйбаларын сабакта практикалоо көндүмдөрүнө ээ болот.</td></tr>
</table>

**Лекциялык №16-сабактын темасы:**

**Фронталдык жана бурчтук перспектива, көлөмдүү заттардын сүрөттөрүн тартуу усулдары** ***(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,45)***

**Сабактын максаты:** Сабакта окуучулардын мейкиндикте ой жүгүртүү жөндөмүн өстүрүүгө багытталган эң жөнөкөй иштелмелерди даярдоо.

**Лекциянын планы:**

1.Окуучулардын мейкиндикте ой жүгүртүү жөндөмүн өстүрүү.
2.Сызыктуу жана аба перспективалары, фронталдык жана бурчтук перспективалары.
3.Горизонт сызыгындагы ар кандай келишүү чекиттери аркылуу заттардын пропорцияларын жана перспективасын аткаруу.
4.Жалпы билим берүчү мектептерде перспективанын мыйзамдарын окутуунун усулдары.

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с.

**Кошумча адабияттар:**

8.НеменскийБ.М.,Неменская Л.А.,Коротеева Е.И. и др.2-изд.-Просвещение, 2013.240с.

**Текшерүү суроолору:**

1.Окуучулардын мейкиндикте ой жүгүртүүсүн кандай түшүнөсүңөр?
2.Эки келишүү чекити перспективанын кайсыл түрүндө кезигет?
3.Окуучуларга геометриялык формалардын сүрөттөрүн тарттыруунун себеби эмнеде?

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** практикалык тапшырма

**Компетенциялар картасы: ЖК-14**

| **5.2.7.** **16-тема.** Фронталдык жана бурчтук перспектива, көлөмдүү заттардын сүрөттөрүн тартуу усулдары | | | |
|---|---|---|---|
| Компетенциялар | КК-14 Окуу процессин балдардын өз алдынча көркөм ишмердүүлүгүнө кызыгуусун өнүктүрүү жана калыптандыруу үчүн уюштурууга жөндөмдүү. КСӨ, ДКӨ, көркөм эмгек | | |
| ДОН(РОд) | Сабак процессинде окуучулардын көрөкөм өнөргө болгон кызыгуусун,окуу мотивдерин калыптандыруунун методдорун,каражаттарын жана принциптерин **билет** ( КК-14)<br>Окуучулардын көркөм чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштурууга **жөндөмдүү**<br>(КК-14)<br>Элдик кол өнөрчүлүктүн баалуулуктарын тарбия каражаттары катары колдонуу көөндүмдөрүнө **ээ болот**(КК-14) | | |
| Теманын максаты | Сабакта окуучулардын мейкиндикте ой жүгүртүү жөндөмүн өстүрүүгө багытталган эң жөнөкөй иштелмелерди даярдоо. | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Сызыктуу жана аба перспективаларын, фронталдык жана бурчтук перспективаларын окутуунун эң эле жөнөкөй ыкмаларын **билет, түшүнөт.** |
| | Практ. | 3с. | Горизонт сызыгындагы ар кандай келишүү чекиттери аркылуу заттардын пропорцияларын жана перспективасын аткаруу жана аны окуучуларга үйрөтүү көндүмдөрүнө **ээ болот.** |
| | СӨАИ | 5с. | Жалпы билим берүчү мектептерде перспективанын мыйзамдарын окутуунун усулдарын **билет, түшүнөт** жана аны жөндөө көндүмдөрүнө **ээ болт.** |

**Лекциялык №17-сабактын темасы:**

**Пейзаж ( табияттын кооздугун чагылдыруу усулдары)** ***(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,45)***

**Сабактын максаты:** Мектеп окуучулары үчүн табияттын сүрөтүн ыраатуу тартуунун дидактикалык маселелерин студеттер менен талкуулоо.

**Лекциянын планы:**

1. Мектеп окуучулары үчүн табияттын сүрөтүн ыраатуу тартуунун дидактикалык маселелери. (студеттер менен талкуу).

2.КСӨнүн пейзаж жанры тарбиялык процессте.

3. Окуучуларга"Туулган жер" темасында сүрөт тарттыруунун тарбиялык мааниси.

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с.

5.Программа – методические материалы: изобразительное искусство. Начальная школа/сост В.С. Кузин, Е.О.Яременко – М.: Дрофа, 2001-224 с.

**Кошумча адабияттар:** квалификациялык иштергезит, журналдар ж.б

**Текшерүү суроолору:**

1.Кыргыз пейзажчыларынан кимдердин көркөм чгармаларын баалайсыз?

2.С.А.Чуйковдун, Г.А.Айтиевдин пейзаждарынын кандай өзгөчөлүгү бар?

3.Окуучулар үчүн "Пленэрдин"кандай таасири бар?

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** пейзаж сүрөттөрүнүн галереясы

**Компетенциялар картасы: ПК-14, КК-14**

| **5.2.8.** | **17-тема.** Пейзаж ( табияттын кооздугун чагылдыруу **усулдары**) | | |
|---|---|---|---|
| Компетенциялар | ПК-14 Окуу процессин балдардын өз алдынча көркөм ишмердүүлүгүнө кызыгуусун өнүктүрүү жана калыптандыруу үчүн уюштурууга жөндөмдүү. КСӨ, ДКӨ, көркөм эмгек | | |
| ДОН(РОд) | Сабак процессинде окуучулардын көрөкөм өнөргө болгон кызыгуусун,окуу мотивдерин калыптандыруунун методдорун,каражаттарын жана принциптерин **билет** ( КК-14)<br>Окуучулардын көркөм чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштурууга **жөндөмдүү**<br>(КК-14)<br>Элдик кол өнөрчүлүктүн баалуулуктарын тарбия каражаттары катары колдонуу көөндүмдөрүнө **ээ болот**(КК-14) | | |
| Теманын максаты | Мектеп окуучулары үчүн табияттын сүрөтүн ыраатуу тартуунун дидактикалык маселелерин студеттер менен талкуулоо. | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | КСӨнүн пейзаж жанры, аны мектепте окутуунун теориялык маселелерин **билет, түшүнөт.** |
| | Практ. | 3с. | КСӨнүн пейзаж жанры, аны мектепте окутуунун практикалык маселелерин жөндөө көндүмдөрүнө **ээ болот.** |
| | СӨАИ | 5с. | КСӨнүн пейзаж жанры, аны мектепте окутуунун теориялык, практикалык маселелерин **билет, түшүнөт** жана аларды окуу процессинде чечүү көндүмдөрүнө **ээ болот.** |

**Лекциялык №18-сабактын темасы:**

Натюрморт (жансыз заттардын сүрөтүн тартуу) жанрында сүрөт тартуу усулдары

***(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,44)***

**Сабактын максаты** Мектепте натюрморт жанрында ыраатту сүрөт тарттыруунун дидактикалык окуу таблицаларынын, натюрморттук фонддун ж.б. каражаттардын зарылдыгын ачып көрсөтүү.

**Лекциянын планы:**

1.Мектепте натюрморт жанрында ырааттуу сүрөт тарттыруу жана анын дидактикалык окуу таблицалары.

2.Натюрморттук фонд ж.б. каражаттар.

3.Тематикалык - сюжеттик жана окуу натюрморту.

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с.

**Кошумча адабияттар:** 5.Программа – методические материалы: изобразительное искусствво. Начальная школа/сост В.С. Кузин, Е.О.Яременко – М.: Дрофа, 2001-224 с.

**Текшерүү суроолору:**

1.Натурадан сүрөт тартуу менен натюрморттун кандай айырмасы бар?

2.Натюрморттук фонд эмнелерден турат?

3.Натюрморт КСЪ н\н кандай жанрлары менен байланышат?

**Билимдерди текшерүүнүн формалары**Натюрморт боюнча портфолио

**Компетенциялар картасы: КК-14**.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **5.2.9.** | **18-тема.** Натюрморт (жансыз заттардын сүрөтүн тартуу) жанрында сүрөт тартуу усулдары | | |
| Компетенциялар | КК-14 Окуу процессин балдардын өз алдынча көркөм ишмердүүлүгүнө кызыгуусун өнүктүрүү жана калыптандыруу үчүн уюштурууга жөндөмдүү. КСӨ эмгек, ДКӨ, көркөм эмгек. | | |
| ДОН(РОд) | Сабак процессинде окуучулардын көрөкөм өнөргө болгон кызыгуусун,окуу мотивдерин калыптандыруунун методдорун,каражаттарын жана принциптерин **билет** ( КК-14)<br>Окуучулардын көркөм чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштурууга **жөндөмдүү** (КК-14)<br>Элдик кол өнөрчүлүктүн баалуулуктарын тарбия каражаттары катары колдонуу көөндүмдөрүнө **ээ болот**(КК-14) | | |
| Теманын максаты | Мектепте натюрморт жанрында ыраатту сүрөт тарттыруунун дидактикалык окуу таблицаларынын, натюрморттук фонддун ж.б. каражаттардын зарылдыгын ачып көрсөтүү. | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Жалпы билим берүүчү мектептерде натурадан сүрөт тарттыруунун окуу – методикасын жана тарбиялык маанисин **билет, түшүнөт** |
| | Практ. | 3с. | Жалпы билим берүүчү мектептерде натурадан сүрөт тарттыруунун практикалык маселелерин жөндөө көндүмдөрүнө **ээ болот.** |
| | СӨАИ | 5с. | Көркөм сүрөт өнөрүнүн натюрморт жанрын, аны окутуунун педагого-психологиялык маанисин, усулдарын **билет, түшүнөт** жана жөндөө көндүмдөрүнө **ээ боллот.** |

**Лекциялык №19-сабактын темасы:**

**Интерьер жана экстерьер (имараттын ички жана сырткы түзүлүшүнүн кооздугу) сүрөттөрүн тартуу усулдары** ***(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,44)***

**Сабактын максаты:** Мектеп окуучуларынын архитектуралык түзүлүштөр жөнүндөгү образдарын калыптандыруу сабактарын өздөштүрүү жана талкуулоо

**Лекциянын планы:** 1.Окуучулардын интерьер, экстерьер жөнүндөгү билимдерин, билгичтиктерин калыптандыруу.

2. Окуучулардын архитектуралык түзүлүштөр жөнүндөгү образдык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с. 5.Программа – методические материалы: изобразительное искусствво. Начальная школа/сост В.С. Кузин, Е.О.Яременко – М.: Дрофа, 2001-224 с.

**Кошумча адабияттар:**

**Текшерүү суроолору:** 1.Интерьер менен экстерьердин айырмасы эмнеде?

2.Ландшафт дизайнынын экстерьерге кандай тиешеси бар

3.Интерьердин курамын толуктоочу элементтер жөнүндө эмнелерди билдиңер?

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** Суроо-жооп

**Компетенциялар картасы: КК-14**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **6.1.1.** | **19-тема.** Интерьер жана экстерьер (имараттын ички жана сырткы түзүлүшүнүн кооздугу) сүрөттөрүн тартуу усулдары | | |
| Компетенциялар | **КК-14** Окуу процессин балдардын өз алдынча көркөм ишмердүүлүгүнө кызыгуусун өнүктүрүү жана калыптандыруу үчүн уюштурууга жөндөмдүү. КСӨ, ДКӨ, көркөм эмгек | | |
| ДОН(РОд) | Сабак процессинде окуучулардын көрөкөм өнөргө болгон кызыгуусун,окуу мотивдерин калыптандыруунун методдорун,каражаттарын жана принциптерин **билет** ( КК-14)<br>Окуучулардын көркөм чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштурууга **жөндөмдүү**<br>(КК-14)<br>Элдик кол өнөрчүлүктүн баалуулуктарын тарбия каражаттары катары колдонуу көөндүмдөрүнө ээ **болот**(КК-14) | | |
| Теманын максаты | Мектеп окуучуларынын архитектуралык түзүлүштөр жөнүндөгү образдарын калыптандыруу сабактарын өздөштүрүү жана талкуулоо | | |
| Теманын окутуу натыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Окуучулардын интерьер, экстерьер жөнүндөгү билимдерин, билгичтиктерин калыптандыруунун эң зарыл ыкмаларын **билет** жана **түшүнөт.** |
| | Практ. | 3с. | Интерьер, экстерьер сыяктуу архитектуралык элементтерди аткаруу жана аны окуучуларга үйрөтө билүү көндүмдөрүнө **ээ болот.** |
| | СӨАИ | 5с. | Окуучулардын архитектуралык түзүлүштөр жөнүндөгү образдарын калыптандыруунун теориялык маселелерин **түшүнөт, билет** жана анын практикалык маселелерин жөндөө көндүмдөрүнө ээ **болот.** |

**Лекциялык №20-сабактын темасы:**
**Портрет (адам сүрөтүн тартуу) аткарууга үйрөтүү усулдары** ***(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,44)***

**Сабактын максаты**: Мектеп окуучуларына КСӨнүн портреттик жанрын ыңгайлуу жана алгылыктуу технологиялар менен окутууну астейдил үйрөнүү

**Лекциянын планы:**

1.Мектеп окуучуларына КСӨнүн портреттик жанрын окутуу усулдары.
2.Портреттик жанр жана КСӨдөгү адам образын көркөмдөп композициялык чагылдырууга окутуунун техникалары жана технологиялары.

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с

**Кошумча адабияттар: Квалификациялык иштер, макалалар, журналдар, гезиттер ж.б.**

**Текшерүү суроолору:**

1.Портреттин кандай түрлөрү бар?
2.Адам башынын структурасы жөнүндө эмнени билесиңер?
3.Адамдын пластиккалык анатомиясын эмне үчүн окуп үйрөөнөбүз?

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** Суроо-жооп

**Компетенциялар картасы: КК-1, КК-5**

| **6.1.2. 20-тема.** Портрет (адам сүрөтүн тартуу) аткарууга үйрөтүү усулдары | | | |
|---|---|---|---|
| Компетенциялар | КК-1 Кесиптик маселелерди чечүү үчүн өзүнүн психолого-педагогикалык компетенттүүлүгүн жана педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдаланууга даяр жана жөндөмдүү<br><br>КК-5 Билим берүү программасын өз алдынча тандай билет жана ага керектүү дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу менен аны педагогикалык рефлекциянын негизинде окуу процессинде колдоно алат. | | |
| ДОН(РОд) | Компетенттүү сүрөткер – педагог катары<br>Илимий-изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдалана **билет**( КК-1)<br>Окуу - тарбиялык процессте алдынкы педагогикалык тажрыйбаларды колдонууга **жөндөмдүү** (КК-1)<br>Сабактардын илимийлүүлүк принциптерин жөндөө тажрыйбаларына **ээ болот** (КК-1)<br>КСӨ боюнча билим берүү программаларын талдоону, тандоону, ага толуктоолорду киргизгенди **билет** (КК-5)<br>КСӨ боюнча түрдүү окуу программаларды иштеп чыгууга **жөндөмдүү** (КК-5)<br>Өз ишмердүүлүгүнө керектүү план- программаларды түзүү көндүмдөрүнө **ээ болот** (КК-5) | | |
| Теманын максаты | Мектеп окуучуларына КСӨнүн портреттик жанрын ыңгайлуу жана алгылыктуу технологиялар менен окутууну астейдил үйрөнүү | | |
| Теманын окутуу натыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Портреттик жанр жана КСӨдөгү адам образын көркөмдөп композициялык чагылдырууга окутуунун техникаларын жана технологияларын **билет, түшүнөт**. |
| | Практ. | 3с. | Портрет боюнча адамдын пластикалык түзүлүшүн, формасын, композициясын ж.б. анын аткарууга тиешелүү болгон графикалык,түстүк маселелерин **билет, түшүнөт** жана жөндөө көндүмдөрүнө **ээ болот**. |
| | СӨАИ | 5с. | Мектеп окуучуларына КСӨнүн портреттик жанрын ыңгайлуу жана алгылыктуу технологиялар менен окутууну **билет,түшүнөт** жана аны окутуу көндүмдөрүнө **ээ болот.** |

**Лекциялык №21-сабактын темасы:**
**Жаныбарлардын, канаттуулардын сүрөттөрүн тартууга үйрөтүү усулдары**
***(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,44)***

**Сабактын максаты**: Жаныбарлардын, канаттуулардын сүрөттөрүн тартууга үйрөтүү усулдарын өздөштүрүү

**Лекциянын планы:**

1. Мектеп окуучуларына жаныбарлардын жана канаттуулардын сүрөттөрүн тарттырып үйрөтүүнүн мааниси.

2.Жаныбарлардын жана канаттуулардын сүрөттөрүн тартуунун ыңгайлуу жолдору.

3.Үй жаныбарларынын сүрөттөрүн тартуу.

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с

**Кошумча адабияттар: Квалификациялык иштер, макалалар, журналдар, гезиттер ж.б.**

**Текшерүү суроолору**

*1.Биздин тоолордо жашаган кандай жапайы жаныбарларды билесиңер?*

*2.Мектептин биология каанасынан, жандуу бурчтан окуучуларга шилтемдерди жасатуунун кандай мааниси бар?*

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** мастеркласс

**Компетенциялар картасы: КК-1, КК-5**

| **6.1.3.** | **21-тема.** Жаныбарлардын, канаттуулардын сүрөттөрүн тартууга үйрөтүү усулдары | | |
|---|---|---|---|
| Компетенциялар | КК-1 Кесиптик маселелерди чечүү үчүн өзүнүн психолого-педагогикалык компетенттүүлүгүн жана педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдаланууга даяр жана жөндөмдүү<br>КК-5 Билим берүү программасын өз алдынча тандай билет жана ага керектүү дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу менен аны педагогикалык рефлекциянын негизинде окуу процессинде колдоно алат | | |
| ДОН(РОд) | Компетенттүү сүрөткер – педагог катары<br>Илимий-изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдалана **билет**( КК-1)<br>Окуу - тарбиялык процессте алдынкы педагогикалык тажрыйбаларды колдонууга **жөндөмдүү** (КК-1)<br>Сабактардын илимийлүүлүк принциптерин жөндөө тажрыйбаларына **ээ болот** (КК-1)<br>КСӨ боюнча билим берүү программаларын талдоону, тандоону, ага толуктоолорду киргизгенди **билет** (КК-5)<br>КСӨ боюнча түрдүү окуу программаларды иштеп чыгууга **жөндөмдүү** (КК-5)<br>Өз ишмердүүлүгүнө керектүү план- программаларды түзүү көндүмдөрүнө **ээ болот** (КК-5) | | |
| Теманын максаты | Жаныбарлардын, канаттуулардын сүрөттөрүн тартууга үйрөтүү усулдарын өздөштүрүү. | | |
| Теманын окутуунатыйжалары (РОт) | лекция | 2с. | Окуучуларды жаныбарлардын жана канаттуулардын сүрөттөрүн тартууга үйрөтүү усулдарын **билет,түшүнөт.** |
| | Практ. | 3с. | жаныбарлардын жана канаттуулардын сүрөттөрүн тартууга үйрөтүүнүн практикалык көндүмдөрүнө **ээ болот.** |
| | СӨАИ | 5с. | Мектеп окуучуларына жаныбарлардын, канаттуулардын сүрөттөрүн тарттыруунун техникаларын, технологияларын **билет,түшүнөт** жана анын усулдарына **ээ болот**. |

**Лекциялык №22-сабактын темасы:**
**Темага карата сүрөт тартууга үйрөтүү усулдары** ***(2саат.Сабактын жалпы баллы( 0,44)***

**Сабактын максаты**: Темага карата сүрөт тартуу аркылуу окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн өстүрүүнүн усулдарын үйрөнүү

**Лекциянын планы:**

1.Темага карата сүрөт тартуу – окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн өстүрүүнүндбир түрү.

2.Тематикалык композиция жана анын мектеп окуучуларынын көркөм ой жүгүртүүсүн чагылдыруудагы мааниси.

3.Композиция жана анын закондору

**Негизги адабияттар:** 1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с
**Кошумча адабияттар: Квалификациялык иштер, макалалар, журналдар, гезиттер ж.б.**
**Текшерүү суроолору**1. Мектеп окуучулары кандай темаларга карата сүрөт тартууга болот?

2.Темага карата сүрөт тартуу үчүн канчанчы класстарда кбүрөөк убакыт бөлүү зарыл деп ойлойсуңар?

**Билимдерди текшерүүнүн формалары:** мастеркласс
**Компетенциялар картасы: КК-1, КК-5**

| **6.1.4.** | **22-тема.** Темага карата сүрөт тартууга үйрөтүү усулдары | | |
|---|---|---|---|
| Компетенциялар | КК-1 Кесиптик маселелерди чечүү үчүн өзүнүн психолого-педагогикалык компетенттүүлүгүн жана педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдаланууга даяр жана жөндөмдүү<br><br>КК-5 Билим берүү программасын өз алдынча тандай билет жана ага керектүү дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу менен аны педагогикалык рефлекциянын негизинде окуу процессинде колдоно алат. | | |
